Кырг
Д72

Өмүрбек Дөлөев

# ӨМҮР КӨЧҮ

1





# Акындын көчөсү

Орустун белгилүү бир акынынын мындай деп айтканы эсимде, түндүн бир оокумунда кызуу уйкуда жатканыңда, балким түнкү саат 2—3төрдө дейт, телефондун шыңгыраганынан чочуп туруп, ушул беймаал убакта сага чалып ойготууга батынган ким болду экен деп ойлойсуң, анан трубканы алсаң, эски тааныш акының болуп чыгат. Эмнеге чалдың эле десең, мен баланча деген көчөнүн түкүнчө жеринде турам, бир жакшы ыр жаздым эле, кийинип келе кал, окуп берейин дейт. Анан барсамбы, барбасамбы деп ойлоно баштайсың. Кокус жаман ыр болуп калсачы деп чочулайсың, анан неси болсо да барып көрөйүнчү деп туруп алып жөнөйсүң... Жакшы ыр деген ушундай, сени кандай убакта, кайсыл убакта болсун түн уйкуңан ойготуп алып ээрчитип кеткен сыяктуу.

Өмүрбектин ырларын окуган сайын ушул эсиме түшө берет. Экөөбүз курбалдашпыз. Адабият босогосун да бир аттаганбыз. Алгач телевизорго да, андагы «Нарын правдасы» газетасынын «Адабият бетине» да чогуу чыкканбыз. Экөөбүз тең газетадан баштаганбыз, азыр да газетадабыз. Болгону Өмүрбек элетте калып, мен «шаардык» болуп кеттим...

Өмүрбек алгачкы «Сезим тамчысы» жыйнагына чыккан «Өскөн жер» деген ырында:

> Көзүмө кооздук чегелеп,
> Көркөмүң укмуш керемет,
> Өскөн жер шыкты жараттың,
> Өмүрдө эч ким бере элек! — деп айткан эле. Ан-

дан бери акын көптөгөн ырлар жазды жана жазууда. Ал азыр да ошол деми, шыгы, күүсүнөн жана элек, ал тургай күчөгөндөн күчөп, шыктангандан шыктанып, тууган жерин, анда жашаган адамдардын жашоо-тиричилигин, карапайым турмушун, тагдырын, кайгы-касиретин, сүйүүсүн, күлкүсүн, эмгегин жар салып келет. Анын көп ырларына даңазалуу композитор Сатылган

Осмонов, белгилүү обончулар Адылбек Кыязов, Шеркул Дүйшөналиев, Кыдыкбек Усупбаев, Хабибилла Азиреткулов, жергиликтүү обончулар Ү. Оморов, Д. Ажиев, Н. Баев, Б. Ободоев, Б. Бүдүков, Б. Темиров, Т. Алманбетов, Ж. Нуркасымовдор обон чыгарышкан.

Акындын ырлары да өзүнүн кулк-мүнөзүнө окшош болот. Өмүрбектин өзүнө окшогон оор басырыктуу, токтоо, жулунуп-улунбаган, акыл-эстүү жана адамгерчиликтүү поэзиясы бир караганда анча буркан-шаркан түшпөй өз нугунда агып жаткансып да көрүнүшү ыктымал. Балким чын эле ошондойдур, анткени, терең дайра тынч агат эмеспи. Кандай болгон күндө да Өмүрбектин өзүнүн жүзү, өзүнүн өңү бар акын. Ал айрым акындарга окшоп шугулданып турганда китеп артынан китеп чыгарып, сыйлык артынан сыйлык алып, атак-даңк кубалап кетмек. Кетсе ага деле жетет эле. Анын «Сары кардай бүткүл тонду эриткен» деген ырындагы:

Кыруулаган каркырадай күз өткөн,
Жаш кумарды жыйып кетээр күндөрүм.
Болсоң да эне, чыкпайт сендей кыз эстен,
Жолуктурат жеңең өңдүү түндөрүм... деген саптарын кайра-кайра эстей берем, мындай таамай айтылган, ой менен сөздүн ширелишинен бүткөн ырлар акында көп. Аны билип, түшүнүп, баалаш үчүн китебин шашпай окуп чыгыш керек. Акын акын үчүн эмес, же адабият сынчысы үчүн эмес, эл үчүн жазат. Аындын ырларынын андан аркы өмүрү элде. Ал эми Өмүрбектин эл үчүн деген жүрөгүнүн, болгондо да жөн эмес, ырдан бүткөн жүрөгүнүн оту өчпөсүн деп тилеймин.

Мен болсом, сенин ырларыңды Өмүкө, акын катары эмес, баягы бала кездеги ырга ышкыбоз боз улан катары, окурман катары элеп-желеп болуп окуп жүрө бергим келет. Кудай бизди дал ушул бактыдан өксүтпөсүн. Китебиңе ак жол!

Сенин окурманың Шайлообек ДҮЙШЕЕВ
25-январь, 1996-жыл.

## МЕКЕН ЖАҢЫРЫГЫ

### ПОЭЗИЯ

Түгөнбөгөн булактары тоо шыктын,
Эки сөзду сүйлөбөгөн тоолукмун.
Ачык оюм айта албаймын башкага,
Поэзия, кайдан жүрүп жолуктуң?

Теңир тоом, өзүнө окшойт өргөөнүн,
Так ошондон өсүп-өнүп келгемин.
Томуктайдан атам-апам сыяктуу,
Тоолор, жылкы көз ачканда көргөнүм.

Бороон келчү биздин үйгө буюгуп,
Түнгө калган жолоочудай түюлуп,
Суунун шары, кулун үнү чыңырган,
Кулагыма тураар эле куюлуп.

Биздин көчтөй булуттардын көчүчү,
Жаш кулундай суудан зекип кечүүчү.
Сайдан жана ободо эмес ал үндөр,
Салааланып менден агып өтүүчү.

Жайлоо таңы. Жылкы келет желеге,
Көзду ачып, чыгам сызып серөгө.
Апам чуркайт «жылкы тепсеп кетет» деп,
Жетине албай эркек бала демеге.

Кулун-кулун, кудум балдар мелдешип,
Жарышкандай тызылдашат жерди эшип.
Асмандагы ойноктогон жылдыздай,
Оюн салып, ары кетип, бери кетип.

Жөн койсо алар оюн курмак узакка,
«Эр калдылап» түшкөн чилдей тузакка.
Бирин байлап койсо келет калганы,
Конгон өңдүү көп таранчы бутакка.

Адам окшоп анан айгыр жаныбар,
Айдайт бээни жайытына жаңыдан.
Кыйыла да айланчыктап кулунун,
Үйүр коркот Чамбылынын каарынан.

Мен ээрде, торгой болуп ободо,
Канат күүлөп, уччу куштай жоргодо.
Балапандай теминип да, кагынып,
Үй ортосу эң бир кыска жол боло.

Чоң шырдакта, анан шибер үстүндө,
Кымыз ичип, сөздү өткөрүп бүт дилге.
Олтурушат укмуштарды айтышып,
Бул жашоодо болуп өткөн күн-түндө.

Кызыганда сөз күчүнөн кетпей дем,
Селдей түшүп жылкы каптайт тескейден.
Чамбыл үйрүн айдап келет булуттай,
Желе беттеп, саан маалы, эстей бер.

Жайлоо кызык, төрт мезгили бир келет,
Кар жаап салат, от жагасың биргелеп.
Мөндүр түшөт калпагыңды жапырган,
Кайра жаздай жаадыраган күн келет.

Нөшөр төгөт минген атың бурулткан,
Чаңырыктай чагылган үн угулткан.
Катуу суук бүгүн кыш да, эртең жай,
Жоодураган түркүн гүлүн сунулткан.

Тузак тартсаң дароо түшүп кубанткан,
Баладай да, көздү албай тур андан.
Чөндөлөйлөр өчүп-жанган күңүрт шам,
Кирип-чыгып турса ийинге уламдан.

Капкан салсаң кармап турат, бар, изде,
А, энеси түпкүрдө муң таризде.
Кокуйлап бир боздоп турган чөндөлөй,
Ыйы мээни көзөп турган наристе.

Жайлоонун да кайгысы бар, эстей тур,
Жалыны да жарым айга жетпей суур.
Чуркаса бир — шибердеги доолдоп,
Бир тилкеде бара жаткан өрттөй суур.

Бала да, чоң ойгонушат «суур» деп,
«Беш-алтыдан жок дегенде туур» деп.
Кырып салып жаратылыш байлыгын,
Куру калсак, кийин кандай жүүр кеп.

Аттиң арман, койгон жакшы туулбай,
Алар да жан, кыздай жана уулдай;
Аянычты көрө элекмин жашоомдо,
Аргасыздан колго түшкөн суурдай.

Көңүл кайдан жайлоолордо тыңгылык,
Кийик уулап, ок атышса жылдырып.
Баласына баласындай көзүгө
Алып келсе, бир бүтүн да сыйдырып...

Келбетине турган менен кир чыгып,
Чубай берсе чуулгандуу сыр чыгып,

Күңгүрөнүп, чагылгандан сөз айтып,
Жаратылыш жаткансыйт бир унчугуп.

Бала күндөн көрдүм айбан, адамын,
Бакыт ээсин, жакшылык да жаманын.
Канаттуунун, жан-жаныбар, баарынын,
Өсүү үчүн, үй-бүлөгө карамын.

Көрдүм өмүр бою зарлап «бала» деп,
Муңдуу күндү өткөргөндү санаа жеп.
Ит катары көрүп бирөө баласын,
Өкүнгөнүн «куу баш өтпөй гана» деп.

Ыйдын ыйдай, күлкүлөрдүн күлкүдөй,
өңүн сездим, күүсүн туйдум түлкүдөй.
Балалыгым чоң турмушка токулду,
Таасир калды, эсте ошол күнкүдөй.

x x x

Жылкылардын куйругунда, жалында,
Күйүп турдуң, окшоп ар түр жалынга.
Кулагында жанып турдуң шам болуп,
Күтүрөп бир келдиң бирге таңында.

Келдиң мага, жомоктой бир түн болуп,
Көмөкөйгө токтоп калдың үн болуп.
Бассам-турсам колдон алдың жетелеп,
Балалыктай бала күндөн бир болуп.

Кырды-кырдап, аска үстүндө Ай менен.
көлкүлдөп сен көзү күйгөн кайберен.
өңдөнүп бир жумурткадай, сууй элек,
сарысындай турдуң мезгил жай менен.

Жердеги адам ааламдагы жылдызбы,
Түндө уктаса түрдөнгөн бир турмушпу?
Деп санатым жетпей улам жаңылып,
Калган кезде жомок болдуң укмуштуу.

Так алдыма жылдыз келет төгүлүп,
Тоолор чуркайт төөлөр болуп бөлүнүп.
Мен жасадың ай-ааламды, жер-сууну,
Мен аркылуу калды алар көрүнүп.

Күндөр мени балапандай учурду
Ойлор келди жаңы кыялдуу учурлуу.
Күчүк тиштеп ойногондой кажалап,
Эт оорутпай, жыланайлак бутумду.

Ойго, оюнга жел кайыктай термелүү,
Чексиз баары, эмес эч бир чектелүү.
Балапандай менден учуп күндөр да,
Кетип жатты, коштоп калдың сен мени.

Жайытынан койлор келсе — сел каптап,
Келаткандай калаар элем мен аң-таң.
Көпөлөктөр учкан гүлдөр аңдөнчү,
Тоолор окшоп калуучумун дем алсам.

«Калдыр казан», «Күлдүр күчүк» эрмеги,
Тизген аны балалыгым кермелүү.
«Айланкөчөк» ойноп анан токтосом,
Чимирилип тургансычу Жер мени.

x x x

Анан окуп, кирдим башка дүйнөгө,
Эмне кызык, билдим, ушул дүйнөдө.
Каптап алды дарыялар — эпостор,
Аалам турду кичинекей үйдө эле.

...Төртүнчүдөн окуп жаткан убагым,
«Кызык китеп», чалган эле кулагым,
Күндөп-түндөп атама окуп «Миң бир түн»,
Азыр эстеп дагы уялып турамын.

Кайда барам, эмне багыт, ким билет,
Эңсей берет, күтө берет бир жүрөк.
«Жарк» деп жанып көрсө жүргөн экенсиң,
Ойлорумду күн сүрөп да, түн сүрөп.

...Классы өйдө бир кыз кызык сезиле,
Жоолугу бир от көрүндү көзүмө.
Ойлоп койдум «жалын тура көрүнбөс»,
Алгач ирээт ыр аралап сөзүмө...

Түн буралып ошол кыздын чачына,
Кошо өрүлүп жүрдү, элеси татына.
Кулун болду баскан-турган, кыялы,
Көзүм кайкыйт кереметтүү башына!

Ырга айланып уктабадым, жаздым кат,
Күлүп жүрдү күлө багып, жаркылдап.
Күндөп-түндөп иштей берет «почтоочу»,
Менден бар да, андан кат жок, зар кылмак.

Жактырабы, жактырбайбы, жаш ылдый,
Ушу күнчө коё албаймын баа чылгый.
Каникулда мандем болду кечкүдөн...
Кала бердим карегимден жаш ыргый!

Толуп чыкты ыйлуу ырга дептерим,
Жаш кезекте батпа жана өчпө Күн!
Көрүнгөндүн жарыктыкка жаралып,
Көргүм келет өз ченинде өскөнүн!

Арман болуп калды ошол кыз ойлорго,
«Бар, жогу» жок ажыратып койгонго.

«Почтоочу» да кызматы жок бош калды,
«Кат жаз» дечү, койбой мени ой-бойго.

Анан жер-суу, классташтар, балалык,
Айыл, анын таңы ойдо агарып.
Келди сапка сандаган көп кийиктей,
Ааламыма сары жылдыздай таралып.

Кетти, келди өмүргө ат коюп жыл.
Керемет сен, бирге экенсиң чөюп сыр.
Ошентсе да, ошентсе да, сени ким,
Ыр экениң болжоп, ченеп коюптур.

Кантем, мөгдөп, кайра тартчу жол алыс,
Сен турасың даңкың менен тоо жарып.
А, мен болсо, өзүм карыз өзүмө,
Так өзүмдөн өзүм турам дооланып.

Ал дагы өлүм! Артка кайтчу жол алыс,
Бала эмесмин, калууга эч сооланып.
Өзүң мени ээлеп алган күнүңдөн,
Өзүмө-өзүм келе жатам жооланып.

Билбей, сезбей, маани бербей, жолдугуң,
Жасабапмын, жаза бастым, кордугуң.
Чак келбеген бир өмүр да баалды,
Сезсем жакын жолобойт эч болчумун.

Жаралдың го акындардын шоруна
Кантип, кайдан тартып алдың боорума?
Күнбү-түнбү, кылыч сууруп турасың,
Өтө катаал душманымдай жолума,

Билем-билем, майданыңда баш кетет,
Чекке жетип-жетпей жалын жаш кетет.
Бир гана жол! Куулук буйтап өтө алгыс.
Кылды чайнап тике беттеп бас, демек!

Бир бийик ой айтуу үчүн таш жарган,
Акыл керек миң кылымды аңтарган.
Тазалык да, туюм зарыл ошондой,
«Таза ыр» деген — жанган жылдыз асмандан!

Наам алсак да, сый алсак да көрүнткөн,
Болгон менен китеп, терди төгүлткөн.
Жете албайбыз ал атакка, дүйнөдө аз,
Жеткендер да «жеттим» дебей өтүшкөн.

x x x

Поэзия — аялсың сен азгырык,
Кантсем дагы тарттың бойго жазгырып.
Ыйлайсың да жүрөгүмдү бүт эзип,
Жаркытасың жан дилимди, каткырып,

Жашытасың, курчутасың, калчайсың,
Күүлөнөм да, күчөйм дагы, чарчаймын.
Шалдаямын ээндикке бир чөгүп,
Чыйраламын, унут өңдүү бар кайгым.

Өмүр бою калуу үчүн элдешпей,
Үй-бүлөсүн кечип кеткен эркектей.
Супсунум сууп, сугум бүтүп, көңүл кайт,
болуп кетип, жүрүүчүдөй чендешпей.

Алай-дүлөй түшүп, бороон-чапкындап,
Сага деген от көңүлүм салкындап,
кетип-кетип, этек-жеңим кагынып,
билбейм, кайра келем куштай калкылдап.

Алабыңа түтө албастай өмүрүм,
Кетем-кеткен куштай учуп-бөлүнүүм.
Акыркыдай көрүнсө да ар бири,
Калып калгандай сенде жарым бөлүгүм.

Кээде өзүмдү тытып салдым бырчалап,
Барак менен көңүл калат, нур калат.
Тытындыдай сыртта кар жаап ал кезде,
Тытып салган колдорумду куйкалап.

Тушап коюп акылыңа, жоюңа,
Тайган өңдүү байлап алдың боюңа.
Алыс кетпей аркандалуу тулпардай,
Туурдагы шумкар болдум оюңа.

Же өлтүрбөй, жоготпой да, кетирбей,
Муңкүрөтүп койбой дагы тетирлей.
Же жасабай көңүл тойчу ырайым,
Күнүм турган бир керемет сезилбей.

Сыртың салып, сулууга окшоп каардуу,
келбетиңден коркунучтуу жаалды
дайым берип, даа туттурбай, сүрдөтүп,
Жакындатпай, ачпадың да баарды.

Биротоло көңүл калып калгандай,
Колду шилтеп жөнөсөм да армандай,
Мээ чыңалтып, оюмду эзип, жанды жеп,
Кайрылтасың күндү сага салгандай.

Бутуңду өөп, көзүң карап телмирем,
Мөгдүрөймүн кыл чокуңа мелжиген.
Кулга айлантып алгансыңбы сезимди,
Же ушунча алсызмынбы эркимен?

Жалдыраймын баш алынчу күнөөдөй,
Башымды ийип, мен өзүмдү күнөөлөй.
Азап чегип, сурап турам кечирим,
Жаштык кылып таштаган үй-бүлөөдөй.

Тизелеймин курум салып мойнума,
Ал жазыгым кеңүл болсо ээ, ойнуңа.
Эзилтесиң, анан туруп түндөсү,
Наз сулуудай кире качкан койнума.

Кучактатпай же кучактабай имерип,
Кыял кармап, боюң салбай түнөрүп,
Бирге жаткан менен тозок алып келип,
Туруп кетесиң түндү өрттөп жиберип.

«Бүттү баары!» — десем дагы тең берип,
Сагынттырып, зарлатасың эстетип.
Карыш бассам, алдым тороп кетирбей,
Токтотосуң, сүйлөшүүнү дегдетип.

Мент тайдырып, мерт көргөзүп, жанчып да,
Түртүп алыс, укмуштуудай тартып да.
Кайра жасап, улам-улам жаңылап,
Сүйдүрүп да, барат сүйүүң артып да.

Бир караган көзгө даңктай төгүлдүң,
Оңой дагы, элпек дагы көрүндүң.
Топ булагы болуп алып куюлуп,
Туруучудай өзөгүнө өмүрдүн.

Багындырып, ажарыңа, көркүңө,
Такыр-такыр, бир барбадың «мейлиге».
Кайда болсо канды бербей жеңиш жок,
Мерт болушту миң сан ойлор бейкүнөө.

Бул дүйнөдө жаралса да бир сулуу,
Калат тура суктандырып миң жылы.
Миң көздөрдүн майын алат тура ал,
Миң акынга өмүр бычып бир ыры!

x x x

Поэзия, зарлап келген ыйымды ук,
Жалгыз ырым, сага турган сыйынтып.
Калем — сууга улам малып тумшугун,
Чегирткеге кайра кирген Чыйырчык.
Ыр сaптары — Күндөн Жерге урган тап,
Ал бир жылдар турган дайым курчап жаш.
Ар бир тамга — ачуу, шордуу, жан кыйнап,
Бойдон дүргүп тоголонгон буурчак жаш.

Поэзия — аялсың сен, бир пери,
Күн жана түн — ыр бууданы мингени.
Аял — дүйнө, аалам, жашоолор,
Ошон үчүн акындардын сүйгөнү.

Ошондуктан, док арттырбай эч кимге,
Өңөрө чаап, дайым айтып: «жет Күнгө»!
Же өлүгүм же тиригим билгизбей,
Басып салып келатасың мезгилге.

Демек, нени жаным ачып сүйсөм да,
Жектеп, аяп, кайгырсам да, күйсөм да.
Жакшылык да, жамандык да, көрк дагы,
Баары сенсиң поэзиям, түр кен да!

Сен эмессиң көңүл ачаар эрмегим,
Сенсиң менин түгөнбөгөн демдерим.
Калган кызык, билинбей да, сезилбей,
Кайсы күнү, качан мага келгениң.

Даңк эмессиң, мээнетсиң сен кара көк,
Чен, чек койбос бир азапсың чара жок.
Бакыт дагы, эмессиң жол жаркырак,
Бакыра албай бийик үнүм кардыгат.
Коколой баш чалдай суук алды жак.
Боздоткон бир чоң armансың, бала жок,
Өтчү өмүрдөй, өзөк жалын, санга чок!

**Январь, 91, «Арашан».**

## «ТОП» ЭТИП БИР КҮН ТҮШҮП КАЛМАЙЫНЧА

Төрт тулпар шыбагама байланыптыр,
Төрт мезгил мени куштай айланыптыр.
Жыл сайын минип түшөм жарыштарга,
Чуркоосу өктөм же бир жай калыптыр.

Мараа алыс, темингендин үстүндөмүн,
Мен эңдүү саяпкер да, сансыз күлүк,
Тулпарга канат болгон күүсүндөмүн,
Эл билет элдин уулун, күчтүн өңүн.

Үмүт от, Мекен күбат ар дайым маа,
Тынуу жок чекке жетип бармайынча.
Төш какпай, ат которуп чаба берем,
«Топ» этип бир күн түшүп калмайынча.

## ЖАЗБАЙ КАЛГАН ЫРЛАРЫМ

Таппай калган ойлорум,
Жазбай калган ырларым.
Өкүнүчкө толгонум,
Ачылбаган сырларым.

Алар — таңым, кызык кеч,
Түпкүрдөгү арашан.
Уядан түшкөн кызыл эт,
Учпай калган балапан.

## МЫШЫК

«Мяу-мяу» деп мээге кирип,
Ойлотпой андан башка эч бир ойду.
«Мыёолоп» тынч болуучу бөлмө «бүлүк»,
Иштетпейт бала мышык, өткүр, койчу...

Байланган жибин чечип бир убакта,
Чыгардым сыртка, үнү тып басылды.
Чымчык кууп кетти, ойноп жүрдү бакта,
Өзүмдө өзүм калдым, ыр жазылды.

Ойлоном, көөдөндөгү жалын сезим,
Окшоштук турмуш өңдүү, кара, кызык.
Тынчытпай жазмайынча баарын өзүм,
Ойлорум «мыёологон» бала мышык.

## ТӨРТ БӨЛМӨ ҮЙ

Өмүрүм төрт мезгилде,
Ар бири ар бир бөлмө.
Түбөлүк анда жашайм,
Сапарым — түшкөн жерде.

Түйшүгү бул жашоонун,
Не жетсин күн көргөнгө.
Туямын тагдырымды,
Ажалым бир бөлмөдө.

Ошол үй төрт канаттуу,
Күндөрдү жыйыштыраар.
Дайрадай өмүрүмдү,
Өмүргө куюштураар.

Төрт бөлмө балдарымдай,
Өңгүрөп жоктоп калаар.
Бешинчи мезгил — өмүр,
Эмгекти топтоп калаар.

## КАРЫЗ

«Кутулдук баарысынан, баарысынан,
Арылдык элдин берген карызынан».
Туйлатып жаш жүрөгүн жарым сүйлөйт,
Турмуштун өргө чапкан жарышынан.

Жубаткан «сүйүнчүгө» себеп издейм,
«Жубайым, эл берсе, биз беребиз» дейм.
«Түбөлүк кутула албас эң чоң карыз,
Өмүрдө четин ойбой келебиз» дейм.

— Эсте жок, баары бүттү нечендеги,
Сөзүңдү оо сүйгөнүм бекемдечи?
— Апасы балдарымдын, унуттуңбу,
Карызын дооладыбы Мекен, деги?

Эл катар иштеп, жыргап жатабыз да,
Эч качан ойго келбейт ата нуска.
Үй кутум, төрөлгөндөн өлгүчөктү,
Түшүнсөк, бересебиз Ата Журтка!

## ӨМҮР БААСЫ

Жаңы баштап, окулуучу китептей,
Өмүр күнүм баракталып баратат.
Элим менин окурмандай китепкөй,
Билбейм, акыр кандай баага жаратат?

Канча жашты ким болжоптур тагдырга,
Мен китеби жыйырманчы кылымдын.
Бүтөт окуп, качан ажал шаштырса,
Ошол күнү бааландым да жыгылдым...

## АК ЧАБЫ АК-ТАЛААНЫН

Толкундай түрмөктөлгөн,
Чанактай гүлдөн көргөн.
Ак чабы Ак-Талаанын,
Бөлүктөй Күндөн бөлгөн.

Тоолу көч, салт-санаанын,
Эстетип нарк барагын.
Каректин агы сымал,
Ак чабы Ак-Талаанын!

Отундай баш калаанын,
Дениндей жаш баланын.
Көлдөгү Ак ккуга окшоп,
Ак чабы Ак-Талаанын!

Өзүндө жаш карааным,
Ыр болуп башталамын.
Перидей деңиздеги,
Ак чабы Ак-Талаанын!

Ай турат, жалт карагын,
Аялдын ак тамагын.
Акактай мухиттеги,
Ак чабы Ак-Талаанын!

Чүрөктүн ак 'мамагын,
Көргөндөй шаттанамын.
Жылаңач сулуу өңдүү,
Ак чабы Ак-Талаанын!

## КОМУЗУМ — КЫРГЫЗЫМ

Комуз комуз, сени сезем өзүмдөй,
Аздектеймин жан сырымда сезимдей.
Сенде келет санжыргалуу тарыхым,
Миң кылымдын өткөндүгү сезилбей.

Атпай журттай көрөм сени комузум,
Баатыр элдин сени менен жолу узун.
Төкпөй чачпай так өзүндөй алып келдиң,
Доорлордон кыргызымдын добушун.

Башкалардын келсе эгер билгиси,
Миллиондогон калкымдын сен үлгүсү.
Түптүү элдин тукумунун күбөсү,
Сен комузум «Кыргыз» деген бир киши.

Комуз-комуз, өмүрүмө уңгусуң,
Жанып турган жүрөктөгү жылдызым.
Үнүң-үнүм, күүң-күүсү жашоомдун,
Сени менен бирге келет турмушум.

## КЫРГЫЗЫМ

Тоолордой толкун кеби бар,
Тоосундай бийик эли бар.
Байыртан нарктуу, нускалуу,
Бактыга жетээр эби бар.
Ташкындап турган дайрадай,
Таланттар түмөн жери бар,
Ааламда жылдыз, кыргызым!

Пейили көлдөй күндөргө,
Көңүлү өскөн гүлдөрдө.
Жаштыгы бийик жалындап,
Жылдыздай жанган түндөрдө.
Карысы Бакай, Каныкей,
Баатыры Манас, билгенге,
Дүйнөгө маалым, кыргызым!

Жаштары сыйлап карысын,
Карысы сактап намысын.
Таштарга жазып жашоосун,
Жоготпой келген тарыхын.
Максатын туудай көтөрүп,
Мактанбай жасап баарысын,
Даңктанат бүгүн кыргызым!

Өнөргө ар кыл маш болуп,
Өмүргө өмүр жаш толуп.
Өрүүндөп күн, ай, жылдардан,
Душманга аска таш болуп.
Канаттуу тулпар өңдөнгөн,
Өлкөгө өзү баш болуп,
Асмандайт куштай кыргызым!

Курч болоттой куралган,
Оттон, суудан чыңалган.
Көк теңирден күчтөнүп,
Улуу күндөн нур алган.
Тамчылардан топтолуп,
Дениз болуп тура алган.
Кереметтүү кыргызым!

## АК-ТАЛАА

Бактысы баштан байкала,
Баатыр эл, түмөн мал бага.
Өнөрү жылдыз, өркүндөп,
Өскүлөң, жаздай Ак-Талаа.

Дайрасы көркүн жар сала,
Бүркүтү шаңшып аскада.
Асманга чыккан чабыттап,
Ак туйгун сымал Ак-Талаа.

Тоюту тоодой жыйылган,
Төрт түлүк кумдай куюлган.
Күн-түндүк, тоосу-кереге,
Боз үйдөй жерге туюлган.

Каарман, баатыр эли бар,
Тоолордун анда деми бар.
Маанайы жылдыз жайнаган,
Анткени, даңктуу жери бар.

Учууга мейкин асманы,
Тарыхын жыйып жаштары.
Улуулар жолун жолдошот,
Аталар- нуска, аскары.

Көрктөнүп айыл-кыштагы,
Көрк улап уул-кыздары,
Көрүнөт улам жергесин,
Көтөрүп бийик учканы,
Ааламды тоосу бүт таяп,
Соң-Көлү — Мөөр, суйкаят.
Кыз Жаңыл-жери, керемет.
Тулпардай жүргөн учкаяк.

Шырдакбек, Тайлак өткөн жер,
Байымбет, Муса өскөн жер.
Молдобасан, Калмурат,
Мусооке залкар көчкөн жер.

Ааламга чабыт көч салган,
Шүкүрбек, Калый көз жарган,
Ак-Талаа талант жергеси,
Эзелтен эрдик, көрк калган.

Чатырап мээрбан энедей,
Куттуу жер, тегиз телегей.
Күргүштөп Ала-Бугасы,
Тоолорго тарткан желедей.

Куяпунат улам жер гүлдөп,
Бийиктик турат желде үндөп.
Суулары тынбай күн-түнү,
Зоолорго курган селкинчек.

Тоолору окшош капкага,
Тең келбес ага канча баа.
Чаптары коргон байыркы,
Чалкайып жатат Ак-Талаа!

## ДӨРБӨЛЖҮН

Али эсимде, алгач сени көргөн күн,
Шаар өңдүү көңүлүмдү бөлгөнсүң.
Анткени, мен элет айыл баласы,
Райондун борбору элең Дөрбөлжүн.
Эсте дале шаарда жүрүп келген күн,
Тосуп жыты шыбак менен эрмендин.
Алда канча сүйкүм болуп калаадан,
Көөнөрбөгөн бир керемет бергенсиң.
Бөли ийилген чал-кемпирдей тамдарың,
Карапайым, жомок эле бак-шагың.
Эски кетип, жаңы келип ордуна,
Сен чыныгы өсүүлөрдү баштадың.
Көчөң асфальт, жөө жолуң бар, там жаңы,
«Баетов» деп өзгөрүлдү ат дагы.
Бой көтөрдүң он сегизде селкидей,
Ар көчөдөн автобустар каттады.
Өңгөдөн да, суу сээп, жууса көчөңдү,
Түш элестеп, таңдандырды эченди.
Токтомолор жөө бастырбайт элиңди,
Көркү сонун так жүрөккө жетээр күү.
Бир белгиси эрдиктердин, эрлердин,
Өзгөчө бир, сендей кайдан жер көрдүм.
Бир кыргындан орду, аты гана бар,
Сен байыркы чоң шаарсың Дөрбөлжүн.
Баетовдо шаар тиби түптөлүп,
Жашоочулар жаңыртууда күч берип,
Тоонун жели көчөсүндө шапар тээп,
Үйгө кирет келген өңдүү гүл терип,
Төрт тарабың жайган канат, карачы,
Эл пейлиндей келечек кең талаасы,
Ата ордун уулу басат ээлтен,
Баетов — бул, Дөрбөлжүндүн баласы!

## КЕРЕМЕТТҮҮ БОЗ ҮЙ

Керегенин баштары кыргызымдын,
Эки колу, кармаган уук найза,
Тегеректеп жоо келсе түндүгүндөй,
Калбыр кылат мисалы, уул сайса.
Аяк жагы бүтүндай жигиттердин,
Жердин шарын көтөрүп тургандай,
Дайралардай, тоолордой, күндөй кызык,
Башы санат — өмүрдүн жылдарындай,
Алтымышы, жетимиш, сексени бар,
Ала-Тоодой жүз башы көркө тунуп.
Бабаларым урпакка тартуу эткен,
«Кыргыз» деген эң сергек өлкө кылып.

Бир карасаң мүрзөдөй, күмбөзүндөй,
Кыргыз наамын бек сактап турчу кылым.
Адам башы, колдору, буту, баары,
Боз үй сөөгү сөөгүндөй кыргызымдын.
Чарчабаган, чаалыкпас, арыбас да,
Керегеси канаттуу тулпарлары.
Жана өңдөнөт боз үйлөр байкаганга:
Туурдагы олтурган шумкарлары.
Бир серп салсаң түтүнү түрмөктөлүп,
Миң түйшүктү кечирген жандуу турмуш.
Бүт турпаты менен ал бир дем алып,
Боз үйүбүз — олтурган шаңдуу кыргыз.
Өзүн жасап бабалар боз үйүнөн,
Өлүм — өмүр, жашоону бүткүл камтып.
Жыргасын деп муундар тукуму өсүп,
Мурастаптыр бизге аны мүшкүл тартып.
Уясындай бүркүттүн кылымдарга,
Барчын кылып өстүрчү балапанын.
Боз үйү — бул, уясы кыргыздардын,
Акыл куту, колу тийген алп атанын!

## АЙЛАНАМ КЫРГЫЗ ПЕЙЛИНЕН

Сыркоолосоң чубашып күндө сурап,
Көңүлүңдү көтөрүп дилде турат.
Сурап кетип ооруңду улам бири,
Айыктырат өмүрдү күнгө улап.
Кайгы тартсаң кашыңда — суусун сунуп,
Жакшылыкка шыктантып, умтулдуруп.
Жакыныңды жоктошуп, ыйлап түшүп,
«Албагын, — деп, — өмүрдүн туусун жыгып».
Сакайттырган бейтаптан көңүл сымал,
Бактысын да тамчыдай чогулттурган.
Жетимине ата-эне болуп баары,
Жесирине ар убак колун сунган.
Эп көрбөгөн иштерди чакчелекей,
Намысычы, эзелтен байге бербей.
Мейманына сактаган чучугучу,
Бешбармактын үстүндө ал байчечекей.
Түркүн даамы түп тегин айтып турган,
Ар өнөрү жашоодон жаркып турган.
Буудандарын булкунтуп келген буга,
Кыраңдарда кылкылдап калкым туулар.
Пейилин эл сактаган төгүп канды,
Пейилин эл коргогон берип жанды.
Мүнөзү алтын, жашоосу карапайым,
Кыргызымдын пейлиндей пейил барбы!



Нарын облустук китепканасы
№ 60462 сбо

## ТООЛУК АЙЫЛ

Калган турак бабалардан, атадан,
Канда ойнойт тунук сууң, таза абаң.
Тууган жерим сенде өскөн адамдын,
Турмушунда арман жок деп тазарам.
Базарында миң түйшүктүү күндөрдүн,
Бактылуу бир ыйык пенде жашаган.
Мейкин талаа чок ортосу жашыл бак,
Менменсинген бай теректер асыл зат.
Так ошондой адамдары өскүлөң,
Таңдай серүүн, жаз көктөмдөй жашылдап.
Жаңылыгы наристедей кылыйып,
Жаш баладай ойноп турган жашынмак.
Ысыктагы суудан чыккан тулпардай,
Бийиктикке тик кайыган шумкардай,
Кыз-жигиттей шайырсың да, эргүүсүң,
Суу жээгинде жаш кумарлар тургандай.
Сен өмүрдү сугарасың айылым,
Көчөлөрдө агып турган суулардай.
Шаардан да өзгөчөсүң ажайып,
Шаңдуу элет, бир дайрадай калайык.
Айкалышкан байыркыга эмкиси,
Айкөл болсоң калыс баалап, тап айып.
Сыркооң жүрсө эгер ички дүйнөңдө,
Айылга кел, кетесиң тез сакайып.
Жайы-кышы мезгилге үндөш өмүрү,
Жаштык айылы, жанга азык көңүлү.
Жан жыргаткан назик, сүйкүм келбети,
Жашоодо бул жүрөгүңдүн бөлүгү.
Тоолук айыл тоодой сыймык турмушка,
Түбөлүккө сенден болбойт бөлүнүү.

## ТООГО КЕТКЕН ЖОЛ

Төрөлгөндөн киндик каным тамчылап,
Жашоо үчүн «өмүр» деген бар чырак.
Тоону карай бир жол кетет сунналып,
Көз алдыңа нур — дайрадай тартылат.
Ошол жолдо келген бабам, чоң атам,
Атам дагы басты, мен да жарашам.
Көчү келет байыркынын, эмкинин,
Улуу жолдун шартын кимден талашам.
Тоонун жолу бычак миз таш, тик кыя,
Түбөлүккө калган анда ким сыя?
Эч ким! Эч ким! Тагдыр жолу ошондой,
Мүдүрүлүп жан бересиң зыңкыя.
Ошол жолдо миллиондоп адамзат,
Мүрт кетишти бара жатып кадамдап.
Күтүп турат тоонун кылдай жолунан,
Шум ажалдын курч кылычы жалаңдап.

Кимдер өттү ошол тоонун жолунан?
Эли үчүн эмгек келген колунан!
Генийлердин ашты экинчи өмүрү,
Өмүр жасап өмүрүнүн доорунан.
Тоо жолу узак, бүтпөйт, учу, чеги жок,
Кетет баары, кайра артына келүү жок.
Улуу адамдар жол карытат түбөлүк,
Андайларда өлсө дагы өлүү жок.
Кылым өтөт, доор өтөт саналып,
Баарысына кан тамырдай таралып.
Тарыхтарын мезгилдердин жаратып,
Кийинки муун менен жаңы каралып.
Элде калган эң түйшүктүү өмүрлөр,
Жаркыраган жылдыз тоодо көрүнгөн.
Тоого кеткен жол ушундай керемет,
Сапарда өмүр жыйналган да, төгүлгөн.
Жашоо — мейкин. Бирок, оңой, жок даңгыр,
Жашыл турмуш, чалгычыдай сол калтыр.
Өчүп кетүү, жанып калуу табышмак,
Мага, сага тоого кеткен жол тагдыр.

## ТУУГАН ЖЕР ТУУРУН АЙЛАНЫП

Бала көздөн баскан жер,
Балапан көзүм ачкан жер.
Токою, тоосу, талаасы,
Карекке чөгүп жаткан жер.

Бир талы, ташы, булагы,
Тамчы жаан, сампар, бубагы.
Бардыгы менин өзүмдөй,
Өмүрдүн ушул кумары.

Өзүмө-өзүм багынам,
Өзүмө-өзүм кагылам.
Өзүмдөн өзүм алыстап,
Өзүмдү өзүм сагынам.

Киндик кан тамган жер өзүм,
Тараган кирпик эл өзүм.
Тууган жер туурун айланып,
Өзүмдү толук көрөмүн.,

## МЕКЕНГЕ

Айлансам булутундай,
Кургакчыл болгонунда.
Күн-түнү нөшөрлөсөм,
Көл болуп коргонуңда.

Өмүрүм жамгыр өңдүү,
Өзүңө төгүлсө экен.
Баскан из муундарга,
Тоолордон көрүнсө экен.

Тилек бар купуя сыр,
Көөдөндө жүрөк болгон.
Биле албайм, жеткиреби,
Ал сага сүрөп болдон.

## АК ТОЛКУНДАР

Ак толкундар! Качан көрсөм көзүмдө,
Уктасам түш, ойгоо жүрсөм сезимде,
Ал бир учкан алп канаттуу ап-аппак,
Ай жарыкта, таңбы же бир кечинде.

Куш жетпеген бийиктерге ой конуп,
Элес келет кыялымда болжолуп.
«Асман-жерди бирдей каптап келатып,
Ак толкундар туруп калган тоо болуп».

Өркөчтөнгөн аппак толкун тоо сулуу,
Мыйзамы күч, жаратылыш жолу улуу.
Ташкын салып жер-океан жараткан,
Табияттын бул, асман челген толкуну.

Ак толкундар — адамдын жан дүйнөсүн,
Аппак таңдай чайган аруу, күн сезим.
Тоолуктардын жүрөгүнүн толкуну,
Каптап турган бу жашоонун түр кезин.

Бешик өңдүү кыргызыма эзелтен,
Элдин даңкы, баркы болуп ченелген.
Ала-Тоом — бул, аппак толкун бир калып,
Атпай журтту алып чыккан тереңден.

## КЫШТАГЫМ

Булагың ырдап өзөндө,
Жөргөмүш өңдүү өтөм жөө.
Өрткө окшош жалын курагым,
Өмүрүм сенин көчөңдө.

Күндүзү жашыл, түнү ак шам,
Денеңде жаз-жай гүл ачкан.
Кыя жол менен белдеги,
Өзүңө түшөт түн атчан,

Башынан тоонун таң келет,
Артынан күн кууп, шаң келет.
Эгинин, малын багууга,
Эмгекке элиң шар келет.

Ат мингин, эс ал, отко кой,
Айылда болбойт солдогой.
Каарман элдин колунан,
Кайноодо турмуш токтобой.

Шайыр-шаң, баары жыйнактуу,
Шамдагай, кары зыйнаттуу.
Жөнөкөй, ишкер, эң чынчыл,
Айылга эч бир сыйбас куу.

Балалык ойнум, курбалым,
Ат башын дайым бурганым.
Кымбаты сенсиң өмүрдүн.
Кыштагым—күлкүм, жыргалым.

## АТА-ЖУРТКА

Чачыраган тагдырымдан жылдыздай,
Картадагы дарыядай жолдордон.
Сени Ата-Журт, чабыт салып бир куштай,
Жыйып келем эл кыдырып, оң-солдон.

Тамчылардан таранчынын көзүндөй,
Түнүктуктан, Ай-ааламдай кеңдиктен.
Булактардан таза, акак сезимдей,
Кашкайган бир чындыктардан эл күткөн.

Өмүр бою көксөп келген перзенттей,
Издеп тапсам, жан дүйнөмдө жаратып.
Жүрөгүмдө турсаң бийик, кеп жетпей,
Бактым ошол, кумарымды таратып.

«Ата-Журт!» — деп бүркүү сөздүн көбүгүн,
Эң эле оңой, барк кетирүү сандаган.
«Сени билип, түшүнүүгө өмүрүм,
Жетээр бекен?» — эс тарткандан сар-санаам.

## ДЫЙКАН ӨМҮР, КАНЧА ТҮШҮМ ӨСТҮРДҮҢ!

Турмуш жолдо канча тагдыр, канча адам,
Туусун жыгып, тургузуп да калчаган.
Бардыгында түшүм тура маңдай тер,
Дыйкан жерден алат дайым канча дан!

Катаал жазмыш, мээнет терин төктүрдүң,
Канча үрөндү сенек кыла өлтүрдүң.
Бул жашоодо барбы айтаар кеп кылып,
«Дыйкан өмүр, канча түшүм өстүрдүң?»

Бороон-чапкын сыноосунда мезгилдин,
Ысык, үшүк, нускаларын эске илдиң.
Айдап-сээп, сугарып да узакта,
Дыйкан өмүр, түшүмүңө кеч кирдиң.

Төрөлгөндөн баштап, өтүп кеткиче,
Закым өмүр кайып, чекке жеткире.
Таң аткандан кечке чейин еңдөнүп,
Бул жашоого желдей сызып, кеч кире.

## АТАЛАР ЖОЛУ

Бийикке жолдор кетет,
Жылдызга колдор жетет.
Ал — жолу аталардын,
Ал — колу аталардын,
Жомоктой болгон дешет.

Ал жолдо мен келемин,
Күүсүндө термелемин.
Ал жолдо балам келет,
Болочок адам келет,
Жылдырып Жер-кемесин.

Ыйык жол эрк сынаган,
Түш ага, кел чыдаган.
Аска бел, бийик тоолор,
Адамдын жолу ошол,
Белсеңгин, шерт кыл аган.

## КАЙРЫЛАМ АТА АР УБАК

Тоо көрсөм сени көргөнсүйм,
Толкундайм, эргип, эрдемсийм.
Эреркейм бала чагымдай,
Алдыңда ойноп келгенсийм.
Кыялың, сөзүң, мээримиң,
Элестеп ойго бергенсийм.

Ташкындап аккан дайрадан,
Өмүрүң келет, байланам.
Тулпарды көрсөм туу жыккан,
Кулуну өңдүү айланам.
Тамырың сымал жашоого,
Талаада гүлдөр жайнаган.

Келем сен салган из менен,
Сен барсың ата биз менен.
Антсе да таппайм айламды,
Неберең турса издеген,
Кайрылам ата ар убак,
Канаттуу ырым, түш менен.

## ЫРЫМ — АРДАК ЖАЛБЫРАК

(Апам Сейкенин эстелигине)

Бактыга нан, шекер болуп, туз болуп,
Балапанга жем ташыган куш болуп.
Апа, бизсиң, бөлүк-бөлүк өмүрсүң,
Жашап калдың он жети уул-кыз болуп.

Жаңырыктап он жети айрык дайрадай,
Сен өзүңдү бизден калдың кайталай.
Апакебай, жашоо жолу ушулбу,
Барк-бааңды өткөрүппүз байкабай.

Бир тууганың, элиң-жериң, жарың да,
Энең-атаң жасап бизди — баарын да,
Жашап кеттиң өмүрүңдү жылдыздай,
«Балдарым» деп чуркап кечте, таңында.

Ким бүгүлүп бизге үйрүлөт сенчилеп?
Эч ким! Эч ким, тамак койбойт энчилеп.
Миң бүгүлүп жетине албай ким тосот?
Эч ким? Эч ким, суу айлантпайт кең тилеп.

Жол чыгаарда эч ким бербейт батасын,
Садагалап, оңдобойт уул катасын.
Бу ааламда эч бир нерсе тең келбес,
Жап-жалгыз сен: ошон үчүн апасын!
Эстелик да тийсе ураар чагылган:
Күмбөз курсак арзан түшөөр жанындан.
Ырым болсун сага Ардак жалбырак,
Өзөгүмдө жалбырттаган жалындан!

## АПАМА

(Түрмөктөр)

Туткучуңдай колуңду отко күйгүзбөгөн,
Кемселиңдей денеңе суук тийгизбеген.
Деги апа, эмне пайда бердим экен,
Оймогуңча сөөмөйгө ийне киргизбеген.

Көздү ачып-жумгуча да үлгүртпөгөн,
Бейбашыңды аңдып кырсык — илбирс белем.
Кокустукка төшүң тосуп тике турдуң,
Көз коргогон кирпигиңдей илгиртпеген.

Өкүнүчүм — балалыкка эч билгизбеген,
Өмүрүң дайра тура күргүштөгөн.
Мен үчүн сен качан болсо даяр турдуң,
Жанар тоо тең келбеген бир күч менен.

II

Толкун салып турмушка жүргөнүң — мен,
Тоодой чалкып, эрдемсип күлгөнүң — мен.
Тирүүлүктө медериң, канааттануун,
Түйдөгүңдөй түрүлгөн күндөрүң — мен.

Кайыл болуп баарына сүйгөнүң — мен,
Ысык нуруң, күн болуп тийгениң — мен.
Үрөнүңмүн турмушка сенден мурас,
Бул жашоого өстүргөн гүлдөрүң — мен.

Ооз ачып өөп, көз ачып көргөнүңдөй,
Теңдеш кайда, сенде өсүп-өңгөнүмдөй.
Өмүрдө бир бакыт барбы өзүңдөгү,
Энеликтин мээримдүү өлкөсүндөй!

III

Жолуктурам өмүрдүн гүл төрүнөн,
Жоодур карап көрүнөт күн, көлүнөн.
Сезем, турмуш тоосунан баркың бийик,
Сезилмекчи жүз эсе билгенимен.

Аттиң, акыл кеч кирип, тез чоңоюп,
Көлөкөсүз дарактай көз сороюп.
Баалай албай энелер эмне экенин,
Эсти тепсеп кулундай кеткен оюн.

Түшүнгөндө жаш өтүп, узай берип,
Алсыз кылган карылык түшүй берип.
Сыркоо андан сыздатып сөөгүңдү,
Өкүнүчүм арттырат кыш айы келип.

IV

Баш катырам жолуңа басып келген,
Таң каламын ашууңа ашып келген.
Кыйын күндөн жылдыздай жаркыратып,
Балдарыңды койнуңа катып келген.

Сыймыктанам жүгүңө ташып келген,
Күнгө күйүп, жаанга жатып келген.
Өмүрүңдүн тарыхын, турмушуңду,
Миң бир бүктөп чекеңе жазып келген.

Ардактуу эне болсоң да — тай, кулундуу,
Азам, эстеп эчки жаш тагдырыңды,
Жети жылы мурда өткөн атамды айтып,
Тез кеп кылып калганың жай-кышыңды.

V.

Тагдыр катаал, эңсеген оңунда эмес,
Өмүр арча өңдүү тоо боорунда эмес.

Жашоо жолун тутабыз жүрөк менен,
Жазмыш менин, сенин да колуңда эмес.

Өмүр өтүп, күн өтүп баратат да...
«Энекелеп» ыйласам бала чакта.
Дагы ошентип каламбы, ойлоп жашыйм,
Анык тура адамдык паразатта.

Батышым — Сен, бөлүнсөң күндөрүмдөн,
Чыгышым — Сен, элесиң Күн, көрүнгөн.
Түндүгүм — Сен, ар убак сергүүлөнткөн,
Түштүгүм — Сен, мээринен гүл төгүлгөн!

## ТАҢДЫН БАРКЫ

Камалуу жатса дагы кепесинде,
Капалуу, таңды күтүп жетесинде.
Жар салып ак шооласын түндү үркүтөт,
Корозду мында барктап кетесиң ээ.

Жок жерден өсүп чыккан жара болбос,
Суу жайбай түркүн чөпкө талаа толбос.
«Таң келет, таң келатат» деп кыйкырып,
Тамагың айрып алат бала короз.

Көз менен көргөндө эмес турбайбы кеп,
Байкайбыз бу турмушта мындайды көп.
Башкысы, сезимде экен туюу, баалоо,
Сөз кылбай «тиги-бу» деп кур кайгы жеп.

## САНАА БАСЫП...

Күн ыр жазчу кебетеси жок бүркөө,
Асман-тоолор күңүрт, суз да, бүт чүмкөө,
Аалам, кыйын толгоо тарткан энедей,
Жаратчудай табиятка бир чүрпө.

Мен үйүмдө — балдарымдын кашында,
Жаш энедей түйшүк тартып жаңы ырга,
Санаа басып, сан ойлорго тепселип,
Перзент күткөн атадаймын жазында.

## КҮЗГҮ ДАРАК

Күндүн нуру жерге тийип, тутанып,
Мекен оту — күйүп турат бул дарак.
Кып-кызыл чок-жалбырактар кызарып,
Жалын тамат, күн тамат да, нур тамат.

Күзгү дарак — мезгилдин бу жалыны,
Жүрөгүмө өтүп турат ысык тап.

Күздү узатуу, келээр жазды сагынуу,
Бөлүнүшүү, ичтен улам сызылмак.

Дарак-дарак, 'жайдан жаңы ажырап,
Калтырышып жаадыраган жаштыгын.
Жалбырактар — жашы улам тамчылап,
Коштошууда чубап өмүр жаш сырын.

## КҮЗДӨГҮ ЖАЛБЫРАК

Күз өзү — мезгилимдин сары атындай...
Каалгыган сары шумкар канатындай.
Жалбырак, сары көпөлөк калкылдаган,
Айланат желге мезгил барасындай.

Түнөрүп, кабак бүркөп асман туман...
Түштөрдөн сансыз алтын чачкансыган.
Жалбырак, көздөрдө бир кереметтей,
Күн сынып улам түшүп жаткансыган.

Миңдеген сап-сары алма кубулгөнсүп,
Тургансып мезгил азыр гүлүн төгүп.
Жалбырак — чубап түшкөн кийиктердей,
Бул жылым санагандай күнүн бөлүп.

Табият күчү, өзүн желге үзүп,
Күз менен мыйзамында ченге түшүп.
Жайлоодон жакалаган малчылардай,
Жаңы учкан балапандай жерге түшүп.

Келгиндей асман жолун бузуп келет,
Бутактан өзөгүнө учуп келет.
Барат да тамырына өнүп чыккан,
Жаз менен бутактарга чыгып келет.

## ТАШТАП СЕНИ АЛТЫН КҮЗҮМ

Капыстан бейпил күндүн тынчын бузуп,
Буй кылган ойду-тоону шамал келди.
Таң калды эл, караганга бул бир кызык;
Булуттар эмес, дарак жаап берди.

Эңкейип, тура калып кайра чуркап;
Атышып, бир чегинбей, улам токтой.
Бир көрсөң салгылашта жоокер бул бай;
Жалбырак пулемоттон жааган октой.

Кармаштай согуштагы айыгышкан,
Токтобой кымгуут салып күчөйт бороон.
Кабарды алган окшоп айыл-кыштак,
Бул шамал шашып өтчү күз окшогон.

Бактардан жалбырактар нөшөрлөгөн,
Өңдөнөт күркүрөгөн күз күндөрү.
Бүт бактан күбүлгөндө көчөлөрдөн,
Жалбырак окшоп учат күздүн деми.

Сенейип дарак калаар кыш кейпинде,
Баатырдай ажыраган түмөн колдон.
Мылтыктай оксуз калган бир мейкинде,
Бүрдөөрү кайра жазда күмөн болгон.

Мезгилдин басылаар бул муздак деми,
Бак эмес кайта түшөөр тоо шаңынан.
Шамалдай алтын күзүм таштап сени,
Кирээрбиз кыш койнуна тон жамынган.

## «ТУРМУШ» ДЕГЕН ОКУУ ЖАЙГА БИР ӨТҮП

Жандоочусуз, жасакерсиз сөздөрсүз,
«Турмуш» деген окууга бир өткөнбүз.
Баа коюлду калыс, катаал, эң бир так,
Суугуна тоңдук, ысып өрттөндүк.
Көп окудук төрөлгөндөн бул күнгө,
Көптү үйрөндүк, учурадык бүлгүнгө.
Деди: «Адам, Адам болгун, башкысы,
Мейли атчан, мейли дайым жүргүн жөө!».
Кагып-сокту, жасап жана түзөдү,
Туюктардан алып чыкты бүтөлүү.
— Башкы,— деди,— бул турмуштун окуусу —
Мүңкүрөбөй дайралардай күчөнүү!
Чоң таалимчи, чоң мугалим чоң турмуш,
Канча сынап, такшалдырды ой бургус.
Алга чактап, кичинеден чоңойтуп,
Сабактарын өттү кыйнап, ой-жылдыз!
Бир курактар, замандаштар окудук,
Чаркыбызга чөнөп-бычып отуруп,
Жооп берип, жооп алып турмуштан,
Кеттик мына агымына кошулуп.
Сабактардын аттары көп, миң кырдуу,
Канча айла кыл, тарта албайсың бир сырды,
Канча окусаң ошончолук тереңдейт,
Бүтпөйбүз го жашасак да миң жылды.
Бүтпөйт окуу, бүтпөс окуу, карагын,
Биз, балдарга айтып, койгон талабын.
Бу жашоодон өтүп бара жатсак да,
Жөнөйбүз го алып өлүм сабагын!
Студенттей талаш-тартыш, сүрөшүп,
Билим күчүн сынап, катуу күрөшүп.
О, адамдар кызыктуу окуп жатабыз,
«Турмуш» деген окуу жайга бир өтүп!

## 25 ЖЫЛДЫК САПАРДАН

(Классташтарга)

Тандап туруп окуткандай ой сала,
Таалайлуу он кыз жана элек он бала.
Бир класста он үй-бүлө өңдөнүп,
Бийик чекке кетмек болуп жол сала.

Оюн канбай, окуу канбай он бир жыл,
Ойдо жанды балалыкта ой-кыр, бул.
Туубузду алдык ар бир кесиптен,
Турмуш, тагдыр жолу тоолуу, ойдуң, дың.

Катарларды кемитип да, толуктап,
Карыялар, байбичелер болуп бат.
Жашоо чени: басайдык да, көбөйдүк,
Жалындатат классташтар жолуксак.

Жыйырма беш жыл жаадырады, гүлдөдү,
Жыргал турмуш күндөрүн бүт түрдөдү.
Билсек, сезсек окуучубуз дагы эле,
Биз мектептин турмуштагы гүлдөрү.

Канат кайрып баратабыз катарда,
Канаат бизге «жакшы» адам» атаса.
Жылдыздардай жайнадык да, үзүлдүк,
Жыйырма беш жыл жүрүп келген сапарда.

## АЯЛДАРГА АК ТИЛЕК

Адамдын алып жүргөн шаң ойлорун,
Аялдар — көркөм кыял, жаңы ой-жосун.
Бактыңар — алдыңарда базар болуп,
Баасы эч бир ченелбеген бала ойносун.
Мейли иште, мейли үйдө, кайда жүрбө,
Мээримден таттуу мөмө байла, бүрдө.
Түбөлүк жаз, жай, күз бол аял заты,
Түрлөнгүн миң бир түстө, жайна, гүлдө!
Кубаныч күнү болгун, сын келбесин,
Кубулуп көздү тартсын нур келбетиң.
Өркүндө таалайыңды ташкындатып,
Өмүрдө көңүлүңө кыш келбесин.
Дүйнөгө тагдыр сени берген күнү,
Адамдын дароо аалам кезген үнү.
Сен менен табияттын шаңы ажайып,
Дүйнөнүн сонундугу, көркөмдүгү.
Аялдар, кетпес куту сен жергенин,
Адамдык ордуң, даңкың чектелбесин.
Тереңдик ээли бир тартылбасын,
Теңдешсиз сыймыгыңа шек келбесин.

Аялдар, Ай болгула, Күн болгула,
Ааламды суктандырган гүл болгула.
Эркелең, сезимдерди ээликтирип,
Эркектер менен дайым бир болгула!

## КЫЗ ЧАБАН

Тоо булуту өзү өңдөнөт койлордун,
Кой жайылса так өзүндөй ойлордун.
Ак куудай кыз аппак булут кайтарган,
Жашоо деңиз, тоо толкун да, ой толкун.
Тууга окшоп шамалдарга гүл жоолук,
Турушунча тоолоруна ыр болуп.
Турат дайым эрдиктерге чакырып,
Туу кырларда бороон беттеп кыз тоолук.
Бийик тоодой бийигине мактанбай,
Жылда жеткен жеңишине даңктанбай.
Жөнөкөйдүн жөнөкөйү чабан кыз,
Коюн тосуп жөө жүргөнү атчандай.
Атты минсе шамал болуп, куш болуп,
Алоологон жаштык денге жык толуп.
Жаңыл, Сайкал эжелерин эскертип,
Жалынга окшойт тоо койнунда кыз тоолук.
Табиятка дарыядай үн болуп,
Улуу тоого жан дүйнөсү бир болуп.
Көркү жердин — чуркап, сүзүп, калкыган,
Жана түндө уктап жаткан күн болуп.
Көздөрүнөн жанган сүйүү, эрдиги,
Сөздөрүндө — кайрат, намыс, эр киши.
Кыз жараткан ишкер, сулуу ушундай,
Кыргызымдын кылымдардан элдиги.

## ӨЗҮҢДҮ-ӨЗҮҢ КАЙРА КУР

Агымы окшоп дайранын,
Шар аксын ишиң, байкагын.
Андыктан, дилди, ниетти,
Пейлиңди, ойду кайра кур.

Жашоодо гүлдөй жайнагын,
Өмүргө канат байлагын.
Эски адат кетсин жел менен,
Эмгекти эми кайра кур.

Намысың бийик байрагың,
Турмушуң — кеме, айдагын.
Жарашып мезгилиңе сен,
Жан дүйнөңдү кайра кур.

Ак дилде жашоо сайраның,
Нур төгөт күндөй аймагың,
Жүзүңдү катпай элиңден,
Санааңды оңдо, кайра кур.

Артынан түшпө пайданын,
Ак иште, жетет алганың.
Көлөкө болбой турмушка,
Өзүңдү-өзүң кайра кур.

## ДОСУМА

(Насыпбекке)

«Достор» дешип бекерден эл атайбы,
Дооруна жеткен анын таалайлуу.
Досум, өмүр — уччу жылдыз, достуктун,
Биз чыныгы маанисинде жашайлы.

Баарын алам өмүрүмө мен сенден,
Кайгырганда кайратымсың шердентээр.
Досум, көркү сенсиң жакшылыгымдын,
Ким бар сага бул дүйнөдө тең келген!

Эч ким сендей кармап бербес туумду,
Жубайым да сенче билбес сырымды.
Сен мендеги зор кубаттуу жүрөксүң,
Жалындаткан ар бир өткөн жылымды.

Шаан-шөкөт толуп турган айылдай,
Досум, мага салтанатсың жаңы ырдай.
Маанилүү бул өмүрдү шат сүрөлү,
Мамиленин кырсыгына чалынбай.

## ЭГЕРДЕ СЕН КӨҢҮЛ ТАМЫН ТУРГУЗСАҢ

Туткан байлык туу болбостон өмүргө,
Хандай жашооң баары чыгып төгүнгө.
Күмүш, алтын, каухарың, баардыгы,
Жукпайт тура, чөкпөйт тура көңүлгө.
Калчу нерсе жүрөгүңдөй туюлуп,
Ак дил жолдош тура, тагдыр буюруп.
Кутөлүкчү курбулукту өмүрдөй,
Ансыз дагы баратабыз суюлуп...
Бир күн өмүр сүрсөк дагы «курдаш» деп,
Көңүлдөрдө жүрсүн сыйлоо, бурбас кеп.
Биз күн карап көчү күндөр кантсе да,
Жолдоштуктай түбөлүккө турбас көп.
Биз кутөлү достук баасын достордой,
Бир дайрага бир дайраны кошкондой.
Ынтымактуу, уюшуп да жашайлы,
Көчтү узатып, көчтү шаңдап тоскондой.
Көңүл көчү өмүргө да ошондой,
Жашыл болсун, жашыл турсун тосорбой.
Кайда жүрсөк түз көңүлдө карайлы,
«Доспус» деген ыйык сөздөн бошонбой.
Сен күрөшчү майданына турмуштун,
Курал-жарак болсун достор, бир уккун.
Эгерде сен көңүл тамын тургузсаң,
Ар бир досуң болсун ага бир устун!

Аялдар, Ай болгула, Күн болгула,
Ааламды суктандырган гүл болгула.
Эркелеп, сезимдерди ээликтирип,
Эркектер менен дайым бир болгула!

## КЫЗ ЧАБАН

Тоо булуту өзү өңдөнөт койлордун,
Кой жайылса так өзүндөй ойлордун.
Ак куудай кыз аппак булут кайтарган,
Жашоо деңиз, тоо толкун да, ой толкун.
Тууга окшоп шамалдарга гүл жоолук,
Турушунча тоолоруна ыр болуп.
Турат дайым эрдиктерге чакырып,
Туу кырларда бороон беттеп кыз тоолук.
Бийик тоодой бийигине мактанбай,
Жылда жеткен жеңишине даңктанбай.
Жөнөкөйдүн жөнөкөйү чабан кыз,
Коюн тосуп жөө жүргөнү атчандай.
Атты минсе шамал болуп, куш болуп,
Алоологон жаштык денге жык толуп.
Жаңыл, Сайкал эжелерин эскертип,
Жалынга окшойт тоо койнунда кыз тоолук.
Табиятка дарыядай үн болуп,
Улуу тоого жан дүйнөсү бир болуп.
Көркү жердин — чуркап, сүзүп, калкыган,
Жана түндө уктап жаткан күн болуп.
Көздөрүнөн жанган сүйүү, эрдиги,
Сөздөрүндө — кайрат, намыс, эр киши.
Кыз жараткан ишкер, сулуу ушундай,
Кыргызымдын кылымдардан элдиги.

## ӨЗҮҢДҮ-ӨЗҮҢ КАЙРА КУР

Агымы окшоп дайранын,
Шар аксын ишиң, байкагын.
Андыктан, дилди, ниетти,
Пейлиңди, ойду кайра кур.

Жашоодо гүлдөй жайнагын,
Өмүргө канат байлагын.
Эски адат кетсин жел менен,
Эмгекти эми кайра кур.

Намысың бийик байрагың,
Турмушуң — кеме, айдагын.
Жарашып мезгилиңе сен,
Жан дүйнөңдү кайра кур.

Ак дилде жашоо сайраның,
Нур төгөт күндөй аймагың,
Жүзүңдү катпай элиңден,
Санааңды оңдо, кайра кур.

Артынан түшпө пайданын,
Ак иште, жетет алганың.
Көлөкө болбой турмушка,
Өзүңдү-өзүң кайра кур.

## ДОСУМА

(Насыпбекке)

«Достор» дешип бекерден эл атайбы,
Дооруна жеткен анын таалайлуу.
Досум, өмүр — уччу жылдыз, достуктун,
Биз чыныгы маанисинде жашайлы.

Баарын алам өмүрүмө мен сенден,
Кайгырганда кайратымсың шердентээр.
Досум, көркү сенсиң жакшылыгымдын,
Ким бар сага бул дүйнөдө тең келген!

Эч ким сендей кармап бербес туумду,
Жубайым да сенче билбес сырымды.
Сен мендеги зор кубаттуу жүрөксүң,
Жалындаткан ар бир өткөн жылымды.

Шаан-шөкөт толуп турган айылдай,
Досум, мага салтанатсың жаңы ырдай.
Маанилүү бул өмүрдү шат сүрөлү,
Мамиленин кырсыгына чалынбай.

## ЭГЕРДЕ СЕН КӨҢҮЛ ТАМЫН ТУРГУЗСАҢ

Туткан байлык туу болбостон өмүргө,
Хандай жашооң баары чыгып төгүнгө.
Күмүш, алтын, каухарың, баардыгы,
Жукпайт тура, чөкпөйт тура көңүлгө.
Калчу нерсе жүрөгүңдөй туюлуп,
Ак дил жолдош тура, тагдыр буюруп.
Күтөлүкчү курбулукту өмүрдөй,
Ансыз дагы баратабыз суюлуп...
Бир күн өмүр сүрсөк дагы «курдаш» деп,
Көңүлдөрдө жүрсүн сыйлоо, бурбас кеп.
Биз күн карап көчү күндөр кантсе да,
Жолдоштуктай түбөлүккө турбас көп.
Биз күтөлү достук баасын достордой,
Бир дайрага бир дайраны кошкондой.
Ынтымактуу, уюшуп да жашайлы,
Көчтү узатып, көчтү шаңдап тосконой.
Көңүл көчү өмүргө да ошондой,
Жашыл болсун, жашыл турсун тосорбой.
Кайда жүрсөк түз көңүлдө карайлы,
«Доспус» деген ыйык сөздөн бошонбой.
Сен күрөшчү майданына турмуштун,
Курал-жарак болсун достор, бир уккун.
Эгерде сен көңүл тамын тургузсаң,
Ар бир досуң болсун ага бир устун!

## ЖОЛДОШТОРГО

Маңдайга жазган кызмат, бийлик барбы,
Алардын мүмкүндүгүн сен пайдаланба.
Чегинде жүргөндөрдүн турмак шаңы,
Бийикке көтөрүлмөк алда кайда.
«Түштүккө жорго минбе күндүгүңдөн»,
Миң күнгө жыргап кетпейт бир күн күлгөн.
Бир келген зоболоң ал кимдигиңден,
Ашырба аны достук мүмкүндүктөн.
Жылдызда болсоң дагы ажыраба,
Жолдоштук асыл-асыл сапаттардан.
Күтүп ал кызмат элдик, багыңа да,
Ажыра !бийлик» деген напастардан.

## КҮЗГҮСҮ КЫРГЫЗЫМДЫН СОҢ-КӨЛҮМСҮҢ

Гүл турмуш көл бетинде байманалуу,
Жээктей өмүр чеби жардап аны.
Алдыңа жарк-журк эте күмүштөнүп,
Ак толкун — карт тарыхтын ак барагы.
Окутат жылкылардай сүрүп келип,
Кылымдан кыргыз салтын шарданалуу.
Боз үйдөй доорлорду бүгүп келип,
Сезимге жазып кетет, жанда шаңы!
Бабалар байлык, бакыт көп көргөн Көл,
Өмүрдөй толуп, улам бөксөргөн Көл.
Жасатып Тулга, Мамы, Тулпар ташын,
Сайкалга Манас тоюн өткөргөн Көл.
Алп Тобок, эр Табылды, Тайлак баатыр,
Шырдакбек, хан Жантайга көрк берген Көл.
Адамга дөөлөт берип теңдеши жок,
Ааламга тынчтык болгон көптөрдөй Көл!
Уланып, толкундардай «көнүү» үчүн,
Көз бол деп жерге ааламды көрүү үчүн,
Кудайы көркөмдүктүн жаратканбы,
Жашоого өрнөк бүтпөс жериң күүсүн,
Төрт-түлүк жылдыздардай чачыраган,
Түбүндө балыктардай көзгө сүйкүм,
Ак Мөөрү табияттын сенсиң Соң-Көл,
Ак жаркын өмүр болуп элим үчүн!
Тоолоруң энелердей элечектүү,
Көрсөткөн байыркынын келечекти,
Жайдын бүт дүйнөнүн сыры белек,
Түпкүргө, кең ааламга терезе өңдүү,
Соң-Көлү кыргызымдын улуу мекен,
Өмүрү сендей барбы берешендүү!
Күндөрдүн, айдын, жылдын сыры белек,
Күзгүсү кыргызымдын кереметтүү!
Күзгүсү Тянь-Шандын кереметтүү!

## АЗ ӨМҮР, ЖАЛГАН ӨМҮР

Аскага бир жаңырып каткан үндөй,
Ааламга жаркып чыгып, баткан күндөй.
Жарк этип өтүп кеткен чагылгандай,
Аз өмүр, жалган өмүр, арман түндөй.
Өтпөстөй өтүп кеткен балалыктай,
Тез жеткен карылыкка аралыктай.
Жаштыктай жанып өчкөн жылдыз сымал,
Аз өмүр, өмүр закым, сенаа, куштай.
Чилдеде кыл чокуга жүрүштөрдөй,
Марааға алып учкан күлүктөрдөй.
Умтулуп, көз жумулуп баратса да,
Аз өмүр өтөт адам, үмүт өлбөй.
Өлбөстөй, кайра жашарчудай жашап,
Өткөнүң бул дүйнөдөн арман, азап.
Опаасыз өмүр болуп бермек беле,
Же жаман же жакшы деп калган атак.

## НЕ ТИЛЕСЕҢ, ТИЛЕГИҢ БЕРСИН УШУЛ ЖЫЛ!

Калайык-калкым! Ар бириң «эл» деп жашасаң,
Кадырлап баарын, эмгегиң элге атасаң.
«Бак-таалай» деген ошонун өзү түгөнгүс,
Бактысы тоодой улуу эл кыргыз таза кан!
Ким элин, эгер, санаса дайым өзүндөй,
Ким элин, эгер, сактаса дайым көзүндөй.
Бактылуу болот, эл дагы, өзү, жер дагы,
Башында турган мүшкүлү такыр сезилбей.
Кадырман журтум! Жайнасаң деймин томсорбой,
Каткырсаң күлөм, кайгырсаң ыйлап өзөндөй.
Арманың сенин, тагдырың сенин меники,
Акындык жүрөк, акындык өмүр ошондой!
Кутман эл! Мына, сага да, мага Жаңы жыл,
Кудуктай көзү ачылат бардык жаңынын.
Куюлат өмүр-өмүргө булак өңдөнүп,
Кут жерге чачып, кубаныч, шаттык, жалынын.
Чокусунда турабыз азыр бир жылдын,
Чолпондой жанып, Жаңы жыл ана, гүл сунгун!
Урматтуу элим! Укмуштай сезим бу күндө,
Убайын көргөн карыдай болуп миң жылдын!
Каалоом: бул Жыл ар үйгө болсун келиндей,
Канатың болуп, бактыны берсин жериңдей.
Өмүрдө көксөп төрөлгөн жаңы туяктай,
Өөрчүсүн өмүр, жалгасын бул жыл теңирдей!
Жергеге тынчтык, соолукту берсин жалпыңа,
Береке жана токчулук келсин калкыма.
Уул-кыз берсин жубайга жаңы үйлөнгөн.
Улуу эл үчүн улантып Жылым жаркыра!

Куландан соп-соо, оорусаң сакай сыркооңдон,
Кудайым жалгап, той болсун үйгө ыр толгон.
Максатка жеткин эңсешкен жаштар эс менен,
Маанилүү жашап, турмушту билип сыр болгон!
Сырт бололу, каш-кабак бөөдө кырсыктан,
Жалп өчсүн оту, кай жерде болсо чыр чыккан.
Өмүрдүн баркын билели баалап, түшүнүп,
Өлкөдө күндө жаралып жатат укмуштар.
Тазарсын ниет, ой-тоодо текши ак кардай,
Пейил кең болсун, жылдыздуу көп-көк асмандай.
Дасторкон жайык, жыйылбай турсун ар үйдө,
Даамынан адам мүрөктү татып жаткандай!
Бул өзү болсун эңсеген өмүр кутуңдун,
Буйругу артсын, татуучу өмүр тузуңдун.
Кут болсун элим, кут болсун аппак Жаңы жыл,
Не тилесең, тилегиң берсин ушул жыл!

## «ӨМҮР» ДЕГЕН АЗГЫРЫК

Өмүр кеме, жашоо деңиз түрүлүп,
Кайгы-шаттык толкундары сүрүлүп,
Адам өтөт тура өзүн үгүттөп,
«Атак» деген, «даңк» деген да тирүүлүк.
Ким өмүрдө жаздай жаркып, жайнаса,
Ким өмүрүн эл ишине байласа.
Ошол калат ,карт тарыхта **жаркырап,**
Ким кемесин алысыраак айдаса.
Өмүрүң — ал, жамандык да жакшылык,
Өтөт арман, күйүттөргө бастырып.
Өтөт сүйүү, кубанычка коштотуп,
Өзүңдү бир материктей ачтырып.
Күндөн-түнгө, түндөн-күнгө шаштырып,
Максат кылып, бийиктерге жазгырып.
Жолунун да бир учу бар, чеги жок,
«Өмүр» деген өлүм үчүн азгырык.

## БИР ЖАШАП КАЛСЫН ҮНҮ КОҢГУРООНУН

Коңгуроо — ал чакырык, ал чакырык,
Үнүнө түн батырып, күн батырып.
Жашоодо адам үчүн ал керемет,
Маанисин турмушуңда бил, баш уруп!
Коңгуроо турат өмүр калаасында,
Байкаган адамдардын санаасында.
Эстегин, коңгуроонун бир жашооңдо,
Чекилик жаман ишке бараарыңда.
«Кирбегин тетир жолго» — деп кагылат,
Мээңде кайталанып, миң жаңырат.
«Чыгып кет жамандыктан, тез чыккын!» — деп,
Чыркырап, болуп турат ал зарурат.

Кагылып жакшылыкка, тазалыкка,
Үндөйт ал «барбагын» деп каталыкка.
Андыктан, бул турмушта жаш адамдар,
Коңгуроо үндөгүндө жашагыла!
Коңгуроо — балалык күн, үндөрүңөр,
Көрктөгөн жашоону өмүр гүлдөрүңөр.
Бир жашап калсын ушул коңгуроо үнү,
Демек, ал окуучулук күндөрүңөр!

## КОҢГУРОО — СТАРТ САПАРЫНДА

Окуучулук күндөр, күндөр — балалык,
Мектеп тоодой, өмүр тураар шаң алып.
Эң алгачкы коңгуроодо биригип,
Эң акыркы коңгуроодо тарадык.
Эң алгачкы, эң акыркы коңгуроо,
Ортосу он жыл, бир чоң белдей болду го,
Балапандар улам-улам жетилдик,
Бакыт үчүн максат ойго толду го.
Качан болсо жаздай жайнап турчулар,
Качан болсо күлкү-шаттык сунчулар.
Бир уяда балапандар элек биз,
Кантип гана бөлүнөбүз курбулар?
Өтпөөчүдөй күндөр өттү шаштырган,
Зор максаттын каалгасын ачтырган.
Эже-агайлар жем ташыган куш эле,
Билим, акыл азыгынан таттырган.
Өмүр жолу, жылдан-жылга умтулдук,
Жаш чынардай бойду кере жулпундук.
Он жыл бизди таптап келди сапарга,
Биз он жылды «максат» аттуу куш кылдык.
Коңгуроо — старт, бийиктерге кол сунуп,
Кайрат, намыс, акылдан ак жол чыгып.
Сапарына чоң турмуштун жөнөйбүз,
Канатына бул он жылдын олтуруп!

## ЫЙМАНЫҢ ЖОЛДОШ БОЛСУН, ЖОЛДОШ БОЛСУН!

(Аза ыры)

Өлүм ак экен, келмек баарыбызга,
Тандабай жашыбызга, карыбызга.
Өкүрмөк, боздоп, ыйлап, сыздап калмак,
Ушундай тагдыр тура, баары нуска!
Ардагы үй-бүлөнүн, элинин да,
Көзү өтсө иши калган деми Күн да.
Ак эмгек жашап турат алмустактан,
Андайлар сыймык, куту жеринин да.

Залкарлар калайыктын кутманы да,
Жамы журт ошон үчүн туткалуу да.
Намысы, бели эле өз элинин,
Сыйлаган ар убакта душманы да.
Өмүрдү түбөлүккө жердеөчүдөй,
Жакшы адам эле такыр өлбөөчүдөй.
Кантели, өлүм арман, өлүм кайгы,
Жашайбыз жамандыкты көрбөөчүдөй.
Төбөсү жылдыздардай жаркыраган,
Өмүрү тоо дайрадай шаркыраган.
Аттиң ай, айкөл эле, тегиз эле,
Кара тоо болуп турган калкым саган...
Мырза эле тегиз болгон телегейи,
Бир кетти бир жаралып, эмне дейли.
Өмүрү адамдарда жашап калмак,
Бактысы балдарында, элде пейли!
Артында эли-жери, «тобо» дейли,
Муунун «маркум жолун жолдо» дейли.
Качкан куш кайрылмакпы, өттү — кетти,
Арбагын «дайым бизди колдо» дейли.
Жамандык — кара булут, салаңдайбыз,
Жаңырбайт өчкөн жылдыз, жага албайбыз.
Эзилим, эми кайдан сени көрөм,
Экинчи бул жашоодон таба албайбыз.
Кош маркум! Топурагың торко болсун,
Арбагың колдоп дайым жолдо болсун!
Кудайым жайын берсин жаннатынан,
Ыйманың жолдош болуп, ойго толсун-
Ыйманың жолдош болсун, жолдош болсун!

## «ӨЛҮМ» ДЕГЕН ЖАЛГЫЗ ЖОЛДОН БӨЛҮНДҮК!

(Маркум досум Алманбеттин арбагына)

Ажал суук, өлүм ызгаар чилдедей,
Ак карга окшош тунук элең, кирдебей,
Кайран досум, тоңуп калган жерге окшоп,
Кайда кеттиң, түбөлүккө үндөбөй?
Жарың өңдүү коюндашып жер менен,
Кайтпас сапар алдың кайра келбеген.
Боздогон үн жетпейт сага армандуу,
Булак болуп аккан көз жаш сен бөлөң!..
Алыстык да алыс тура өлүмдөй,
Эки кызың, кудаң көзгө көрүнбөй.
Түбөлүккө чыланышты күйүткө,
Жакын деген жакындыкты төгүндөй.
Карындашың алыс калды жарыктай,
Элес-элес, көздөрүңдөн алыстай.

Ажал келсе алыс тура бардыгы,
Сыйкырчыдай ким алып келмек калыстай?
Элге-жерге кетти өмүрүң суу болуп,
Элге-жерге даңкың турду туу болуп.
Керек тура, бирок, сенин өмүрүң,
Турбайт элек ый коштогон чуу болуп.
Көрсө-көрсө, күлүк тура күнүндө,
Жан адамга баш урбадың тирүүңдө.
Баш ийсең да сыйдын кулу болгонсуң,
А, ооруга туткун болдуң үйүңдө.
Ишиң калды, билген билээр, кыргызың,
Атың калды, ал Нурбегиң, Чыңгызың.
Бели кетти бир туугандын,достордун,
Кармайт кимдер өмүрүңдүн үңгүсүн?!
Айдай досум, Ай тутулду, жердейсиң,
Күндөй досум, Күн тутулду, келбейсиң...
Күйүп турган көз жаштары жалбырттап,
Түшүнө алат акын досуң сендей ким?!
Бирок, досум кут болгонсуң өмүргө,
Бирге коштоп, дайым турмуш өрүндө.
Демек, досум Коңорчоктун суусундай.
Үнүң тураар жаңырыктап өмүрдө!
Жалган өмүр! Бөлүнбөстөй көрүндүк!
Жалган өмүр! Төгүлбөстөй төгүлдүк!
Капкалуу тоом, кайран досум, айрылчу,
«Өлүм» деген жалгыз жолдон бөлүндүк!
Жалган өмүр! Кемибестей кемидик,
Кош бол досум, кош бол досум өмүрлүк!
Кош бол досум! Ажал менен бөлүндүк!

## ОБОНЧУ АТКАРУУЧУ МАРКУМ ЖОЛДУБАЙ КАЙЫПОВГО

«Өмүр» деген элге укмуш жолчудай,
Өнерүнөн кылымдарга жол чубай.
Ат-Башынын дайрасындай шар элең,
Ат-Башынын тоолорунда болчудай.
Аалам кезип турган кезде ырларың,
Арман коштоп кайда кеттиң Жолдубай?
Ак булуттай коюн баккан койчудай,
Акыл багып, ырды багып, ой курай.
Балбылдаган Чолпон элең көктөгү,
Жарык жасап адамзатка койгудай.
Көрктөп турган мезгилиңде жашоону.
Көргө берчү өмүр белең Жолдубай?
Жашоо күнүң өтпөгөндүр толкубай,
Жанды ошондой неге алдың, ой, кудай?!
Өмүр кызык, бүткөн жолуң алгачтай,

Баштаганың бакыт күткөн соңкудай.
Өзүң элге өчпөс жылдыз экениң.
Билдиң бекен бир жол ушул жолкудай?!
Элде калды сөзүң, элес, ой туудай,
Эңсеттирген куса күнгө толгудай.
Көз жаш, арман, сүйүү белең кандырбас,
Көксөгөндү, сагынычты жойгудай.
Ар дайым сен тирүүлөрдөн бийиксиң.
Арбагыңа миң жол таазим, Жолдубай!

x x x

Муңдуу өмүр өчпөй турган нур белем,
Муңайым да, айкөл дагы, курч элең.
Ар бир үйдүн көзү болуп көгүлтүр,
Ар бир үйдө баарлашып турчу элең.
Ар адамдын ыры болуп эңсеген,
Ар адамдын көңүл кушун бурчу элең.
Чаңкап иччү кымызындай кыргыздын,
Аз жашооңдо туусу болдуң турмуштун.
Таалайыңа өмүр оту жаркырайт,
«Талант» деген өзү тура жылдыздын.
Өмүрүңдү чынар терек сыяктуу,
Кыргызыңа кылымдарга тургуздуң!
Көксөй-көксөй эч таба албай көңүл шок,
Көрүп жүргөн кечээ жалын өмүр жок...
Жайнап турган гүлдөрү окшоп жашоонун,
Жанды эриткен элестерде сөзүң чок.
Талантың бар тарыхында кыргыздын,
Арман дүйнө, жалгыз гана өзүң жок!..

x x x

Тагдырыңды ким ченеген, болжогон,
Таалайыңды кимдер кыска ойлогон.
Өрттөй болуп жалын чачып турганда,
Өлүм — ажал ак жолуңду торгогон.
Аттиң арман. Ала-Тоодой эмгегиң,
Жаш өмүрүң элүү жашка толбогон...
Сен өмүрдө Журт көңүлүн байралып,
Өрчүп, курчуп, намысыңа кайралып.
Жерге терең, кең жайылган тамырдай,
Өмүрлөрдөн өмүргө бек байланып.
Жашап калдың тирүүлөрдүн ырына,
Жомогуна, көз жашына айланып!
Талант өчпөйт, элге жарык нур асыл,
Тегеретип «ыр кесеңди» сунасың.
Белек болгон бала кезде тартуудай,
Турмуш, жашоо, өмүрдө улам тунасың.
Ат-Башынын оюн-түзүн кеңейтип,
Тоолорун сен бийиктетип турасың!

## ТООНУН ЫЙЫ
### (же кароосуз карынын көз жашы)

Каныңдан уудай ачуу жаш бөлүнүп,
Атылган октой түшөт топуракка.
Ар тамчы ар мүрзөдөй таш көрүнүп,
Кара жер онтой түшөт ошол чакта.
Кып-кызыл темир болду денем ысык,
Турмуштун оту ошондой эритүүдө.
Көз жашым — өмүр тамат, келем учуп,
Замандын коогалаңы кемитүүдө.
Карабай кыз энеге, бала атага,
Бир тууган бир тууганын соодалоодо.
Сопоюп мен мусаапыр — кара талаа,
Күндөрдөн жаным өзүн соогалоодо.
Кетсе эгер ыйман, абийир адамзаттан,
Кимге ким карамакчы боор тартып.
Кишилер киши жесе жалаң ачтан,
Тирүүдөн тиги дүйнө доор артык.
Алаамат — ач көздүк бул, эң апааттуу,
Ачтыкка чыдай албайт аалам кең да.
Тагдыр бир, өмүрдөй да Көл, агат суу,
Адамдар — тоо, талаа, күн, асман, жер да.
Адамдын ыйын табигаттыкы сез,
Адамдын кар болгону да ошондой.
Ыйы бир, өмүрү бир айтылуу кез,
А, мүмкүн кыйроосу да бир, тозоңдой...
Түгөнсө акыл, ыйман күндө адамда,
Адамды адам сактап коргобосо.
Ошондо, эч ким калбайт дүйнө, ааламда,
Адамдар жакшылыкты жолдобосо!

## ЭКИ ТҮРДҮҮ ШАЙЛООЧУ

Бири адам, акылы бар, сезими бар,
Билинүү бийиктиги, кешиги бар.
Адамды баалап жана түшүнөт ал,
Адамды аздектеп, ой бешиги бар.
«Адам» деп аты эле бар экинчиси,
Андайды санап койбойт элим «киши».
Сойкудай көзүңдө ойноп, күндөй күлүп,
Турмуштун туулбаган белимчиси.
Малга окшоп, жем, чөп берсе каралаган,
Айланып, өзүн сатып паралаган.
Айбандан төмөн турат паразаты,
Акты да «азыгы» үчүн каралаган.
Ал өтүп токтобостон колдон-колго,
«Жем» үчүн түшүп тез-тез жолдон жолго.
Акчалай чөнтөктөрдөн улам чыгып,
Айланган эки жүздүү колдонмого.

Муунтуп кебез менен бууган жаман,
Аралап элди жүрсө «суудан таза» ал.
Тирүү жан эмес, товар өңдүү ал адам,
Искесең мерт кылуучу уудан жаман.

x x x

Куу заман турган кезде жолду ченеп,
Кайсы адам кимге ак тилек жолду берет?
Коомго бир жакшы адам тандоо үчүн,
Шайлоодо бир шайлоочу болуу керек!

## МЕН САГА БҮБҮСАРА, ТАТТЫБҮБҮМҮН!

### (Табияттын кайрылуусу)

Жаралган бийиктиктен, сонундуктан,
Күн уулу, Күндүн кызы, жолуң кутман!
Жашооң да, турмушуң да көркөм дүйнө,
Көчкөн эл көрккө дайым болуп куштар.
Кылымдап кереметтүү өмүр сүрдүң,
Айырмаң эч жок кыраан тоолук куштан!
Берилген менен ээн оздукка,
Татыктуу калксың укмуш коздукка.
Бирок, «хан» кыйратуучу ички күчүң,
Ээ бербей ала качкан оздукка.
Ойлосоң боло, баатыр, байыркы элим,
Кай пенде мылтык сунат Тоос кушка?!
Кыргызым, тажабаган мактангандан,
Кыргызым, тажабаган актангандан.
Барк билбес өкүнүчү көп калк белемсиң,
Бабалар наркы менен нарктанбаган.
Хан Жантай жаратылыш, гүл ажарын,
Ак Мөөрдү алууу менен сактап калган!
Жашоодо абийир күтөт. шарияттуу,
Жашаган ыйман менен ал уяттуу.
Күлмүң көз Күнгө кимдер суктанбаган,
Күзгүдөй Көлгө дайым кайрылат Куу.
Мен сага Бүбүсара, Таттыбүбүмүн,
Коргоп кал, тепсеп салбай табиятты!

## ЭГЕРДЕ МЕН БҮГҮН ЖАҢЫ ТӨРӨЛСӨМ...

Бүгүн мүчөл! Өмүрүм төрт мүчөдү,
Болду ооп жыгылбаган түзөлүү.
Жолду бастым, өзүмө так, таандык,
Тагдыр, демек, бакыт, күрөш күтөлү!
Жарык жанга купуя бир сыр жеңип,
Көз жаш тамчы өмүр, анан ыр деңиз.
Дөбө, белес, белес, ашуу бийиктеп,
Төрт жол мүчөп, тоого чыктым кырк сегиз!

Акылыма ченеп, көптү самадым,
Үмүт менен алды жакты карадым.
Кеч болсо да ойлогонго ар убак,
Көшөөрүп бир жетүүгө ага жарадым.
Каниетмин тагдырыма, арман жок,
Төбөм көктө, төрүмдө ойнойт балдар шок.
Баштачу ишим кыялда өлүп кеткендир,
Баштаганым эч бир бүтпөй калган жок.
Ага-тууган, элим-журтум, алганым,
Алтын очок — тууган жерим, бар шаңым.
Жашап келдим садагалап жанымды,
Чачып келдим өмүрүмдү ар дайым.
Өмүр жылды уялаган асыл да,
Жыл да уялап келет өмүр жашымда.
Ар бир жылда менде өмүр калган жок,
Актай турдум жаңы жылдын башында.
Мүчөл жылым — жаңы жылым, Ноорузум,
Өмүр тамыр, азыктанган «доңузум»,
Ар бир ушул күндө жашым ажырайт,
Жылда жаңы туулгандай болушум!
Антсе дагы санаамдагы нерсеге,
Жетпей калдым бут астымда жерде эле.
Ошол өксүк уудай сиңип боюма,
Эки эсе бир күчтү берди сермеле.
Ал мүчүлүш намыс, кайрат, ал болду,
Колдоп-сүрөп алчу кыдыр — жар болду.
Белгисиз бир жок күч-кубат жаратып,
Жарык жасап жолумду ачкан таң болду.
Ырас-ырас, өмүрдү алды өкүнүч,
Ара төрөп, ойдон койдум көчүрүп.
Өрттөп кетти туулбаган баладай,
Мени жаңы конуштарга көчүрүп.
Өмүр майдан, секунд, минут-эсениң,
Күн-түн кыргын, анык өлүп кетээриң.
Жашоо-жеңиш, билип келем дүйнөдө,
Өлүм гана эң бир оңой экенин!
Биздин жашоо эрте өлбөскө чаралар,
Өмүрдү өмүр паана тутуп каралаар.
Өзү эмес, көрүп бирөө өлгөнүн,
Адам өзүн ажал менен жаралаар.
Эл көзүндө тайызым да, тереңим,
Киммин өзүм, сезем, айтып беремин.
Эч бир жандын акысы жок, адамдык,
Ордумду мен коргоп, сактап келемин.
Максат — актоо, атам, апам тилегин,
Өмүр берген алар мага жүрөгүм.
Өмүр бою ал карызынан кутулуу,
Бүт турмушум, ошол гана, билемин.

Кырк сегиз жыл кетти өрттөнүп күн менен,
Көрүнбөдү басып өткөн түн менен.
Өмүр өттү ачуу-таттуу ошондой,
Бүгүн актай турам, мына, гүл менен!
Жүзүм жарык, таза ойго жык көкүрөк,
Үч уулумдай жарык алдым мөлтүрөп.
Эгерде мен, бүгүн жаңы төрөлсөм!
Мүчөөр бекем дагы өмүрдү төрт ирээт?!

## АДАМ, СЕН ТАГДЫРСЫҢ!

Тагдыр, сага өмүр бою кармашып,
Таалайымды өз колуңа карматып.
Чөгөлөдүм, чөгөлөттүм кезинде,
Чоот суудай калбай келдим жармашып.
Бийигимде бирде жанып күн болдуң,
Билинип сен, жаадыраган гүл болдуң.
Айландың да капыс кара булутка,
Аптыктырып, жылдызы жок түн болдуң.
Ары карасаң душманымдай бөтөнсүң,
Антсең дагы жолуң тосуп төшөлдүм.
Арманым да, бактым да өзүң экенсиң,
Адаммын да жердей баарын көтөрдүм.
Жолуң катуу, жоболоңун билемин,
Жоодой кээде найзалаша киремин.
Жеңген күнүң жарыгы өчкөн бир жылдыз,
Жеңиш үчүн жарык болуп жүрөмүн.
Татаал тагдыр тамашалуу ойнуңду,
Так көтөрдүм ийбей туруп мойнумду.
Өтүнөөрүм, бир басмырлап алганда,
Өмүр бою өйдө кылбай койдуңбу?
Жан чыдабас бар го шор да, азап да,
Жашоо жолу ошолордо жатат да.
Кейип жаның, өмүр солуп турганда,
Керек эмес бийлик, бүлө, атак да,
Сен каталсың дүйнө-мүлккө карабас,
Сергек акыл, абийир, наркты баалабас.
Кашык каны калбай жаткан адамга,
Карап, тамчы суу берүүгө жарабас.
Сага бирдей акылдуу да, арсыз да,
Бай-жардысы, күчтүүсү да, алсыз да.
Адалы да, арамы да бир баада,
Кылыгың ай, кыска өмүрдө ансыз да.
Таза адамдын тазалыгын өркүндөт,
Жөнбү же бир болобу ал өкмөт.
Каадаланган дөөлөттүүнүн касы бол,
Кара өзгөйгө каргаша бер, өргүп өт.

* * *

Бирок, тагдыр бар кутуңду учурдуң,
Билинбей эч, билип туруп кутурдуң.
Тагдыр бойдон калбай калдың, боёнуп,
Таанылбадың, миң кубулуп, бузулдуң.
Сен местейип, ак-караны бөлбөдүң,
Караңгыны, жарыкты да көрбөдүң.
Боздогонду ый үстүнө боздотуп,
Кан жуткуруп, өзөгүнө өрдөдүң.
Тайгак жолуң, өткөн ким бар тайгылбай,
Кайгы жолуң, баскан ким бар кайгырбай.
Күлкү берсең күтүп турат зар-муңу,
Күндөр, айлар күйүттөрдөн айрылбай.
Тирүүсүндө баалатпадың эмгекти,
Ким жалганчы, ээрчип дароо эл кетти.
Тууручылды «туура» деп эч айта албай,
Эки жүздүүбүздү мезгил көргөздү.
Мансапкорду чакырбадык атынан,
Көлөкөдөй ээрчип жүрдүк артынан.
Калкып калдык кайырмакта калпуурдай,
Балык жутуп кетмейинче калкыган
Сан да жетпейт, канчаларды мертинттиң,
Санаада жок жалгандыкка келтирттиң.
Кулу болдуң колдо барга бийлеген,
Миң чындыкты жалгыз калпка өлтүрттүң.
Дилди, ойду, адамдыкты үркүттүң,
Тагдыр сен да бийик жерден үй күттүң.
Өзүң алгач сатылдың да, «тагдыр» деп,
Өмүрүнө айландың сен бийликтин.
Тагдыр-тагдыр, жаралганда атыңды,
Буруп алдың соодаладың затыңды.
Сени чыкты колдон жасап алчулар,
Селдей каптап, чыңдыгыңды жашырды.
Сен акчага, белектерге, көңүлгө,
Сезип койбой айлангансың төгүнгө.
Нукуралык калбай калды тулкуңда,
Нугуңда агат жасалмалык өмүргө.
Сүрдүккөндүн алдын такыр тосподуң,
Сүйгөндөрдү сүйгөндөргө кошподуң.
Билимсизди билимдүүгө чоң кылып,
Паракорго созуп калдың кош колуң.
Ыйманды да, адепти да билбедиң,
Теңтуш кылдың жаш-карыны, билгениң.
Адамдарды бирдей койбой катарга,
Сортко бөлүп, көзгө карап иргедиң.
Дөөлөт, мээнет, карабадың кандайын,
Бек ишендиң такылдатса таңдайын.
Тепкиледиң телмирген бир байкушту,
Териштирбей мындайын да, андайын.

Чыр чыгарса сөөлөттүүлөр эл бузуп,
Кылмыш таап ойго келбес, «эң кызык».
Караладың катардагы бирөөнү,
«Тагдыр, тагдыр болду», кантет, сен кысып...
Кимде бийлик, кызмат болсо ошонун,
Камчысын чаап, как алдынан тососуң.
Тагдыр сенин жүзүң минтип карарды,
Кандуу колуң улам өйдө созосуң.
Болуп калды «колдон келет» кумарың,
Талантка да карабаган убагың.
Запкылардын сар-санаасы канчалык,
Ойлободуң адамдардын убалын.
Эл ыйласа күлкүң чыгат каткырып,
Эрке-талтаң мартабаң да артылып.
Эсебиңди, көрсө, эчак таап тыр,
Эсиңди алып, башка жасап барчылык.
Жаралгандан калыстыгың, чындыгың,
Жашап артка, серпилиптир бир кылым.
«Тагдыр» болбой, «мансап» болуп калдың сен,
Чегип улам ыргыткандай бир чылым.
Таарынычым өтпөгөнгө сага эч,
Өкүнөм, сен болбогонго жапакеч.
Жүз жыл өтөөр сен өзүңө келгиче,
Анда-анда, болуп калаар мага кеч.
Кеч калгандар бактысынан сансыздыр,
«Кереметиң» сезбегендер алсыздыр.
Чычаладай күйгөн түнкү өмүрдүн —
Чын ажалы болуп калдың жалгыздын.

x x x

Жерге тагдыр боло көрбө ошондой.
Жаратылыш толук турсун бозорбой.
Эл өмүрү табиятка бириккен,
Эң башкысы — жашаса экен тосорбой.
Токой, тоого, сууларга да, чөптөргө,
Толуп турган жан-жаныбар көптөргө.
Тагдыр, сен бир карай көрбө манчыркап,
Тансаң аны, эмне калат эртеңге?!
Сыртың салсаң сыны толгон эл да жок,
Сыры кетпес кылымдардан жер да жок.
Бардыгын тең мойсоп салсаң сый-сыйпыл,
Бактың кайсы, бар эмессиң, сен да жок!
Сага айланган айрым күнкор немедей,
Жүргөндөрдөй эл бактысын ченебей.
Жаратылыш келбейт сага жүгүнүп,
Жан тирүүдө койбо аны элебей.

x x x

Демек, тагдыр сен өмүрсүң базарлуу,
Демеп-демеп көбөйт, өстүр катарды.

Өрчүп турсун жүн нурундай күлүңдөп,
Өткүр өкүм, кыла көрбө баталгы.
Демек, тагдыр жаадыраган жашоосун,
Камсыз кылчы бардыгынын жашоосун.
Жалындасын табы ааламды жылытып,
Жакшылыкка биригишсин бачу отуң.
Демек, тагдыр көй-көйү көп турмушсуң,
Бактысы бол башка улуттун, кыргыздын.
Ыргагын бир ыдыратпа, жоготпо,
Кутун эч бир кетирбегин сыймыктын.
Демек, тагдыр сен кырсыксың бөөдө эле,
Төбөлөгөн ким баратса өөдө эле.
Жолуга көр пейли, ниети карага,
Жакындаба, жашоо өтөт жөө деле.
Демек, тагдыр сен каргаша ажалсың,
Канжар өңдүү колколорго такалдың.
Жашка барба! Бузукуну, арамды,
Жаман ойду арабыздан бат алгын!
Демек, тагдыр эки жүздүү болдуңбу,
Мант бересиң аныктатпай, жолуң куу.
Суранаарым, калыс бол да, чынчыл бол,
Сук жашаган «кыраандардын» жолун буу.

x x x

Пендебиз го, төп жашаган киши жок,
Перендедей так алдында күчү жок.
Көр тирликтин аралашып ичинде,
Көзгө комсоо, бөлүп караар түсү жок.
Милдет тура «бир төрөлүп, бир өлүү»,
Жашайбыз го жаман-жакшы мүдөөлүү.
Мыйзамы улук адамдыктын өзүнчө,
Миң адамдан чыгат жүзү күнөөлүү.
Өзүң тагдыр кара кылды как жарчу,
Өткөн-кеткен өз колуңда калчалчу.
Суранаарым, байкабаган кылмышты,
Сурап, тактап, жаза тартып башкарчы.
Атайы эле, калпыс эмес жасаган,
Адамдарды тепсеп-матап жашаган.
Күнөөкөрлөр күн астында жүрбөсүн,
Күлкүлөрүн уу сыңары атаган.
Айрып билчи, күндү-түндү түсүнөн,
Адамдарды ысуулаган, үшүгөн.
Ач көздөрдү эч нерсеге тойбогон,
«Ачкаларды» дүнүйөгө шишиген.
Пейли токту бактысына ыраазы,
Пейлиң бузуп кыла көрбө жыласы.
Маңдай терден таалай тапкан бирөөнү,
Мерт кылганда сага мүйүз чыгабы?

Байлыгы — өмүр, бактысы өмүр, зор дөөлөт,
Баарысынан бийик киши кор келет.
Сактай көргүн тагдыр андай чоң кенчти,
Саабалардай андан бизге жол келет!
Канча таза дили болсо, турмушу ак,
Каргашалар ага ошончо тырмышат.
Кокустуктар күндө он убак коколоп,
Кошуналар колун кезеп тырчышат.
Жумушунан жолу болбойт, тартылып,
Жыл ичинде 2—3 бошоп, артылып.
Жадакалса штаты да турбаган,
Миңден бирге келип турган «жалпылык».
Маянасы тартыш-тартыш, жарытпайт,
Мааниси жок турмуш аны марытпайт.
Таалайлууга чакырымдап бөлгөндү,
Тагдыр ага өлчөп-бычып, карыштайт.
Ушундайды тагдыр кара көзүңдөй,
Улуу адам, ага серп сал өзүңдөй.
Чымын жаны ыйлап өтүп кетпесин,
Чын жашоонун рахаты сезилбей.
Айкөлдөр бар, сурап барсаң карызды,
Айла таппай жерге барат жарытчу.
Бирөөлөрдөн алып келет сен үчүн,
Бийик адам, толтурчу ал тарыхты.
Анык сезген муктаждыгын бирөөнүн,
Андайларга ачык болсун жүрөгүң.
Болбосо экен тагдыр сенден сураарым,
Болжоосу жок мартка кылдай күмөнүң.
Өзү суудай тунук, киргил көңүлдү;
Өскөн жерден оору баскан өмүрү.
Мусапыр бар көлөкөдө муңданган.
Мую буга, тагдыр көңүл бөлүүнү.
Жайы да мал, кышы да мал, жазы мал,
Күзү да мал, мал жыл бою жадыбал.
Бүт жашоосу тоо, анан мал билгени,
Билсең, тоонун малчы деген шамы бар.
Боройлогон борошого бой бербей,
Боздоп-улуп бөрү келсе кой бербей.
Шамал жиреп, нечен калып нөшөрдө,
Төрт түлүктү асыраган тоо жердей.
Күнгө күйүп, жаткан түрлүү жаанда,
Күйүт эрбын бадачыда, чабанда.
Жылкычынын арманы да аз эмес,
Жыйып малын чилдеде да дабаанда.
Тагдыр буга көз сала көр биринчи,
Тапсак сырын жашоолору түйүндүү.
Эрте карып, ден соолуктан ажырайт,
Эң негизги — боло көргүн күйүмдүү.

Тынч жашоону тыбыратып, ерт койбо,
Тындым кылба адамдарды көп доого.
Кулатпагын, оодурбагын, жыкпагын,
Кубанычтын жүгү толо көч тоодо.
Сел жүргүзбө, кар жана жер көчкүсүн,
Сен токтоткун жер титирөө кетчүсүн.
Кыйроолордон адам аттуу сак болсун,
Кырсыктардан адам аттуу өксүсүн.
Ымыркайга оору бербе, оюн бер,
Ысуулаган селкилердин боюн кер.
Жигиттерди жаса ишкер, акылдуу,
Жылда миң сан үйлөнгөндүн тоюн бер.
Сыздат жанын алдырганды боюнан,
Сыркоо бергин, чыкпа андайдын оюнан.
Күйөөсү жок бир да аялды төрөтпө,
Күтсүн, түтсүн буга чыдап ой улам.
Жаралган жан бүт түгөйлүү экенин,
Жаны бирген, андан турмуш бекемин.
Төрөлгөндөн туйсун, сезсин улан-кыз,
Жаза баспас өмүр жолдун неченин.
Кайрымдуулук, боорукерлик бере көр,
Кайрат, намыс, улуттук эрк келе көр.
Балдар үйүн көрбөсүн эч наристе,
Бактыларын үй-үйүнөн көрө көр.
Жетим балдар, жетим кыздар үйүндөй,
Жетим чалдар, жетим кемпир күйүнбөй.
Үйдүн куту болуп жансын үй-үйдө,
Үлгү-нуска кут элимдин дилиндей.
Кичүүнү улуу, улууларды кичүүсү,
Ата-энени бала, аганы иниси.
Адамды-адам сыйлап өтсүн түбөлүк,
Ааламдагы бул улуулук ириси.
Ыйман-ызаат калыптасын жаш жубай,
Бала өспөсүн ырыс-кешик каччудай.
Өспүрүмдөр тарбия алсын татыктуу,
Өткөнүнөн кийинкиси ашчудай.
Маданият туусун ыргап мугалим,
Маани-мазмун жаңга берсин шыбаа күн.
Көркү болсун алар мектеп, жашоонун,
Көөдөнүнөн көргөндөргө чыга күн.
Эгер өмүр айдоо болсо дан өнчү,
Илим-билим — арык суусу таралчу.
Жылдар, мезгил, доор дыйкан өстүрчү,
Жылып келчү тагдыр болбо таранчы.
Маалымдоолор мээге толуп күн-түнү,
Машиналар бу кылымдын бүлгүнү.
Техника каптап алды өмүрдү,
Жерде, ааламда жылдыздардай жүргүнү.

Атом деген өмүр жегич кырсыктар,
Аалам, жер шар жумурткадан кыр чыккан.
Ойго келбес, түшкө кирбес кокустук,
Отко-чокко жанды салат турмуштан.
Ойлоп-ойлоп тик турууда төбө чач,
От чачууда ажал деген өтө тап.
Пендебиз да, арга тапчы тагдырым,
Бейкут, тып-тынч планетке көчө кач.
Келет кырсык, келет оору жол-жолдо,
Кереметтүү күндү минип жол жорго.
Кадамыңда каалабаган кокустук,
Кара тагдыр, каалгадан жол торго.

x x x

Тагдыр! Тагдыр! Төп, калыс бол, сестенбе,
Тал кайыңдуу токой чыгар өстөнгө.
Байкаганга, өз чендерин туйганга,
Бактысын бер бактыларын сезгенге.
Күмүш канат күндөрүңөн сүрдөнбө,
Күлүктөрдөн күлүк чыкса жинденбе.
Күүсүн сезген гүл өмүрдүн таалайлуу,
Күлкүнү бер күлкү баркын билгенге.
Түгөй ак куу бийиктесин, бер багыт,
Түрлүү-түрлүү конуш тапсын жер чалып.
Бак-таалайлуу өмүр шерик жар болот,
Бакташканды тең карыт да, тең арыт.
Өнөр кууса жеткире көр жерине,
Өктөм күндөн белек берсин элине.
Доор жылып, кылым жылып жатпайбы,
Эл жараткан таланттардын демине.
Адамдар бар иликтесек ак жаркын,
Алар жайкы түнгө окшош Ай салкын.
Ошолорго опол тоодой өмүр бер,
Оту өчпөгөн көңүлдү бер, бай калкың.
Опаа болбос тамың толгон алтының,
Жашап калаар ойдо жанган жаркының.
Ээ-жаа бербес жаш кумарың ээликкен,
Өлчөөсү жок, тыюу бербес жаштыгың.
Көңүлүңдү тынчтык бербей көкүткөн,
Көңүл өртүн сакта дайым өкүттөн.
Эркиндик бер лаззаттуу сүйүүгө,
Бел аарыдай рахатын көрүшкөн.
Зирек жана ич дүйнөсү жыйнактуу,
Кимге болсо жакын адам кымбаттуу.
Ойлору опсуз дүркүрөгөн токойдой,
Адамдарды сактай көргүн, — кыйбас туу!
Коздукту акыл-ойго сыйбаган,
Сонундукту көрүп адам ыйлаган.
Түпкүрдөгү жанар тоодой ышкыны,
Сезбейт го дейм, билбейт го дейм кыйла адам.

Бу турмуштун ташкынынан аларды,
Түркөйлөрдөн түбү тайыз, жалаң куу.
Запкысынан арам ойдун калкала,
Сактагандай сактоо керек баланды!
Арапжы бол ажалга да, ооруга
Ак адамды кыса жүргүн бооруңа.
Чаркың жетсе агыл-төгүл даарып кой,
Чың ден соолук үлүш кийирип дооруңа.
Ыкласың, кайрымың да, мээримиң,
Ынтаа менен бу дүйнөгө ээлигиң.
Куландан соо болсун жашоо, өмүрлөр,
Өзөгүн ал түзүп турсун дээриңин.
Сырымды айттым, токуп алгын жадыңа
Сындуу тулпар — минсек мезгил татына.
Сыркоолосоң кагелес бол, таза айык,
Сыйлап сени бурбаган сөз жарыма.
Жашоонун сен күзгүсү бол көргөзгөн,
Жарыгы бол, текши тийген баарына!

x x x

«Тагдыр» деген сенсиң адам — өзүңсүң,
Жан дүйнөңдүн ааламында көзүрсүң.
Жан кеткенче жандап жүрсүн жакшылык,
Жандоочуна айланышып сезимдин.
Көз жумулса арбагыңды ашатып,
Сөгүнбөсүн көзү барды тажатып.
Андыктан сен, айкөлдүктү биле жүр,
Ат үстүнөн шайбырлата баратып.
Оюңду оңдо, такыр бузба, санааңды,
Ойлобогун башкага эч жаманды.
Бир өмүрдү жакшылыкча жашап өт,
Бакыт болгун кыска өмүрдө таламдуу.
Анык, анык, бул жарыктан кайтаарым,
Адамга өмүр — келип-кеткен айдарым.
Жомокко окшош жашоо тура түш сымал,
Жамандыкка түртөт, демек, кайсы арың?!
Адам! Адам! Сен тагдырсың, тагдырсың!
Адамдарга сен тагдырсың, айтаарым!

## БОЛМОК ЭМЕС МҮЧҮЛҮШ

Мен сезгенди, билгендерди туйганды,
Көөдөнүмдө көрүнбөгөн ый барды.
Менин жашоом менен жашап анан бил,
Бул ааламга жылдыз болуп сыйганды.
Тамчысындай бир бөлүнбөй элимен,
Сенин жашооң менен жашап сени мен:
Өмүр бою билгим келет, түйшүгүм,
Анан ойдон үрөн болуп себилем.

Сен экөөбүз билишип да түшүнүп,
Бир ой-сезим болуп турсак түзүлүп.
Кызык өтмөк кумар менен бүт күндөр,
Жашоо эч качан болмок эмес мүчүлүш.

## «ТИЛДЕН КАЛУУ»...

«...Ал адамдын Ай, Чолпондой баласы
Аттиң арман, тилден калды карачы.
Күмөн-күмөн, киши болоор, болбосу,
Бир кадам жол өмүр-өлүм арасы»...
Так ушундай бир жамандык эстелип,
Так кесээр жооп, турмуш аны текшерип.
Кокуй-наалат, эл дүрбөгөн мезгилге
Калыптырбыз калың журтум кез келип.
Энесинен эл катары төрөлгөн,
Жерден, күндөн кубат ала көгөргөн.
Түптүү элдин бир тукуму аталып,
Түптүү элдин бешигине бөлөнгөн.
Бала танды эне тилин — энесин,
«Тилден калды», айтпай турул керээзин.
Жерден, элден калды ажырап тирүүлөй,
Ушундайды кантип эне төрөсүн?
Ишенбейсиң мезгил зекип турса да
Так толтоңо тагдыр найза сунса да.
Калк кетилип, мокоп, талуу жерлери,
Өлсө дагы сезбептирбиз кылча да.
«Ураа! Ураалар» бүт дилинди кишендей,
Сан-санынан кетип, жыртык бүтөлбөй.
Турса дагы көнүп бүтүп алыппыз.
Эл жоголуп баратса да ишенбей.
Салт-санаабыз, кайран кымбат үрп-адат,
Кетти сайлап, кайрылабы чуркасак?
Бабаларды тирилтебиз кантип биз
Нарк-нусканы аңсыз ойго ким салат?
Кечээ эле бар элек биз замандаш,
Тилди жээрип, туу көтөрүп катарлаш.
Таң калабыз бүгүн гана баш чайкап,
Өткөндөрдү алып келе албай сапарлаш.
Жерибиздей жер бар беле айтымдуу,
Элибиздей эл бар беле кайрымдуу?
Тили менен дили кеткен бир боорум,
Чоң кайгыга салып турасың айлыңды.
«Тил» деген, бул — жер менен бир жаралган,
Атпай журтту атап атам заманда.
«Тил» деген бул — тарыхы бар бир улут,
Кыргыздарда тили калып, жаңалган.
Элдин каны, элдин жаны, кереги,
Элдин дили, доорлордон дареги.

Тили туусу, тили тукум, мууну
Тили бардын өнүп-өсөөр бар эли.
«...Тилден калуу» — көрү жакын төрүнөн,
Жашап сезбей, кеткен анын өзүнөн.
Көзү жалдырайт дили калбай калгандын,
«Тирүү өлүк» деп жаш кылгырта өкүнөм.
Тагдыры оор «тилден калган» кеселдин,
Баарыбызда күнөө болгон, сезээрбиз.
«Тилден калбай», тилдин боосун бекитип,
Эне тилди эми ардактап кетээрбиз.

## КОҢОРЧОК

(Хор)

Бир өндүрдө — калына окшоп чекенин,
Чоңго алмашпас кичинекей Мекеним!
Турмуштагы кайгы-шатым менен мен,
Билем сенде түбөлүккө экеним.

КАЙЫРМА:

Куралган улуу тоолордон,
Бешиксиң куттуу, торолгом.
Өмүрдөн кымбат Коңорчок —
Оту өчпөй турган коломтом!

Өмүр өсүп, өөрчүп жатат койнуңда,
Кулун-тайың, козу-улагың — ойнум да.
Туйлаган сууң балалыгым эмеспи,
Билсең, бүгүн — эртеңиң да мойнумда.

Тагдыр иши, миңге чыкпайм, болом жок,
Тапчы, анча жашаган ким, жол оңдоп?
Өмүр сүрүп, өчүп бара жатканда,
Өзүңдү мен ала кетем Коңорчок!

Мезгил, доор бир жараткан кошоктоп,
Бул дүйнөдө болбойт бизди жоготмок.
Жашоомдо сен мени менен биргесиң,
Жаным кетсе, сенде калам Коңорчок!

Биз бөлүнбөй бир тагдырга байланып,
Жашоодобуз бир максатка айдалып.
Ажал алса сөөгүм күйөөр өзүңдөн,
Жашай берем кайра сага айланып!

## БАК-ТААЛАЙ, ЫРЫСТУУ ЖЫЛ

Үмүттү жаркылдаткан,
Ойлорго ак дил чачкан.
Жаңы жыл кел, келе гой,
Бөбөктай тамтуң баскан.

Көөнөрбөс биздин тилек;
Шыктанткан алга сүрөп,
Келечек сенде турат,
Жакшылык, бакыт тилеп,

Ар кимге не тилесе,
Кайырып миң бир эсе.
Тилегин жеткире көр,
Кут берип күлмүң эте.

Жашоого ак карагандын,
Мүдөөсүн ар адамдын
ишке ашыр! Эстен кетпей,
өзү бол самагандын.

Өмүрлөр — куш, үмүттө,
Бакытка сыз, жүрүшкө!
Эңсеген баш кошууну,
Жар болгун кыз-жигитке!

Шаңын бер сен жаңынын,
Оту бол эл жанынын.
Өмүргө жаштык жана
Күчүн бер жер шарынын!

Изденгич талант болгун,
Иштээрге талап болгун.
Жүрөккө жалын салып,
Көңүлгө канат болгун!

Сен чуба кылым сырын,
Максаттын ойгот шыгын.
Жергеме куш келипсиң,
Бак-таалай, ырыстуу жыл!

## УЧАЛЫЧЫ ОБОЛОП

Бактылуу күндөр ушундай,
Бактымды сезем, учурбай.
Басалычы алгалап,
Бактыбыз турсун утурлай.

Кайгысыз күндөр ушундай,
Шаттыкты сезем, учурбай.
Жүрөлүчү каткырып,
Күлкүлөр турсун утурлай.

Турмушум кеме, сүзүүдө,
Туусу анын максат күнүгө.
Жашайлычы жаркырап,
Келечек бизди күтүүдө.

Көлчүктө жан жок, соолот,
Басылса жамгыр жоголот.
Учалычы, куштардай,
Өмүрлөр канат, оболоп.

## ЧОЛОК-КОРГОН
### (Уламыш)

Аргасыз бир ажырап буту-колдон,
Адамдай кан майданда чолок болгон.
Шамалга, жамгырларга сырын айтып,
Шалдайып турат дайым Чолок-Коргон.
    Булбулдун тилин кескен кез болуптур,
    Бул — Кокон хандыгында чеп болуптур.
    Кызды да камап мында туткун кылган,
    Атагы алыс жакка кеп болуптур.
Кыйноону Кыргыз көргөн, сураба аны,
Сулуу кыз, жигит тыңы куураганы.
Алардын көз жашынын күбөсүндөй,
Коргондун жөнү айтылып уламалуу.
    Ылайы жуурулуптур көз жаштарга,
    Бир чети толуп сөөк, көп баштарга.
    Зулумдар өр каздырган акырында,
    Окшотуп өздөрүнө көр казганга.
Койнунан энесинин кызын суурул,
Айылды тополоңдоп, канга жуурул.
Желдеттер анда элимди ханга айдаган,
Карышкыр болуп келип улуп-улуп.

Үмүтү чыгып, өзү чыкпай чептен,
Нечендер зар какшаган бойдон кеткен.
Ашынган муңу алардын шамал болуп,
Айылдан-айылдарга тарап, жеткен.
Көз жашы булак болгон шордуулардын,
Жолун бууп, багын кескен тор булардын.
Алыска ат туягы менен айткан,
Арманын азаты жок жол булардын.
Ый-муңду Коңорчоктун суусу коштоп,
Дайрага куюп турган топтоп-топтоп.
Жылдыздай үзүлгөнгө ор түбүндө,
Так ушул суу боздогон жоктоп-жоктоп.
Канкорлор жашап турган мүрзө өңдүү,
Коркутуп, кыйнап-кыстап мүлдө элди.
Ал кезде коргон толгон баскынчыга,
Өкүрүк, кошок басып күндө жерди.
Кыздарды жасоолдорго талаттырган,
Зордугун атасына караттырган.
Карматып эки жигит колго союл,
Атасын баласына сабаттырган.
Тикенге нечен шордуу бөлөнүптүр,
Көз жашка оозаныша төрөлүптүр.
Адамдан эмес көктөн жардам күтүп,
Ак тилек менен гана көгөрүптүр.
Кедейдин аялы, күң, жери такыр,
Айла жок, болуп турганда заманы акыр.
Бийликке каршы элдин күчүн топтоп,
Күн болуп тийип келген Тайлак баатыр.
Басылып букаранын зарлаганы,
Кокондук качкан экен андан ары,
Эстелик — ушул коргон турат эми,
Өлүктүн коргон болгон канчалары...
Өзүнчө өзгөчөлүү курулушу,
Турмуштун бул бир кезги бурулушу,
Зээнүн бир күбөсү болуп турат,
Тарыхка бүтпөй калган сынык ушу!
...Кан жолдун бир четинде Чолок-Коргон,
«Баяным бил» дегенсип, төрөп жолдон.
Суусуна Коңорчоктун сырын айтып,
Муңаят, ичине өчкөн өмүр толгон.

## АСФАЛЬТТАГЫ СӨӨЛЖАН

Пейлин төктү, жашыды асман болсо,
Сөөлжан да бүт дилин баштап оңго.
Чоюлуп да, керилип жамгыр менен,
Өзүн сүйрөп келатты асфальт жолдо.
Топурак жок, түгөнбөйт жолу баскан,
Жаан токтоп, сөөлжан шору каткан.

Чабалактайт, не кылат, арга барбы,
Так ушул күн ажалдын тору тарткан.
Ырас, таза жол керек баарыбызга,
Жарашат ал шаарга, айлыбызга.
Бирок, демин ала албай астында жер,
А, үстүндө сөөлжан каары нуска.

## СӨЗ КАРЫБАЙТ

Булбул үнү кулагыңа төшөлбөйт,
Бул дүйнөгө сөздөй кызмат өтөлбөйт.
Сөздүн куну, сөздүн баасы бар бекен?
Жок эч качан! Түбөлүккө сөз өлбөйт!
Кыйрын кезип кылымдардын, дооэд,
Жылдыздары — сөздөр ар бир коомдун.
Сөз карыбайт кылымдарга арчадай,
Мейли улам өмүр толуп, соолсун.
Сөздөр — сөздөр дулдулдары жарыштын,
Максаттарга тап-так өзү багыттын.
Бүгүнкүнү миң жылдардан көргөзгөн,
Балбылдаган сөз жарыгы тарыхтын.

## НАСААТ АЙТЧУ ЖАНА УКЧУЛАР ЖАШАСЫН!

Улуулардан чыккан бизге жол келет,
Бабалардан сунган бизге кол келет,
Ай-ааламды таанытуучу аярдай,
аксакалдар керек бизге, чоң керек!
Насыяты өмүрлөрдөн куралган,
доорлордон жыйып келген нур андан
муундарга тийип турат жаркырап,
карыларга суктан досум, кумарлан!
Акыл-ыйман, абийир менен тазасың,
Насаат айтчу жана укчулар жашасын!
Так ушулар калыптанган жаш адам,
Турмуш тоосун эч такалбай ашасың!

## ЖАН ДҮЙНӨ МАЙРАМЫ

Дитбага албай, түз бара албай, сыртыңдан
өзүмчө эле көңүл кирдеп, жыртылгам.
Көрсө, билбейт экем ички дүйнөңдү,
Жүрөгүң мээр, тура көзгө сыртың каар.
Башка үчүн өз жумушун таштаган,
Башкаларды так өзүндөй сактаган.
Адамзаты өсүп жаткан турбайбы,
Арада бар үчүн сендей жакшы адам.
Баатырларын иргейт өмүр майданы,
Сен мага бир кутсуң бийик жайдагы,
Канча жолу жолугушсак ошончо
башталуучу жан дүйнөмдүн майрамы!

## МУГАЛИМГЕ

Бир баласын ашык көргөн ата жок,
Бир баласын кем баалаган апа жок.
Так ошондой педагогдор өмүрдө,
Жаза баскан бир да жери, ката жок.
Эң жакының болсун баары бип-бирдей,
Ар түркүндүү ой-кыялдан жипкирбей.
Суранаарым, баарын бирдей көрө көр,
Жакшы ой сага аттангыдай, түшкүдөй.
Окуучуңдан көрө көрбө өзгөчө,
Шыктандырсаң, эмнени алар көксөсө.
Түбөлүккө алар болоор милдеткер,
Сыймыгың го бири кыя өтпөсө.

## ОТТОРУ КАЙРА КУРУУНУН

Туу жыккандай тулпар чайнап суулугун,
Болот-болот, болот тура улуу жыл.
Көп жыл менен жасайт тура ал өзүн,
Оту ошондой жанды кайра куруунун.
Тамызгысы тамды алгач сөздөрдөн,
Анан күйүп чыкты анан көздөрдөн.
Жактап чыкты акылмандар, ишкерлер,
Бул турмушту элегинен өткөргөн.
Ар тармакта пайда болду дем көлү,
Артты жердин, кең Мекендин көркөмү.
Ар адамдын бүт жашоосун жылытып,
Мына эми ал от каптап кетти өлкөнү.

## АБАЙЛАЙЛЫ

Жер-кеме, сен экөөбүз анда жашап,
Турабыз, турмуш улам алга барат.
Кыйраткыч миң куралдар колубузда,
Зөөкүрдөй ким эсинен танса жарат.
Эгерде согуш болсо сен да калбай,
Чөгөбүз, жашоо-деңиз, мен да калбай.
Кетебиз сууга айланып баарыбыз тең,
Кемебиз — өмүрүбүз жер да калбай.
Жоготкон жиксиз кылып далайларды,
Ким билмек согуш болсо таалай барды.
Адамзат жашап, өсүн үчүн дайым,
Андыктан абайлайлы, абайлайлы.

## ЖАЛБЫРАКТАР

Кайдан келген жашыл бир түр өтө көп,
Жалбырактар уктап калган көпөлөк.
Күндү карай учушпасын жайылып,
Жайкы таңда ойготпойлу экөөлөп.

Азыр тып-тынч, бир магдырап турса да,
Кулак бурбай түркүн кушта ырга да.
Жел желписе чимирилген вертолёт,
Конгонго же калган окшоп учканга.
Шамал болсо «учамбы» деп калтырап,
Мезгил көркүн бир чыгарып албырат.
Токтоп калган жашыл жамгыр өңдөнүп,
Жашыл чымчык жайкы сонун жалбырак.

## И З

«Из калтыр» деп айтылат эзелтеден.
Өмүр көп, ага чыкчу кенемте кең.
Элиңде эмне деген изиң турат,
Тырбаңдап жүргөн менен сен эртеден?
Короодон чыккан изди издер басат,
Жүргөнүн көрчү сендей кимдер жашап.
Иштеген жерге кирген издериңдин,
жиксизин өзүң аңдап билсең азап.
Жоголот жерде изиң из түмөнүндө,
Аныгы акыр келчү бир өлүмдө.
Ийгилик мүчүлүшүң бир биригип,
Из кылуу, кеп, элиңдин жүрөгүндө.

## «САРЫ-АЙГЫР»

Сарала айгыр өңдүү сары чымчык,
Учканда канаттары улам курчуп.
Салмоор күүлөгөнсүп, кызык ылес
Берет ал, өзүн-өзү булкуп-булкуп.
Тили бал чымчык менен ушул жай шат,
Анткени, түркүн гүлгө тилин кайрап.
Күүлөнүп селкинчектей ойкуп-кайкып,
Сары айгыр келаткандай үйрүн айдап.

## КЫЗАРТ

Туу белде, жел ойногон — кыз кыялы,
Жай-кышы жалаң көйнөк селкилердей.
Ары-бери өткөн жүргүн — куш туябы,
Өткөрсө шаштыңды алып, өргүү бербей.
Сыдырым сылап турса маңдайыңдан,
Ал өзү жайлоо түспөл бийкечтердей.
Бул кезде жолоочунун таалайы шам,
Жүрөктөн жаштык жалын «дүрт» эткендей.
А, бирок, шамал согуп, бороон боздоп,
Көбүнчө ыйлап турат ошол куу бел.
Озондоп, тээ түпкүрдө муңун козгоп,
Жайда да карга айланган тозоңдуу жер.

Сыздашып, арбагына сыйынышкан,
Азаптуу, оор кайгыны айтат эл да.
Кайыгып, жайкы суукта кырылышкан,
Арман ал, кыздарды артып кеткен бел да.
Кызарт — бул, өңчөй кырк кыз ойну калган,
Сулуулук, көркү, сүйүү, жаш кумары.
Кызарт—бул, кырк кыз жоктоо тоосу, арман,
Зарлаган эне-атанын жаштуу зары.

## ТУРМУШТА

Адамдар адамдардын таянганы,
Орундайт бири-биринен таламдары.
Адам бар үчүн жашайт адамзаты,
Адамдар — көңүлүнөн жай алганы.
Айрыкча, мүңкүрөткөн кайгыларда,
Турмуштун кең жолунан тайгылаарда.
Кызыл эт балапандай күнгө ыктаган,
Кошкуң бар азап чеккен жанды жанга.
Адамга кызмат кылсаң пейлиң түшүп,
Кетесиң сый-урматын элдин түзүп.
Ада бар кыйын күндө боор ачкан,
Жашайсың ошон үчүн мээрим күтүп.

## БИРДЕ БУЛУТ, БИРДЕ АЧЫК

Көңүлүм менин асманбы,
Биринде булут, бирде ачык.
Тоого окшоп кетем аскардуу,
Эңдөнөм булбул гүлгө ашык.
Анткени, өмүр-күнүм бар,
Булутту тепчип нуру өтчү.
Тирүүлүк жолу — муңум бар,
Өмүргө тете күнү өтчү.

## БОСТОН БОЛ, ЧАБАН!

Бүгүнкү койчу кандай, кыяматпы?
Окугун Чыңгыз жазган «Кыяматты».
Бостонду туурап эле иш кылсаң сен,
Анда бил, коом үчүн кыйла жакшы.
Түшүнсөң, эл баккан да, жер баккан да,
Күн-түнү талбай иштеп, тер баскан да.
Сактаган табиятты да карегиндей,
Асырап төрт-түлүктү бел ашкан да.
Кыйындын кыйыны да, каарманы,
Сенсиң ал — тоолордо күн чабан жаны.
Бир жүргөн беш жүз койдой 500 санаа,
Чабанда, билсек беш жүз дабаан жаңы.
Бостондук сүттөй аппак тилек менен,
Бостондук айкөл баатыр жүрөк менен.
Түшүнүүң чабандыкты сага милдет,
Малчылык сандан көрө «жүрөт» деген.
Бостон бол, акыйкаттын курмандыгы,
Жашоосу тоолор ыры, суулар ыры.

Болоттой кетилбеген кыйын күндө,
«Бостондук» кылымдарга тургандыгы.
Бостон бол, Бостон сенин коңшуң болсун,
Бостондор короолошуп, бирге консун.
Ээлесин төрт-түлүктү бүт Бостондор,
Бостонго сыймыктана жергем толсун!

## ӨЛБӨГҮЛӨ ЭНЕ-АТАМДЫ КӨРГӨНДӨР

Эл туура айтат: «Атаң өлсө өлсүн» — деп,
«Өмүр жашын калгандары көрсүн» — деп.
Курбусуна апамдын да, атамдын,
Жетип барам, кайдан көрсөм эңкилдеп.
Алар дагы баласындай кагылып,
Айтып сөзүн, кара жаны чабылып.
Кыял-жорук мүнөздөрүн маркумдун,
Жомок кылат улуу оттой жагылып.
Сүйлөшкөнгө ыйыктарым көргөнсүп,
Шерденемин, жетине албай эрдемсип.
Каниет дейм карыларга сыйынып,
Алар барып, так жанынан келгенсип.
Эне-атамды көргөн залкар карылар,
Так силерде алар көрчү таңы бар.
Көрүп турам мен силерден экөөнү,
Өмүрүнүн өчпөй калган шамы бар.
Эгер, силер бул жашоодон көчсөңөр,
Жайдак калаар төргө олтурчу көлдөлөң.
Ата-энемди кимдер айтып бермекчи,
Арман болоор сагынган да, көксөгөн.

## ЧЫККАН ЖОЛ АЙ-ААЛАМГА АК-ТАЛААДАН
**(Жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиевге арноолор).**

1.

Талантың канат жасап учкан ага,
Суктанат ободогу куштар сага.
Батасын берет элиң канаат алып,
Өскөн тоо, берекелүү кутман талаа.
Карасак катардагы бир гана адам,
Санасак сан да жетпей турган аалам.
«Шүкү» дейт жер шарынын канча бурчу,
Бул бакты эл-жер үчүн ырдагандан.
Жол салып адамдын жан дүйнөсүнө,
Миңдеген окурман таап күндө өзүңө.
Айтаарлык үлүш коштуң адамзаттык.
Сезимдин, акыл-ойдун гүлдөөсүнө,
Канча үйдө канчалаган жүрөктөсүң,
Канча сөз, канчалаган сүрөттөсүң!
Дүйнөгө күн нурундай тарап кеткен,
Жамырап, жаадырап да тилешиң.
Биригип, алар коштоп, сүрөп алып,
Жаңы күч, өмүр, кайрат, тилек алып,

келишти аткарууга алтымышка,
«Шүкү» деп таазим эте күлө багып.
Изи жок өтөт жерин даңктабаган,
Отсуз ал, коломтосун барктабаган,
Чыныгы эрдик болуп планетте,
Чыккан жок Ай-ааламга Ак-Талаадан!

2. **БОЛОТ КАЛЕМ ЖАЗУУЧУ**

«Ак тайлагына» «Мүйүздүү козусун» өңөрүп,
«Уядан учкандардын» күүсүнө бөлөнүп.
«Демилгеси» үчүн элден «Алкыш» алып,
«Кычандай» турмушта кайра төрөлүп.
«Чынаранын табышмактарына» канып,
«Карлыгачтын» «Чыныгы достугуна» кубанып.
«Тоо койнунан гүл» терип чоң «Укук» менен,
«Кордун тукумдарынан» туу алып.
«Солдаттын махабатына» «Данакер» болуп.
«Урпактардын үнүн» улап толук.
«Талант кунарын» билгизип бийик.
«Ат жалында секелегин» алдына коюп.
«Аманат» жанын «Жараатсыз жарадарга» арнап,
«Болот калемди» кол карыштыра кармап.
Шүкүрбек ага «Таалай жолуна» чыкты,
Дүйнөнү талантына — эмгегине арбап.
Алай-дүлей бороондуу, бурганактуу,
Учуп барат коогалуу жыл канааттуу.
«Алтымыш» деген карт тулпары менен Шүкө,
Жылдардан озуп келди булгалап туу!

3. **АК ДЕҢИЗДЕЙ ӨМҮРҮ**

Жашын алсак Шүкөмдүн —
алпылдаган абышка.
Тайбуурулдай таптанып,
талбай түшөт жарышка.
Дулдул еңдүү чаалыкпай,
чуркап келет алыска.

Ишин алсак Шүкөмдүн —
түндө жанган жарык да.
Эл өмүрүн сугарган,
бир дарыя тарыхта.
Он сегизде куректай,
койбойт арып, карып да.
Курак куту — карылык,
Эмгектенген — жалын жаш.
Шүкөм эки бактысын,
бир өмүргө калыптап.
Мезгил духун, турмушту,
талант менен аныктап.

Ала-Тоодой чачтары,
ак деңиздей өмүрү.
Чолпон жылдыз таалайы,
тоонун таңы көңүлү.
Бир калыпта чуркаган,
Ал-сайкүлүк бөлүнүү.
«Шүкүбүз» деп андыктан,
Эли күү да, жери күү!

**БИЗ ЖАКЫНБЫЗ ТИЛЕК КОШУП АЛЫСТАН**
**(«Нарын правдасы», азыркы «Теңир Тоо» газетасынын 50 жылдыгына)**

«50» деген бир кылымдын жарымы,
«50» деген миң кылымдын жарыгы.
Так ошондой мүчөл тоюң газетам,

Өмүр даарып, өнөр даарып жаныңы.
Өткөн күнгө санжырасың өчпөгөн,
Өркүндөттүң жылдыз жасап жаңыны.
«Эл таткансын деп дүйнөлүк өнөрдөн»,
Баласындай тулпарына өңөргөн.
Тянь-Шанда «ПРАВДАНЫН» алгачкы,
Сен көчөтү мөңгү астында көгөргөн.
Тоолуктардын басма сөзү биринчи,
Адамзаттык идеяга бөлөнгөн.
Көрктөндүрүп жердин үстүн, күн астын,
Мамырынын арасында гүл ачтың.
Саябандап, бүгүн укмуш тамырлап,
Бутагыңда күндөр, айлар, турат жыл.
Адамдардын сенде укмуш тарыхы,
Сен дарыя, мезгил өзү булактын.
Гүлдөп, өнүп Тянь-Шандын суугунда,
Тууң ыргап бүгүн чыгып туу кырга.
Жан дүйнөгө жарык берип оттонтуп,
Чаңкаганда кымызындай суусунга.
Акыл-ойду келдиң дайым жаңыртып,
Ошон үчүн ар адамга туусуң да.
Салтыңды улап, атыңды атап эзелтен,
Түбүң түптөп, түндүгүңдү көтөргөн.
Уугуң сайып, керегеңди кең жайып,
Үзүгүң жаап, үлгүң үчүн көшөргөн.
Журналисттер — жашы дагы, карысы,
50 жашта, өтөт бүгүн көчөңдөн.
Мерчеми жок мезгил менен жарышкан,
Жүрөктөрдөн өз түнөгүн табышкан.
Сен — тоосунда Тянь-Шандын бир барчын,
Тажабаган, талыбаган чабыттан.
Куттуу болсун бул маарекең газетам,
Биз жакынбыз тилек кошуп алыстан!

## ӨРКҮНДӨСҮН ӨНӨРДҮН ДАРЫЯСЫ

**(М. Рыскулов атындагы Нарын музыкалуу драма театрынын 50 жылдык мүчөлүнө)**

Талант келип табына төгөт сырын,
Өнөрлүүнү бүт ылгап келет кылым.
Тоолуктарга кут болсун Чолпон өңдүү,
Торколуу той, мүчөлүң театрым!

x x x

Эл өнөрүн өмүргө улап салган,
Жылдыз өңдүү асмандан улам жанган.
Театр — бул, ар айыл таланттары,
Дайрага окшоп топтолгон булактардан.

Көркөм өнөр жолуна аттанышкан,
Молдобасан, Абдыашым, Актан, Мыскал,
Жумамүдүн, Муса, Асек, Бакен жана
Асанкулдар көч баштап даңктанышкан.

Сейитказы, Бакирдин, Капар, Койсун,
Калыбектер изинде ошол жолдун.
Тамарадай талант бар тамшандырган,
Деңиздеги өзүнчө тоодой толкун.
Тобу келет жаштардын чагылгандай,
Оту болуп шыктантып акыл-ойдун.

Жөндөмү күч, курч акыл жалындаган,
Алмаз жана Кенжегул, Дамиралар.
Калемкаш бар элине эмгек сиңген,
Өнөрүнүн тартуулап шаңын саган.

x x x

Театрдын таланттар түбүн түптөп,
Тургузушту дубалын бүтүн, күчтөп.
Жөө көтөрүп, атка да, арабага
Сахналык турмуштун жүгүн жүктөп.

Жөө-жалаңдап, ат минип, арабада,
Үйрүлүшүп үй-бүлө, балага да.
Артисттери Нарындын өсүү-өркүндөп,
Оюн коюп, от жагып талаага да.

Айылдарга тоо-тоонун түбүндөгү,
Малчыларга бийикте — үйүндөгү.
Данчыларга талааны жашартышкан,
Барышты алар сүйүнтүп, сүйүнгөнү.

Көңүл-ойго турмушту карыядай,
Көркөм өнөр күчүнөн жарыялай,
Театры Нарындын Кыргыз элде,
Агымы күч алп Нарын дарыядай.

Биз билебиз, эл билет оюндарын,
Күлкү-күүсү ыр коштоп коюлганын.
Нарын агат кылымды дүңгүрөтүп,
Театры тоолуктун боюнда анын.

Кең Таласта, Сары өзөн Чүйдө, Ошто,
Сагындырып күтүлөт сүйгөн досчо.
Кубандырып өлкөмдүн жүрөгүн да,
Айланды алар сезимде күйгөн отко.

Ар намысын атуулдук өңчөй талант.
Күнүмдүккө алмашпайт, өчпөй калат!
Так ошондой Нарындык өнөрлүүлөр
Кылымдарга уланган көчтөй барат.

Даамын татып байыркы көрөңгүнүн,
Мезгилинин, өлкөнүн өнөр жүгүн
көтөрүүдө нарындык жарп жазаарлар,
маарекеден өмүрүн көрөм бүгүн!

Өнөр көчү ашкан бул элүү белес,
Элүү гүлү жылдардын элге белек.
Эл маанайын көтөрүп, күүсүн чыңап,
Бийик жердин кутундай келе берет.

Таланттардан жаралган кыргыз жаны,
Элүү жылдык — турмуштун бул кутманы.
Өркүндөсүн өнөрдүн дарыясы —
Театрдын көбөйсүн жылдыздары!

## ЭСТЕЛИК БИЗПИЗ, КАЛАЙЫК!

**(Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго арнап «Орто-Сырт» колхозунда тургузулган эстеликке арноо)**

Калайык-калк! Тирүүгө окшош бул айкел —
жакшы турмуш, бутактаган жубай сен.
Кан кызытып, коштоп турган муңдуу күү —
жашоодогу ыйык нерсе «кудай» дээр.
Мекен! Мекен үчүн жанын арнаган,
Ок жиретип денесине зарлаган.
Кайтпай жана кайткан оттон жоокерлер,
Дүйнө-мүлктү оюна да албаган.
Эй бекерчи! Сен эмес ал жай жаткан.
Кызыл кулак! Сен эмес ал жан баккан!
Тирүүсүндө өлүк эмес дүйнөкор,
Жашап өтчү улуп-жулкуп жан-жактан.
Сен эмес ал, бийлигине чиренген,
Сен эмес ал, мансабы үчүн миң өлгөн.
Ал бир дулдул, адамзаты барында,
Эң алдыга чыга берчү сүрөөндөн.
Арам жашоо четте турат кармаштан,
Адал жашоо намыс туусун карматкан.
Караөзгөйдүн кара көзүн кашайтып,
Ак адамды колдоп келет арбактар.
Айкел, айкел! Менден, сенден бөлүнбөй,
Адамзаттын өлгөндүгүн төгүндөй.
Жандап жүрөт ак-караны так билип,
Жамандыкта, жакшылыкта көрүнбөй.
Булар дене, сөөгү калган көмүлбөй,
Булар бир көл токтоп турган төгүлбөй.
Булар билсек, жашап жаткан мына биз,
Ааламда бир түбөлүктүү өмүрдөй.
Курагында жаш кайыңдай-кулгүндөй,
Кан майданда жоону айдап сүргүндөй

бара жатып жанын кыйган кокустан,
анан минтип жашап калды бул күндөй!
Калды атасы, калды энеси, тууганы,
Сүйгөн жары али күнчө суубады.
Жеңиш келди күйүт басып акыры,
Согуш өзү өз огунан куурады.
Бала калды же калбады алардан,
Шоола болчу жайкы таңдай агарган.
Бирок, бирок, сөөк сыздап түбөлүк,
Апаат болгон жанга көңүл карарган.
Жакындардан ууч топо буюрбай,
Жоокер-жоокер, кан майданда суюлду, ай!
Турмуш тепсеп ал учурду, өтөөрбүз
кыйналышы кыпындай да туюлбай.
Жылдыздардай жоону каптап, камынып,
Дайрага окшоп алга агып, чамынып.
Анан булар кетти айланып шейитке,
Жылдыз толгон көк асманды жамынып.
Көр казылбай, топурак да салынбай,
Күйүп кетти күнгө окшоп жалындай.
Анан калды жерге айланып азистер,
Жашап турат мына азыр баарыңдай!
Дүйнөдө адам уул-кыздуу, кубаттуу,
Токой-тоолуу, жер да ошол сыяктуу.
Так ошондой мерт болгондор согушта,
Өнүп-өсүп, муун улаар туяктуу.
О, калайык, маркумдардын күлгөнү,
Наристеде — арабызда жүргөнү.
Тынчтык күндүн ар жылы анын балдары,
Небереси ар бир жылдын күндөрү.
Күндөр өтөөр канды эч бир кечпестен,
Согуш калаар тагы ойдон кетпестен.
Жүз жыл жашап бир күнүндөй алардын,
Өмүр баркын, жашоо баркын сезбестен.
«Тобоо» дейли, согуш көрбөй миң жашап
өтсөк дагы өмүрлөрдү гүл атап.
Мүмкүн мындай элге эстелик болбойбуз,
Жоокерлерге жашап өткөн күн атак!
Алар—алар желкайыптар — элестер,
Алар—алар — кетпес бакты, эл эстээр.
Алар биздин таалайыбыз өчпөгөн,
Бактыбызды коштоп, сүрөп жөнөшкөн.
Бул эстелик — толгон-токой бейиттер,
Бул эстелик — жүрөк эзген кейиштер.
Бул эстелик адамзаты барында,
Миң сыйынып, таазим этчү шейиттер.
Өкүрүк, ый, кошок эч бир коштобой,
Октон башка жан кейитип боздобой.
Кан булактап жаш денеден жатканда,

Майдандаштан башкасы анда жоктобой.
Аруу жууп, ак кепинге алынбай...
Өлгөн менен адам катар окшобой.

50 жылы жоктоп, сыздап бүт дүйнө,
Кара кийип жер да турат мүшкүлдө.
Аалам билген так ошондой адамзат,
Өлгөн жок да, жанып турат түпкүрдө.
О, калайык! Жеңиш күнү кез келип,
Байкачы, бул тирүү адам эстелик.
О калайык! Шейит шамы ыйык от,
Маркумдарды турсун деген эскерип.

Ырым куран, о, эстелик — арбактар,
Ыйык баштан таазим, жерден албастан.
Силер өмүр Жеңиш күнгө айланган,
Миң садага өзүңөргө далбас жан!
Арбагыңдан айланайын шейиттер
Колдо элиңди өзөгүңө жандашкан!

## САГА ТААЗИМ, СУУСАМЫР!
## (КОЖОМКУЛГА)

Бир кылымдан жарыгына ал жылдардын,
Ой жиберип чабытындай шумкардын.
Дүңгүрөгөн миң үндөрдү как жарган,
Дүбүрттөрүн тыңшап турам тулпардын.
Бу Суусамыр — бийик жерге, калк өскөн,
Кылымдарды жарып турат даңк — өктөм.
Мында тоодой күчү дайра өмүрү,
Кыргызына бир жаралган алп өткөн.
Бала күндөн жерди бир да таянбай,
Күрөштө, иштен тарткынчыктап аянбай.
Кайран балбан өз өмүрүн кастарлуу,
Элге чачып кеткен экен баяндай.
«Эл атагы — эрде болот» дегендей,
Элдин күчү Кожомкулда ченелбей.
Өткөн экен ал жылдардан тамырлап,
Бүгүнкүгө улам сүңгүп тереңдей.
Өткөн — жомок эрдиктердин баары түш,
Муундарга жаңы майрам, жаңы жүк.
Жаамы журттун Кожомдо экен кубаты,
Бүгүн балбан элге берип каруу-күч.
Жүзгө чыгып, Кожом укмуш кенелип,
Балбан жыгыш, ат чабуулар эр эңиш...
Жана башка оюн салып улуттук,
Бүт дүйнөнүн дөөлөрүнө теңелип.

Кыргыз жери, сыймык-даңкка оронгун,
Күчүнөн да күчтүү болуп бороондун.
«Кожом колдо!» — кудай өңдүү кыргызга,
Жашка-жашын улап жашайт Кошомкул!
Адам эмес ат көтөргөн пил өткөн,
Күндүр-түндүр ойдо жанган сүрөттөр!
Алпты берген касиеттүү Суусамыр,
Миң мертебе сага таазим жүрөктөн!

## КУРТКА

Бул жерден баатыр өткөн Тайлак деген,
Элине «бийиктеги байрак» деген.
Жашынан журтун коргоп, элин сактап,
Душманын сүрүп чыгып, жайлап келген.
Найзадай боюн таштап аскалардан
Жаагын күнү-түнү ташка жанган.
Суусу бар түнүк, шардуу агып түшкөн,
Суктантып, алкыш алган канча жандан.
Боюнда Нарын суунун Куртка чеби,
Жетчүдөй айтып ийсе кушка кеби.
Секиде, жоо караган кайран эрлер
Бел болуп ошолордун журтка деми.
Жээгинде Куртка суунун зобололуу
күмбөз бар, душманга сез жоболоңу.
Суу үнүн тыңшап анда Тайлак баатыр,
Жаткандай туура тосуп босогону.
Жанында кыш заводу бабалардын,
Көзүндө тарых жатат карагандын.
Бул жерге бүт топтолгон жер майышкан
майданы кырдын, ойдун талаалардын.
Элдиктин аты калат өчүп кеткен,
Эрдиктин изи калат көчүп кеткен.
Өйүзү — бетмаңдайда, Чоң-Арыкта,
Байымбат өсүп-өнүп, өтүп кеткен.
Эстетип жомоктогу эки дөөнү
Өңдөнүп Куртка суунун эки жээги.
Байымбат акын, баатыр Тайлак жатат,
Даңктанып алар менен эли-жери.
Ушундай «Куртка» деген даңазалуу,
Учуна узун элдин аңазалуу.
Барктоочу, баалап күтчү тарыхый жер,
Парз — барып бир жол көрүп канаат алуу.

## АЗАБЫҢДЫ, БҮТ КАЙГЫҢДЫ БЕР МАГА
(Балама)

Курап бербейм, байлык болбойт дүнүйө,
Эмгек берем, иште бүткөр күнүгө
Үйрөтүү, айтуу, багыт берүү милдетим,
Кайдыгерсиз кулак төшө үнүмө.

Ата наамы-ардак, сыйлап, күтө бил,
Жаман-жакшы кезинде эске түшөмүн.
Серпип салба сөздөрүмдү толкундай,
Сенден уулум аталыкты күтөмүн.

x x x

Шек келтирип тирүү өлтүрбө тирүүмдө,
Акыйкаттык жеңет, калпка бүгүлбө.
Эки өлтүрбө мен өлгөндөн кийин да,
Нукуралык жашап калсын дилиңде.

x x x

Кетээр-кетээр турмушуңда каталык,
Баары даяр эмес, турбайт жасалып.
Жеңе билгин, жеңе билүү баатырдык,
Төрөлгөн соң ата уулу аталып.

x x x

Коркпо балам, күрөштөрдөн калтырап,
Колдон келсе ак, дайрадай шаркырап.
Азабыңды, бүт кайгыңды бер мага,
Шаттык дүйнөм калсын сенде жаркырап.

## ОШ КУТМАН

Ошум сонун, ар кыл мөмө шак ийген,
Түркүн жемиш даамы күтөт ар үйдөн.
Ак булуттай даңазалуу пахтасы,
Күздө өңдөнүп, дөбө-дөбө кар үйгөн.

x x x

Күн жатагы-жайы-кышы жылуу жер,
Көрк жатагы-төрт мезгилде сулуу жер.
Кен жатагы-тунуп турат байлыкка,
Даңк жатагы-тээ байыртан улуу жер.

x x x

Өнөргө бай эли эпчил, иштемчил,
Дасторкону бир айланып түшкөндүн.
Сыйкорлугу бабалардын пейлиндей,
Ошто куту дүйнөдө жер бүткөндүн.

x x x

Ким барса да түбөлүктүү достук бар,
Сонундуктун бир дүйнөсү-Ош кутман,
Жер гүлдөтүп, эл гүлдөтүп эзелтен,
Эл сыйлаган, жер сыйлаган оштуктар!

## МАРАГА

Кылымдын кумдай куюлган,
Адамдар улам суюлган.
Күнүнөн табам күнүгө,
Бактымды мага буюрган.

Нурундай күндүн оп-окшош,
Турмушту алып кошоктоп,
Туу кармап алга умтулам,
Максатты улам тозоттоп,

Жулкунган өмүр агындай,
Октолот өмүр, капырай.
Тик беттейм мара чектерин,
Майданга кирген баатырындай.

## СТАЛИНДИ КОРГОО МЕНЕН...

«Сталин өлдү», дешти өң азыган...
Жаш элем, атам ыйлап, мен жашыган.
Күн чыкпай калуучудай түнөргөнбүз,
Сырын эл кайдан билсин, тээ башынан.
Жебедей арты-артынан окторулуп,
Кырк жылдай убак өттү, жоктоо улуп.
Мына эми, ошол кездин дыңы алгач,
Кайра куруу сокосунда коңторулуп.
Көрүнүп сталиндик кыртыш асты,
Эмнеден элди анда кыргын басты?
Жаркырап тегизчилик барагынан,
Өлкөгө жаңы, жарык жылдыз ачты.
Акталыш араанына чыкты көптөр,
Ачылды ачып турган жумук көздөр.
Суроосуз-сопкутсуз да мерт болгондор,
Тирүүлөй караланып, тунук кеткен.
Кулак угуп, көз качан көрдү аны,
Зордуктоо, зомбулуктар көмдү аны.
Ок жаады лениндик зор мектепке,
Большевиктер калды, онтоп өлдү жаны.
Кара шамал, кайгы-муң огу жалмап,
Лениндик идея турду зарлап.
Түрмөлөрдө ап-аппак көгүчкөндөр,
Канаттары кайрылды ишти талдап.
Жазаланды ак жерден, чагым чагып,
Чыныгы большевиктер жалын, жанып.
Чыркырап күйүп кетти жалаа отуна,
Өмүрү ысык чоктой тамып-тамып.
Баш байлады өлүмгө, жанын кыйды,
Чындык үчүн айгайын салып турду.
Эрөлдө да кыл чайнап тике басты,
Чындык туусун көтөрүп барып турду.
Чексиз бийлик жүрөктүн үшүн алды,
Чексиз ажал билектин күчүн алды.
Баталгада баатырлар чың темирдей,
Ишенимден кайтпады, түшүнө алды.
Кыйноолорго өлкө, адамдар чыдады,
Өчпөй келди Лениндин чырагы.
Оттой жанган кайра куруу дооруна,
Ошолордун жетти укмуш чыдамы.
Жанар тоодой атып чыгып түпкүрдөн.
Сталинчил бошоң ойду үркүткөн.
Улуу акылдын таразасы салмактап,
Жарыялап: «сталиндик күн бүткөн!»

Сталинди коргоо менен, демек биз,
Ак сезели бут калаарын керек иш.
Көздөп гана керт баштардын мүдөөсүн,
Кан майданга барган окшоп желексиз.
Сталинди коргоп, анын учугун,
Үзбөй, коргоп зордук-зомбу укугун
Жоготууну биз жогото албайбыз,
Канча акылга уусу кетет ушунун.
Канча өмүргө уусу кетет ушунун?!

x x x

«Бир жаралып, бир кеткен жеке инсан,
Жылтыраган бир кезде чеке мындан.
Дүңгүрөткөн дүйнөнү алп Сталин!»—
Байыркы ак сарайды кеме кылган.
Жоготкон жаратууну, түзүүлөрдү,
Жоготкон улууларды кичүүлөрдү.
Ал жашап кеткен менен «түбөлүктүү,»
Так бүгүн муундарга күнү өлдү.
Менин дүйнөм ошондой, өмүрүм да,
Мезгилдей өзгөрүлөт көңүлүм да.
Жылдардан сталиндик шамал келет,
Кыяктап басуучулар көөрүгүн да.
Зордуктар, зомбулуктар кеткен кечээ,
Кылымдын деңизине чөккөн кеме.
А, бирок чыгарууга ага умтулган,
Түшүнбөс кай бирлерге өчпөс жеме.
Өтсө да кырк чамалуу жылдар артка,
Аң-сезим менен алга жылган аста.
Бийиктикти эңсегенге сталиндик,
Ал учур уусу ичинде жылаан накта.
Көрбөгөм, билбейм, бирок, кимге кандай,
Ал жылдар эзет мени күндө жандай.
Кечээ эле сөөк чыккан үйдөгүдөй,
Ый-муңу кулагыма жаңырыктай.
Тагы өчпөс Чернобылдын жараатындай,
Оюмда санаа, ал жылдар баласындай.
Алма-Ата, Карабахта окуядай,
Титирейм Спитактай, дабаа кылбай.
Жылдардын ал шамалы жер көңтөрүп,
Кетчүдөй кыйналыптыр эл өлчөнүп.
Кылымдан эстей калсам толкун келет,
Жарылам Степанакерт өңдөнүп.
Бийликтин сталиндик каар жылы,
Кыйраткан он бир баллдык жер титирөө.
Эми өзү Армения-шаар сыны,
Түшүнүп, кайра курат эл күтүнө.
Андыктан, Сталинди коргоо менен,
Эч качан кырсыктарды коргобойлу.
Кетсин ал, өз залалы өзү менен,
Куланып кетчү жолун торобойлу!

## МҮРЗӨЛӨР

Адамдардын төбөсүндөй дөмпөйүшүп,
Эскирген калпагындай телпейишип,
Мүрзөлөр кумсарышкан, местейишкен,
Карашат өткөндөрдү сестейишип.
Аралап, адамдарды-бабаларды,
кезинде кезип кеткен талааларды,
тоолорду, байыркы эрдик ээлерин бул,
муңайып, коргошундай санаа калды.
Бир кадам жер астында, өлчөгөнгө,
Бир кадам жер үстүнө, келсе, көнсө.
Бир кадам жер астына канча жылдар,
Бир кадам жер үстүнө-келбес төлгө.
Үмүтү-маркумдардын, күнү турам,
Дээримден ишеничин, үнүн угам.
Чегимдин так өзүндө акыр барчу,
Өлүмдү, өлгөндү ойлоп тирүү турам.
Келчү жол алыстыктар, жакындыктар,
Тагдырым, кайсы күндө жаным муздаар.
Келбес жол...
Бир кадам экөөнүн тең үстүндөмүн,
Токтотуп ой бууданын ала качкан.

## АЛЫП КЕЛБЕ АРЧА ЧАМПАР!

Өлөбүз, кош айтышып жарыктыкка,
Баарысы тең керек да жарыктыкта.
Той түшкөн каада сымал, жыртыш сымал,
Пайдабы арчаларды барып кыркса?
Адамдар, кош айтышсак бир адамга,
Ал арча пайда берээр миң адамга.
Ажырайт жаратылыш жүз перзенттен,
Не керек эки кайгы тирүү жанга?
Мүрзөлөр арча чампар доделонгон,
Ондогон көңүл айтуу кошо оролгон.
Берсе да элге пайда ошол маркум,
Сезилет «арсыз өлүк, кошолонгон.».
Билгенге, ар бир өлүк-ар бир чампар,
Өңгүрөй тоолор турат жайдак калган.
Кыйылган ар түп арча-ар бир мүрзө,
Кырсыктан жаштайында жайрап калган.
Адамдар өлгөн менен түзүүлөрдү,
Мыкаачы жаза менен тирүү көмдү.
Ойлочу, кимге керек, кимге керек,
Кыркпагын, кыйып салба сүйүүлөрдү!
Өлгөндүн баркын төмөн түшүрбөйлү,
Сөөгү да пайда эл-жер үчүн дейли.
Сөөгү да табиятка ый болбосун,
«Зыйнатын чампары жок бүтүр»— дейли!

## КАЙРАК

Жашоо көркү курчтук жана өткүрдүк,
Ал куралың жандап жүргөн өмүрлүк.
Өөрчүп өмүр, турмуш алга агылат,
Мараан жаңы, максатың да чегингис.
Кайрат керек тоодой жүрөк бар үчүн.
Кайрат керек дайым сүрөп ал үчүн.
Кайралып да, бүлөнсөң сен кыйнабай,
Кадамдарың эң чечкиндүү шар үчүн.
Сен мага дос кайраксың да бүлөөсүң,
Демилгеге толгон сенин жүрөгүң.
Керек, керек, керек турмуш кайрагы,
Жарышта атты ал сүрөгөндөй сүрөсүн.

## ТОКТОГУЛ ЖЕРГЕСИНДЕ

Барып калдым, барбасамда атайын,
Таштап келдим кыз өрөөнгө жаз айын.
Тоо булбулу Токтогулдун жергеси,
Таасириңден чыга электе жазайын.

## «АЛА-БЕЛ» ТУЛПАР

Ала-бел-ашуу, бороону боздоп, сыздаган,
Канаты талып, майышпай куштар учпаган.
Тозоңу тоодой кар үйүп ордой көйкапка,
Кылчылдап кырдан, кайыгып сезим муздаган
Ала-бел-далбаан, жай айын кышка айлантка͏н,
Түрүнө катаал, түнөрүп нечен Ай баткан.
Адамдар өтөт жебедей тилип так кырын,
Адамдар баатыр, табият менен таймашкан.
Ак жайдын күнү. Чайыттай ачык, көк асман,
Алкынтып «Волга,» жер кезип жолдо келатсаң:
Удургуп жели, Ала-Бел анда сагызган,
Шакылыктап, жон-жондон сага көз арткан.
Эңсеген коолдук, кусалык сага дабаагер,
Сарала буудан, сагынтпас мага санаа бер.
Кең Талас, Нарын-кужунун арта салынып,
Бир жигит минип вуулаган тулпар-Ала-Бел!
Так ушул белден Чычкандын суусу таш жарат,
Так ушул белден Суусамыр суусу башталат.
Чычканды тоссо дайрасы Уэун-Акматтын,
Көкөмерен Суусамыр менен салтанат.
Кең Талас, Нарын-Кыргыздын көрктүү жери бу,
Көкөмерен, Узун Акмат эки суу!
Экөөң тең Нарың боюна кысат баладай,
Тургансыйт такай кол чаап, коштоп эли-туу.
Байыртан көркөм сулуудай Нарын, Талас жер
Саймалап койгон ал эки куржун, карап көр.
Суусамыр, Чычкан эки суу-бекем басмайын;
Көрпөчө кары, тоолору аппак каңкы бөр.
Сандуудан чыккан сарала дулдул өндөнөт;
Келечекке бараткан тулпар Ала-Бел!

## АКЫН ЖЕР!
### (Токтогулга)

Атырылып коктулардан булактар,
А, суулары сай-сайлардан чубашкан.
Келбети кооз, сулуулардай керилген,
Кетмен-Төбө төрт мезгилде турат шаң.
Окторулуп капчыгайдан дайрасы,
Айга чейин агуучудай айбаты,
Токтогулдун ыры, өмүрү суудабы,
Топтолгонбу ушуларга кайраты.
Ырдап турат Кетмен-Төбө-акын жер,
Ырчылардан миң дайралуу асыл жер.
Кыйырында ажайып көрк: күзү алтын,
Кышы күмүш, жазы, жайы жашыл жер.
Жер түбөлүк! Акын өтөөр армандуу,
Ыр жаңыраар бул дүйнөдө жалгандуу.
Жерин туурап акындары чыкканбы,
Же акынды жери туурап калганбы?
Кыргыз жери Кетмен-Төбө-Токтогул,
А, Токтогул кыргыз жери окшодуң.
Кыргыз барда Током жашайт түбөлүк,
Ырга бөлөп кылымдардын токсонун!

## ТОКОМДУ ЭСТЕП ТОЛГОНУП
### (Түрмөктөр)

Өмүр берип, жашоо сунган от доорум,
Өрдөн түшкөн дайра болуп коштодуң.
Көөнөрбөгөн бир керемет, асылдык —
көңул жазым болуп турат Токтогул.
Кылымдардын күндөрүнөн, айынан,
Жылдарынан, тоо-тоодогу айылдан.
Ким өтпөгөн жазмыш жолу келгенде,
Кумга сиңген суудай кеткен байыртан.
Нечен байлар дүйнө-мүлктү жыйнаган,
Байлыгы үчүн кара жанын кыйнаган.
Кана кими калды, эстечи, тарыхта?
Өч кими жок! Күнгө байлык сынбаган.
Көркөмдүктүн зор дүйнөсүн кулпунтуп,
Көңүлдөргө жартып өчпөс укмуш шык.
Токтогулдай дарыя өмүр шаңкылдап,
Агып жатат күүгө айланып турмуштук.
Элде жашап, бүт өмүрүн элге арнап,
Эңсегени-келечекти бел кармап.
Ырдын бийик тал чокусу Токтогул!
Аны өстүргөн эл кымбат да, жер ардак.
Токтогул жок-тирүүсүндө ал өзүн,
Зор таланттын кошуп идеясына.
Ала жаткан эски доордун «балээсин»,
Азаптарын камтып икаясына.

Токтогул жок-өмүрүнүн байлыгын,
бириктирген жакшылыкка адамда.
Сүргүн, байлоо, муң-зарынын кайрыгын,
эстеликке берген ушул заманга.
Токтогул жок-элде-жерде бактысы,
Ырдап жатат аны даңктап тоо-талаа.
Акын-ойго кирип турган жазгы суу,
Ал бир арча өсүп чыккан зоо жара.
«Токтогул жок. Өмүр деген куш тура,
көрсө эмине ушул гүлдөй күндү» деп.
Бирок, ошол ойду ойлоп чыккыча,
Током келет ырдап, айтып үлгү кеп.
Токтогул жок-жашоосун ал ыр кеме
жасап, өмүр деңизине чыгарган.
Күндөй акыл жүрөктөргө нур бере,
Талант деген ой-сезимден куралган.
Ырларынан окуганда жүз жаркыйт,
Нурга айланып кеткен белем Токтогул?
Током калып, куштай учуп күн кайкыйт,
Сырга айланып кеткен белем Токтогул?
Саптарында Ата Журттун күүсү шаң,
Ырга айланып калган тура муң өмүр.
Жүрөгүнө ал сергүүлөнтүп жүрчү таң,
Сезем ырдын муундарга мүрөгүн.
Нист буруп баскан жолун карасаң,
Сууга айланып кеткен белем Токтогул?
Жашооң ага арууланып тазарат,
Кууга айланып калган белем Токтогул?
Жолугабыз күлгүн курак кезиндей,
Кеткен менен Током карып, жок болуп,
Жарык чачкан өз атында ГЭСиндей,
Ар бир үйдө күйүп турат от болуп!
Током тирүү-насаат айтып кашымда,
Жан курбудай бирге өскөн-жашымда.
Башымды ийип, күндө ага кайрылам,
Жан дүйнөгө бакыт берген акынга.
Током тирүү-ар китепте, ар үйдө,
Дил тавартып, көңүлүңдү сүйүнтө.
Жарык берип жан дүйнөгө олтурат,
Түбөлүккө өлбөстүгүн билинте.
Током тирүү-акыл-ойдун авыгы,
Ал, жан сырың жүрөктөгү катылуу.
Тамчы өмүрү миң кылымга айланып,
Тамчы өмүрү доорлорго татыды.
Током тирүү-тамырысы сезимдин,
Жакшылыктын анда турат башаты,
Бактысы да, куту толук элимдин,
Хрусталдай Током өмүр тазасы!
Бир күнүнө өмүрдүн жыл байланган,
Бүт жашоосу, турмушу ырга айланган!

Ыр башаты бүткүл Кыргыз элинин,
Сыймыгыбыз-Токомдой ыр-дайрам бар!
Чанагынан шүүдүрүмүн төгөөр гүл,
Октос берген дарыядай жөнөөр күн.
Өркүндөгөн кылымдарга Токтогул,
Өзүнчө ал материги өнөрдүн.
Өзгөчө бир материги ал өнөрдүн!

## ТОКТОГУЛ ШААРЧАСЫНА

Кышың кыштоо, жайың жайлоо сыяктуу,
Көркөмүңчү, көл үстүндө бир аккуу,
Кыз-жигитте күйүп турат жалындап,
Ар бир кечте деген менен «күн батты».
Жаш сулуудай гүлдөр тороп алдыңдан,
Эргүү көңүл, бир рахат ал мындан!
Колуктудай коштоп алат эрке жел,
Максат келет балапандай талпынган.
«Кетмен-Төбөң» мейман менен ар дайым,
«Ала-Бел» көрк, көчөлөрдө ак кайың.
Күндүз күүлүү эмгек, кечте эс алуу,
Күтүп турат парктан элди, шаң дайын.
Толуп турат стадион оюнга,
Жап-жаш өмүр, кубат жыйып боюна.
Током менен баарлашып жүрөсүң,
Жылдыз конуп, таалай конуп оюна.
Катаал мезгил, кандуу доордо кошулбай,
Бир жарк эткен чагылгандын отундай —
өткөн сүйүү... Ал «Токтогул, Алымкан»
өтпөй жашайт, кумар жазып олтурмай.
Каз-каз турган бөбөктөрдөй балаты,
Өмүр берет дарактардын арасы.
Токтогулдун шаарчасы бир бакыт,
Булбул Током жашап жатат, карачы!
Кайрып күүнү кары дагы, баласы,
Ыр термеген туш тарабы, абасы.
Карт Нарындай дүңгүрөтүп жергемди,
Кайран Током ырдап жатат, карачы!

## ЧЫЧКАН КАПЧЫГАЙЫ

Сулуулуктан кантип сезим калтаарбайт,
Көздөр уяң, коздуктан жалтаңдайт.
Жетелешип жогорку вольт линия,
Түшүп келет, чыгып барат, капталдайт.
Алар жигит-селки, өспүрүм балдардай,
Ар бир кокту ар өзүнчө шаң камдайт.
Суулар-суулар-тайган мерген агыткан,
Чуркап келет тажабай бир жарыштан.
А, карагай, дарактар бүт суу көздөйт,
Келген окшоп бир кымбаты сагынткан.

Тике ылдыйдан токтото албас бойлорун,
«Чыт курсактай» өөнгө түшүп барышкан.
Кайың-талдар улан-кыздар тез чуркап,
Жээкке келген, тоо суусуна кеп бурмак.
Кол кармашып суу узатып баратат,
Балык кайдан мындай жерде жөн турмак.
Дайра барат Токтогулдай күү төгүп,
Токтогулдай бу ажайып көркү ырдап.
Тызылдаган «бөбөктөргө» жетем деп,
Балатылар келип калган этектеп.
Ат-жөөлүүдөй карагайлар капталда,
Кырдан ылдый саландашат кезектеп.
Зоо жаңыртып, капчыгайга ыр толуп,
Эки бетте дүйүм чөптөй эчен кеп.
Бу сууларды чымын-куюн тызылдаак,
Жел, шамалын жаткансыган кыз ырдап.
Дарактарын жамы журттай уюктуу,
Дарыясын өктөм ырдай узун сап,
Катнаш чөбүн жашыл калы килемдей,
Канаттуусун, каалгыган кушун сак.
Калыбында ак кымкабын жамынган,
Турпатында наристе ойнун сагынган.
Бут ышкысын бул өрөөнгө жиберип,
Күн көзүнөн-бүткөнсүгөн жалындан.
Бейбаштарын коё берип байкаган,
Тоо-балалуу энеге окшоп азыр шаң.
Ойлор келип, кыял конуп кайыптай,
Көңүл жылдыз, көңүл асман чайыттай.
Максат болуп аппак шоола жол барат,
Гүлдөр көзүн ымдап наздуу зайыптай.
Сүзүп барат машиналар түркүн түс,
Сопундуктун деңизинде кайыктай.
Чычкан! Чычкан! Тоодон түшкөн шаңдуу суу,
Тике ылдыйда сенек болуп калчубу?
Бут-бутуна тийбей келет чычкандай,
«Волга» — мышык, сая түшкөн жанчубу?
Мына жетти, бирок, сактап көпүрө,
Кездешти да буйтап кетти бардыгы...
Карагай-чер сени карайт сакчыдай,
Жан дүйнөңдүн кереметин тапчу жай.
Көңүл чериң көксөп жүргөн ашыгың,
Жолуккандай жүрөгүңө жакчу жай.
Өмүр тоосун жойлоп жүрчү чычкандай,
«Чычкан» деген теңдеши жок капчыгай!

## ЖОЛ

Ийне болуп тоону көзөп туннелге,
Кирип кетет биригишкен эки жол.
Учук жиптей Талас, Нарын бул жерде,
Эки жакка сапар кетет деми зор.

Чыккан кан жол кең Бишкектен ачылып,
Суусамырга, сууй түшөт дөңгөлөк.
Аппак тоонун капталынан атылып,
Эки айрыктуу дарыядай өңдөнөт.

## ЖАШАП ТУУ

Дүрмөтү жок мылтык кайдан атылат,
Шамалы жок булут кайда жашынат.
Чуркабаса чылбыр үзүп, тура албай,
Кантип гана тулпар деми жазылат.
Ой болбосо, олтурсаң да столго,
Мээге келет ырлар кайдан батыраак.

x x x

Көңүл деген куш тура ал канаттуу,
Түнөгү бар саябандуу дарактуу.
Жаралуунун дареги бар себепкер,
Сыймыктуу да, сыры тоодой, азаптуу.
Билүү керек, чечүү зарыл бардыгын,
Бул турмушка күйүп күндөй, жашап туу.

## «КҮНҮМ» ДЕП...

Жазылат бутактар да күндү карай,
Ачылат таажы, сезем, гүлдү карай.
Күн карап жалбырак да бажырайт,
Түрдөнтпөйт бу дүйнөнү түнкү маанай.

x x x

Умтулуп, ошон үчүн бактар бийик,
«Күн болсун!»—ырдагандай балдар сүйүп.
Жетсем деп тоолорубуз асман тирейт,
«Күнүм» деп биз жашайбыз жандай сүйүп.

## СУУ — ӨМҮР, ЖАШТЫК ЖЕРГЕ

Быйыл жаз нөшөрлүү да, жай жаанчыл.
Ташка да чөп чыгарды, гүл өстүрүп,
Жер түрү чыкты, элим байкагандыр,
Жаштыктын канаттарын күүлөнттүрүп.
Эзелки какыр сайга суулар толду.
Колдурап таштар ырдап күнү-түнү.
Алкынган дайра деми суубас болду,
Коштоду шаңдуу сууну күкүк үнү.
Атылды жылгалардан нечен булак.
Кайкыды томогосун тарткан куштай.
Жемишин ушул жылдын элдер сурап,
Таңданат «төгүлдү деп асман куттай».
Күздө да чөп кыярбай, чаап бүтпөй,
Тоют көп жергемдин туш тарабында.
Бактарда жалбырактар жашыл бойдон,
Көңүл да көктөм ушул ноябрда.

Суу-өмүр, жаштык жерге, өмүрлөргө,
Кайтууда кайра, куштай качкан көңүл
Кубанам булут көктөн көрүнгөндө,
«Ар дайым кутум болуп, асман төгүл.»

## ШАМАЛЫ БОЛ ЖАШООНУН

Турганда турпатына мышык ыйлап,
Тагдырдын ачууркантткан тузу кыйнап.
Өкүнүч деңизине чөккөнүмдө,
Өткөндө таалайымдын куту кыйгап.
Шамал бол, суранаарым шамал болгун,
Көңүлдүн бирге учушкан кушун сыйлап.
Кайгынын булуттары чүмкөгөндө,
Асманын ой-санаамдын бүркөгөндө.
Кемедей жабыр тарткан океанда,
Бараткан улам-улам бир тереңге.
Шамал бол, толкун менен жээкке алпар,
Түшүнтүп адамдыкты, билбегенге.
Алып чык өмүрүмдү селден бүтүн,
Ак тилек дегендерге жердей күчүң.
Көңүлдүн жылдыздары гана калсын,
Жардамга өзүң шашып келген үчүн.
Тазартып түбөлүккө кайгы-муңдан,
Жашоонун шамалы бол сен мен үчүн!

## КЕЧИРИП КОЙ, ФРОНТОВИК

Ок тийген канатына шумкарга окшоп,
Экинчи көк теңирге чыкпай калган.
Канатсыз куштай басып, улам токтоп,
Ойлору учуп, өзү учпай калган.
Балдагы-Мекендин бир буту ал дагы,
Таянычы, ишеничи, коштоочусу.
Өкүнүчү-жүрөгүндө тузу, арманы
Жол жүрөт, өмүр күнү токтоочубу.
Кезиндей жоого кирген жалын кубат,
Жигиттер таанып баган кудайын да.
Сүйлөшкөн селкисиндей асыл курак,
Кыздар ай, жалгыз өндүү бул айылда.
«Туруңуз кезекке» деп жаакташып,
Жол бербей, күчкө салып жөөлөйт, түртүп
Муунуп ызасына калат шашып,
Жөрмөлөп туруп, киймин анан күбүп.
Баарысы олтурушат орундукта,
Бардыгы «сатып алган», документчил.
Көрмөксөн, тигил майып, оору турса,
Бирөө айтпайт «тур-тур, мында өтүп кетсин»
Камакта калган жалгыз кайберендей,
Ичинен боздоп, муңдайт жал-жал карап.
Үмүтү жайкап көңүл, жай белендей,
«Койдум» деп, келген жолго кайра барат.

«Даракка бир мык каксаң канча жараат,
Фашисттин огунан уу уккан сөздөр.
Балдары майдандаштын атаганат,
Душмандын көзүнөн заар турган көздөр.
Биз курган, коргоп калган тынчтык күндөн,
Чырмооктой бу наадандык кайдан өстү.
Ыймансыз-суурулган ал кырсык түндөн,
Баспаса кара туман кайра көктү...
Барчылык, бардыгына шүгүр дечи,
Антсе да абийирсиздик кайдан жукту?
Жашоону кара өзгөйлөнө түшүнбөдү.
Кантип ага жолугам жайдан куттуу...
Ок ыйлап, кан аккан чоң казаттан да,
Мен мындай жараланган эмесмин эч.
Энелер таза төрөйт жаратканда,
Адепсизди сотто акын, кеңешкин тез.
Аң-сезим, акылыңды адеп жандап
жүрбөсө, ойлорунда ал болуш балээ.
Жеңишти алган менен колго кармап,
Бүтө элек тура биздин согуш дале.
Байкабай өткөрүппүз нечен жылды,
Кана, кел катарыма, фронтовик!
Бип-бирдей көтөрөлү фронт, тылды,
Калбасын көтөрбөгөн бирөөндө жүк!—»
деп майып бу жаштардан жипкиринди,
каардуу, каптап жерди сел аккандай.
Бир тамга камап салып миң фрицти,
Ың-жыңсыз өрттөп ийип келаткандай.

x x x

Кечирип кой фронтовик-сен, майып...
Сени кимдер сыйлабаса адамча,
Сезе албаса кимдигиңди серп салып,
Алар өлүк-атып салган каманча!
Сенин Мекен-жүрөгүң, шат, күлкүлүү,
Гүлү аңкып, сен жашаган жер мейкин.
Адепсизди Мода кууган, тип-тирүү.
«Тырп өлтүргөн душмандарым» дей бергин

## КУШТАРДЫН КАНАТТАРЫ

Колуңдай наристенин ачып-жумган,
Өңдөнгөн сүзгөн кайык калактары.
Ырымдай сезим серпип жазып турган,
Саптардай бу куштардын канаттары.

x x x

Андыктан канат куусу ырлар төгөт,
Окшошот жаш баланын колдоруна.
Кайыктай сүзүп келет сырга бөлөп,
Кып-кызыл сүйүү төшөп жолдоруна.

## БУЛУТТАР

Тоолордон тоону карай көч алышкан,
Суулардан, токойлордон өтө алышкан.
Булуттар-ак толкундар тең жарышкан,
Аттанып жакынтадан же алыстан.
Жоголуп толкундардай суугa айланып,
Суу ичет көл үстүндө кууга айланып.
Асманда зор мухиттей кыйры чексиз,
Биринин учун бири улай барып.
Жүктөнгөн жашыл дүйнө, аппак дүйнө,
Булуттар табияттын коздугу.
Булуттар-чанактарын ачкан гүлдө,
Өңдөнүп миң түрлөнгөн тоос кушу.
Көрктүн да, токчулуктун, берекенин,
Жүгү бар булуттарда жайы-кышы.
Түрлөнгөн коздугу жер эненин,
Булуттар өмүрлөрдөй дайым ушу.

## ЖАШООНУН ТҮНКҮ САПАРЫ

Ай төккөн аалам деңиз,
Ак булут толкун аппак.
Бул дүйнө канат керип,
Жылдыздан чагып чакмак

«Жылт-жулт» деп отун жагып
Самолёт өңдүү түнкү.
Багытты беттеп жарык,
Чек кылып чыкчу күндү.

Жым-жырттай ушул кезде,
Сменде жумушчулар
Жылдыздай шофёр белде,
Түн термеп укмуш булар.

Кыз-жигит кытылдашып,
Ээн-эркин түн чүмкөгөн,
Сейилде тынып, басып,
Карт жубай бүкчүңдөгөн.

Айрым бир терезелер,
Кулмүңдөп уктай албайт.
Жаштык ал сен эңсеген,
Жүрөктөн тышта калбайт.

Көрсөтпөс көшөгөдөй,
Ичинде не болгонун.
Кап-кара бул түн көөдөй,
Олтурат жер ойлонуп.

Ала-Тоом элечектүү,
Түн селки катарында.
Жашоонун кереметтүү,
Бул түнкү сапарында.

Келемин кыял минип,
Атуучу таңды карай.
Пардасын түндүн түрүп,
Күздө өткөн каркырадай.

## КҮЗГҮ

Кайчалык мен сурасам кишилерден,
Улуудан жана ийменчээк кичүүлөрдөн,
Аныктап айтып бербес так көргөзүп,
Учурун сезиминин күүсү келген,
Айкындап абалымдын кандайлыгын,
Мүнөздүн шат күлкүсүн, бар кайгысын,
Өңүмдүн бүт турпатын, бырыштарын,
Көңүлдүн күзүн, жайын, жаздай, кышын,
Билдирбей сүрөтчү да жасалмалап,
Жашартып койгон жерин жасалгалап,

Кашкайтып сен көргөзүп өз көзүмө,
Жалган көрк, кооздукка сараң карап.
Жубатпай көңүлүмдү, тик сайылып
Турасың, турам мен да түз багынып.
Адамдар сендей болсо атаганат,
Соортопой көз көргөндө жүз жалынып.
Чычалап сенден келген сынды-чынды
Кокустан бырын-чырын сындырдымбы.
Турат да башкаларың, турат чындык,
Анда мен сындырганым чындыгымды.
Көздөрдүн көзү үчүн күчтүүсүң сен,
Көңүлгө куттай жанып түшчүсүң сен.
Өмүрдөй жарык менен жашооң барат,
Өмүрдүн бир чындыгы күзгүсүң сен.

## ДАЙРАДАЙ ТЫК ТОКТОГОН ӨМҮР ТУРА

Айтышат күн түгөнбөйт, жыл түгөнбөйт,
Аныкпы, аныктыгын ким түгөлдөйт.
Булактай агып турат ушул мезгил,
Бири өтсө экинчиси, бир түгөнбөйт.
Антсе да, төрөлдү адам, Айы чыкты.
Күрөштү, максаты үчүн айыгышты.
Көз жумду, батты Айы ошол замат,
Алмашты жаркыраган жайы кышты.
Күн чыкты-жарыктыкка адам келди,
Күлүңдөп жашоосу үчүн кадам керди.
Батты күн, жарыктыктан өтө берди,
Ал үчүн каптады түн аалам жерди.
«Баа» этип наристе үнү сырга тунду,
Бактылуу бир өмүргө жыл жаңырды.
Жашады, жазмыш жолу мүдүрүлттү,
Бастырды өтпөөчүдөй жылга ыйды.
Кар түшүп, солугандай жайдын гүлү,
Билинбей тепселгени кайсыл түнү.
Дайрадай тык токтогон өмүр тура,
Түгөнүп тагдыр келсе ай, жыл, күнү.

## МЕЗГИЛ БИР ЖОЛ ЭСКИРТТИ

Мезгил-мезгил, ойлогондон ал күчтүү,
Кышка айланды, майрам алды шаң күзгү.
Бир керемет, жашыл эле жалбырак,
Октябрдын баш жагында кар түштү.
Үч күн бою кар сампарлап тынбады,
Тон кийгизип, ойду-тоону тыңдады.
Бактар башын жерге таяп бүгүлдү,
Бул күз эмес эле келген жылдагы.
Башын чүмкөп жаткан окшоп адамча,
Жатты бактар, салмак жасап кар анда.
Анан карс-карс сынып түштү бутактар,
Жалбырактар түшпөсө да жаман да.

Мезгил мезгил өкүмдүгүн кез келтти,
Сапарын да ушул жолу тездетти.
Канча бактар сынып жатты жол бербей,
Бутап кою зарылдыгын эскертти.

## ОЙ

Астында аты туйлап турган ыргыштап,
Бул дүйнөдө ачылса дейм бир кызмат.
Кайсы жерге чоң кокустук келатса,
Жетип ага, чоктой алып ыргытмак.
План түзгөн согушчанды «үйкүчүк»,
Дароо жетип, тураар даана билгизип,
Нур болсо дейм сактап калгыч кырсыктан,
Алдын-ала жоготуучу күйгүзүп.
Жашаса адам төрөлгөндөй энеден,
Наристедей таза болоор жер энем.
Бир укмуштуу чыкса нурдай аппарат,
Оору-илдетти алып салгандай денеден.

## Д А РА К

Булактай тамырларын узартышып,
Мүрөктөй, жер бооруна улам сызып.
Бой тартып улан-кыздай, мезгил менен,
Көк тиреп өсөт дарак, булар кызык.

Тамырлап, түйүлдүктөй бактар өсүп,
Жыл өтүп, самсаалаган шактар жемиш.
Бул Мекен өсүп турган кайгысы жок,
Мээримин күнү-түнү асман төгүп.

Оп-окшош өмүрү да жасалгасы,
Мезгилде бирдей, көрсөң баталгасы.
Жашоодо табияттын көркү болгон,
Ар бир бак-ар бир адам, абайлачы!

## ТҮН

Ааламды чүмкөп салган түн дарак бир,
Жылдыздар-жемиштери чоктой кызыл.
Таң менен сыйкырланып, күндүз тарап,
Жок болот түнкүсүндөй болбой ушул.

x x x

Кайрадан кечте өсүп саябандап,
Мөмөсүн тез бышырып тартуу этет.
Уктайбыз түн бутагын жая кармап,
Жылдыздар жете албас алтын дешет.

## АДИС ДОСКО

Күн бүркөлсө бүркөлүп, ачылса ачык,
Жаадырайсың жылдыздар чачылгансып.
«Элге-жерге жакшы жыл, жакшы маанай
болсо экен» — деп ар убак шашып жанып.
Мал тоюту, жайыты багылышы,
Адамдардын турмушу дагыңкысы.
«Айкалышса иш менен сөз» деп күйүп,
Жүрөгүңө жашыңдан жакын ушу.
Ар бир күнүң күрдөөлдүү күздүн күнү,
Түшүмү элге, өмүрдүн бүткүл күчү.
Айыл шаңы төрт-түлүк күтүрөгөн,
Көөдөнүңдө жаңырат иттин үнү.
Сенде айсыз жашоо жок, айыл жүрөк.
Шыктандырат максатка айыл сүрөп,
Балалыгың Манастын Чоросундай,
Коштоп алып аруулап дайым жүрөт.
Кубанамын, куттуктайм, жарык изин,
Жашоосунда адамдын калып ишиң.
Мал боюнча болсо да асыл кесип,
Сен айылдын, турмуштун адисисиң!

## МЕЗГИЛ

Мен дарак, күндөр күзгү жалбырактар,
Өмүрүм өз изимде калды шашкан.
Ар убак мезгил шамал күбүп турган,
Жашоонун майданында салгылашкан.
Ак чалып тоо-тоолордун башын күздө,
Себилет кыш илеби ойдуң-түзгө.
Билинбей чачта кыроо күмүштөнүп,
Мен жүрсөм чыгуучудай болуп жүзгө.
Жаркылдап келген менен жашыл кийип,
Кыз жандап кеткен менен азыр сүйүп.
Эркимди, намысымды бербесем да,
Аргасыз окумуно башымды ийип.
Токтобой төрөлгөндөн көчтүм-көчтүм,
Өңдөнүп айдан-айга өтчү өткүн.
Бийлигин билиндирбей жүргүзүүчү,
Бийигим, башкаруучум менин мезгил.

## ЭНЕНИН ЫРЫ

Булактарым балдарым, булактарым,
Бул өмүрдүн чоң тоосун туруктадың.
Өскөн сайын бой тирөп, медерленип,
Өргө канат күүлөймүн, кубаттарым.
Келе жатсам алдымдан тызылдаган,
Жанын таштап чуркаган, утурлаган.
Теңдеши жок дүйнөдө бир бакыт дейм,
Эне-бала жолуккан учур маган.

Эрте кетип, түш келсем сагынышып,
Түштө кетип, кеч келсем алып учуп
канаттардай кагылып жыттташабыз,
Бир жыл узап кеткендей баары кызык.
Сөз көбөйүп айтууга түгөтө албай,
Кубанбастыр жашоодо жүрөк андай.
Балдарым ай, балдарым бакыттарым,
Турмушумда кыялың жүрөт кандай.
Сагынайын сагынчым, алтын кутум,
Эне-бала оту өчпөй жагылышсын.
Эңсеп бирге жүрсө да кумарланып,
Эне-бала түбөлүк сагынышсын!

## «МИҢ-ЖЫЛКЫ» ЖӨНҮНДӨ

Куюлуп жайык капчыгай
Тоолордон түшкөн дайрадай.
Бараттык карап аттуу, жай,
Деңиздей толкуп жайма-жай.
Там, коргон турган бир жайык,
Ачмакчы азыр ким сырды.
Өзгөчө шаңы ажайып,
Өрөөнбү ушул «Миң-Жылкы?»
Көк төрдүн ичин көктөнтүп,
Суу агат куштай, андайлы.
Миң жылкы айдап өткөнсүп,
Сүрүнөн суунун андайбы?
Кайыңы, талы, долоно,
Электейт суунун ал шарын.
Өрдөшкө чыккан ороло,
Созулган кызык ак жалын.
Өзүнчө укмуш түр курап,
Кырк өрүм чачтай улашып.
Миң жылкы өндүү миң булак,
Тоолордон түшкөн чубашып.
Ошондон улам «Миң-Жылкы,»
аталып мүмкүн калганбы?
Ким билет, камтып миң жылды,
Катылган тарых, армайбы?
Бир жагы, жай-кыш түрлөнтө,
Төрт-түлүк батпай жайнаган.
Миң жылкы оттоп бир кезде,
Миң жылкы кыштап, жайлаган.
Же жутта түгөл кырылып,
Миң жылкы тукум куруттур?
Же миң жылкыга доого жыгылып,
Бир айыл тентип куруптур?
Дарагын кыздай кымча бел,
Сатышып же миң жылкыга.
Аталган мүмкүн мында жер,
Кенге окшоп тоодон сыр чыга,

Келиндей ойноок, тынч жатпас,
Койнунда суусу оштонгон.
Жээке өчкүс кут таштап,
Окшонуп салган боз жоргоң.
Кийиги кумдай куюлган,
Илбээсин тороп алдыңдан.
Алыстан даңкы угулган,
Элеси көзгө тартылган.
Тоосу бийик, күн жакын,
Качкан ой мындан табылат.
«Миң-Жылкы» деген бир жалын,
Жылынгын барып ар убак.

## ТООДО БОЛ

Бут алдында булут жүрөт самсаалап,
Санаа сшондой, калган бая өөндө.
Кийик өңдүү так секирет жарчага ат,
Тап-таза аба, бул бийиктик көөндө.
Куштай кайкып аскалардын үстүндө,
Канат жайган бүркүтүндөй каалгып.
Өзүң чыгып, кайгың калып түпкүрдө,
Сергүүлөнтүп, бол т ул^м ^кзан түш.
Тоодогу от-тоодон чыккан ысык дем,
Керчөө бышат, шишкебегин камдасаң.
Тоодо тоодой керемет бар, кызык жер,
Буу буркулдап кайнай баштайт жан казан.
Ээр жаздап, токулгасын салынып,
Улуу отту чатыратып арчадан.
Жаткан бакыт көрпөчөнү жамынып,
Көз ымдаша, жылдыз санап чалкадан.
Кайберендер кырдан карайт жылдыз көз,
Ырын ырдап, оолап улам уларлар.
Тоодой кубат жанга берген укмуш кеч,
Бүт өмүрүң бир тазарып, кубанган.
Кор тирликти таштап салып кетесиң,
Бийиктикте бийик болот зоболоң.
Таза ой, эргүү чокусуна жетесиң
Жок дегенде жылына бир тоодо бол.

## «КҮҢГӨЙ-ТОО»

Оту өчпөгөн коломтодой ып-ысык,
Жароокердей деми денди ысытып.
Булактары селкилердей кытылдап,
Ак мөңгүсү турат ойду кызытып.
Мергенчидей кайберенди өңүгөн,
Боортоктойт арча жаткан жеринен.
Кийик түспөл, улар түспөл «Күңгөй-Тоо»
Кар эле эмес көңүл балкып эриген.

Күндү уядан ушул тоолор ойготкон,
Күн ойногон ушул тоолор бой тоскон.
Байбиченин кыска өрүм чачындай,
Суулар жатат коктуларга сойлоткон.
Кырда шамал ойноп турат жыңайлак,
Салып кийик кулагына бир айдак.
Атырылган сууларынын жээгинде,
Жаратылыш койгонсуган гүл айдап.
Карышкыр, чөө, илбирс жана сүлөөсүн,
Алып жүрөт «Күңгөй-Тоонун» мүнөзүн.
Эки кылыч көтөргөндөй обого,
Тогуз карыш текелерин билесиң.
Кийиктердин мүйүзүндөй куу арча,
Шагыраша бет-беттерде, кыраңда.
Оту, эти, жайы даяр «Күңгөй-Тоо,»
Пияз, тузу, беленделген суу анда.
Белесинде жатсаң бейпил бешиктей,
Үңкүрүнө кирсең үйдө эшиктей.
Арча жыты берекеси өмүрдүн,
Булактары так секирген эликтей.
Боорлошуп борчук кызыл таш менен,
Боргулданып күндүн нуру тап менен.
«Күңгөй-Тоодо» күлүп-жыргап эс алып,
Күлүңдөйсүң бүт кыдырып ат менен.
Башын ийип, ырдап турат бирдей зоо,
Бактылуу бир эс аласың билбей доо.
Жалбырттаткан ойлоруңду жүз жылга,
Жан дүйнөңдүн жарашыгы «Күңгөй-Тоо!»

## МЕРГЕНЧИ

Кол баштаган баатырдай баштап баарын,
Кайсы жерде кайберен, өңүт барын
түшүндүрүп, чечмелеп, так көрсөтүп,
тоого агызат, тоолорго көңүл шарын.
Аралашып кийиктерге укташып,
Алга жылып, булуттарга буттashып,
Кайберенди уйкусунан ойготуп,
Кызуу менен улам кырдан кырды ашып.
Кайдан кайда экендигин кийиктин,
Жолун чалып, сырын билип бийиктин,
Кууп артынан, ишеничин туу кылып,
Таманынын этин жеген кийикчим
Тосуп алдын же бир чыгып үстүнө,
Заңгел ашып, койбой ага үшкүрө.
Мергенчи-куш тик учпас зоокадан
чыйыр салып аскаларга түшчү жөө.
Селге айланып кайберенди каптаган,
Алгыр кылып тайгандарын таптаган.
Командирдей башкаларды ээрчитет,
Так алдына тартып. койчу ат даяр.

Тоссуз күн жок, тоого чыкпай калган күн,
Мергенчиге кайгы салган арман күн.
Тоонун досу, айбанаттын душманы,
Майрам жана кырсык тоого барган күн.

## КӨЗДӨРҮ КАЙБЕРЕНДИН

«Ай-айтчы» жасап алды мергенчилер,
Тартылдым кучагына улуу тоонун.
Тоо шаңын тоого чыккан эрлер билээр,
Акактап күйүккөн кез, ушул сонун.
Жаралуу кийик өңдүү денем эң оор,
Мерчемдүү жерине өлүп-талып жеттим.
Айткандай мен жеңилмин, бул «жер оор».
Бийиктин бийиктигин азыр сездим.
Аңгыча шагыл үнү аска астында,
Куюлат кулагыма кырдан улам.
Жүрөгүм бул заңгелдин асманында,
Дүкүлдөп тайдай туйлайт ылдам, угам.
Соксоктон баш чыгардым: Чолпон жайнап,
Көздөрү апамдын да, баламдын да!
Кийикти ошол жерден тескери айдап,
Жөнөдүм, тигилерди карандым да.
Мойнумда мергендердин бир сөгүүсү.
Баратам нааласынан качып андан.
Кийиктин эсте түсү, бирде көзү,
Мен болсо «аңымды» эчак «атып салгам.»
Элестейт, жүргөн менен көз көрүнбөй,
«Ай-айтчы» болбой калдым «бошоң жүргөн»
Аялуу эне-бала көздөрүндөй,
Көздөрү кайберендин ошол күндөн.

## КАЙЫҢДУУ КАПЧЫГАЙ

Конуш алып булактын көзү сайын,
Тегеректеп конгондой чакан айыл.
Имерилип көл болуп турат дагы,
Булак менен куюлуп түшөт кайың.
Альпинисттей арканын чубалжыткан,
Аска үстүнөн тамырын улантышкан.
Капчыгайга суу бойлоп түшкөн кайың,
Балапандай миң конуп, улам учкан.
Суу жамынган кайыңды тереңдеген,
А, жаш кайың чаарчык элеңдеген..
Боюн созот нуруна күндүн күндө,
Тамырлары жээктен төмөндөгөн.
Кыздарындай орустун элик шыйрак,
Суйкайышат сулуудай көркүн жыйнап,
Баштарына «тыбыттан жылуу топу,»
Кийген өңдүү сезилет, тоосу сыйлап.

Кызыл алтын окшошуп тамылжыган,
Бири күмүш түспөлдүү шаңын курган.
Бир айылдын бой жеткен топ кызындай,
Түп-түп болуп алоолоп, жалын турган.
Узун, шыңга, бир өңчөй ичке, байтүп,
Кереметин тоолордун желден айтып.
Селкилердей бийиктен түшүп келген,
Бараткандай тоолорго жерден кайтып.
Кучактаган кут жайын-капчыгайын,
Тоо суусуна мөңкүгөн дайым байыр.
Оту тамган жүзүнөн күн нурундай,
Аппак мүчө ак сүйүү кайың, кайың!

## КЕЧЭЭ ЖАНА БҮГҮН МЕНЕН ЧЕНЕЛИП

Салт-санаасы калыптанган «элеттик»,
Бир уяда балапандар элек биз.
Эми өстүрүп балапанды өзүбүз,
Бул турмуштун мейкинине жөнөттүк.
Тарбиялап бизди өстүрсө ата-эне,
Дал өздөрү болуп калдык бат эле.
«Көрүнгөн тоо ыраагы жок» дегендей,
Келечектин төрү тура аз эле.
Кесиптердин нечени суктансак,
Жолуктурду аларга да жылдар бат.
Улуулардай биз да иштеп түйшүктүү,
Тирүүлүктө кайда энчиден кур калмак.
Турмуш туусу ата жана энебиз,
Мекен жүгүн моюнга арта беребиз.
«Биз ким элек, ким болдук» деп жашайбыз,
Кечээ жана бүгүн менен ченелип.

## ЭРТЕ ЖАЗ, КЕЧ КҮЗ КАРЛАРЫ

Жабылып тоого жалбырттай,
Күзгү кар «ала шалбырттай».
Эриди, буттап, ат жыгып,
Чыгарып жолдон жалгыздай.

Сыдырым муздак, бетиңди,
Чыйрыктырат этиңди.
Эрте жаз менен кеч күздүн,
Жакындык жайы сезилди.

Камырдай жумшак, мал басса
Камкаймак өңдүү аймакта.
Жазгы кардын артында,
Жашынып уяң жай жатса.

Күзгү кардын соңунда,
Комдонуп, күтүп оңунда.
Каарданып кыш жатат,
Келүүгө тоңгок орунга.

## КАР ҮСТҮНДӨГҮ ОЙ

Мелтиреп кар үстү ак супа,
Мезгилим ак чачкан бактыга.
Толкундай адырлар, окшошот,
Тоо сүзүп бараткан ак кууга.

Ак чопкут ак карга кийиздей,
Ат буту из салып кийиктей.
Тескейге тигүүдө бекемдеп,
Ак шоона жип менен
билинтпей.

Тоолорго боз үйдөй азыркы,
Кар түшүп, жабуусу табылды.
Кеч күздүн үзүгү, туурдугу,
Ушинтип, жаңыдан жабылды.

ЖАЗ БОЛУП ЖАЗДА

Күргүштөп нугун тээп, суулар ташып,
Жээгинен жайпап жерди, улам ашып.
Бу жазда булактар да оюн салып,
Тай-кулун өңдүү чуркайт кубалашып.
Жаз-мухит, долу шамал козгоп койгон,
Кырдагы кашаа аңкаят тоскон бойдон.
Капчыгай чепкенинин койнун ачып,
Аскалар ырдайт обон созгон бойдон.
Тоо-тоонун башын челип жаз толкуну,
Безентет кырга чыккан жаш койчуну.
Кайыктай кайберендер сүзүп жүрөт,
Умтултат бир сапарды баштоо шыгы.
Шаңшыйт, ов, мейкиндикти барчын жарып,
Карайсың теребелге жарпың жазып.
Көбөйүп булактардай, сууларыңдай,
Жаз болуп жазда турам ташкын салып.

**ӨМҮРҮМ КАЛАТ ЖАРКЫП КӨРКӨМДҮКТӨН**

Түш көз айнек, мурун-ээр шыпырылгын,
Кооздукту көрөйүн өз көз менен.
Кантип байкоос кетирем кыдыруумдан,
Кыям кантип бул жерди «көркөм» деген
Байыйт, байыйт жан дүйнөм мындайлардан,
Сөз азайып, иш күчөп, ойлор чалкып.
Кооздуктан калбайт го кылдай арман,
Бүт өмүрүм ушундан калаар жаркып.
Көрүп, байкап ылдыйды, өйдөгүнү,
Ой чөгөрүп акылга жүргөнү баа.
Көркөмдүккө жаралган көөнү, өмүрү,
Адам деген сонундук дүйнөсү да.

**ФОНТАН**

Өмүрдө өткөн жалын жазым ырда,
Күлмүңдөйт миң булактуу жашыл жылга.
Мезгилдин, өмүрдүн да жаштыгындай,
Ушул суу-ысык сезим атырылма.
Сергектик илебиндей жайда кардын,
Мончоктойт көңүлүнө жайнаган сыр,
Бул фонтан сөзү белем жер астында
мухиттин, толкуп жаткан дайралардын.

Торгойдун, наристенин үнү белем,
Бириккен ааламдын күн-түнү белем.
Нурлардай чачыраган түпкүрлөрдөн,
Ойлордун жарык берген күнү белем.
Атырыл фонтан, секир бөбөктөрдөй,
Чабак ур, толкуй түшкөн өзөн көлдөй.
Сен бар жер окуусунан жаңы тарап
келаткан өспүрүмдүү көчөлөрдөй.

## АГАРГАН ЧАЧ

Жаш таяп барбаса да курак жетип,
Күндөрүм үстү-үстүнө кулап кетип.
Ак көңүл адамдыкты билгениндей,
Кап-кара чачты мезгил сурап кетип.
Ордуна карылыктын куудай чачың,
Тартуулап, өргө буруп буудан башын.
Кетсе жар, балдарым да көрө алышпай,
Чычалайт, токтотсом деп суудай жашым.
Уулдар, апасы да бирден жулат,
Жан сыздап, көңүл аза кирдеп турат.
«Жылымбы, айымбы бу агарган чач,
өмүрдөн кетти» деп мен жүргөн убак.
«Нускалуу кары бол деп жаштайыңдан,»
Мезгилдин эскертүүсү чачтан улам.
Туткундай колго түшкөн күмүш чачтар,
Ушинтип, алыстатты жаш чагыман.

## БОШ БЕШИК

Олпогу да кадимкидей салынуу,
Орооолору, чүкөлөрү таңылуу.
Бек чырмалган жабуулары чаң баскан,
Эзип турат көргөн сайын жанымы.
Үйдүн ичи бул бешиктен көгөргөн,
Эки бала аман-эсен бөлөнгөн.
Жайдак турат суусуз сайдай ошол кут,
Жүрөк сыздайт мык каккандай төбөмдөн.
Жаш жубайлар жыйырма бештен ашпаган,
Уул-кыздуу, айырмасыз башкадан.
Бешик ыйлайт, алар сезбейт атайын,
Кайда барса жолу ачык жакшы адам.
Аты Эне, аты Ата, кур эмес,
Баласыз да үй-бүлө бар бул эмес.
Антсе дагы мүмкүндүк бар өмүр бар,
Ден соолук бар, төртөө керек, сыр эмес!
Узартылган күн, барчылык, оо кудаа!
Балдар жүрөт кечке чейин окууда.
Көздөн жашын сыгып үйдө чоң эне,
Жалгыздык ай, мерез жолдош болууга.

Бешик дагы, эне дагы, үй дагы,
Ал гана эмес кечте толот үй жаны.
Бала менен тура өмүр шаттыгы,
Бөксө турган көңүлдөргө гүл баары,
Бир-бирине бир жаралган экөө эш,
Бала, бирок, салат дайым энөө кеп.
«Бөбөк качан жатат, —дейт ал—бешикке,»
А, жубайлар кетет, адат, көчөлөп.
Өлкө, Мекен бала менен бактылуу,
Бала менен турмушка адам тартылуу.
Анда неге билип туруп ченейбиз,
Адамдыкты бөксөртөбүз айтылуу.
Энелерге «эне» күндөн бар жолдук,
Өмүр-өмүр, жалын кезде кал оргуп.
«Көп балалуу эне» деген кимдигиң,
Сез жашоодо, турат күтүп камкордук.
Өмүр жалгыз, баласыз да бараарсың,
Бирок, бала жардап турсун таң алдын.
Көп көрбөйлү, өзүбүздү элди да,
Өмүр барда балдар улам жаралсын.
Күндөр өтөөр, түйдөк жасап жаш чубай,
Кимдер тураар Мекен жана жашты улай.
«Бешик» деген өмүрүңөр термелчү,
«Бешик деген силерсиңер жаш жубай!
Айлар, жылдар алаксытат «кош» дешип,
Болбосо экен, болбосо экен бош бешик,
Баласы жок бешик мүрзө өңдөнөт,
Жүрөгүмдү турган өңдүү ок тешип.

## ӨМҮРДҮН КАРЫ

Агарган чачтарымды улам карап,
Ой келди оңго-солго уулум тарап:
—Кар кантип түшүп калган башыңызга?
деп сурайт, өмүрүмдү азыр баалап.
Адамдын адамдарга нур болуусу,
Жаңырып баратканы жыл конушу.
Жашоонун аппак кары ушул чачтар,
Өмүрдүн тоолорунун кыл чокусу.
Ушинтем, түшүндүрөм уланыма,
«Капырай» —деп серп салып курагыма.
Колу Айда, буту жерде адамга окшоп,
Кайрылам өмүрүмдүн булагына.

## ЖЫЛКЫ

Жер-барабан жылкылардын туягы
таягындай үнүн бийик чыгарган.
Тыңша аалам, чакырыкты угалы,
Күрөштөргө үндөп турган жылдардан.

Жылкы-жылкы, каным менен бириккен,
Өздөрү мен, кулундары баламдай.
Өмүрлөрдөй атаандашкан күлүктөр,
Өзүмдү эстейм, мен буларда кала албай.
Туяктары айга окшоп да, күнгө окшоп,
А, өздөрү миң көркөмдүү жергемдей.
Баксаң өсөөр, антпе-калаар гүлгө окшоп,
Келет жылкы эч нерсеге тең келбей.
Болгон үчүн жылкычынын баласы,
Эстебеймин баркын, баасын жылкынын,
Жашоонун бир керемети, карачы,
Минип бара жаткансыган бул кылым!

## БАРПЫ АКЫН

Жеткирген кылымдарга ташып жылды,
Калтырбай жүрөгүндө кашык сырды.
Бактысын адамдарга чачып салып,
Барпыдай ким ырдаган ашыктыкты?
Жарыкты эңсеп жүрүп, чаңкап жүрүп,
Күндү издеп, күн ысыгын алкап жүрүп.
Көзү аккан тең келбеген алп Барпынын,
Өмүргө жай чилдеси, аптап жүрүп.
Көзүнөн элге берип жарыктыгын,
Сөзүнөн калкка айтып калыстыгын.
Тирүүлөй жарык менен кош айтышып,
Какшаган кайран Барпы тарых сырын.
Акындык салтты, наркты жакшы билген,
Жашоону, бул турмушту, калкты сүйгөн.
Ким экен Барпы тагдыр, барбы акын,
Тоолордой келбетине даңкты үйгөн.
Көздөрү эл көзүндө Барпы акындын,
Сөздөрү эл сөзүндө-баркы акылдын.
Аккан көз булактарга куюлуптур,
Дайрадай күүсү болуп канча жылдын.
Мезгилдин даңканында калды закым,
Жоюшка жаркын ырды барбы акың?
Жок! Ойго күндөй сезим тартуу өтип,
Биз менен жашай берет Барпы акын!

## САГА САЛГАН БИР УУЧ ТОПУРАГЫМ
### (Кайран акын Жолондун эстелигине)

Укканда... Эс эңгиреп, дымым чыкпай,
Көз жашым бойдон чуркап чымылдыктай.
Сен кетип жатканыңдай-мен дүйнөдөн
Кейипте сезим өлдү, дилим муздай.
Сооронo алаксый да албай койдум,
«Көңүлдүн кушу, ак дил, таңдай шордуум»
Жазмайын кучагынан бошонбодум,,
Көкөйдө «Жолон» деген албаш ойдун.

Адамдык парзым болчу, кайран адам,
Өлүм-ый, күйгөндөгү айлам ызам.
Өкүрүк жан дүйнөмдө асман жарат,
«Эсилим, кайран Жокем, кайдан табам...»

x x x

Жакшы адамга мыкты ыр керек өзүндөй,
Жолдоштору турат эки көзүндөй
Санаалаштар тилегиндей, пейлиндей,
Эли калат түбөлүккө өчүрбөй.
Жолон! Жолон! Миң кыйкырсам бир укпас,
Дүйнөдөсүң, ойгонбогоон бир уктап.
Түбөлүккө, бирок бирге жүрөсүң,
Шумкар болуп мейкинимде «кл-лыктап».
Адамдарга Айда, күндө огу учкан,
Ажалыңды каалабагам кокустан.
Жоокер элең сен алдыңкы чектеги,
Баатырдайсың мерт болгон бир согуштан.
Окуучуң-эл, талайыңа ак шамбыз.
Ырларың-күз жана жай да, ал жаз, кыш.
Таба эмес, «тобо» кылып куттуктайм,
Өлүмүңдү миң өмүргө алмашкыс!
Ой булбулу элең таңда, кеч менен,
Жан дүйнөдө таңшып, эстен кетпеген.
Акындар көп ааламда жүз жашаган,
Тилеп, көксөп тагдырыңа жетпеген.
Эч ким билбейт түбөлүгүн, өлөөрүн,
Эли баалайт аргымактын өнөрүн.
Жоке, турмуш көйгөйүнөн тазарып,
Тунуктукка, асылдыкка жөнөдүң.
Жалын болуп бир тууган энеңден,
Акак болуп бир көрүнгөн тереңден.
Жашооңду ыр, жашооң менен ырыңды
Бекемдеген дадил акын элең сен.
48 жыл! Калды элде тарыхтай,
Жашап кеттиң кумар менен талыкпай.
Чагылгандай чаап өттүң жаркылдап,
Бул турмуштун майданында жарыктай.
Ыр окусаң-калуучу элең ыр болуп,
Сырды төксөң-өтүүчүсүң сыр болуп,
Албарстай курч, өктөм, өткүр, шар элең,
Дил бергенге кызмат өтөп кул болуп.
Ырда, сөздө, бүт жашоодо күлгүндөй,
Ким арманда калды экен түшүнбөй?
Сен өзүңдө калбай калып, төгүлүп,
Адамга өтүп кетүүчүсүң бүтүндөй.
Көңүлдөргө, канча ойго сырга элең,
Билинбеген, бирок, тоодой сыйга тең.
Кулак угуп, көз көрүп, кол кармашкан,
Сен турпатың менен поэзия элең.

Аз өмүрдө эмгегиңди көп берип,
Калайыкка ысыгыңды өткөрүп.
Жан дүйнөгө жарыгыңды тамызып,
Жашап өттүң өмүрүңө төп келип.
Ааламды бүт бир сыйдырып көзүңө,
Алыстыкты бириктирип өзүңө.
Азыктанып үнү менен доордун,
Турган кезде ст ыр болуп сезиле.
Тоо дайрасы, октос берген сай күлүк,
Деңиз мүнөз, жылдыз акыл, жай күлүп.
«Кырк сегиздин кылда учунан» кош дедиң,
Бу тагдырдын муз тоосунан тайгылып.
Жүрөгүмдө турду бир чоң эстелик,
Бет мандайбыз, өмүр барда кез келип.
Туура багыт, чабыт берип жашоого,
Турат дайым ырларымды текшерип.
Кайталангыс кооз дүйнө! Бир кайгы...
Ал эстелик бир материк турбайбы.
Жүрөк эзген ал бир муңдуу кубаныч,
Көңүлдөргө канаттарың ыр жайды.
Адамдарга камкор жана боорукер,
Жокен! Жокен! Сага бакты ооду, көр!
Бүлөп бизди ыр кумарга курчутуп,
Кеткен акын кетпейт, жашоо доору кең!
Өмүр бою жашап жанын карч уруп,
Жасай албайт адам өзүн даңк кылып.
«48дин кылда учунан» сен Жоке,
Эстелигиң тургузгансың баркы улук.
Аялыңдан ашык күйөөр эл турса,
Балдарыңдан ашык сүйөөр эл турса,
Тууган-достон ашык даңктаар эл турса,
Жакындардан ашык сүйөп эл турса,
Өлүмбү ушул? Өлүм эмес, ал ырлар!
Койнуна алды кымбат көргөн тоолоруң,
Тосот сага тийчү турмуш бороонун.
Сага салган топом ушул бу бир ууч,
Жаткан жериң жайлуу болсун Жолонум!
Топурагың торко болсун Жолонум!

## КАМЧЫ

Камчы жылан чагылгандай ойногон.
Карагердин соорусунда ойлогон.
Уусу анын намыстантат тулпарды,
Атырылса «камчыдан» деп ой жором.

* * *

Коштоочусу, сүрөөнчүсү күлүктүн,
Камчы жигит намысына бириккин.
Керек, зарыл бүгүн да эртең камчылар,
Ой камчысы, камчылары жүрүштүн.

## ОН ЖЫЛДЫК САГЫНЫЧ

Он жыл! Бул-кылымдын он балапаны
Өмүр да ар жылга ошол, жарашалы.
Ээрчишкен жөжөлөрдөй балалык кез,
Ойнубуз кайда калды тамашалуу?

x x x

Турмуштун жолу-уядан учуп кетмек,
тарадык. Бөлүнө албай, утур дегдеп,
көздөн жаш бурчактатып, кусаланып,
алыстан кайрылып, бал учурду эстеп.

x x x

Он жылдын канатында өмүрүбүз,
Жоготуу, табуулар, бар тогулуубуз.
Сагыныч ар бир жылды бизге канат
жасаган, учуп жетет көңүлүбүз.

## АЯЛ ЖУРНАЛИСТКЕ

«Аял» деген эгерде аял болбосо,
Аял болбой эркек жолун жолдосо.
Аялдыгын түбөлүккө жоготот,
Күндө үйүндө аял болуп койбосо.
Аял ишин тынымга да таштабай,
Үй жумушун тез бүткөрүп шашмалай.
Кабар жыйноо үчүн элге белсенип,
Жөө-жалаңдап жолго түшүп тасмадай.
Тамак, кийим камдап, тандап ченебей,
Баласына миң үйрүлгөн энедей.
Факты топтоп ар кай жерден күн-түнү,
Кемчиликке сайылып ал жебедей.
Жашап, иштеп басма сөздүн атынан,
«Ал кабарчы» деген атка татыган.
Түйшүк тоосун түзүп аял журналист,
Жоолук эмес даңк көрүнөт башынан.
Асманга окшоп тийип турган бир күнү,
Аял менен журналисттин түйшүгү.
бирдей келет, ал экөө тең турмуштук,
Ал экөө тең бу жашоонун сүйкүмү.

## ТҮНКҮ САПАР

Сочиге кең Ташкенттен,
Лайнер-эң бат кеткен.
Ичинде сар-санаалуу,
Булуттай эл бар нечен.

Көрүнбөйт түн көздөрү,
Угулбайт эл сөздөрү.
Бушайман, көктө туман,
Жарык жок көргөзмөлүү

Учкучтар билээр-билбес,
Туманга кирээр жүдеп.
Аппарат ишенгени,
Жылмаят күлөөр-күлбөс.

Түн көшүп, бактыбызга,
Уйкуда таңкы кыска.
Чагылган самолётко,
Жол салып алдыбызда.

Самолёт сепкен үрөн,
Өңдөнүп жамгыр түмөн.
Сактай көр өзүң теңир,
Болжонбой тагдыр күмөн.

## АКЫНДАР

Аралаша оозунда эне сүт менен,
Чыкпаса да үн болгон айбат күч менен.
Кыйкырганга кумар бала короздой,
Жаш акындар каны тепкен түс менен.
Тике ылдыйда тызылдаган булактай,
Атырылып, өзүн-өзү кубаттай.
Жаш акындар күч чыгарып үнүнөн,
Нөшөрлөтө ырлар окуп, чубалтмай.
Пегас минип, аалам кезип учкансыйт,
Чоң жарышта бир мөрөйдү уткансыйт.
Ошол замат ырдын пири болгондой,
Поэзия тактасына чыккансыйт.
Так өзүнө чейинкилер тепселип,
Бут астында турганындай экчелип.
Жарыштагы жан үрөгөн тайга окшоп,
Жан-ыйманга жакын барбайт кекселик.
Менменсинүү жалыны ойду жай кылып,
Жолун билбей кыя жолдон тайгылып.
Үзө чабуу «чу» дегенде акынды,
Аксатууда «колу түшкөн тай» кылып.
Кандим акын бурулбастан эңиштей,
Өргө тартып, өнөр жолун тегиздей.
Жаш чабакты жээкке серпип таштаган,
Жалдуу толкун салган бир алп деңиздей.
Көңүлүңдү кайт кылбастан кур жайкап,
Каптап келет акыл-ойго ыр чайкап.
Залкар тоодой турушу да доошу,
Акындыктын жолун мында бил байкап.

## ЖАМГЫРДА

Сапарда баратабыз, жолдо элес көп,
Сагынткан жамгыр түшөт торко электеп.
Айнекте маңдайдагы толгон «жылан,»
Биз айтсак, уулум келет корко, элеңдеп.
Ип-ичке «бала-жылан» баарысы тең,
Сойлошот шаша-буша, жарышы көр.
Түгөнбөйт, түшүп жатат, түшүп жатат,
«Жыланга» толгонсуду так ушу жер.
Дап-даяр жетип жолун торогонго,
Шыпырып түшөт дароо болжогондо.
Дейт балам: — кирмек экен машинага,
Айнекти тазалагыч болбогондо..

## ТҮПКҮРДҮН СЫРЫН ТАШЫП

Түпкүрдүн элчисиндей,
Аттанып жер үстүнө.
Табият энчисиндей,
Кытылдап, тегиз күлө.

Шооласы жер түбүнүн,
Өмүрү күндө деген.
Булактар эргүү гүлүн,
Жараткан дүйнө белем.

Күбүрөп сөзү бүтпөй,
Кадимки байланышчы.
Ай, жылдыз көзү түшмөй,
Селээт: «кайдагы ырчы?»

Түпкүрдүн сырын ташып,
Түтүндөй чубалжып, ал
Тынчашат ырын шашып,
Булактан суу алчулар.

## НАСААТ ЫРЫ

Балам ай, балам, балам ай,
Турмушуң ээн талаадай.
Жол салгын, жаңы сапар ач,
Бирөөнүн изин карабай.

x x x

Балам ай, балам, муунум,
Көңүлдү көлдөй жуугунуң.
Таза аксын өмүр булактай,
Милдети өлкө уулунун.

x x x

Балам ай, балам, мурасым,
Өмүрүм улап турасың.
Жашоону жатка кор кылба,
Адамда максат бул асыл.

x x x

Балам ай, балам, жаз күнүм,
Максатка толсун жаш күнүң
Оорду танда, жеңилтет,
Турмушта сени аз жүгүң.

Балам ай, балам, бакытым,
Баланда турaар бакытың.
Чүрпөңө өткөр курчутуп,
Атаңдын бийик намысын.

x x x

Балам ай, балам, эселек,
Чаңдатпа жолду «көчө» деп.
Эл жүрөт анда, сергисин,
Ойлоп жүр элди өтө көп.

x x x

Балам ай, балам акылды,
Чеңей жүр алыс-жакынды.
Жөнөкөй, ишчил жагыңды,
Эл билсин сыймык атыңды.

x x x

Балам ай, балам, кулунум,
Калың бол, болсун угумуң.
Адамдан наалат келтирип,
Булгаба адам тукумун.

## ЖАШТАР ДЕГЕН ЖАШ ТОЛКУН

Жаштар-бул жетилүүнүн кадамдары,
Эшиги такшалуунун келечекке.
О, алар доордун жаш адамдары,
Өлкөнүн жалындуу ээси келечекте,

x x x

Жаштар-бул чоң турмушка калыптануу,
Чагылган ойноп турган тарыхтагы.
Өлкөнү каптаган ал жап-жаш толкун,
Өмүрдүн нурдай ысык, жарык чагы.

## «БАКЫТ» ДЕГЕН КАН БЕЛЕ?

Ээ боло албай, теске салбай ыр-чырын
Канга толгон XX бул кылым.
Буга чейин көргөн бекен адамзат,
Муңга айланган өмүрлөрдүн шумдугун.
Самап-самап жакшы турмуш арааньин,
Салгылашта өтөт тура адамың.
Басып келсе белгисиз күч кудайдай,
Баш ийет да жакшың дагы жаманың.
Жашоо түйүн жаасы катуу жыл чечип,
Мал-жан жолун жут басмырлап, шыр кесип.
Ансыз дагы чачылган эл жылдыздай,
Турмуш кечип, көчүп-коно кыр кезип.
Төгүлсө да түбү калып шыпкалбай,
Чачылса да жолун алып шумкардай.
Тукум улап, жайып келди тамырын,
Бүт дүйнөгө тарап келди нурлардай.
Анан дүйнө төңкөрүшкө кез келип,
Үркту кыргыз, туңгуюкка кептелип.
Жер жаздантты канча-канча тукумун,,
Орусия аскерине эптелип.
Үркүн-үркүн! Эл мүшкүлү, бул жылдын
жарык күнүн жалп өчүргөн-түн кыргын.
Элдигинен чыдап, түттү баатыр эл,
Эрдигинен түгөнгүчө бир жылтыр.
Кандыбулоон отузунчу жылдары,
«Эл душманы, басмачы»—деп кырганы.
Тап катары жойгон журттун кыраанын,
Жексурларга келген тура кырдаалы.
Кырып-жоюу он алтыдан кыркынчы
жылга чейин өмүр болду кыйкымдуу.
Эстегенде эмки муун сенин да,
Бүгүн кыйнап, алып турат уйкуңду.
Өзөктөн өрт күйүп турса жалындап,
Өргө качып не кыла алат, кабылмак.
Кыйган талдай кырылат да адамдар,
Өзү эмес, сөөгү кайдан табылмак.
Көркөм дөөлөт, салты миң жыл кураган,
Адам менен чапкан чөптөй сулаган.
Баштар таштай ыргып кылыч мизинен,
Аска-тоодой дене онтоп, кулаган.
Кайдан эстен чыгат, айтчы, аталар,
Кайда жазык, кайда кеткен каталар.
Тарыхта алар турушпайбы сүттөн ак,
Тарыхта алар таза, ак дил жашаган.
Уусун чачып эки буттуу жыландар,
Эң биринчи атом бомба сыналган.
Нагасаки, Хиросима сыяктуу,
Эс-акылдар соо калбады куландан.

Октор калды жүрөктөргө ширелип,
Кайгы калды көкүрөктө тирелип.
Ортосунда он алтынчы кыркынчы
жылдын элим майин болду түбөлүк,
Жанды эзген жараат оору көңүлдө,
Өзөктү өрттөп, арман жүрдү өмүрдө.
Тыйпыл болду гүлдөтчүлөр кыргызды,
Жалганбады жакшылыктар теңирде.
Кайсы жерде, эмне болуп өлгөнүн,
Кайсы адам топо салып көмгөнүн.
Баласы да, жары, тууган, эл-журту,
билбей калды, билбей да ким көргөнүн.
Жок болушту согуштан да бешбетер,
Азап салып, ойдон түштөн кетпеген.
Жер жуткандай, кайыптай да сыйкырдай,
дайын-дарек билинбеди эңсеген.
Үй-бүлөлөр айрылышты тирүүлөй,
Бейажалдар сезилишип тирүүдөй.
Тозок салды калгандарга артында,
Кан жуткурган каргашалуу сүйүүдөй.
Жалаң кайгы жазган окшош бу кудаа,
Согуш өртүн дүйнө сезди буга удаа.
Эр бүлөлөр кетти жөнөп майданга,
Тоо жарылып сагынычтын бугуна.
Согуш-өлүм, кеспес кайгы, бир тозок,
Ажал башка келсе күтүп, ким тосот.
Азаматтар башын сайды жеңишке,
А, айылда күн кошок да, түн кошок.
Кара кагаз кардай жаады эселеп,
Кайгы эмне экен, сезди анда эселек.
Курсактагы туюкбай да бир туйду,
Өспүрүмдү бой тарттырды тез элеп.
Каар келип, ажал жетип жок ойдо,
Калды өмүрлөр танк алдында, токойдо.
Мунжу болду, азис, майып болушту,
Ким карамак артындагы ботойго?
Бүттү согуш. Калыбына келтирмей.
Кансыз согуш. Каякта экен жөн жүрмөй?
Ач, арык эл майышты да кайышты,
Эптеп сактап, бирин-бири өлтүрбөй.
Тынчтык берип тура албады элге жыл,
Балкып-жаркып төгүлсө да жерге нур.
Ууландырды адамзатты, жерди да,
Пайдасынан зыяны көп Чернобыль!
Эл эмгектин даамын татып, кангыча,
Тагдырынан таалай-бактын алгыча.
Аламандап, каптап согуш апааты,
Афган элин кайгы басты аңгыча.
«Мүйүзү эгер сынып калса бир уйдун,
Миң мүйүздөр зыркырашат, куруйсуң!»

деген өңдүү афган эли сенин да
күндө эмгегиң, түндө эмеспи бир уйкуң.
Кур калмакпы, кыргыз жүрдү майданда,
Жабыр тартты салгылашкан жайларда.
Мертиништи, катарынан кемиди эл,
Мыйзам ошол, четте калыш кайда арга?
Төрт тарабың болбой калды кыбылаң,
Оодарылды заман эми нугунан.
Кеч болсо да чындык кайтып бир келди,
Учпай мурда чыркыраган туурунан.
Эми кысып мамилеси базардын,
Бүт айласын жоюп кайда качаардын.
Какшатууда кан чыгарып көзүңдөн,
Карбаластап, шашаарсың да шашаарсың
Базар, базар! Тагдыр жана келечек,
Эмне болот, бере албайсың сен эсеп.
Кайда калат ыйман-адеп, адамдык,
Баарын-баарын акча менен ченесек?.
Ат мингенден эл караган аз болуп,
Жер каратып калайыкты, таш болуп.
Туйтунушуп жерге-жээги, өздөрү,
Туруп турат калк көзүнө жаш болуп.
Элдин ыйы күлкү болду андайга,
Шор болушту бүтүп калган маңдайга.
Кокон тыйын келбесе да колунан,
Бүт кыргызды дүңгүрөттү таңдайга.
Дагы күрөш, кан берүү да, жан берүү,
качан бүтөт? Күрөштүн да бар чеги.
Жаралгандан кыргыз буга бүткөн бейм,
Жараатынан айыкпаган зарделүү:::
Бабалардын кайрат-күчү шаң бере,
Ойду жоруйм, ойлоруma таң келе...
«Бакыт» деген, керек кезде төгүүгө,
Атабелден бир түйүлгөн кан беле?!

x x x

Кандуу кылым! Көз ачкандан кан жутуп,
Өлүм издеп, өмүр атын каргытып.
Карыганча кармаш салып келатат,
Бирди миңге, миңди бирге жаркытып.
Аты жап-жаш, ойноктогон жыйырма,
Токтому жок, жасалма өң сыйырма.
А, курагы токсондогон көксөө чал,
бир шилтесе чыгып кетчү кыйырда.
Тыйбайт эч ким, «кой-ай дешип, оо, балам»
Экинчиси сөз да укпас «чоң атаң».
Чалкеш кылым так ушундай ээси жок,
«Жарк» деп күнгө чыга келет жол качан?

Кылым-кылым! Элдин боорун таш кылып,
Кыйла адамдын көзүн койду жаш кылып.
Адамдардын тилегени кылымдан:
Арты майрам болсо болду жакшылык!
Кылым-кылым! Алды эсинди, шайынды,
Кылым-кылым, кышка айлантты жайынды.
Алды бороон-чапкын болуп бир өтсүн,
Арты болсо экен элге кайырлуу!

## ЭРКИНДИК

Эркиндик-октун сөзү чуулдаган,
Эрке жел өңдүү тынбай дуулдаган.
Суудагы күрүч сымал өсүп чыгып,
Дарактай бийик-бийик, шуулдаган.

Эркиндик-октун сөзү менен айтып,
Эркинен октун сөзү менен кайтып.
Тепселген жаш шибердей бүт кырчылган,
Чыга албай мейкинине эми кайкып.

## ӨСҮШ ҮЧҮН

Кабат тамдар өсүп келет дарактай,
Ай көрүнүп чокусунан табактай.
Малчыга окшоп атчан турган кырдагы,
Суктандырат бийиктикке таланттай

Бак моюнун созуп, өргө талпына,
Жабалактап тамдын алды-артына.
Жете албаган алма шакка балдардай,
Жел сүйөнүп, көккө турат тартыла.

Бийиктигиң-эмгегиң го жаратчу,
Билсең баркын эл-жериңе жарашчу.
Өсүш үчүн бийик нерсе өзүңдөн,
зарыл тура, суктандырып каратчу.

## Ы Р

Жоготкон, издеп жүргөн сезимиңди
Жолулаш болуп, бир күн кезигүүңдү.
Ырдан тап, рахатың ыр аттууда,
Ыр деген жаштыгыңдын кези гүлдүү.

x x x

Өмүрдүн ыр өчпөгөн жаркын куту,
Түбөлүк алып учкан алтын кушу.
Ыр деген сезимдердин партизаны,
Ыр деген сезимдердин чалгынчысы.

## ОН ЖЫЛГА ЭРТЕ КЕТТИ КАЙРАН КИШИ

Төрүнөн көрү жакын, сексен беште,
Жаштыгы бүт өрттөнүп кеткен кезде.
Колуна ичкич жалгыз уулунун,
Бир кемпир калган эле жеткен чекке.
  Бир күнү жалгыз саан уйун сойду,
  Акылын мас аракка куюп койду.
  Тукуму ач калаарын сүттөн куруп,
  Байбиче келечегин туюп койду.
—Жалгызым, сендей жалгыз уюң эле,
Арактан жаман болду куюң эле.
Катыгүн, андан көрө мени сойсоң,
Сатканга кийим-кечем буюм эле..
  Көрбөйүн дечү элем жамандыгың
  Ар убак тилечү элем амандыгың.
  Кокуй күн, аман болуп, жаман болсоң,
  Өзүңө тиш салуучу камандыгың.
Айныган эки аялың алмак-салмак,
Ар кимге күн көтөрүп салган талпак.
Он бала ал экөөнөн колубузда,
Уюңду сойдурган да, алган акмак.
  Баладан сен жамансың, же ишиң жок,
  Баладан мен жаманмын, кейишим чок.
  Сары ооз балапандай он эки жан,
  Жеңилүүң күндө-күндө, жеңишиң жок.
Жем издеп, ооз ачкан он экибиз,
Сүт айран, май жок—уй жок, шор, эми биз.
Күрөң уй энебиздей эле кокуй,
Не сойдуң, калган окшоп кой эки жүз?
  Эсиңди улак тартып эки аялың,
  Эл-журтка калбай калды эр баяның
  Уй менен жакшылыгың союлду го,
  Уялып элден кокуй, жер карадым.
Нарктуу эле, салттуу эле да өмүр тегиң.
Алысты ойлоп келген көңүл тегиң.
Балапан бала болгон энекеңден,
Кокуй күн, артык беле кекиртегиң?!
  Сойгон уй ысылыгың, он күн куурдак,
  Аны да алкаштарың уурдап-туурдап.
  Он күнү самапалын ала чуркап,
  Заматта түгөтүшөөр бурдап-бурдап.
Наның жок шекериң жок суудан башка,
Катыгүн, ичээриң жок «уудан» башка.
Сен үчүн сексен беш жыл жашап келип,
Арманды үйүп келдим курган башка.
  Сыздатып сай-сөөктү ыйлаар, балдар,
  Кургакта балык болуп туйлаар, жандар
  Койгулап кур бөтөлкө менен өзүң,
  Албассың арман толгон ыйдан жардам.

Карегим, чечекейим, жалгыз чоком,
кантейин, жашооң-арман, каргыш болгон.
Тирүүңдө өлгөндөн чоң жамандыгың
Көп көрдүм, чыгара албай тартып жолдон.
Мастыгың, эшикти илип тепкиледиң,
Муунтуп карт денемди эзгиледиң.
Эртеси көгала жүз мени көрүп,
Буркурап, бут кучактап өпкүлөдүң.
Сүйрөдүң ичкен сайын өлгөн тарптай,
Басынттың энекеңди өйдө тартпай.
Чыдадым баарысына пенде экемин,
Чыдадым, жарылбаган чөлдө таштай.
Сен ичкен сайын бирден өлүп турдум,
Тирүүдө тозокту бир көрүп турдум.
Бирок да жан кишиге зарымды айтпай,
Айланып, сага көңүл бөлүп турдум.
Өзүң мас, эч кимге бир сөзүм өтпөйт,
Кандай жан, билбейм, кантип өзүн жектейт.
Кудайга жашты узарткан наарazымын,
Тукумуң эмне болот, көзүм жетпейт...
Өлөм деп өлө албайм, тажап сенден,
Үмүткө бек байланып карап келген.
Мындайың санаама да келчү эмес,
Жакшылык көрөйүн деп жашап келгем.
Баласы тозокко алган каргыш кемпир,
Эч качан жакшы күнгө баргыс кемпир.
Кайгынын чөгүп жүргөн тереңине,
Дүйнөдө армандуу бир жалгыз менмин.
Мен киммин, ичкич уулдун энесимин
Куу багы, ушул жашоо белесинин.
Өкүнүп, айта жүрсүн сени ууккандар,
Өмүрүн кошо ичти деп энесинин.
Кыялбайм, бирок, кыям, кош чыграгым,
Тирүүдөн өлүм артык, бош турагым.
Эсиңе келсең, эми бир келээрсиң,
Мен өлүп, ага болуп оттук арың!

x x x

Байбиче карт сөөгүнөн жашын сыгып,
Балкылдап жаш баладай жашып туруп.
Көрүнө уу дарыны ичип алды,
А, уулу кой дей албай жакын туруп...
Күрөң үй энеге окшош, жетеледи,
Энеде санаа дароо эселенди.
Акылы сергек, сөөгү болот эне,
Арманга чыдабады, кете берди.
Жүрөктү жаралады туяк деген,
Кемпирди бырчалады уят деген.
Анткени айылда уул-келиндер бут,
Ардактап, сыйлашуучу, кыя өтпөгөн.

Малайдай, кулуна окшоп күч катары,
Армандуу кемпир эле, иш катары.
А, үйдө жалгыз уулу, келиндери,
Сезчү эмес, адам эмес, ит катары.
Уулу уктаса да ага шиш катары...
Канатын каада-салтка жайган киши,
Бир башын нарк-нускага сайган киши.
Калкына кадыры өтүп, уулуна өтпөй,
Не дейбиз, бөөдө өлдү кайран киши.
Не дейбиз, перзентинин азабынан,
Он жылга эрте кетти кайран киши!

## АК-ТАЛААДАГЫ «ТУРУК» КӨМҮР КЕНИН АЧКАНДАРГА АРНОО
## «БЕШ-САРЫ» ФИРМАСЫНЫН ЖАМААТЫНА

«Беш-Сары»—беш алтын тоо көздү жеген,
Мааниси ооз байлап, сөздү жеген.
«Беш-Сары» беш азамат ала-тоолук,
Бактысы баштарынан өксүбөгөн.
«Беш-Сары-беш алгыр куш асмандаган,
Ал, турмуш бороонуна калкан саган.
Арналып адамдарга ак дилинен,
Замандын көй-көйүнөн жалтанбаган.
«Беш-Сары»-беш тараптан чачкан бакты,
Маңдай тер, ак эмгектен тапкан бакты.
«Беш-Сары»-өмүрдүн ал беш ашуусу,
Жашоого өчпөгөн от, жаккан калкы!
Атага баласы эч бир карабаган,
Айрыкча чалкеш болгон санаа заман.
Ушунда «эл үчүн» деп чечинген эр,
Кыргызым, өз жүрөгүң, даана балаң!
Өзүнчө бир үй болду Кыргызстан,
Түтүнүң булап элим, жылдызың шаң!
«Беш-Сары» оту болду ошол үйдүн,
Айланам, отун тапкан Кыргызымдан!
Отуңду жагып берсе-жылуулугуң,
Отунду алып берген-улуулугуң!
Жылытса от илеби үй-бүлөңдү,
Жашоого жанып турган сулуулугуң!
Ылайым жакшылыктын тоюн кура,
«Беш-Сары» шаттык каалайм оюнуңа.
«Беш-Сары»-кыргыз оту алоологон,
Сууктан элди каткан коюнуна!
«Беш-Сары»-бир боорумдай сындуу чагың,
Туруктап мээнет донуз жылды тагың.
Манастай кырк чоролуу даңкың ашсын,
Өрчүсүн ыйман, акыл ынтымагың

## ТУРМУШТУН ОТУ БОЛДУ АЗАМАТ УУЛ
**(Беш-Сары фирмасынын президенти**

**Камчыбек Жолдошбаевге)**

Жашоодо өмүр сапар, максат сапар,
Калышпа сапарлаштан, аттан катар!
Жетүүгө таалайыңа камчы керек,
Камчысыз атың чыкпайт, тарткан жапаң.
    Камчыбек! Эл-журт бекер ат койбогон,
    Аталар жүз жыл алды жакты ойлогон.
    «Атына тете өмүр сүрсүн деп уул,»
    Оюнда келечектүү бакты ойногон.
Камчыбек жолдошу бай, жолдошко бай,
Келбеген мээнет терден кол бошко шай.
Өмүрүн күн-түн эл деп күйүп чуркап,
Ант берип өзүнө-өзү болбоско жай.
    Теринен бакыт болуп тамчылоого,
    Элине камчы болуп ал чыдоого.
    Турмушту жылдырууга алга улам,
    Өмүрдүн атын өргө камчылоого.
Аттанып, белин бекем байлап коюп,
Өмүрүн кыргызына шайлап коюп,
Камчыбек келе жатат буудан өңдүү,
Жылдыздай мейкиндикте жайнап коюп.
    Тулпардай зуулай берсин жаңы чекке,
    Чоң бакыт дагы күтсүн алдыг бетте.
    Тең бекен депутаттын депутаты,
    Төш какпай алди баккан Камчыбекке!
Бул күндөр-элес, тарткан сүрөтчүлөр,
Камчыбек жүрөктөргө түнөп жүрөөр.
Камчысы Жолдошбайдын түбөлүккө,
өмүрүн, арбагын да сүрөп жүрөөр!
    Камчыбек! Камчы! Камчы! Кыргызымдын
    колунда бир камчысы, бул учурдун.
    О, элим, ак батадан башка не деййм,
    Камчыбек оту болсо турмушундун!

## ЖУКЕБИЗ АР БИР ҮЙДӨ ОТ БОЮНДА!
**(Кенди ачкан даңкуу геолог Жумадил Карымшаковго).**

Бул күндөр-келечекке жол ченебей,
Карт тоолор өмүр жүктүү зор кемедей.
Жетимге көмөч катып колтугуна,
Өксүтпөй сактап берген чоң энедей.
    Так ошол чоң энедей Жумаш ага,
    Тоолорду өз үй сезе, турак ала.
    Элине өмүр берип, көңүл берип,
    Бата алды, түптүү журттан кубат ала!

Кыргыздын адамдарда арбын куту,
Белгисиз, аалам кезген алгыр кушу.
О, Журтум, эрдик-болуу калайыктын
жыргалдуу турмушунун чалгынчысы.
Жылоолоп кырк жыл бою ошол бакты,
Жумадил агабызга таажы такты.
Очогу түтөп куйбөй турган кезде,
От болуп кыргызынын отун жакты!
Бул адам-адам куту, жаркын жери,
Булуттай көчүрмөкчү баркын эли.
Жукебиз-чалгынчысы кен байлыктын;
Өмүрдүн ачык жаткан алтын кени!
Кимди ким билет, отун болмоюнча,
Адамдар; жакшы адам бар ой-боюнда.
Биз менен түбөлүккө дасторкондо,
Жукебиз ар бир үйдө, от боюнда!

## ЭЛ УУЛУ, КӨП ЖАШАЙ КӨР КУДАЙ БЕРИП

**Ат-Башынын «Сардар» фирмасынын директору Койчуман Карымшаковго**

Кудайым ак адамды жалгай алган,
Адамдар нак адамды баалай алган.
Мүшкүлдү эл башында өзүнө алган,
Ал өзү кандай адам, кандай адам?!
Эр барган эл башына ар качантан,
Жыргабайт андайларга барбасаң жан.
«Эл» деген адам гана элди билип,
Башбагып алың сурайт дарбазаңдан.
Толсо да тоолор дагы ой туланга,
Бул кезде батып турган ой туманга.
Санааны көңүлүңдөн алып салса,
Не дейбиз Карымшаков Койчуманга?!
Бир көзүн бергенге окшоп сокур жанга,
Бактысын ал адамда болтурган да.
Эли эмес эки өрөөндүн, облустун,
Бир үйгө от жага албай отурганда.
Миндеген үй очогун оттуу кылган,
Өчпөгөн жалын жасап, чоктуу кылган.
Ак бата, ыраазылык Койчуманга,
Айласыз ач турмушка токту сунган.
Туйтунтуп бүт кыргызды, төркүн-төсүн,
«Кен казып, «Сардар» турган жер күн»-десин
Толкундай тобу менен «Сардар» фирма,
Кылымдарга жарык болуп өркүндөсүн!
Жакшылык жакшылыкты улай келип,
Өзүңдү бакыт издеп сурай келип,
Элиндин урмат-сыйы убай берип,
Эл уулу, көп жашайгөр, кудай берип!

## ТУРМУШТУН ЫРЫН СЕЗИП, ЖАШОО БАКЫТ

Бул турмуш таңдан кечке ыр жамгыры,
Көгөртүп, жашартып да ыр жандууну.
Ылайым ыр булуту адам болсун,
Ырларда өмүрдөгү сырлар куну.
Сергип ал сейил куруп ал нөшөрдө,
Сезимде сени үйлөнткөн ак көшөгө.
Ыр күнүң болуп анда нурун төгөт,
Ысытып, жарык берип как төбөдө.
Биз адам ырды өмүргө ала келип,
Бийиктеп, бийиктерден жана берип.
Турмуштун ырын сезип жашоо бакыт,
Туулуп, ошон үчүн жана өлүп.

## КАПУСТА

Баланын ороосундай,
Пияздай кат-катталып.
Жашоосун күндөн куруп,
Жамгырды, аптапты алып.
Түрүлүп өзөгүнө,
Түйдөктөй оролгондой.
Күрп болгон тоок окшоп,
Күркүйүп оңор болбой.
Күрөктөй ак жалбырак,
Сулуунун желпүүрүндөй.
Капуста болгонбу дейм,
Ойногон жел билинбей.

## АЁО

**(Балам балалуу болгондо билээрсиң)**

Маанисин сөздүн, ойдун да,
Кайгынын, шаңдын, тойдун да
Билбепмин, болуп балалуу,
Ата, Апа бааны койдум да,
«Ата» эмне баркын ченээрге
«Эне» эмне даңкын сезээрге
Ата-эне болуп бир билдик,
Баасына анын жетээрге.
Кемчилик эң көп кетирген,
Өкүнүч эң көп эсирген.
Эми, андан көп болоор баламда
Аяныч учат сезимден.

## КУДАЙ БАГЫН АЧ ЭЛДИН

Кудайга сыйынттырбай,
Сыйынтып өздөрүнө.
Кудайга каратпастан,
Каратып көздөрүнө.

Кудайдай калыс болбой,
Кудайдай текши көрбөй.
Өзү үчүн бийлик күтүп,
Баалашып элди көрдөй.

Кудайдан өзүн ыйык
сезишкен жетекчилер.
Өттү да жексен болду,
мезгилден эсеп билээр.

Иши да изи калбай,
Кылымдын даңканында
басылды «жалган кудай»,
жылдардын ар жагында.

Бир кудай калды калат,
Билинтип кудайлыгын.
Эл башы куурап миңдеп,
Көрсөтүп куурайлыгын,

Артынан самсып келет,
Алдында мурдагы көч.
Жолу бир, ою бир да,
Чакпайт го бир дагы төп,

Жамандайт мурдагысын,
Актанып бийлик берген.
Жаңысы «жаңы кудай».
Бийлигин үйрүп берген.

Анан да баштагыдай,
Колмо-кол жетекчилик.
Болот да бир аз жылга,
Тамыры кетет чирип.

Бу кылым сасыткылуу
жатындай эр чыгарбас.
Жасалма бирөөн берип,
Жадатты элди алдап.

Э, кудай өзүң жардам
берегөр жетекчиден.
Сагаалап байлык үчүн,
Сактайгөр кезекчиден.

Бир жарат, бир кудайсың,
Кор кылбай бүт пендеңди.
Эл шору жетекчиден,
Көз жумба туш келгенди.

Байкалбай келгендерге,
Басынып туталандык.
Эл бакты жетекчиден,
Багың ач букараңдан.

## ЖАШООНУН АСМАНЫ ЖЕР

Жылдыздар-көздөр, көздөр,
Нурлары-сөздөр, сөздөр.
Адамдар-жерде жылдыз,
Бирдейлик келет көктөн.

Жашоонун асманы жер,
Айына аскасы тең.
Үркөрдөй топ жылдызым,
Үй-бүлөм-аскарым сен.

Көздөрдүн жылдыздарын
аралап ыр куштарым
жылдыздай учуп келет,
как жарып турмуш шарын.

## ТАЛАНТКА

Кол чабуунун жамгырына сергип ал.
Бир серпилип бийиктикке эргип ал.
Эл сүрөөндөп турган кезде буудансың,
Талант деген куштай гана эркин, ал!
Талантыңды күндөй бийик сездирдиң,
Жүрөктөргө сен өзүңдү жеткирдиң.
Сезим отун алоолонттуң көрүнөө,
Кол чаппоого акысы жок эч кимдин!
Журт намысы тууну жыгып келишиң,
Өмүр күчүң элге арнап беришиң
Талант барбы өрөскөлү жок элде,
Кол чабуулар сага эмес, эл үчүн!

## СОГУШ ЫРЫН КУРАЛ ЫРДАЙТ ХОР МЕНЕН

Согуш-согуш, ажарчылык ат койгон,
Тынчтык деген дароо өчкөн жалпы ойдон.
Ал бир оору тээ байыртан өнөкөт,
Мезгил келсе кабылдаган дарт бойдон.
Кан майданда ажал коюп концертти,
Каалагандай дирижёру кол серпчү.
Курал ырдайт согуш ырын хор менен,
Өмүрлөргө өлүм алып жол кетчү.

Ыйи кылаарын тийген жерин ок ыйлап,
айтып келет, боздоп келет кокуйлап.
«Ысык өмүр бир алоолоп муздайт» деп
өрткө айланып доолдойт бир от ырдап.
Кылыч жарк деп жалп өчөөрүн эскертет,
Кырсык аңдып, сыйыртмагын сермелтет,
Согуш-адам! Баардыгына күнөөкөр,
Чыр баштаган бир-бирине «сен-мен» деп.

### «ТУУЛДУМ — ӨЛДҮМ»

**(Наристенин сөзү)**

«Баа» деп бала жарыктыкка келгенде,
«Бар-бар» ыйлап жардык айтат элдерге.
«Бейиш» десем жерди апамдын ичиндей,
тозокту адам, экенсиң го шерменде.
Киндик кесип, кан чыгарып денеден,
Дароо бөлүп салдың ыйык энеден.
Боор болдуң, таш боордукка багыттап,
Окшойт энем катаалдыкка төрөгөн.
Билсем аны койбойт белем туулбай,
Ысык дүйнө, ысык жашоо туурлай
Жашагандын жаны бөлөк экенин,
туйдум эми, акылыма туумдай.
Ыйлап түштүм жыргап өтөт дейсиңби,
Кийем эми миң түйшүктүү кейпинди.
Өтүп кетем ыйлатып да силерди,
Мен боздосом күлүп турган пейлиңби?
Көздү ачпай тарттым жашоо көйгөйүн,
Жандан эрте түңүлттүрдү көргөнүм.
Уккун аалам, бу не деген куу дүйнө.
Туулганым-тура менин өлгөнүм?!

### СЕЗИМ КУШТАРЫНА

**(Айтылуу эки артист жубайлар**
**(Дамира Баратбаева жана Адылбек Кыязовго)**

Канатың үндөн бүткөн
А, сүйүүң күндөн бүткөн,
Обонуң жүрөк сөзү,
Мүнөзүң гүлдөн бүткөн.
Агатай аман болгун,
Ардактап жеңем күткөн!
Жеңеке, эсен болгун,
Урматтап агам күткөн!

Айланып миң тагдырга,
Окшодуң гүл калкында.
Жагылдың оттой болуп,
Жаадырап күн баркында

Желбиреп, желдей ойноп,
Жеңеке, күл, жаркылда!
Агылсын ырлар суудай,
Агатай, бир тартынба!

Эл менен көңүлдүүсүң,
Черттиңер көңүл күүсүн,
Максатың калкың үчүн,
«Арчадай өмүр күйсүн,»
Элиңдин сыймыгысың,
Агатай аман жүргүн!
Элиңдин урматысың,
Жеңеке, эсен жүргүн!

Жашоого келген үчүн,
Элиңдин эрмегисиң.
Турмушка гүл өстүргөн,
Эңсеген элдер үчүн.
Кызыңдай, уулуңдай,
Таланттьı берген үчүн!
Сүйкүмсүң, аялуусуң,
Сүйүүсүн жеңген үчүн!

Булбулдай жыргап, гүлдөп,
Бактыны жылдап үндөп.
Сезимдин кушу силер,
Ааламды ырдап бүтпөс.
Күүсү бол күткөн элдин,
Жеңеке, жылдар күтпөс!
Ыры бол адамдардын,
Агатай, мезгил күтпөс!

## ДИНАРА АСАНОВАга

Келген кутту кезегиңде күтпөйбүз,
Көрүп туруп, ага өзүбүз түшпөйбүз.
Түркөйлүкпү, көрө албаспы, пастыкпы,
Сени кайдан издейбиз ээй, издейбиз?!
Тулпар болуп чилдедеги жабуусуз,
Арыш таштап, кадимкидей, калуусуз.
Дүйнө кезип, кайып болдуң Динара,
Өзүбүздөн гана зарыл табуубуз.
Адамдардын ааламында бир жанып,
Көңүлүнө көркөм өнөр гүл салып.
Күйүп туруп учуп кеткен жылдыздай,
Жерди карай сыздың, артта түр калып.
Эстегенде ырбап турат бир жара,
Эсти алып, ыйлап турат дил гана.
Кыргыз жерин дүйнөсүнө батырган,
Көрктөп турган, айтчы эми, күн кана?!
Муну ачылбас чанагында гүл гана,
Жылдыздары жымыңдаган түн гана.
Ошол сыңар сезимдерде жашайсың,
Ойго от жаккан касиеттүү ДИНАРА!

## КАЙГЫСЫЗ БАКЫТ СЕЗИЛБЕЙТ

Туш келип кырсык кайсы бир,
Жаш сыгат көздөн кайгы, бил.
Каран күн башка түшүрүп,
Өмүргө, билсек, кайгы түн.

Тагдырда сөзсүз бар ченем,
Сынтакпа бир аз шар менен.
Сен дагы бир күн ошосуң,
Кайгысыз адам бар бекен?

Курдымак адам кесирлейт,
Эси бар киши эсирбейт.
Канчалык көккө чыксаң да,
Кайгысыз бакыт сезилбейт.

## БАРДЫГЫНА БАЙЛАНЫШ ӨМҮРҮБҮЗ

Чачтарым-бу ааламга антенналар,
Жаңылык дайраларын мэзге куйган.
Баарысын кабыл алам, берем дагы,
Байланыш бекетимин жерде турган.

Өз ара биримдикте жашоолору,
Өмүр да, жаратылыш экөө бирдей.
Бардыгы түркүн түстүү нурдай гана,
Биз менен катыш алар экөөбүздөй.

## ҮЙҮҢ МҮРЗӨ, КӨР ДАГЫ ҮЙ КҮН-ТҮНДӨЙ

Өлүк, тирик, экөөнүн тең үйү бар,
Ардакталып, экөөндө тең сүйүү бар.
Жашоо турат жердин асты-үстүндө,
Экөөндө тең жарыктанткан күйүү бар.
Өмүр да шам, өлүк да шам мүрзөдө,
Үйүң мүрзө, башкача эмес, жүрсө эле.
Айырмасы аны өзүң жасадың,
Сен Күн көрө, маркум турат түн көрө.
Жашоо улап топурактан, чөптөрдөн,
Суусун ичип, күндөн ага дем келген.
Жерге айланып жашап калган маркумдар,
Көр дагы үй, эшиги ичте чектелген.
Кийими бар, жамынчысы, тайпасы,
Өмүр, өлүм бир катарда байкачы.
Үйүң мүрзө көр дагы үй, күн-түндөй
Жарык менен караңгыдай айкашы

## ОЙ КУБАЛАП ӨМҮРҮМ

Ой кубалап, үйрүп келем жылкыдай,
Оомал-төкмөл бу дүйнөдө тынчыбай.
Кайберендей заңгелдеген кыялым,
Кулунга окшоп байлантмакпы? Зыркырай,
мергендей таман этим жедирет,
тайган өндүү жетүү керек бир чыдай.
Мээнет өмүр, өлүм коштоп катарда,
Арман-оюң калса угуттай бырчыбай.
Тилек-элге бозо сымак берүүгө,
Ысык-Көлгө кетсем шактай ыр чылай.
Кыргыз жерин оттой ырга айлантып,
Турмак элем той жардаган ырчыдай.

## БИР ЖЫРГАЛ

Тик чыккан көдөө чачтай жашыл тескей.
Коёсуң кантип килем маалын сезбей
Кырданып, жайылган кой башындасың,
Жайлоодо жарашыктын баарын эстей.
Асманга карап алып, кумар канбай,
Аскага чыгып турган уларлардай.
Ак тайлак булуттарды санап бүтпөйм,
Ак мамак соргон бөбөк кубангандай.
Окшошуп торгой үнү булактарга,
Оргуштап, куюлгансыйт кулактарга

Кай-базар кой-козунун маараганы,
Жаның бир ушулардай, тунат шаңга.
Оту көп чоку жакта жайыт актай,
Саймасын толук бүткөн сайып ак жай.
Оттогон сайын колдон улам булкат,
Балыктай ат чылбырды кайырмактай.
Өөндө аптап жүрүп, чак түш, кайнап,
Алыстан жайытта кой-ак гүл, жайнап.
Бир жыргал, дүйнөң түгөл, канааттанып,
Жайлоону келсең боло аз күн жайлап.

## ЭШИК КАКПА

**Түн кооптуу, жылдыз көзүң жаппасын.**
**Дабыш, дүбүрт, басмакпы адам санаасын.**
**Караңгыда келе көрбө көйгөйлүү,**
**Какпа эшикти, жүрөгүмдү кагасың!**

## ЖАЛГЫЗ ЖООП

**(Алтай кыргызынын азамат мууну, АКШ дагы Кудайберген Кожомберди уулуна)**
**(Азамат Алтай)**

Кан күйүп жерде, көктө чычаладай,
Өрт каптап, ажал жанды кууса кандай!
Ал барбы, арга барбы, эркинден тыш.
Байкоосуз кармап кетсе кыса кармай.
Күнөөлүү белең боорум, так ошондо?
Кордукту ит көрбөгөн көрүп далай,
Тирүүлүк кымбат, тентип, өлүп даабай.
Кыдырып үч өлкөнү кыйындыктан,
Кыргызды анда өзүңдөн бөлүп салбай.
Күнөөлүү белең боорум, так ушунда?
Кыргыздын жерин, элин ала жүрдүң,
Күнүндөй тилин, дилин кара күндүн.
Чалкыдың эстеп алып Ысык-Көлдөй,
Бактысын жоготподуң бала күндүн,
Күнөөлүү белең мында, асыл боорум?
Жеме угуп жамандан да жакшыдан да,
Сен күйүп үмүтүң да какшыганда
Жетесиз кемчилигин жердештердин,
Тике айттың Германия, АКШдан да.
Күнөөлүү белең мында, асыл адам?
Туткуну Француздун, немистердин,
Күңкору Кошмо Штаттын берип эркин.
Болуп туруп, АКШдан да миң бир эсе,
Кыргызга күңкор болуу — элдик кесир!
Күнөөлүү белең мында айкөл адам?
Келе албай туулган жерге ак куусундай,
Түбөлүк элге пейли ак, бузулбай.

Өрттөнүп, кусалыкка, күйүп бүтүү,
Өмүргө керек беле так ушундай?!
Күнөөлүү белең мында, залкар адам?
Эне өттү бешик ырын ырдай албай,
Ата өттү ак калпагын ыргай албай.
Күнөөлүү согуш, сенби, коом беле,
Армансыз, билип туруп ылгай албай.
Согушка барган үчүн күнөөң барбы?
«Азамат Кыргыз» деген түбү алтайлык,
Асманы ачык, жылдыз, күнү, Ай калкып.
Алтайлык кыргыз-элдин уюткусу,
АКШда ал санжыра, миң ай айтып.
Кыргызды даңктоочуга күнөө барбы?
Өздү жат санап келсе-өнбөс жерге,
Не болот жүрсө көп жыл өрдөк чөлдө?
Сагыныч жетимиш жыл бото болуп,
боздоодо жүз атасы көрбөс жерде...
Оо, боорум, опсуз жаза кайсы күнөөң?
Арманың Ала-Тоодой тураар, сезем,
Эмгегиң элге имарат кураар нечен.
Кыргызга, Түркий элге сендей кызмат
жасаган, баш каткандан чыгаар бекен?
Боорум, күнөөң сенин ушул беле?
Ый менен Ысык-Көлүн көзгө жасап,
Ыргагын жүрөгүнүн өзгө атап.
Жүлүнү куйкаланган кусалыкка,
Азаптуу адам, «туткун» сөзгө такап.
Күнөөсү эңсегендин болчу беле?
Жаңырат жаңысы да, кылым токтоп,
Күнөөлүү күнөөсүздү соттоп-соттоп,
Кудаа алды, күнөөлүү эмес Кудайберген,
Жалгыз жооп: жок-жок! жок-жок! жок-жок.
Күнөөлүү жалгыз согуш, эч ким эмес!

## КЫСЫР КАЛДЫ ЖЫЛ БЫЙЫЛ

Карап турсаң жылдын жылга элегин,
Күлмүңдөгөн күндө бактың эледир.
Ажарлуу бир күзгө окшош болсо да Ай,
Кысыр калды быйылкы жыл, негедир.

Күн сүйүүдөй нурун улам жагылткан,
Күндөр күлүк, эртеңдерге жарышкан,
Кош бойлуудай булут көп-көп келсе да,
Кысыр калды быйылкы жыл капыстан.

Жылгаяктар калды асманда төрөлбөй,
Жер жылаңач ак мамыкка бөлөнбөй,
Кыш кийимсиз, ач чаңырык салат да,
Суук жүрдү тынбай айткан өлөңдөй,

Капырай де, сойку аялдай жыл кысыр,
Сузбай дыйкан калабы дейм бир кызыл.
Жылгаяктай көктө калып эгин, чөп,
Кысабы дейм элдин байкер турмушун.

## АҢДАЧЫ

Мүрзөгө сени эмнеге алып бардым?
Ээлери жатат анда тарыхтардын.
Нурлары жер астында түшүнгөнгө,
Жашоодо эң алгачкы жарыктардын.
Мүрзөгө алып бардым сени эмнеге?
Бир терең карансың деп жер энеге.
Баалап сен, ойлосун деп өлүм менен,
Кан менен тер жараткан берекеге.
Сени эмне алып келдим бул мүрзөгө?
Тирүүлөр төлөп бүтпөс кун мүрзөдө.
Ажалды билген, өмүр баркын билет,
Аңдачы, алар кечээ нур гүл эле!

## АП-АППАК КИЙИНИШЕТ БАЙБИЧЕЛЕР

Элечеги кабатталган жылдардай,
А, сөздөрү нават салган чайга окшоп.
Кабат-кабат тилектери жыргалдай,
Каада-салтты олтурушат жай козгоп.

Айткандары таккан ойго ак седеп,
Алмуздактан байбичелер наабаттуу.
«Муундарым дайра сындуу акса» деп,
Кебин салса жан дүйнөдө жанат туу.

Акыл-акыл, ал бир чалма азоого,
Ала-Тоодой энелерде жатат шат.
«Киши болсоң ак болгун деп жашоодо»,
Кийинишет байбичелер ап-аппак.

## АДАМ ЖАРЫГЫ

Көөлгүгөн көлдө көпкөк асмандуу,
Көтөрүлүп толкун келет ак жалдуу.
Ошол ак жал-тилек жолу өндөнөт,
Шаңга бөлөп, кутка бөлөп тапканды.

Күн жарыгы таңдан кечке кеп бекен,
Булут басса караңгысын кептеген.
Ап-аппак жол адамдардын жарыгы,
Толкун болуп жолун салат эс менен.

Адамтукум жарыгында көч келип,
Акыл наркын бир-бирине өткөрүп.
Түбөлүккө өчпөйт адам жарыгы,
Муундардан муундарга көрктөнүп.

## ТҮН ТҮБӨЛҮК ЖАРЫМДАЙ

Кайда болсом коюнумдан бөлүнбөй,
Караанды жок кыдырымдай, көрүнбөй.
Бирге жашап түбөлүккө түн келет,
Билип, сезчү жалгыз гана өмүрдөй.
Түн жүрөктөш, сырды качан ката алдым,
Чечип ойду, жалгыз түндө тазардым.
Төрөлгөндөн жана төрөлө электен,
Жолугушуп курсагынан апамдын.
Өмүр дайра, жаштыгы да, шар аккан,
Өрттөй каптап, ааламга өзүн тараткан.
Анткендиги, бу дүйнөгө ата-энем,
Мени түндө түнгө кошуп жаратткан.
Ошондуктан, түн өмүрлүк жарымдай,
Ойноп канда, бирге келет жалындай.
Жарым менен чогуу жатпай калаармын,
А, түн күн-түн коюнумда таңымдай.
Эч сезилбей жакынга да, элдерге,
Эгер өтсөм, бир көмүлүп көмгөндө.
Түн сөөгүмдөн бөлүнбөгөн кыйбасым,
Бирге жатмак көрдө дагы өлгөндө.

## АДАМ УУЛУ, АСКЕР ЖИГИТКЕ

Мылтык кармап-ажал кармап колуңа,
Өзүндөйдүн өлүм камдап шоруна.
Кимдир бирөөң-адам уулун жоготуп
Үй-бүлөсүн камап кайгы торуна.
Күлгүн өмүр учурундай кут барбы,
Күүлөнөөрдө күм-жам кылдың кутманды.
Аскер болуп ,өзүңө окшош аскерди,
Атып салдың, билдиң бекен сыздаарды?
Ажал ойнойт, өмүр бою көзүңө,
Кайран өмүр тип-тирүүдөй сезиле.
Эртең сени күтүп турат ошол ок,
Сен аткандан чыгып, тийет өзүңө.
Жакшылыкта адамдардын атагы,
Тирүүлүктөн көбөйөт да катары.
Демек, адам уулу, аскер, мылтыкчан
Өзүңдү ойло басаарыңда машааны.

## ҮРӨН

Үрөн сепсең, өнүп, өзүн жоготуп,
Жер үстүнө чыгат кайра жаңырып,
Топурактан тамыр алып, тогошуп,
Көбөйүп да жашоо үчүн шаңы улук.
Төрөлүүлөр, кайра кайтуу дүйнөдөн,
Бардыгына тиешелүү, оп-окшош.
Үрөн тукум улап, баарын иргеген,
Мезгилинде ордун улам бошотмок.

## ЖАЗГЫ ТООДО

Ар коктудан азанаган айгырдай,
Суулар түшөт окторулуп, жай кылбай..
Жаанын камдап тарам-тарам булуттар,
Бийик, жапыз тоолор турат ай, жылдай.
Түрмөктөшүп, туман уюп сыр кылмай,
Чырмалышып бир-бирине чынжырдай.
Келатышкан тизмектешип чөгө окшоп,
А, суу тоодо ээрден түшкөн чылбырдай.
Ичиркентет муздак жели, капырай,
Бирок, гүл, чөп жытын чачып атырдай.
Малчы кырда калкан болуп шамалга,
Көкүрөгүн окко тоскон баатырдай.
Конуш. Гүлдөр жаңы чыккан сары жөжө,
Кантесиң деп тескейлерде кар өөдө.
Оозун ачкан сары ооз балапан өңдүү,
Байчечекей жылдызданат шаң бере.

## КЫШТАГЫМ

Дайрадай чубалжыган узун көчөң,
Өзүм деп анын бир жак учун сезем.
Асманга канжар өңдүү шам терегиң,
Ойлорум уялаган учуп нечен.

Кыштагым, жайда көрсөм жашыл жалын,
Тыс коюп үйгөн чөптө жашынмагым.
Келгиндей жылуу жакка сапар алган,
Сага мен өмүр бою шашыламын.

Сен күндөй, уул-кызың нурларыңдай,
сезилет, биримдикте турганыңдай.
Жашоого жылуулукту, жарык берип,
Нур алып, бул бактыга суктанып Ай.

## ЖАЙЛООДО

Жаңыдан ашык селкиге,
Жигиттей келем ышкылуу.
Көк, кызыл, сары жоолукчан
Кыздардай гүлү, ышкыны.

Топчудай торгой асманда,
Жамгырын төгүп ырлардын.
Ыр байлап күндүн нуруна,
Ырахат көктө тургандын.

Шиберге түшкөн чок гүлдөр,
Көз болуп тиктейт жылтырап.
Саадакчан жигит чегиртке,
Келиндей жайлоо кылгырат.

Тоо-жүрөк, суусу канымдай,
Толкутат жанды жарашык.
Бир жолу барсаң жайлоого,
Миң жылдык кумар таратып.

Жайлоого жүрөк ыраазы,
Тоолору бийик, малы көп.
Ушундай жерге жаратып
койгонго дагы канымет.

## КЫЗГАЛДАК

Талаадан жулуп келсе солуп калаар,
Айылга жеткен менен сонун кабар.
Мезгилден эрте куурап калган гүлгө,
Көңүл да түбөлүккө ооруп калаар.

Көңүлүн таппай калган кыз да ошондой,
Дүйнөсү үйгө түшкөн кутча болбой.
Ачылып, бир солуган кызгалдактай,
Көрүнбөй калаар өмүр кыска жолдой.

## ТҮНДӨ

Карегиме түн толуп,
Кулагыма үн болуп.
Жатам жылдыз жамынып,
Асман, жерге бир болуп.

Суулар ырдап, термешет,
Тоолор «бери кел» дешет.
Көйнөгүмдү күчүктөй
Желпилдетип жел кетет,

## ООРДУК

Канча ооpдук алып келсең майышып,
Такаң чыгып бутуң жерден тайышып.
Жеткиргенде жеңилдейсиң ошончо,
Жеңилбейсиң, эч нерседен кайышып.
Жакыныңдан, жакшылыктан айрыган,
Жалп эттире канатыңды кайрыган.
Өмүрдө өткөн ооpдук жок теңдешсиз,
Өлүм менен өзөк жарган кайгыдан.
Турмуш түп-түз сызык эмес ар кандай,
Ысык же бир суугу бар карандай.
Оордук-бул, ажал, өлөт кишилер,
Шор көтөргөн балбан жок го адамдай.

## БОЙДОК КЕЛИН

Жигит аттай ыргыштаган, жүрүштүү,
Сын-сыпаты келишимдүү, бир иштүү.
Бирок, баркын төмөндөттү күн сайын,
Бирөө менен түндөр-түндөр бир иччү..
Өз азабын өзү тартып күн менен,
Өз «жыргалын» өзү көрдү түн менен.
Бирок, даңкын алып койду адамдык
Билинбестен жүргөн күндөр гүлдөгөн.
Мезгил учкул, жаштык дагы бир келет,
Өмүр деген жылдар менен түрдөлөт.
Артта калаар оюн-зооктун учуру,
Ага-тууган тик карачу күн келет.

## КЫМБАТ ӨМҮР БААСЫНДА

Ак дилимди адамдарга беремин,
Ак көңүлүм ыроологон белегим.
Уя салган чабалекей сыяктуу,
Бир эмгек, ал-шашкан өмүр себебим.

Жашап келем турмушума туу окшоп,
Жашоо эмес күн өткөрүү курорттоп.
Өмүр күнгө куюлушат булактай,
Алп деңизден агып чыккан суу окшоп.
Бөксөрүүнүн өзү кымбат, баасы өмүр,
Жүз жыл жашоо бербегендир маа теңир.
Демек, баркын күндүн, түндүн билүү парз,
Ден-соолуктун иштей турган шаа кезин.

## ТИРҮҮЛӨЙ ЖЕТИМГЕ ОКШОП КЫРГЫЗ АЙЛЫ

Мезгил, доор, адамдар да өскүлөң,
Эли-жериң окшоп ыйык өз бүлөң.
Антсе дагы Бишкек шаары учурда,
Жаңы үйлөнгөн жигитке окшойт көпкүлөң.
Көпкөнгө не, жар да, бала бар, жогу,
Көзгө илеби, баары бир да ач, тогу.
«Ашар», «Көк-Жар», Ак-Өргөөдөй» айылдар
Наристедей оroосу жок зар болду.
Тирүүлөй бир жетим окшоп айылдар,
Таштак жерге майда талдай сайылган.
Өсүп жатат' шаар этегин жамынбай,
Четте калып келген көрктөн байыртан.
Ыйылдашып көзүн ачып күчүктөй,
Кайыгышып булуттарга үзүктөй,
Суугуна бул турмуштун титиреп,
Көзгө комсоо, жайда жүргөн үшүктөй.
Чуркураган жетим балдар кейиптенип,
Бул тарчылык колкосуна кептелип.
Өз киндигин өзү кесип жатышат,
Чоң шаардын бийлигине эптелип,
Ач тоюнаар, жыртык бүтөөр, жок кетип,
Аны билген учурунда док сезип.
Кийин ,бирок, тагы калаар өчпөгөн,
Эстегенде алган өңдүү чок кечип.

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Байчечекей күн жүздүү,
Күн нуру шам күйгүздү.
Жаздын сенсиң чырагы,
Жаадыраган гүл түстүү.
Кар астында жашайсың,
Карлыгачы жаз айдын.
Ак ороолу бөбөктөй,
Апайсың да апайсың.
Адамдарды сагынткан,
Мезгил отун тамызган.
Байчечекей сүйкүмдүү,
Жаралгандай жарыктан.

## КҮНДӨР

Өткөн күн тураар кайрылып,
Өмүрдүн жайын билдирип.
Жеңедей болом, күйөөгө
узаткан кайынсиңдисин.
Ал күндөр сыры жүрөктө,
Жалгыз мен билем сандыктай.
Эстеген сайын өткөндөр,
От кылаар, ойдо жалбырттай.

Анткени, кезде жумуртка,
Ысыгым берип чайкагам.
Жетилтип, колдон учуруп,
Жетээрин алыс байкагам.

Уядан учкан куш өңдүү,
Учууда күндөр көрүнөө.
Төркүлөп келээр ар убак,
Өмүрдүн көрктүү төрүнө.

## КАЙБЕРЕН ЗООДОН ЫР ТЫҢШАП

Таңдан ыр басып жер бетин,
Торгою бүтпөй термесин.
Намазын улам кайталап,
Күйкөсү айтып келмесин.

Түркүн куш сайрап безенип,
Үндөргө кооз, эс эрип
Сахна жайлоо куштарга,
Өзүңдү буга сез ээлик.

Үн кошуп жан да жаныбар,
Үлпүлдөп, үндүн шаңы бар.
Хор болот жайлоо өзүнчө,
Жалындап өмүр, жаз ыраң.

Суулары коштоп түйүлүп,
Сезимге ырын кийирип,
Азанап айгыр, желеге
үйүрүн келет үйүрүп.

Мезгили ушул жылдын шат,
Жүрөккө өчпөс сыр кылмак.
Каалгып бүркүт асмандап,
Кайберен **зоодон ыр** тыңшап.

## ӨМҮР ОТУ

Жарыгы түнгө ширелип,
Жаткансып мында түн эрип.
**Жа**нган от ушул терезе,
Жарданат ой-кыр тирелип.

**Бөл**мөдө ойлор күрөлүп,
**Ке**лечек менен сүрөлүп,
**Ко**лунда калем бир акын,
Жарыктай болгон түбөлүк.

Жылдыздар жанда отурган,
Жылдыздуу ырлар окулган.
Түндү ал жагып арчадай,
Жолуна таңдын кошулган.

Жашоого жарык-көрүп ал,
Жалындуу өчпөс көңүл ал.
Терезе эмес билгенге,
Алоолоп күйгөн өмүр ал.

## ТОО ЖАНА АДАМДАР

Бардык нерсе иштен чыгып барабы,
Жакшы карап күтө албаса адамы.
Соолуп, кургап калган көлдөй тоолор да,
Кажып бир кез, тукулжурап калабы?

Бүтүн байлык уратылып, кулаган,
Жардыруудан бүтүн калбай ураган.
Тоого окшоп адам дагы адамдан
мүчүп, пастап, басырылып, сулаган.

## БЕШ КҮҢГӨЙ

**Кү**н өпкөн жай-кыш кез гүлдөй
**Ме**згилдин суугун сездирбей.
**Ак** жаркын сулуу өңдөнүп,
Ажары жанган Беш-Күңгөй.

Ар качан жайдай кеч кирбей,
Алыста ойдон эскирбей.
Ардактуу адам сыякуу,
Аласың ээлеп Беш-Күңгөй.

Бакытсың асыл ,жел тийбей,
Баарыга жылуу көз бирдей.
Күн чыккан, баткан жер өзүң,
Күлмүндөп сүйкүм Беш-Күңгөй.

## ЭКИ ЭШИК,ЭКИ ЖҮРГҮНЧҮ

Жашоодой кайталануу болуп адат,
Каалга балык өңдүү оозун ачат.
Суулардай кирет-кирет сырттан аба.
Үй ичи бир деңизге толуп калат.
    Кайгы-шат, адам деген атак-дастан,
    Өлүм·шум, как алдыңда жатат, качсаң.
    Деңиздей толкуну көп буркан-шаркан
    Бир үйдө биздин өмүр жашап жаткан.
Түрмөнүн эшигиндей шарак-шарак
ачылып, күн эшиги барат-барат.
Бир күнү үйдөн чыгып ал эшикке
киребиз, бир өмүрдү кошо жабат.
    Мезгилдер күлгүндүү да бүлгүндүү да,
    А, кудай башка жазган бир күндү да.
    Чиркелген күн вагондор айга, а, адам
    бери келген, ары кеткен жүргүнчү да.

## ЖЫЛДЫЗДАЙ ӨМҮРДӨ

Сапарда жашоо, өмүрдү сүйүү туткан,
Келатам бир жылдыздай күйүп учкан.
Изим бар, жарыгым бар ошол жолдо,
Өмүрүм бу кылымда бийик, кутман.

Канаттын алып учкан тийип күүсү,
Бактымдын күтүп турат сүйүнчүсү.
Жылдыздай өмүрүмдү сүрүп келем,
Өмүрдө жылдызга окшоп күйүп бүтүү.

## ПЕЙИЛДИ ОҢДОП, ҮМҮТ ҮЗБӨЙЛҮ

Нан таштап түкүргүчкө, таштандыга,
Калган кез бүгүн турат баштан чыга.
Термелеп эми алардан нан издешет,
Барчылык башты аттап, качкан тура.
    Адамдын кесирлиги башка тийди.
    Тилектер быркыранды, ташка тийди.
    Оо, ошол жоготуунун орду толгус,
    Кусуру барчылыктын ашка тийди.
Дагы эле ыйман, арга келчү учур,
Сындырым нанды адамга бөлчү учур.
Түңүлбөй, пейилди оңдоп, үмүт үзбөй,
Алдыда жакшылыкты көрчү учур.

## БАКЫТ ЫРЫ

Жадыраган жайдай,
Булбул өңдүү сайрай.
Турмуш-деңиз, өмүр
Ой кемесин айдай,
Жүрсөң бакыт кандай!

Жашоо гүлүн тандай,
Жактырганың жандай.
Эргип кыял дайым,
Жаман ишке барбай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Кайгы торун салбай,
Элиң сени жардай.
Сезип максат тоосун,
Сергүү жашап таңдай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Суусу толо сайдай,
Турмушунду шаңдай.
Күндү, түндү ырга,
бийге бөлөп, танбай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Күүгүм тартып калбай,
Күйүп түнкү шамдай.
Келечекке белек,
Кезегинде камдай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Калыстыктан тайбай,
Гүлгө тикен сайбай.
Мээнет териң төгүп,
Арашандай кайнай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Ажал тузак жайбай,
Кырсык колдон албай.
Бу жашоонун дайым,
Кызыгына канбай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Жарың болсо Айдай,
Жаныңды ага байлай.
Бейпил өмүр сүрүп,
Жашап аппак кардай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

Балдар өсүп талдай,
Жазгы гүлдөй жайнай.
Чынар болуп чырпык,
Максатынан жанбай,
Жүрсөң, бакыт кандай!

## АМАНДА АЛТЫ САНЫМ

Аманда алты саным,
Элге көп калтыраарым.
Өмүрдүн бууданына,
Оор жүк артынаарым.

Аманда алты саным,
Максатка артыламын.
Толгонуп зым аркандай
Бийикке тартыламын.

Аманда алты саным,
Ааламга талпынамын.
Аралап жылдыздарды,
Адамга жаркыганым.

Аманда алты саным,
Дүйнөдөй чалкыганым.
Кылымды дүңгүрөтчү,
Кыргыздын калкы-жаным!

Аманда алты саным,
Алдыга ашыгамын.
Өлүмдүн астын тосуп,
Өрүүгө шашыламын!

## ЖЕБЕДЕЙ БОЛУП

Жер шарын бир айланып чыкканга окшоп,
Айланат минут секунд жебелери.
Куйруктан байлап койгон жыланга окшоп,
«Жекеге чык,чык!» —этип чебеленүү.

Жылкыдай күтүрөгөн сан күн дайын,
Жебедей аларга бек байланабыз.
Айларды, мезгилдерди ар жыл сайын,
Адамдар биз да ошондой айланабыз.

## ЗЫМ МАМЫЛАР

Асмандан ылдый атылган,
Жебедей жерге батырган.
Анан бүт байлап койгондой,
Тосмодой жерге чатылган.

Зым мамы менен жер куудө,
Карагай ырдап, эргүүдө.
Карасаң, бирде гитара,
Шашыла шамал чертүүдө.

Тамырдай зымдар, каратат,
Жер-жерге үндү таратат.
Кабарлар агып суулардай,
Жаңылык чуркап баратат.

## ЖАШ КАР

Чаңырган наристедей жерге түшкөн,
Ак шамдай күйүп дароо жергебизден.
Олпоктой ак кар кызык, жашып, тердеп,
Бир бакты болуп кутман элге күткөн.
Антсе да жаңы дүйнө, көнүү кыйын,
Укмакпы жаратылыш көңүл ыйын.
Мертинтти баё, таза ымыркайды,
Мезгилге эмес да бир өмүр буюм.
Өгөйлөп, бул дүйнөдөн кубаланып,
Боордон томолонуп — жумаланып.
Баладай там-туңдаган бой токтотпой,
Жыгылып, тура калып, тура калып.
Жоголуп, эрип кетип суута айланып,
Булутка кайра чыгып, бууга айланып.
Сездирип-төрөлүү, бул тозоктугун,
Күрөштүн бир кезеңин улай калып.

## ТОО ДАЙРАСЫ

**(Акын Эрнист Турсуновго)**

Бирден миңди кошуп алган булактай,
Анан дайра болуп аккан кубаттай.
Дүйнө таанып, бала күндөн жетилип,
Толуп-ташып өзүн шаңга жубатпай
Окуп баарын топтоп ойдун деңизин,
Окторулуп, тууган эли, жери үчүн.
«Калдым же өлдүм!»-майдандагы жоокердей,
Тике беттеп, түзүп максат негизин.
Коом, турмуш, адабият дүйнөлүк,
Толкуп турат акылында түйшөлүп.
Ата-баба нарк-насили туу болуп,
Даана талант сокусунда күйшөлүп.
Чатыраган түнкү арчадай алоолой,
Чапсаң кыял жана эркин азоодой.
Шамдагай, шар, илбирс мүнөз бул адам,
Көрктүү, шаңдуу, суктандырган жашоодой.
Көркөм дүйнө ээси, түркүн саймадай,
Шыгын чубап жылдан жыл да, айдан ай,
Улам тоссо, улам жыгып тосмосун,
Акын-тоодо күргүштөгөн дайрадай,

Бүткүл элдик адам, чындык жолдогон,
Өмүр бою эркиндигин коргогон.
Жүрөгүндө эрдик, октой түз киши,
Баатырлардын жолун ыйык жолдогон.
Жигиттиги күчтүү инсан ак жаркын,
Көтөрчүнүн бири жонго өз калкын.
Окуганда ырларынан от жанган,
Пейли көлдөй акын үчүн даңктангын.
Жолукканда адам моокун тараткан.
Сапарында сендей, мендей бараткан.
Бирок, күлкү, ойносо оюн, айтса сөз,
Иштесе иши өмүрүнө жарашкан.

## КӨГҮЧКӨН

«Тынчтык» деген көгүчкөн, билели биз,
Жердин шары тынч соккон жүрөгү бүт.
Канатында ойну бар наристенин,
Учуп жүрөт көкөлөп тилегибиз.

## ЖОЛ ЭРТЕҢГЕ САПАРДА

Бу жолдун бүткөн жери барбы деги,
Өмүрдөй алды жагы, аркы чеги.
Созулуп жатат, жатат жерде, ааламда,
Сапардын жолдор менен калды деми.
Башталган мурда адам Атадан жол,
Түбөлүк келечекке атаган жол.
Жолу бар жан-жаныбар баарысынын,
Дүйнөдө бир төрөлүп, жашаган соң.
Канча өмүр тагдыр билет болжолуна,
Жашоодо жол үстүнө койгонуна.
Бардыгын кайда болсо кайкалабай,
көтөрүп бара жатат жол жонуна.
Жүктөнүп өмүр жүгүн жеткен жерге,
Батырып кайгы, арманды чектеп ченге,
Токтобой, бекети жок поюз өңдүү,
Сапарда жол эртеңге, эртеңдерге.

## СОГУШ АПААТЫ

Чогулушуп чоң максатка ар жерден,
Топуракка айланышкан аскерлер..
Жазгы айдоого жашырылган үрөндөй,
Жоокерликте жолдо калчу шер келген.
Ким өлүмгө тике бармак чендешип,
Атышуу эмес айтуу кыйын «сен» дешип.
Тамыр болуп калды алар тынчтыкка,
Бүткүл жакшы нерсе менен жерде өсүп,
Согуш,, согуш! Беш жыл удаа созулду.
Денеден кан булак болуп жошулду.
Күйдү аскер, күнү бүтүп тирүүлөй,
Күн нуруна ысыктыгы кошулду.

Тынчтык үчүн шейит болду кайрандар,
Ажал жаздап ала кетти майданда ар.
Тирүү туткун кыйын болуп өлгөндөн,
Тентип кетти, көздөн учуп сайган тал.
Дайынсыздар дарексиздер-кайыптар,
Наамына көп тагылган айыптар.
Өмүр бою өзөк жарган жарадай,
Канча жылдар эч бири жок айыккан.

## МЕЗГИЛ АПААТЫ

Мезгилдин байкап койчу дүрбөлөңүн,
Жоготту кечээ гүлдүн гүлдөгөнүн.
Кууратты сүлүк соргон денеге окшоп,
Чырпыктын жаңы гана бүрдөгөнүн.

Баарысы бир сапарда бирге келип,
Мына эми кетти дароо түндөр бөлүп.
Огунан ушул жылдын соо калышпай,
Карачы, күндөр кыйрап, күндөр өлүп.

## ЖАЗ КОҢГУРООСУ

Шылдырайт булак, шылдырайт суулар
туш-туштан,
Балапан болуп жаңыдан улам учушкан.
Жанданып жашоо, кыймылга келди
тирлик да
Шыбага жерге, өмүрдү шаттап кулпуткан.

Шыңгырайт булак, шыңгырайт суулар —
коңгуроо,
«Чыккыла чээнден, ойгоонор мезгил
болду го?!»
Сабагы бүткөн балдардай кар да шашылат,
Жаркын жаз ойго, дүйнөгө минтип толду го

## АКЫН

Аралык жок акынга,
Бардык жер жүрөгүндө.
Адамзат бүткүл сыйып,
Тилеги тилегинде.

Жакшылык-жамандыктар,
Жанган ал өмүрүндө..
Кайгы да кубанычтар,
Сызылып көңүлүндө.

Акындын калем-сабы,
Дан болуп башы ийилген.
Дүйнөгө бакыт берет,
Кетсе да башы ийинден.

## ТҮТҮН

Сөөлжандай сойлоп кетип бараткан,
Түтүнү үйдүн бала кезден караткан.
Кийин менден «түтүнсүңбү?» —деп сурап,
Аксакалдар ойго нуска кадашкан.

Кызык өмүр, эртеңи да бүгүнү,
Туулгандан келечекке күтүнүү.
Көрсө, үйдөн чыгып турат турбайбы,
Бул турмуштун жалынынын түтүнү.

## ЧОЛПОНБАЙГА

Жаш баатыр сени кууп жашап атам,
Эрдигиң миң кылымдар тажабаган.
Жаркырап улам доор өткөн сайын,
Өсүшөт адам аттуу карап саган.
Куракта өттүм сенден, дагы өтмөгүм,
Сен жап-жаш ошол жаштан нары өспөдүң
Түбөлүк жашап кала бермекчисиң,
Узатып учурунан жаңы өскөнүн.
Каранбай тарткынчыктап жан-жагыңа,
Малынбай келген ажал арманына.
Тайманбай көз көрүнөө, билип туруп,
Таң калам, окко тике барганыңа!
Так андай аң-сезимди, зор кайратты,
Мертинбес, кайра кайтпас чоң айбатты,
Чолпонбай, кайдан алдың, кайдан жыйдың.
Бактыңа миңдеген жыл жол айкашты!
Артта айыл! Астыда өлүм! Ортодо сен!
Эки жол, бирин тандоо ойлосо тең.
Айылды берип тирүү калуу керек,
Ажалды өлүп туруп, болбосо жең!
Манастын нак тукуму алга кетмек,
Ошентти, болбогондо арга кетмек.
Айылын сактап, тандап ажалды алды,
Душманды думуктурду жарга кептеп.
Түшүнөм так ушундай. Түптүү элиң,
калды аман ымыркайлар, жүктүү келин.
Миң сандап катардагы Чолпонбайлар
өсүүдө, гүлдөөдө да куттуу жериң.
Үрөнү ал даңкындын себеленип,
Күндөрдөн ойго турат жебеленип,
Жаш баатыр сени кууп жашап өтөм.
Изинде эрдигиңдин чебеленип,

## АК-ТАЛАА КЫШЫ

Топ түшүп таранчылар тоңгон суугу,
Арактын дүкөндөргө тоңгондугу.
Жазында күкүк сайрап тал башынан,
Жергеде кар тирелип болгондугу.
Бул анык, көрүп калдык бала кезден,
Билинбей, жапкан менен жылдар нугу,
Эзелтен суугуна иттер өлгөн,
Жут болуп мал кырылып бүт өрөөндөн,
Топ-толук алты ай кышты өткөрүшкөн,

Алышкан чыдам кайрат күчтү жерден.
Тамызгы байлап иттин куйругуна,
От алган ак-талаалык түпкү элден.
Эми, андай суук анча болбосо да,
Борошо жолду чайкап, торгосо да.
Жоголбос эзелкинин эпкини бар,
Тоолордо сени келген жолго сала.
Билинбейт, жетингендин күчү менен.
Мезгилдин кан майданы тоодо гана.
Машина өтсө жолдон муздак деңиз
сүйрөлүп бараткандай толкун келип.
Бубактап, аяз болуп адамдары,
Мезгилге турат сапар жолун керип.
Ошончо комсоо, суук болсо дагы,
Өзүңө ысык, ыйык сонун жериң!

## БИР ЖАРК ЭТИП

Түбөлүккө жаштык менен ыр бирге,
Жашырышпай жандагы бүт сыр бирге.
Өмүрдө экөө кала берет түбөлүк,
Жетсе дагы жашоодо эгер жыл миңге

Колдо калем, бир конокмун, сеземин,
Бул дүйнөгө келемин да, кетемин.
Соңку чекте жаштык ырын жаңыртып,
Өрткө айланып, бир «жарк» этип өчөмүн!

## НЕГЕ ЭЛЕ АНЧАЛЫК

Жамандык иш иштейм деп, иштей албай,
Бир жарып салсам деп, бир тиштей албай
Ээчиген чая күчүк өңдүү тынбай
борсулдап, мерт кылычың шилтей албай.
Неге эле кастарыңды тигип алдың,
Ажалың мен болоорун билген жандай.

## ТАЗАРУУ — БАКТЫ

Кыйын болду чейинки жол бактыга,
Канча умтулуп, чуркасаң да астыга.
Ошол жолдор бизди кайра жасады,
Ташбакадай жүрсөк дагы аз жыла.
Турмуштагы улам жаңы сапатка,
Билсең, жетүү оңой эмес заматта.
Сересине өнүгүүнүн рухий,
Жолу, ачкычы кайда, билген табат да
Кыйын кезең, жоготуулар күйүтү,
Армандуу ырдан жүрөктөргө түйүшү.
Милдет артат бизге баарын жасоого,
Өксүктөрдүн көкүрөктө күйүшү.

Кайда билмек, алдыда эмне болоорду,
Узак жолдо кемип же бир тоолорду.
Сүрүп таштсо пастыкты, чыр-чатакты
инсандык бир жетилгендик жогорку.
Ойлоонун да жашоонун да акактай
тазалыгы бакты, болот башаттай.
Таалай үчүн зарыл тура тазаруу,
Ага аттанып, өмүрдө бир казаттай.

## КҮЗГҮ ДАРАК

Дүбүртүн убакыттын уктуң беле?
Сааттын чыкылдагы! Туткуң келсе.
Окшошуп, байланышып бир-бирине,
Ойлосоң, бу турмушуң укмуш нерсе.
Селкидей ыргып турган төшөгүнөн,
Серпилсе күзгү шамал-көчө килем.
Жалбырак сары майдай томкорулуп,
Бак-бактын өрттөй тамат өзөгүнөн.
Ак жуумал келин түстүү таң албырат,
Кумардын өктөсүндөй Ай жалдырап...
Өлүп бара жаткан адам сөзүнө окшоп,
Абада калкып, кайкып Ай-жалбырак.
Ар үйгө терезеден күзгү кадап,
Жалбырак улам ойноп, желде чабак
жана да жылдыз сымал учуп турган,
Жыргалдуу түн өңдөнөт күзгү дарак.

## БОЛБОСУН СОГУШ ШАМАЛЫ

Окуялар таалим берип, тастыктап,
Дүйнө тынчсыз, кооптоно азга уктап.
Ал жүрүшүн тездетүүдө мезгилдин,
Коом өзгөрүп, жаңылыгын таптык бат.
Турмуш өсүп рух жактан каныккан,
Озуп кетчү окшоп темпи жарыктан,
Чыңалууда заман азыр турган кез,
Бир бурулуш жасачудай тарыхтан,
Жер-кеме, биз ичиндебиз, адамы,
Укум-тукум согуштардан жаралуу,
Болбосо экен согуш авантюрасы,
Алааматы, чыр-чатактын шамалы,
Эгер, антсе толкун сүрүп таштамак,
Бүт адамзат кармаштары башталат.
Кимдер барат ай-күн жеткен кылымга,
Өмүрлөрдүн тилектери таш кабат.
Өсүп турат ракета-балаты,
Өркүндөгөн ал согуштун баласы
Каргашалуу курал турса мээленип,
Кантип тынмак энелердин санаасы,

## ЖЫЛДЫЗДАРЫМ СЕНДЕ, АДАМ!

Тагдыр бактым чачып койгон жылдыздай,
Төрөлгөндөн топтоого аны тырмышмай.
«Өзүңдү-өзүң табуу» деген бир тозок,
Кетилүү да жетилүү да турмуштай.
Оңой бекен жылдызыңды жыйнамак,
Оор жүгүң кара жаның кыйналат.
Туулгандан өчкөн учур-бир сапар,
Өмүр көчүң-нечен ооп, кыйрамак,
Табам топук, мезгил менен тең барам,
Өмүр мээнет, эмгегим бар, кең талаам.
Жыргалым да кууралым да жашоодо,
Жыйып алчу жылдыздарым сенде, Адам!

## ЭНЕНИН СӨЗҮ

«Отур кызым отурагой секетим,
Сен өзүмсүң, денең өзү, денемин.
Кууралыңды мен тартайын турмушта,
Жыргалыңды өзүң көргүн» дегенин.
Кызга энедей кымбат кайда, бир очок,
Кыз болбосо энеси өлсө ким кошот?
Кыз энеге бир жаралган чоң бакты,
Эне үчүн кыздары жок бир тозок.
Сөзү бүтпөйт, иши бүтпөйт таң күндө,
«Турмуш» деген улуу нерсе бар күндө.
Кыздуу болсоң, билээрсиң сен өзүмдү,
Энеге кыз энесиндей жан бирге.
Отур кызым, жумуш жетет үйүңдө.
«Жардам береи» деп мага бир күйүнбө.
Төркүн төрү жайлоо болот кыздарга,
«Олтургузам апамды» — деп сүйүнбө.
«Отур» дебейт көкүрөктөн кетсе жан,
Кыз, эненин бул бактысын сезсе-шаң.
Өтүнөөрүм, сексендеген «улагым»,
Бир отуруп балалыгың эстеп ал.

## КЫЗЫЛЧА

Кызарып өңү ажарлуу,
Кыярбас жап-жаш келиндей.
Бөлүнтүп элес санааңды,
Кыялың турат бөлүнбөй.

Жалбырак ал да жарашып,
Келинге жаңы жоолуктай.
Ойносо жел да талашып,
Турасың тиктеп, болуп шат.

## ЖАШ БАЛАДАЙ БОЛСО БАРДЫГЫ

Атка өнөрөөң «жүрөлү дейт алдыда»,
Жарышса да ашкысы бар алдыга.
Машинада жүрсө «кууп өт деп баарын»,
Алдыңкыны эңсеп, дайым жар кыла.

Ыйлап иймет, калып калса бирөөдөн,
Керек эмес, ага чыгуу сүрөөдөн.
Таза мээнет, күчү, акылы так керек,
Жыгылгысы жок атайын жүйөөдөн

Демилге, шык, тазалык да бар анда,
«Дайым жүрүү эң алдыда!»— таламда.
Бала жүрөк! Коом, эл-жер гүлдөмөк,
Так ушундай болуу керек адам да!

## КЫШТА ДА ӨМҮР АК ЖАЛЫН

Ызгаар жанды жеп койчудай күч болуп,
Аймакты ээлеп, каптап турат бүт тоңуп.
Машинаны ээрчип барат бурчатпай,
Тозоң-ажаан, кабанак бир ит болуп.
Баскынчыдай сак-сактаган ой-кырда,
Кыш бийлиги төрүн ээлеп ойдун да.
Жүрөт суук жып-жылаңач калчылдап,
Эшикке чыксаң, кире качып койнунда.
Жылкы от теппейт, жылдагыдан кар калың
Сыртта кыштын «оту күйөт», байкагын.
Тапты алып ал мезгилдин отунан,
Тоңду эритип демине адам ак жалын.

## БАБАЛАР

Кылымдардан өмүргө акыл-эс өрүп,
Өнөр жандап, курчуп улам көшөөрүп.
Жер-бабалар, топуракка айланган,
Адамзатты турат дайым көтөрүп.
Урпактары уят болсо титирейт,
Чөлгө айлана, түшүмү жок битирейт.
Ысык-суукту жонуна алып бабалар,
«Суулар деген билсең, эне сүтү» дейт.
Кыраан бүркүт аска-тоого каралаар,
Кыйырынан кыйла эрдиктер жаралаар.
Мундурбай да, тоздурбай да эселеп,
Муундарын багып жатат бабалар.

## ЖАЛГЫЗ ДАРАК

Келатын заман атын кыбыратып,
Келгиндей сан ойлорду жыбыратып,
Авга үктап бара жатып жол үстүндө,
Көз ачтым, тигишинен ыдыратып.
Көл турат Орто-Токой, алгын карап,
Чардактар куушуп ойноп чалгын канат,
Ошондо жып-жылаңач наристедей,
Ортодо куурап турат жалгыз дарак.
Жасалма көл көгүлтүр талаага окшоп,
Көңүлдө «согуш» деген жара ковгоп,

Суу жайнап айланасын жалгыз дарак
туткунга түшкөн байкоос балага окшоп.

## УКТАЙ БЕРСЕК, ЖОГОЛОТ ГО КАЙРАН ТИЛ

Кайран тил ай, чала кыргыз, чала орус,
Төрөлгөндөн аксак болуп, бала ооруп.
Анткендиги, ата-энеси ошондой,
Бабалары тирилмекпи жалооруп.
Нарк, салт билбей, ыйманы жок, дили жок.
Демек, анын эне сүтү, тили жок.
Курандыбы кырк куракташ куралган,
Же өзүнчө улут калкпы түрү жок?
Өзүнө-өзү канжар малып ичине,
Же жоголбой, же айыкпай кичине.
Сөөк сыздап, оору болгон өнөкөт,
Тил жарадар жана өспөс кишиче.
«Тилди кескен» дале бийлик баштагы,
Өнүктүрбөй, бечел кылып таштады.
Жакшы ачылбай, ала бүркөк тунарып,
Мыйзамы бар кыргыз тилдин асманы.
«Найза калган бир майдандан жара» деп,
Улгаарыды ишке ашпаган чара көп.
Уктай берсек жоюлат го кайран тил,
Чечкиндүү бир зарыл өктөм аракет.

## КЫЛМЫШТЫН ЧОҢ КЫЛМЫШЫ

Даңк алып бирөөлөрдүн жолу менен,
Кор шилеп бирөөлөрдүн колу менен.
Калышкан бирөөлөрдүн убалына,
Зулумдар жоголбоду чоңу менен.
Өздөрү суудан таза, сүттөн да ак,
Аш болуп алган пара, ичкен тамак.
Ортодо бирөө «душман», жаман аттуу,
Бул үчүн ишинен да түшкөн тажап.
Күндөр ай, бардыгына күлүп өткөн,
Бактылуу ак, караны билип, сезген.
Кылмыштын чоң кылмышы, уусун чачып,
Жыландай ийинине кирип кеткен.

## БИЙЛИКЧИЛДЕР

О, алар бийлик кулу кылтылдаган,
Кызматы үчүн кыздай жылтылдаган.
Акыл-ой ага чептей калыптанган,
Курсакта баласын да чынжырлаган.
«Бийлик» деп ыйлап түшөт муштум түйүп,
А, анан эрте басып, учкул, күлүк.
Кылымдык колдоочулар байланышып,
Байкасаң учуп турган кузгун «бийик».

Заман да оодарылса оодарылбайт,
Эсеп бар ал жагынан, оо жаңылбайт!
Каякта бийлик болсо так ошондой,
Иши жок, үнү үңкүрдө, тоо жаңырбайт.
Жашы бар, ар кыл курак, баарысы бар,
Ошондой кызматтардын жаңысы бар.
О, булар жөргөмүштүн желесиндей,
Чырмашат кимди болсо карысынан.
Көтөрүп бул кылмышты барат жылдар,
Пендебиз, күндөн түнгө агат чыдам.
Сүлүктөй соруп канды, уусун чачкан,
Тоногон акыл-эсти каракчылар.
Сезсе да экендигин жеткен чирик,
Турса да ал-кубатын элдер билип.
Тап-таза баарысынан, күч келгенде,
Куйругун кесип кеткен кескелдирик.
Каякта пайда болсо-башында алар,
Кышта да көктөп, өнүп, жашылданган.
Анткени, жон терисин элден кийген,
Топтошкон көркоо иттер ажылдаган.
Бийлик бар жерде байлык, хандай жашоо,
Жетишет ошондуктан, жандай дароо.
Анан төп төгөрөгү, турмушу гүл,
Эл ыйлап турса күлүп; андай макоо.

## ТҮРК АТАНЫН БАЛДАРЫБЫЗ

Тооп кылып тоонун суусу, ташына,
Асманына, отко сырын жашыра.
«Тирүүлүктө өлүм барын ак сез» деп,
Кынсыз кылыч кармап душман башына.
Түрк атабыз адилдикти калтырган,
Нурдай урпак, күндөй бийик атына.
Канча коом өстү жана токтоду,
Улам доор тукумдарды козгоду.
Чачылса да түрк атанын мууну,
Асмандагы жылдыздарга окшоду.
Бул дүйнөнү турат көрктөп, жылытып,
Күн чыгыштын табы улуу оттору.
Бабам менин түпкүрдөгү күн гана,
Жанып турат турмушуна түр сала.
Түрк тукуму адамзаттын чегеси,
Түпкү тегиң кара жана сүй, бала
Кылымдардын өзөгүнөн жалганып,
Өмүр барда жашай берет түрк ата!
Атабызды «Күн» десек, биз нурубуз,
Атабызды «тоо» десек, биз суусубуз.
Балдарыбыз бабабыздын сыймыктуу,
Эсте, ал окшоп наныбыз да тузубуз.
Желбиреген ар кай жерден жаркырап,
Жер шарында Түрк атанын туусубуз.

## АДАМ ЖАНА АБА ЫРАЙЫ

Жаачудай болуп күн күндө,
Окшошуп келип күүгүмгө,
Булуттар тарайт шашылып,
Качкан эл өңдүү үркүндө.
Түнөрүп аалам, аярлай,
боз тыбыт жоолук аялдай,
урушчу түспөл келатып,
каткырып ийген, амалдай.
Челденсе бул күн жап жаңы,
Челденет көңүл асманы.
Ачылса маанай ачылат,
Бар окшойт айкаш жактары.

## ЭКИ АЙЫЛ ЭЛДИ ЭСКЕ АЛЫП

Өмүр, өмүр, күн астында гүлдөгөн,
Ажайып көрк, бакыт сунаар түр менен.
Көркко толуп, бүгүн жайнап, жаадырап,
Түн келээрин сезбеген да билбеген.
Жарыкчылык тартуу тура бир келээр,
Жарыгынан караңгылык сүрдөгөн.
А, эртеңчи? Эртең, минтип томсоруп,
Ата-бабам, жан күйөөрүм мүрзөлөр!
Бир айыл эл! Үстү жагы тирүүлөр,
Билбей ажал, «көртирилик» деп жүрүүлөр.
Бул дүйнөдө бакты эмне экен, байкабай,
Бу жашоону чексиз, чексиз сүйүүлөр.
Бир айыл эл! Асты жагы көрүстөн,
Өткөн-кеткен кадырлоосун төгүшкөн.
Куран-кептер, учкан мында арбакка,
Эки айылга байланышчы көгүчкөн.
Эки айыл эл! Үй жер асты, үстүндө,
Бири күндө, бири жашайт түпкүрдө.
Эки айылдын ортосунда мен туруп,
Бүгүн жана эртеңди ойлоп мүшкүлдө.

## БАЗАР

Чөнтөктө жарыбаган пулуң турат.
Буюмдар чоң атаңдын кунун сурап.
Албасаң абийриңди жаба албайсың.
Бул турмуш ач бөрүдөй улуп турат.

Дүйнөдө өтө берет, пулга жол көп,
Кардарлар «келелешип» турса «бол» деп.
Базарга өмүр баасы чыгабы дейм,
Аялы, эркегин да «мынча сом» деп.

## ЭКИ КӨРҮНҮШ

«Ала кет деп шаарга», айтса жакыным,
Шоопур токтоп, үйдөн алыс-чакырым.
Пипилдетип, мээсин жарат адамдын,
Элди ойготпой, түшө калбай акырын.

Ошону эле чоңу «эртерээк кел» десе,
Таңдан мурда тургансып бир мелдеше.
Астаа келип, чоңун күтүп үргүлөйт,
Адамдыкты жүргөн жакшы да теңдене...

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН КӨКСУЛУУ

Ай-ааламды, эмки эртеңки дүйнөнү,
Айтып өткөн сыпаттап, жок бир кеми.
Айтылуу акын Жеңижоктун өмүрдө,
Көксулуу экен ооз ачып өөп, сүйгөнү.
Даңкы жетип, наркы угулуп көп жерге,
Ыры агылып, ак булуттай көчкөндө.
Кайда жүрсө ала жүргөн бапестеп.
Баш кошкондон гүл өмүрү өткөнчө.
Айлап-айлап айылдарга сөз өрдөп,
Күндө-түндөп, жумалап да нөшөрлөп.
Жары жанда, ырды төккөн Өтө акын,
«Кереметтүү дүйнө бизден өчөөр» деп
Кыял-жорук, назга теңби байлык да,
Өтө үчүн Көксулуусу бар нуска.
Лаззаты, ышкы, кумар, арзуусу,
Аялзатта кездешпеген айрыкча.
Жаркын дүйнө көркүн камтып көктө улуу,
Жалгыз түрдөп тургансып ал жер-сууну.
Жарык жылдыз бир Өтө үчүн өчпөгөн
Жайлоо дене, жаркылдаган Көксулуу.
Күнү бар да, Айы бар да, жылдыздуу
Күүсү жанбас жаштыгы бар-ыр куттуу.
Асман беле жерде туруп Көксулуу,
Арнап жарга касиеттүү чындыкты.
Таза аялда-таза, күчтүү махабат,
Таалайына бир эркектин сакталат.
Так ошондой Көксулуу, Өтө айкашкан.
Дүйнөдөгү сейрек үлгү, жакшы адат!
Таазим, урмат-оттондурса жанынды
Тагдыр салса коюнуңа таңынды
Өрттөй өмүр сүрүп өтүү бир бакты,
Жашоо өтөп, кумар менен жалындуу.
Өтө катуу берилип да арналып,
Аял сүйгөн жүрөгүнөн шам жанып.
Болсо болоор, болсо Өтөдөй чандадыр,
Кумар канбай ,жарына өткөн таңданып.
Теңириндей колдоп, сүрөп, шыктантып,
Перисиндей коштоп, дайым суктантып.
Ырдын пири болуп берген Көксулуу,
Жүрөгүнөн ырга айланып учкансып.
Арууланып, сулуу менен шаңданып,
Адамдарга турган дайым жарданып.
Ырга салып бул жашоону жарындай,
Өлүм, өмүр, турмуш күүсүн жар салып,

Эли көргөн, журту көргөн пайдасын,
Акын эмне билет доор, жайчы акыл.
Антсе дагы эзелтеден Өтөдөй,
Сүйгөн жарын ала жүргөн кайсы акын?!
Бастырса бир аттанышып, куушуп,
Өргөөлөрдө өрттөй күйүп турушуп.
Өмүр баарын жаздай тартып жарына,
Ырдаса ырын, сүйлөп сөзүн угушуп.
Карыш жылса бараткандай эл көчүп,
Сулуу жанда, кырда гүлдөй желдешип.
Даңкы басып жөө тумандай ушакты,
Турмушунун жыргал доорун көргөзүп..
Ошол кезде түшүнүктөн, салттан да,
Көксулууну бийик сүйүү ашкан да.
Көктөй баалап, акын кумар төккөн соң,
Сый урат да адам пенде «асманга».
Ар бир күнү даңазалуу кечедей,
Алган жарын өмүр бою жетелей.
Жаш кумардай жалын жасап өмүрүн,
Аял сүйгөн ким бар экен Өтөдөй?!
Ашыктыгы карыганча жаштардай,
Койнунда Күн, жай аптабы жаткандай.
Өзгөчө жан Көксулууда не арман,
Өмүр бою ээрчип өткөн жаш жардай!
Ким бере алат кылымга өчпөс нак ырды,
Айтып турат дүйнөлүк күч-алыңды.
Тосуп, күтүп, жашоо кандай, ошондой —
Жеңижоктой турушунча жалынды.
Эр жүрөгүн эритип да туруктап,
Бүткүл эркин бийлеп, оюн тузактап.
Чыдап жатуу керемет го сөз жеткис,
Жеңижоктой жанар тоону кучактап!
Бир кайып түн, жылдыздары жүгүргөн,
Асман-жердей экөө айкаша бүгүлгөн.
Эрип кетип кечтен таңга чейин бир,
Турса керек бир жаралып бүрүлдөн!
«Айтышаарга бул дүйнөдө теңи жок»,
Ашкере бир сүйгөн Сулуу, Жеңижок.
Өмүр бою баалап өткөн теңдешсиз,
Не деген жан? Адам эмес, пери шок!
Ошол акын башын ура, берилип,
Оттонуп да көзүн карап элирип.
Көрк астында чалкып дагы, сыйынып,
Көксулууга жашап өткөн жеңилип.
Канча сулуу, канча акылман аялдан
өткөн, өтүп, тарыхта орду, жай алган.
Көксулуу да бири алардын өзүнчө,
Көкөлөөчү күндө өмүр саяндан.
Өтө ыры баласындай армансыз,
Жыргал доор өттү экөөндө жап-жалгыз.

Жары менен бирге келет Көксулуу,
Кыз-жигиттин никесинде калгансып,
Ойлосо ой, эстесе эс жетпеген,
Бир жомок го Өтө менен Көк деген.
Кулдук ураар арбагына алардын,
Кумары күч анык жашоо, көксөгөн!

## БОЛОСУҢ ТАҢДА АК МАҢДАЙ

Ар күнү сыртка таңда чык,
Аласың андан жанга шык.
Коштоого алат сергүүлүк,
Колтуктап сүйөп, жандашып.
Толкундай көркту жел шилей,
Келиндей келген төркүлөй,
Айдарым тосот бүгүлүп;
Утурлай чыккан селкидей.
Көңүлүң дайра ташкандай,
Кабагың ачык асмандай.
Серпилип кыял кыргыйдай,
Болосуң таңда ак маңдай.

## ТАШ-ДӨБӨ-СОҢ-КӨЛ

Кезегинде кары дене, жаш дене,
Ташка айланган өмүр беле Таш-Дөбө.
Чоң кыргындын күбөсүбү байыркы,
«Кыргызым» деп эстейм, көзгө жаш келе.
Ар бир ташы ар бир кыргыз, мүмкүндүр,
Алааматтуу бир күндүр же миң күндүр.
Бабаларбы тээ эзелки, бул дөбө
ойдо жанган жарыгыбы түпкүрдүн?
Таш-Дөбөдөн ылдый, ылдый Көл жатат,
Суу да өмүр, ойлоп денди тер басат.
Соң-Көл өзү, сууга айланган өмүрбү,
Тоонун үстү, бул жер сырдуу кеп катат.
Түпдоордон кыргыздардын жаныбы,
Жаралгандан төгүп келген каныбы?
Толкун, толкун, кайтып турат өмүрдөй,
Көз алдымда Соң-Көл жашоо тарыхы.
Турмуш шаңдуу, туш-тушуңда бейпилдик,
Көл, Дөбөнүн ортосунда мейкиндик.
Бул кийинки жашообуздай созулат,
Камтып тирлик, өюн-зоогун элдин бүт.

## КҮҢҮРТ ТҮН

Түнөрүп Ай-алсыз шоола булуттан,
Сыры дайын, бирок, айтпас сулуудай,
Кылыят да муздак нурун кубулткан
бүдөмүк бир түрдү берет жылуудай.

Жылдыз кайда, чыга албай бир жөрмөлөп,
Жүргөн жандай элес салат ар бөлөк.
Булут түндөн дагы кара сыяктуу,
Түн болсо айдын ары жагында өңдөнөт,

## ӨМҮР — АЖАЛ

Өмүр, өлүм-экөө тагдыр, бир келген,
Адам үчүн экөө тең иргелген.
Ажалды өмүр кууп жүрүп отуруп,
Акыры бир жолугушат бир жерден.

## ӨЗҮҢДҮ ӨЗҮҢ БАКЧУ КЕЗ

Өзүңө-өзүң «берчилеп»,
Өлбөстүн күнүн көрчү кез.
Ташкөмүр таппай калган соң,
Талаадан тезек терчү кез.

Абалкы атты минчү кез,
Аштыкты баары билчү кез
Сокону кармап керилтип,
Кыртышты жазда тилчү кез.

Кол шилтеп турат жакшы кез,
Короодон көңдү чапчу кез.
Өзгөгө дагы арттырып,
Өзүңдү-өзүң бакчу кез.

## ЖЕР ЭНЕДЕЙ ТОЛГОНУП

Күндөр жамгыр, күндөр кар, күндөр мөндүр,
Астында анын тиштенип жүргөн өмүр.
Жалгыз түткөн Жер Эне бардыгына,
Тирдентип да ирдентип чүрпөлөрүн.

Булуту жок күндөрдүн шыбагасын,
Алып бир кез, тулпарчан чыга аласың.
Майданында турмуштун максат деген,
Адамга туу, ардактуу, тура асыл.

Жылан багат баласын ийрилип да,
Чүрпөлөргө — мээнет да, ийгилик да.
Бу жашоодо парз — өтүү, уул-кызга
Жер энедей толгонуп, үйрүлүп да.

## КАЙРАН АКЫН КААДАЛУУ ЖУРТ БАР ТУРА!

**(Казыбекке)**

Алып кеткен күндө күлүк убагын,
Тагдыр өзү кышкы кирген бууранын
Чайнап салган, ким жолукса тепсеген,
Мезгилинин нечен чыгаан бууданын.

Бирок, эл-жер жаккан талант чырагын,
Үйлөп салмак кайда, тоонун кыраанын
Ким өчүрмөк көңүлдө Күн жарыгын,
Ким токтотмок өмүрдөгү ыр булагын.

Күн жарыгы таңдан кечке, а талант,
Өмүр барда өчпөйт, батпайт, аталат.
Казыбек да чубатынан жылдардын,
Чыкты алдыга, кылым санап жашамак.

Көрө албастык кылычына чабылып,
Өчтү өмүрү, куу арчадай жагылып,
Ошентсе да казалдары кыргызды
каптап турат, куусаңда өрттөй жабылып.

Бакытты-ырды, өлбөстүктү дарыдай
берген акын өтпөйт, жашайт жаңыдай.
Агып жатат өмүрлөрдү сугарып,
Ат-Башы дайрасына шар улай!
Бир жаралган эл бактына Казыбек,
Чеберликти чегелеген аты көрк.
Биздин күндөн баасын алып зор талант,
Бийиктикте, жашай турган жашы көп.
Көзү өтсө да каралаган калкына,
Кайран акын-каадалуу журт бар тура!
Күндө жанып, толуп-ташып турганда,
Ал күздө кетип, жазда келген каркыра!

## ЖАЗЫЛА ЭЛЕК ЫРЛАРЫМ

«Колдон келсе канатты кең жаялы!»,
Менин да бул өмүрүмдүн баяны.
Түбөлүккө айтылбаган сүйүүдөй,
Жакшы ырларым ыйык жана аялуу.

Каран калган өмүрүмө чен болуп,
Бийиктердин бийигине тең болуп.
Эң мыктысы-жазыла элек ырларым,
Жанда келет, ачылбаган кен болуп.

## ӨМҮРДӨ

Өксөй берсең өчөбү өмүр санаасы,
Айыкмакпы көңүлүңдүн жарасы.
Кааласаң да каалабасаң минмей бар,
Кайгында-кайгы, өмүрдүн кара аты.
Кетсең кайра барбы, жокпу жаралмай,
Тагдыр билет, эмгек билет, каралмай.
Боздоп, ыйлап, балапаны калат да.
Боз торгойду илип кетсе жагалмай.
Келмек өлүм. Демек, жаша өлбөстөй,
Турмушуңда эч жамандык көрбөстөй,
Өмүр деген сезүү өлүм аныгын,
Так ошондо тазарасың берметтей.

## КЫРГЫЗДА ЧЫНЫГЫ КЫЗ КАЛБАЙ БАРАТ

**(Сойку кыздарга)**

Каз-өрдөктөй жазда сууда куушкан,
Толкундуу бир көлдөй шашып куу учкан.
Оозу, бети, кийми дагы кып-кызыл,
А, абийирде кызылы жок, куу кыздар.
Эне наркын эшке түртүп салышкан,
Ата салтын эчак отко жагышкан.
Максаттарын ич кийимдей покторуп,
Сырт кийимдей эл көзүнө «даанышман».

Кыяматтай дүйнө жүзүн суу басаар,
Өлүм эле айтылган сөз «туумачар».
Никелүүдөн миң эсе көп эми алар,
Кантип кетээр кир көңүлдү жуубасаң?..
«Чачы узун, а, акылы кыска» деп,
Бир кездеги айткан мисал, нуска кеп.
Атоту жок чачтан дагы, акылдан,
Не демексиң, ороотун да бузса көп.
Бардарынан, кардарынан турмуштун,
Бир убакта өзү болгон жылдыздын —
Олоңдой чач, Айдай акыл, Күндөй көрк
Кызы калбай барат минтип кыргыздын.

## БИР ЫРМЫН ЖАЗЫЛА ЭЛЕК, МЕН БЕЛГИСИЗ

Окурман, көзүңдө жүз-азап, билем.
Баштагам өзүңө ырдан жасай килем.
Бүткөндө жазып жакшы жалгыз ырды,
Ошондо, бир өмүрдү жашап бүтөм.
Кабылсам оттуу ойго ичим кеңип,
Кыйналсам жанды эзе ичиркенип.
Же ары, же бери кетпей орто жолдон,
Тулпардай буту калган күчүркөнүп.
Саптарым-терген гүлүм, ойдон, кырдан,
Төрөлгөн жана болгон ойлор курман.
Баасы өмүр ырларымдын ушундайча,
Бакытым-сенсиң мага, ой, окурман.
Сен мага бирге жүрүп билинбейсиң,
Деңиздей түбүң терең, иримдейсиң.
Көрүнтпөй учу-кыйрың көктөй чалкып,
Жылдыздай шоолаланып, күлүңдөйсүң.
Бийиксиң, бийиктигиң тең келгисиз,
Таланттан башка жетип чен белгисиз.
Бир өмүр! Окурманым, сага карыз,
Бир ырмын жазыла элек, мен белгисиз.

## ШЫР ЭМЕС ДА БАРДЫК ЖОЛ

Барааны жок келбетимди калыптап,
Баратам да күндөн-күнгө арыктап.
Түйшүк тарта, түркүн-түркүн түш көрүп,
Түнү бою чыкчу болдум чала уктап.
Ырас-ырас, чоң сапарда чаалыкмак,
Антсе дагы ден-соолукка саамыктап
жүрүү керек жана зарыл өңдөнөт.
сыркоо үчүн бала күндөн жаа мыктап.
Билем, билем, бир жеримен кетиргем,
Чендөн кемип же бир ашып, эсиргем.
Шыр эмес да бул өмүрдө бардык жол,
Шарттуу болсо керек антип кетилмек,

## ЖАЙЛОО ТҮНҮНДӨ

Бип-бирдей түнгө айланган тоо-талаасы,
Жылдыздан башка шоола жок каранчу.
Көр учур көзгө сайса көрүнбөгөн,
Жылдыздар—«дүрр» деп учкан топ таранчы
Уктаган айыл. Булак күлкү салат.
Чычканды чыйылдатып түлкү алат.
Үргөнү үнү жоон бир дөбөттүн,
Огундай кош оoздун түндү жарат.
Ысык дем кошуп келген айдарымга,
Жаш айгыр окуранат байталына.
Уктаган тун кулунун этияттап,
Тулаңда кош бутун артып айдалыга
Үйүрдө турса дагы уйку курчап,
Экөөндө көз ирмелтпес укмуш тузак.
Бу аалам жарык болуп, көрктүү болуп,
Көзүнөн сур байталдын жылдыз учат...
Боз үйдө төшөктөн уул кулап калат,
Чал-кемпир ойгонуша турат карап.
Небере кайра-кайра оодарылат,
Чоң ата, чоң энеси улам жабат.
Чүчкүрсө жандыктары сыртка чыгат.
Колунда Айдай болуп асма чырак.
Байталдын онтогону кулагына
сызылат жайыт жактан. Кашка улак.
жылт коюп жөнөй берет, эми келген.
Жарканат кол чатырдай эми керген,
Оолактап, алыс качат бу жарыктан.
Аскердей чал, дамбалчан, көөнү дердең.
Кемпирин кокуйлатып буту муздак...
Ушинтип, түн ойгонуп, куту учмак.
Аңгыча, Үкү «үүлөп» чабыт салат,
А, ойдо жылдызданып, уктап кыштак.

## ЧОҢ БОЛГОНДО ТҮШҮНДҮМ

Мурда кайсы жерден экенин билбегем,
Маани берип ойго да илбегем.
Чоң кызматка келди, дароо түшүндүм,
Чукул кайнагам болот экен, бул деген.

## ЖАМГЫР

Аңгидей нөшөр жамгыр,
Байталдай кыздарды кууп.
Бөлчудай асфальт калбыр,
Чакалап, таштектеп жууп,

Май жолдон чаң чыккандай,
Чабактай туйлап жаткан.
Качалбай бак кыздардай,
Жаш төгүп ыйлап жаткан.

Учундай саптын тамчы,
Тургансыйт миңи шамдай.
Бу жамгыр моокум канчу,
Жайлоодо сүргөн таңдай.

Тулпардай жарыштагы,
Жан үрөп арыш керген.
Дабырап дабыштары,
Асмандап карыш жерден.

Өпкүлөп жамгыр тынбай,
А, кыздар алма-чөлмө.
Жаз турат жаркын ырдай,
Ширелип асман-жерде.

### СУУК КАЙГЫ

Ысык менен суук күрөштү,
Көпкө чейин тирешти.
Суук көтөрүп алды касын,
Түшүрчүдөй жүрөктү.

Ошентип женди ысыкты,
Ызгаар алды утушту.
Демек, суук кайгыдай оор,
Мертиндирет, ким тушукту.

### ЫР ТУРАТ

Өмүр өтөөр, балдар калаар чуркурап,
Миң сооронсор, миң жол улам буркурап.
Өлүм муздак, уруп кеткен бир шамал,
Өз маалында сай-сөөгүң зыркырап.

Кыштан кийин жаз окшогон, антсе да,
Тагдыр ошол унутулат жыл зуулап.
Бирок, бирок, өчпөй гана түбөлүк,
Көзү өткөндү көрктөп жаркын ыр турат.

### ОТ МЕНЕН КҮНДҮН МАЙРАМЫ

**(«Нооруз» күнүнө)**

Орто Азия! Түрк атанын балдары!
Отто, Күндө ойноктогон жандары.
Кышты узатып, салтанаттуу жаз тосуп,
«Куттуу Жаңы Күндү» утурлап калганы.
«Нооруз» болуп, Асманга, Көк-Теңирге,
Адамга, Отко багышталып, шаңдалуу.
Өмүр, жашоо келет Чыгыш тараптан,
Өөрчүп турмуш, аппак нурдуу таң аткан
«Бул ааламдын негизи — От», айткандай,
Кудай Күндү «Нооруз» күнү жараткан.
А, Кыргызды Күн тукуму жасаган,
Ааламга эл өзүн нурдай тараткан.
Оттон турат адамзаттын денеси,
Күндүн ал от, жерде турган элеси.
Күн болсо оттун асмандагы бөлүгү,
Күйпүнүүда булар менен Жер өзү.
Асман оту-Күн, дүйнөнүн жарыгы,
Жердин күнү-от, тирликтин сереси.
Тирүүлүктүн, Жаралуунун бир доору,
Барчылыктын, Жакшылыктын бир жолу.
Күн дагы от, От дагы күн, бип-бирдей,
Чындык, Адил, Айкөлдүктүн Күн жолу.
Күн-Тазалык, Сүйүү, Акыл-эс, Күч-кубат,
Баатырдыктын, Кубанычтын символу.

Бир көнгөн куш, биз турмуштун коногу.
Жакшылыкта, тып-тынч жашоо жол оңу.
«Нооруз», «Нооруз» — улуу күнү Улустун,
Элибиздин кумар канбас жомогу.
Бүт жамандык кетсин эски жыл менен,
Айдан аман, жылдан эсен бололу!
Кут өчпөсүн «Нооруз» күндөй айылдан,
Кубаныч той, дасмалы сен жайылган.
Жакшылыктар жамырасын көктөмдөй,
Жамы журт чет болсун ушак айыңдан.
Улуу От менен улуу Күндүн майрамы,
Улуу элим белгилеген байыртан!

## КУДААДАН ТИЛЕЙМ ЖУРТУМ, «ЭСЕН БОЛ» ДЕП

Адам бул, адам үчүн тилек белем,
Ыр тура жазып бүтпөс «жүрөк» деген.
«Дайыма түптүү журтум эсен бол» — деп,
Кудаадан өмүр бою тилеп келем.
Өргө жол, сапарымды ачып бердиң,
Өстүргөн өмүрүмдү жазым менин.
Туйлаган жүрөктөгү сагынычым,
Туумдай каректесиң, таазим элим!
Өзүңө өмүрүм да, кадыр- баркым,
Өзүңө керектигим сезем-бактым.
Ырымсың бүтпөй турган түбөлүккө,
Төрөлгөм сага арналып, билсең калкым!
Ырларым элди желдей араласын,
Кумары түбөлүккө тарабасын.
Эмнеге жашагандын мааниси-Сен,
Калайык, сага тартуу кара башым!

## БАШ АМАН, БАКТЫН ОШОЛ АСЫЛ ЖЫЛДА

(Кайгы жуткан курбума)

Балыктай бикүп кеткен кармаарында,
Ый жатат шат күлкүндүн ар жагында.
Жаркын күн булут менен барктуу, баалуу,
Жашоо бар бул өмүрдүн арманында.
Күн куүп жылга айлантып айды, өктөм,
Күз басып көчөө гүлдүү жайды көктөм.
Төрүндө көөдөнүңдүн ый деңизи,
Ойиндун түпкүрүндө кайгы чөккөн.
Күйүтүң жанар тоодой жарып чыккан,
Үмүтүн ушкуругүн жалын чыккан.
Тоо болсоң бүт бырқырап калаар элең,
Чыдалып адам үчүн, тарткылыктан.

Сыяктуу өлүм, өмүр, шаттык, муң да.
Арналган тагдырыңа акыр бул да.
Жазмыштан буйтап өтүү мүмкүн эмес,
Баш аман, бактың ошол асыл жылда!

## КЫРГЫЗ БАРДА ЖАШАЙ БЕРЕТ МУСАКЕМ!

**(Муса Баетовго)**

Тоодон түшкөн дарыядай агылып,
Жүрөктөрдөн чагылгандай чагылып.
Төбөдөгү күндөй тийген Мусакем,
Төрт мезгилден жанып турган жаңылык.
Ыры менен ырга айлантып адамды,
Үнү менен термеп биздин заманды.
Жан дүйнөнүн бир Чолпону аталып,
Жарыктантып тургансыйт ал ааламды.
Канча жылдар өтсө, ошончо жаңырып,
Канча муун келсе, ошончо баары угуп.
Алмустактан талант барын таанытып,
Ала-Тоодон дүйнөгө үнү жаңырык.
Муса элеси куйүп турат көзүмдө,
Муса үнү жомок болот сөзүмдө.
Мусакемдин эмгеги той, аты той,
«Муса» десе жаштык, майрам сезимде,
Кыргыз үнүн созуп чектен ашыра,
Кыргыз даңкын үйүп кеткен атына.
Кыргыз барда жашай берет Мусакем,
Жашты кошуп, эли, Мекен жашына!

## ЭЛ-ЖЕР МЕНЕН ЖАШАЙТ ТАЛАНТ ТҮБӨЛҮК

**(Мусага)**

Адамга ак жүрөктөрдөн ыр табылып,
Алоолоп улуу оттой бир жагылып.
Өнөрдүн үнү өчмөкпү доорлорго,
Өмүр-тоо, анда калган сен жаңырык.

Сүйүүсү адамдын миң жылга айланып,
Сүттөй ой, талантыңа бир байланып.
Сезимди, мезгилдерди сүрөп коюп,
Сен кеттиң түбөлүккө ырга айланып.

Айтабыз, тагдыр, дүйнө, пенде жалган,
Антсе да талант өчпөйт, элде калган.
Турмуш, оор, өмүрлөрдүн ырын ырдап,
Туу болуп өткөн жанда эмне арман.

«Жалганда бир жаралган жери менен,
Жашайт дейт талант бирге эли менен»
«Жашасын, талант!»—дейбиз, бардыгыбыз,
Жашайбыз жан дүйнөдө сени менен!

## ӨТҮП КЕТСЕМ АРМАН ЖОК

Чыгаан акын, дегеле, адам кайда анык,
Чыкса чыгаар кылымдарды жайгарып.
Жалган атак эмес талант, адамдык
берсе элинин үмүттөрүн кайтарып.
Дүңгүрөгөн, кайда адамзаадалар?
Дүйнө агарат күнү-түнү жааса кар.
Жакшы адамда дил агартып түбөлүк,
Өмүр, өлүм так ошондой жасалаар.
Кайырлуу өлүм, билсек-түнкү Ай-жарык
Караңгынын турат сүрүн майтарып,
Жаралгандан ак болсом деп ажалга,
Жүрөм тилеп ,Журтум куштай айланып.
Бардыр жолум, келчү-келчү пайда алып,
Сапар алып, чыгып, чыгып, таң жарып.
Уясына кеч калган бир шумкардай,
Анан түндүн түзөгына кармалып.
Ал сапарда жүрөгүңө жайланып,,
Куттай жанып, сезимиңе байланып.
О, адамзат, өтүп кетсем арман жок,
Сенин тунук көз жашыңа айланып!

## ЭМГЕГИҢ ЭЛ-ЖЕРИҢЕ СЕНДЕН ЖАРЫК

**(Педагогикалык илимдеринин доктору Жусупбек Аманалиевге)**

Жазып мен бүтүрө албай, калам учтай,
Жакшылык, бүт ишиңди барам туштай.
Чектин асманынан сен Кыргызда,
Чабытка жалгыз чыккан жапан куштай.
Ишиңди таштап салбай күйүккөндө,
Из салып альпинисттей бийиктерге.
Агартуу ааламында жылдыз болуп,
Адамдар арткан жүктү үйүп белге.
Илимдин кыл чокусун багыткан, сен,,
Изденип, мээнет терин агылткан, сен.
Берүүдө элге билим атак алып,
Берметтей ойго тунуп, даанышман, сен.
Кут болсун, өмүрүңө келген бакыт,
Түзүлөт сен сыяктуу эрден тарых.
Билгенге, теңдеши жок эмгектериң,
Эл-жерге түбөлүккө сенден жарык!

## МУСААПЫРЛАР

Эзелтен эл баккандар, жер баккандар,
Эңсеген дүйнө-мүлктү көп тапкандар.
Акчаны саманга окшоп сапыргандар,
Адамга өз эмгегин төп саткандар,

Параны суудай жутуп аш кылгандар,
Жүрөгүн мээрими жок таш кылгандар
Ыйманды шымдай чечип, жердей тепсеп
Ырысын элдин чачып, салт кылгандар.
Бирөөнүн ыйын көрүп каткыргандар,
Бирөөнү жууркан жок жаткыргандар.
Кул кылып кул жок доордо адамзатын,
Бийликке баш урууга маш кылгандар.
Кылымда азуусу жок элди эзгендер,
Адамдын башын сайып мелдешкендер.
Элиме түшкөн кайгы түшүнгөнгө,
Эзилип мезгил, учур келди эскертээр.
Татым туз, салым чайы, сындырым нан,
Таба албай тентип калган бу кылымдан.
Мөгдөгөн мусаапырлар, кайырчылар,
Булар-сен, дүйнөпороз, чындыгың кан!
Болсоңор эл атасы, эл энеси,
Бактылуу элдин жаркыйт бешенеси.
Ошондо, тегиз болот телегейиң,
Көгөрөт жаш жубайдын көшөгөсү.
Эли төп жашайт эрдин дүйнө түгөл,
Өрт чыкпайт адамдын жан дүйнөсүнөн
Демек, бул бардарлардын кемчилиги,
Кайырчы-«эл багам» деп сүйлөөчүлөр.
Үйүнө жылан кирсе ак чачкан эл,
Үйлөргө эшик какпай башбаккан эл.
Кароосуз пенделерин көп чыгарды,
Бир жашап туруп, жерде, асман менен.
Ошолор боздогондор, сыздагандар,
Коколоп күндө кайгы кыстагандар.
Дүнүйө-мүлктүн кулу силерсиңер;
Бийликтин кароолунда уктагандар.
Кайырчы — тагдырыңдын көрүнчүсү,
Кайгыңдын көңүлүндө бөлүнүшү.
Силердин башкаруунун натыйжасы,
Силердин жашооңордун көрүнүшү.
Сурамчы-өмүрүндө сүрөөр таңдар,
Сүрдөнүп оройуңа жүрөөр жандар.
Мусаапыр-ал, көчөдө тилемчи эмес,
Ал деген, эл башкарган билермандар!

## БИРӨӨНҮ ӨЗҮММҮН ДЕП ТҮШҮНГҮНҮҢ

Карыптык, мусаапырлык туурасында,
Калтаарбай, камырабай угасың да.
Тагдырың оош-кыйыш болбогон соң,
Таанybaй кудайыңды турасың да.
Алдыңда ашың белен, атың белен.
Алынуу киймиң, ар кыл затың белен.
Жамандап бечараны кетесиң да,
Жашоодо «ий» дебеген башың менен,

Күлкүң бар күмүш өңдүү шыңгыраган,
Күнүң бар ар бир нуру ыр кураган.
Бирок сен, сезесиңби бул турмуштун
Шамалын сөөктөн өтө зыркыраган?
Сен белең ак тилеги таштай каткан,
Сел кылган көз жаш көлүн акпай калган.
Калкыңды бир каранып койсоң боло,
Кайгынын кыл жолдорун жазбай баскан.
Адамдан башка баалуу алтының ким?
Айтаарым, карыпты эске алгының бир!
Дарактай бир тамырдан ар башка өскөн,
Дарегиң адам, демек, тагдырың бир!
Майыптын жашы-сенин жашың, билсең,
Маани бер, тергин жолдон ташын бирден.
Кайгысы андайлардын элдики да,
Коргоп кал алың келсе башын түндөн!
Жаадырап тийген менен бүгүн күнүң
Жамандык, кырсык, оору күбүйт гүлүң.
Демек сен, андай тагдыр адамдарды,
Шор тепсеп, бир басынган жарандарды,
«Айтылбас арманым» деп түшүнгүнүң!

## ӨЗҮҢДҮ КАРЫП СЕЗИП КОЙ

Каадалуу жанды өрт каптап,
Карыптык башта, көрк качмак.
Канаты сынган ак куута,
Кайрылат кимдер, көз таштап?

Ай, Күндөр өтөөр күтүрөп,,
Ар адам бакты күтүнөт.
Жашоонун баркын жакшылап,
Мөгдөгөн адам түшүнөт.

Жарык күн жанган ак чечек,
Жарыксыз алтын баш кетет.
Өмүрдүн баасын өктөлөп,
Мусаапыр киши так сезет.

Жарыгың канча, бак билет,
Жашап өт, сурайм ак тилек.
Турмуштун баркын тууралап,
Ооруган адам так билет.

Адамдык-конгон туурдан,
Ал атадан, кыздан, уулдан.
Карыпка кайрыл, таштабай,
Энеден эгер туулсаң.

Алсызга ойду эзип кой,
Алдына бир саам жетип кой!
Мундуунун алын, абалын
Муңдашы болуп сезип кой.
Өзүңдү карып сезип кой

## ЖАКШЫ АДАМ, СЕН БАР ҮЧҮН ЖАШАП ЖҮРӨМ!

Кубанам, бул дүйнөдө бар бол, адам,
Кудайым сактаса экен ар балаадан
Термелем, сени ойлоп ыйман күтүп,
Текедей күздүн күнү Ай караган.
Жашасын сооткерлер, кайрымдуулар,
Жайлоодой өрүшү кең, айдың булар.,
Адамга жалгыз душман адам гана,
Адамды саткан дагы айрым куулар.

Тагдыры тайкы болсо кимдин мендей,
Таалайын ачаар бирөө, билгин, сендей.
Адамдын бактысы да адамдарда,
Ар убак жүздү сылап жүргүн желдей.
Көктөмдөй көбөйсө дейм боорукерлер,
Көздөн сырт жоголсо дейм бору деген.
Бул өмүр бакты эмеспи тирүү жанга,
Булбулдай гүлбактагы доору менен.
Турмушум-кырсык чалган кашаң күрөң,
Туум бар, кантсе дагы атап сүйгөн.
Адамдар, жакшылыгым өзүңөрдө,
Жакшы адам, сен бар үчүн жашап жүрөм!

## КУТТУУ БОЛСУН «НООРУЗ» КҮН

«Нооруз» тосуп эртелеп,
Ыр сунабыз дестелеп,
Кыргыз салты жашасын,
Жаштар өссүн чечмелеп.

«Нооруз» күндү утурлап,
Көңүл кушун учурмак.
Келчү майрам кут болсун,
Кыштын ырын жаз ырдап.

Бактысындай турмуштун,
Өзүнө окшоп жылдыздын.
Жаркырады жашоодон,
Жаңы жылы Кыргыздын.

Айтса-айтпаса төгүнбү,
Ак дил нурдай төгүлдү.
«Нооруз» күндө жаркырап,
Жашарталы өмүрдү.

Билиндирди жыл учкул,
Бир белгисин улуттун.
Умтулдурат алдыга,
Улуу күнү Улустун.

Өз боёгун сүрткөн күн,
Элим көксөп күткөн күн.
Ойлогонго эң ыйык,
Оттон, Күндөн бүткөн күн!

Ыр жаңырсын «Ноорузда»,
Бололу ден-соолукта.
Уяласын токчулук,
Куштай өскөн тоолукта

Көп жасайлы көжөнү,
Шаңга айлантып көчөнү.
Жакшы тилек кут болсун,
Жакшы жашап өтөлү.

Кыздар жана жигиттер,
Кылым баркын билишкен.
«Нооруз» күндөн башталат,
Эртеңкиге жүрүштөр.

«Нооруз» — бакыт, байкаңыз,
Көңүл көлдөй чайпалып.
Ысык-Көлгө окшогон,
Ысык салам айтабыз.

Кутман болсун күнүңөр,
Күнгө жетсин үнүңөр.
Соолубасын түбөлүк,
«Көңүл» деген гүлүңөр!

Өмүрлөргө жол ула,
Көңүл күүгө толтура.
Эл соолугун бек чыңдап,
Чоң бактылуу болгула.

Кырсык сенден алыстап,
Жашап дайым калыс так.
Туугa окшоп ар убак,
Турмушуңдан бакыт тап.

Алгач жаздын гүлүндөй,
Алоологон түрүндөй.
Бул ыр сизге арналат,
Тосуп алгын кулүндөй.

Өмүр өтөт сыр менен,
Өктөм, учкул жыл менен.
Куттуу болсун ушул күн,
Белгилейли ыр менен!

## БАКАЙ АТА, БАР БОЛ ДАЙЫМ!

Элимди жакшылыкка, жеңиштерге
баштаса бакты келчү эр иштерге.
Нускалуу кебин айтып, үндөк салып,
дан үйүп, мал толтурса өрүштөргө —
бул өзү— Бакай — Ата байыртадан!
Жоо келсе—туу түбүндө, калкан алып,
майышпай болуп турса каккан казык.
Күн түшсө эл башына, намыс үчүн,
тулпардай чуркап берсе даңкан чачып —
ал өзү — Бакай—Ата эзелтеден!
Калк муңун көңүл менен кабыл алган,
ыйынан жалын болуп жанып алган.
Түбөлүк жылытууга пенде көөнүн,
жүрөктүн отун жаккан анык адам —
бул —өзү Бакай — Ата алмустактан!
Манасты Бакай-Ата «Манас» кылган.
Кыргызды душман менен алас кылган.
Аз көрүп көп досторун түбөлүккө,
көп көрүп аз душманын, жараштырган
Кыргызга дүйнө калкын караттырган!
Өстүргөн сакалындай ынтымакты,
сыйлаган сакалындай ыркты-баркты.
Бар үчүн Бакай-Ата — элдин куту,
Дүйнөгө «Манас» болуп чыкты калкы!
Дүйнөгө «Чыңгыз» болуп чыкты калкы!
Дүйнөгө Шүкүрбектей чыкты калкы!
Тайыбай калыстыктан баш кессе да,
тайындай — кырчын өмүр жаш кетсе да.
Чындыкты жүрөктөргө салып турган,
суутпай тулпар минип, кан кечсе да,
«калат деп чындык жашап, жан кетсе да!»
Суктанбай бирөөлөрдүн бактысына,
кызганбай бирөөлөрдүн тактысына,
Ишенип бир өзүнүн чындыгына,
муктаж болбой бирөөнүн алкышына,
жашаган көңүл үчүн асты сыпаа!
Бакай бар, Бакай келет жер бүткөндөн,
Бактыны, калыстыкты эл күткөндөн.
Бир адам башчы болгон, Бакай болгон,
калганын караламан эл бүткөргөн,
баарына акыл менен чен түшкөндөн!
Кайсы элдин тоодой болсо ырыстары,
басылса басташканы, урушканы.
Улуусун кичүү сыйлап, ыйман болсо,
ал жерде Бакай жашап турушканы,
ал элде абаң Бакай сунуштары!
Мисалы, эл үшүп, чарчап, жүдөп барып
арыса, кыш, талаада бир от жагып.
Анан бир адам четтеп, арт жагынан

аткылап, элди бузса, жүрөк жарып,
бул, Бакай эмес; элдин чын душманы!
Ал өзү-арттан аткан ок, ушактар,
артынан айткан сөздөр-көп тузактар.
Бул өзү карыя эмес, жараматчы,
өз элин өзү койгон өрткө узаткан,
баркталган Бакай эмес, арам адам!
Эл бузаар-согуштан да жаман апаат,
тукуруп бирин-бирге жаман адат.
Согушта өлгөн жакшы бирден ок жеп,
эл бузгуч тирүү өлтүрүп жатат, азап!
Ан-н, бул Бакай-Ата кайдан болот?
Чындыгы, ушагы да такай эмес,
Бир киши айбан эмес, жапайы эмес.
Өзүнүн көмөчүнө күл тарткандар —
«өң көрдү, жүз тайдылар,» Бакай эмес!
Ал түлкү, адам кейиптүү апай элес!
Элдик нарк, ата салтын бузган элде.
баркталбай, суусуз кургап, турган жерде.
Бакай жок, элдин башы эссиз адам,
байкуш калк капчыгайдан урган селде,
башсыз эл бурганак кар урган белде!
Ушинтип, Бакай-Ата жок болсо, эгер,
кокуй эл, аял-эркек бала безер.
Жок кылып ак Бакайды элдин пейли,
керемет кары ырысты ала кетээр...
Кардыгы, о, муундар, сага жетээр!
Бакай бар арабызда, бек ишенем,
ынтымак аркагынан, эришинен.
Жакшылык болгон жерде Бакай жүрөт,
жакшылык ой адамга келишкен,
элдик салт куйүп турса көп ичинен!
О, элим, кендин алтын, күмүшү бар,
күндүн да чыгып, батаар жүрүшү бар.
Ошондой өмүр бизде, Бакай бизде,
адамда жакшылыктан үмүтү бар,
адамда жакшылыкка үгүтү бар!
О, элим, бакубаттуу жашай барып,
жаштарга ак тилекти атай карып,
Сактанып, бабалардан ак жүрбөсөк,
Бакай жок, Бакай качып, Бакай кайып!
Байкайлы, ырк жок үчүн Бакай кайып!
О, элим Бакай-Кыргыз, барктайлы, биз,
өмүрдөй тирүүлүктө даңктайлы, биз.
Бакай-кут, бир улутту жарык кылган,
Каректей Бакай-Кутту сактайлы, биз!
О, элим, Бакай-Кыргыз, сактайлы, биз!
Манастан бери калган «Ата кан жол»,
Манастан бери келген «Ата»-ал жол.
«Оомийин!» — касиетиң элде болсун,
О, Бакай-Ата, бар бол, Ата бар бол!

## МАНАСТАН АЯНБА, КАЛАЙЫК!

Кыргыздын өзөгү Манастан,
Каныңда Манас бар жарашкан.
Түптүү эл Манаска аты бир,
Бүт дүйнө таң кала карашкан.
    Кыргызды эл кылган чогултуп,
    Ала-Тоо жер кылган жоосун кууп.
    Күн нурдай жашообуз алп Манас,
    Калкыма түбөлүк болсун кут!
«Манасты эстесең» дегеним,
Манасың-Ала-Тоо, мекеним!
Агарып дилиң да, баарысы,
Сезесиң, чын кыргыз экениң.
    Манас — бул, түгөнбөс баянда,
    Туу болуп шыктантып, саяңда.
    Манас — бул кыргыздын руху,
    Манастан аянба, аянба!
Адамбыз, дүйнөгө ажайып,
Антсе да, пендебиз, бар айып.
Тазарып, ымanга бир келип,
«Таалайым-Манас» деп иргелип,
Манастан аянба, калайык!

## УЗАТУУ, ТОСУУ — БИР САПАР

Маанисин узатуунун билебизби,
Максатын же байкабай жүрөбүзбү?
Баа бербей ар нерсеге калган жаман,
Баарысын, сезели адам, күнөөбүздү.
    Күн баркын түн өзүнө теңеп турат,
    Кыз болуп карыса да жеңең турат.
    «Адамдык, жашоо» — деген эмне экенин,
    Өмүрдүн баасын өлүм ченеп турат.
Жарыктын кунун билет сокур адам,
Билимдин наркын сезет окубаган.
Бар беле узатаарың, жол караарың,
Көз өтсө барбы куран окуур адам?
    Бүгүнкү сүргөн дооран, эрте-кечиң,
    Узатып, «жакшы баргын, кел» дешээриң,
    Бу жалган бир жашоодо жалган эмес,
    Эртеңки өмүр болуп эстешээриң.
Адамдык-адамды адам сыйлап, тосмок,
Узатмак күйөөсү алчу кызга окшоп.
Күтүүлөр, тосуп алуу эң чоң үмүт,
Перзенттей сен келесиң бакыт коштоп.
    Өмүр-жол, жолдор кетет бутактардай,
    Биздин жол көрүстөнгө туташкандай.
    Сен мени узат дайым ариеттеп,
    Мүрзөгө казганактап узаткандай.

Жүрсөк да кыбыр-сыбыр, туз арткандай,
Куш болуп күндөр-өмүр, учат кандай.
Мен сени узатамын ар убакта,
Акыркы сапарына узаткандай.
Тирүүлүк-бул турмуштун оту, шаңы.
Тирүүдө сый гана улук кошулалы.
Мүрзөгө узаткандай узатышып,
Жашоого төрөлгөндөй тосушалы.
Анткени, көңүл бир жаз гүл өнгөндөй,
Анткени, көңүл канат күүлөнгөндөй.
Бир сапар-тосуу, узатуу кайталанбайт,
Турмушка бир төрөлүп, бир өлгөндөй.

## ТАБЫЛАТ КАЧАН ДАРЫСЫ?

Кайнаган турмуш быкбырдай,
Каадалуу күнүн кут кылбай.
Карабай бала атага,
Кайрымсыз болду жут жылдай

Жайында жааган карга окшоп,
Алдыңда жылгыс жарга окшоп.
Кыстады кыйнап көр тирлик,
Этин ит жебес малга окшоп.

«Базар» дейт, базар элди эзип,
Баасына күндө мелдешип.
Аларман баага чыдабай,
Асманга чыкты чендешип.

Эл көрсө баарын эл көрөт,
Айланды артка дөңгөлөк.
Космоско чыккан элибиз,
Көроокат кылды жөрмөлөп.

Бышпаган чийки мыйзамы,
Ыйлатат окшойт кыйланы.
Түгөнмөй болду беш жылда,
Жетимиш жылда жыйганы.

Кооптуу эл да баарысы,
Жүдөттү турмуш «жаңысы»
Сары оору болду калкыбыз,
Табылат качан днрысы?

## ТААРЫНЫШЫП КАЛГАНДА

Деги эмне жок, эске салсак жалганда,
Өтпөс өмүр бар бекен же арманда.
Күлө албайм же дагы күчөп кетет деп,
Күнөө коюп, сен, кекетип калганда.
Мен турган жер качып келген буйга окшоп,
Тиктешебиз, таанышпаган сыйга окшоп.
Анан кыйгач карап, көзүң аңтарып,
Сүзүүчүдөй тобруп турган уйга окшоп,
Кең бойбойлу дейсиңби же балдарга,
Ыркырашып, көздөн жашың тамганда,
Өптөп кыйгап, кемеге окшоп кетесиң
Өтү соруйбу дейсиңби же карганда.

## ЫРЛАРЫМ

Каалап көңүл баштасам да «эсен бол!»,
Канча жазып, канча чийип эчен жол.
Өз ичине бычак салган адамдай,
Өсим ооду, тийген өңдүү бөтөн кол.
Кайран каптар-тоого шаңын тараткан,
Кийберендей чубатууда бараткан.
Бир пендедей жаралса да жазыксыз,
Ок жаңылган кийик мисал кан аккан.

Дилим ыйлайт, бут денеси «дирт» этип,
Тилге келбей калганына мурт кетип.
Автоматтын огуна окшойт калемим,
Көздөрүмөн булут болуп күн көчүп,
Каалайын да каалабайын өйдөлөп,
Кадам өргө-тоону карай өрдөлөт.
А, сызылган, тарамыштай ырларым —
Кесилген бир кан тамырым өңдөнөт.
Өкүнүчүм — ордун жоктоп олтурмай,
Өзүм кейптүү-бышкып турган отундай.
Кеткен саптар дегеле ыйык көрүнүп,
Өмүрдүн бир күйбөй калган отундай.
Өмүр тулпар, күндү, түндү артындым,
Күндөр белес, өөзүн жыйбай артылдым.
Куржунумда ырларым бар азыгым,
Аяп, күткөн өзүнө окшоп алтындын.
Ошол ырлар жаштыгымдай, жалындай,
Сел, көчкү алып, калган аёо малымдай.
Тандап атып, калган кийик тобундай,
Кылга байлап алып жүргөн жанымдай.

## РАХМАТЫҢ БӨТӨЛКӨ БОЛБОЙТ ЭЧ БИР

**(Курортчуга тамаша).**

Баткак жабам, ваннага түшүрөмүн,
Каргинден бардыгын түшүнөмүн.
Ток менен да кол менен баарын жасап,
Дарылоонун болгонун бүтүрөмүн.

Рахматың бар ырас, миң сандаган,
Баарын байкап, кызга окшоп гүл тандаган.
«Рахматың» бөтөлкө болбойт, бирок,
Бул жагын да курортчу бил, пайдалан.

## КЫЗ БАЛА

Айырма, кыз-уул деп төрөлгөнүң,
Орду бар экөөнүн тең,ченелбесин.
Өмүрдө сапар ишиң ар кандай да,
Жети атаң тааныбаган жер, элдесиң.
Белгисиз, кыздын кайда кеткени да,
Эстебес өңдүү эч качан мен, сени да.
А, сенин оюңда эмес, санааңда жок,
Чыны, эри-кыз баланын мекени да.
Ошондо, «тууганым» деп көзүн жаштап,
«Мен тиги жерденмин» деп сөзүн баштап.
Болсо да айлың эмес, аймагыңдан,
Эң жакын боло түшөт жатындаштан.
Ал-тамак, күндө үч маал ичээриңе,
Ал-кийим, кир жугузбай кийээриңе.
Көтөрүп аттан алаар, күткөн кишиң,
Ал-үйүң, өз үйүңдөй кирээриңе,

Айланып барсаң куса ыйын уккун,
Жаман бол же атыгып кыйын чыккын.
Эске албайт, кыз балалык милдет өтөйт,
Билээрсиң же билбессиң сыйын кыздын.
Жаз келип, күздө кеткен куштар жүрөт,
Ойлосоң чоң маанисин сыздаар жүрөк.
Себеби, киндик каны тамган жердин
барк-баасын алыстагы кыздар билет.
Түбөлүк ысык мээрим доор жаткан,
Сени издеп кайда жүрсөң тооңду ашкан.
Бактыңдай өзүң сезбес байкабаган,
Бар бекен кыз баладай боор тарткан.
Айылың ардактаган болуп жериң,
Кыз бала-бооруң, жазчу толук чериң
Калкалап канатына жылытуучу,
Кыз бала-алыстагы отуң сенин.
Булактай агып турган коктуларда,
Дайыма аралашып сөз кылаарда.
Кыз бала-жакын болсо жүрөгүндөй,
Туруучу башың жөлөп көз жумаарда.
Көрүнткөн күндөй тийип, белди-белге,
Рахмат, кыз балага, селкилерге.
Кыз-ак той, ак тилектин көпүрөөсү,
Кошулткан жерди-жерге, элди-элге!

## ЖЫЛАН-АРЫК

Жер атын эстүү элим кудай кылган,
Мекендеп, атын даңктап, туудай кылган.
Ошондой «Жылан-Арык» эзелтеден,
Суусунан ичип, арпа-буудай кылган.
Арык да жыланга окшош, жылан дагы,
Жыландай суусу агат, суудай жылан.
Жылан-бул, чоң белгиси акылдардан,
Арыкка айкашканга акыл салган.
«Суу-өмүр, акылдуу адам өссө»— делип,
Ошол жер бабалардан атын алган.
Демек, бул жан дүйнөңдү ажарлантkан,
Түпкүрдөн бүгүнкүгө жарык жанган.
Төрөлгөн ар бир уул, ар бир кыз да,
Өмүрдө өрттөй өчөөр ал бир кыска.
Бийикте туулганын даңазалап,
Болсун деп жарыктанкан шаң жылдызга
Кулуну Жылан-Арык айлы экенин,
билдирип болушсун деп жан кыргызга,
Аташкан Жылан-Арык, Жылан-Арык,
Өчпөгөн түбөлүккө кутун жагып.
Андыктан, тууруна айланат эл
Алыстан сагынышып, учуп барып,
Тосушат тоюн берип айылдыктар,
Ат чаап, улак тартып, кушун салып,

Алпкаракушка окшоп Жылан-Арык,
Дайрадай жердин шарын турат жарып.
Канаттай жазда түшкөн, жаңы сайып,
Сызууда жылдар деген улам карып.
Жыландай акыл туусун бийик кармап,
Арыктай мүрөк суусун сунат тарых.
Тулпарчан тайды сүрөп бараткандай,
Алп Нарын коштойт аппак канаттардай.
Дүңгүрөп, токой баба арбагындай,
Кол жайыап, бата тилеп караткандай.
Тоолору көз ирмебей тиктеп турат,
Суйкайып, супа салып таң аткандай.
Жылдыздай ааламдагы Жылан-Арык,
Жылдыздай элиң үчүн кубан анык.
Түптөлгөн калкың менен алга жылгын,
Түбөлүк тоодон түшкөн суудай агып.
Сен жаша карыядай миң кылымдык,
Биз болсо жаш жубайдай уланалык!

**Эл башындагылар жыргады,**
**Эл байкуш гана куурады.**
**(Элдин азыркы сөзүнөн)**

## ЭЛ БАШЫ БОЛБОЙ КУРУП КАЛ

Туугандыкты сатмай жок
Тууган деп ага тартмай жок.
Тууган эмес башкасын,
Туурадан чыгып атмай жок.

Бүгүн бар бийлик эртең жок,
Энчилеп атаң берген жок.
Калкалай берсең жаныңды,
Каласың жалгыз, элден жок.

Келгенин иште колуңдан,
Чыгарба элди бооруңдан
Бөгүлө бербе «сый да» деп,
Бөйпөңдөр чыкса жолуңдан.

«Пара бер» десең капканың,
Тилиңден бекем чапканы.
Өз капканың өзүңө,
Коё тургун башканы.

Аларман болсоң ирилеп,
Ким экенин билинет.
Казың карыш чыкса да,
Акыры элден тилинет.

Түбөлүк жана күнүмдүк
бийлик бар эки, билгин бүт.
Биринчиси — келечек,
Экинчиси түңүлтүп...

Ак иштесең ый күтпө,
Кара иштесең сый күтпө.
Чыныгы адам тазарат,
Суулардай тунуп бийликте.

Ырысын элдин түгөтөөр,
Ыдыратып жүдөтөөр.
Котур таштуу чоң болсоң,
Котурланып күн өтөөр.

Адамды кылдай албасаң,
Кадрды тыңдай албайсың.
Желкеден басып бийлесең,
Жетеңе кудай каргашаң.

Жел менен кетсең кошо ойноп,
Жел таманды тосо ойноп.
Теңсинбесең жаштарды,
Телмирген жап-жаш бото ойлоп.

Карамдуу болбой кашайсаң,
Терең болбой азайсаң,
Колдо барга ийилип,
Колунда жокко какайсаң.

Таламыңды киргизсең,
Тайыздыгың билгизсең.
Жарты тыйын көрсөң да,
Жаман болсоң илгичтен.

Урууга болсоң жиктетип,
Уурулук кылсаң күчтөтүп.
Базарга эл мүлкүн чыгарсаң,
Күнү да түнү жүктөтүп.

Карабай жолдун алысын,
«Бартер» деп койсоң баарысын
Соодагер болуп эл сатсаң,
Калайык кайдан жарысын.

Ачыгын айтсак калп эмес,
Кул болду калкың калк эмес.
Эси жок айбан сен болдуң,
«Эл башы» даңкың даңк эмес.

Бийликтин кетип маңызы,
Эзилди жашы-карысы.
Элден каткан эмне бар,
Эл көзүндө баарысы.

Алтындай сенде үй ичи,
Жок турса майың күйүүчү.
Борборго чапсаң ар убак,
Сендейди эл качан сүйүүчү.

Көңүлүңдү аздырсаң,
Секелек кыздан азгырсаң.
Он адамдын оокатын,
Ошол кыз үчүн чачтырсаң.

Күндө майрам, күндө той,
«Күнүндө күлүк, гүлдө, ой!»
«Бийлик-деген жыргал» деп,
Чардасаң күндүз, түндө кой.

Түшүңө кирбес өңүңдө,
Орундалса көңүлдө.
Өркүндөп турсаң айла жок,
Өкүрмөк тургай көрүңдө.

Эл шору ошол турбайбы,
Эл шорун ыйлап ырдайлы.
Серейген чоңдор тиякта,
Сендейди бүгүн ылгайбы.

Шордуу эл сендей «пил» күткөн,
Таалайын тандап үркүткөн.
Шылтоoң «базар мамиле»,
Чет элге соода жүргүзгөн.

Шордуу эл сендей «пир» күткөн
Сүйлөбөй калган тил бүткөн.
Калайык жапа чегишкен,
Каң чеңгел сендей «бүркүттөн»

Түш болсо элим укмушка,
Туурадан эч ким бузкус да,
Тойбостугуң жагынан,
Биякта калат кузгун да.

Бир саат калсаң олжоң жок,
Жорудай турсаң омсондоп.
Саналса койдой, эчкидей,
Акчалар жыйырма, он сомдоп.

Шаарга барсаң шарактап,
Жараматчылар далактап.
Чыңырып тайлар бир кетсе,
Бечараларды карактап.

Борбордон келсең тосушса,
Биринен-бири озушса.
Көзүңө эч нерсе көрүнбөй,
Окшосо элиң кочушта.

Жер баспай калсаң зер күтүп
Асманга чыксаң жер бүтүп.
Сүйлөсөң тилиң ооруса,
Какшаган элди жер түтүп.

Заарың чачсаң жыландай,
Жаалың чыкса «кул» аңдай.
Хандан да бийик сезилсең,
Басылса элиң туландай.

Зулуму болсоң зулумдун,
Өзүңдөй адам пулуңдун.
Булактай куйса күн-түнү,
Байлыгы окшоп кулуңдун.

Итиңе эл бүт жүгүнсө,
Ишиңде баары жүгүрсө,
Доллардар турса шыгырап,
Сандыгың эмес жүгүңдө.

Жүргөндү сага кайсактап,
Тукурсаң иттей айдактап.
Тик чыгат кимдер, ойлоп көр,
Чындыкты кими айтат так.

«Тубайттын ити» таласа,
Мылтыгың атып, «жараса.»
Майып болгон сезимдер
кантмекчи, жүрөк канаса.

Аңыгы турат, чын кылым,
Адамдар билет чын сырың.
Баарысы жалган сен үчүн,
Бир гана сенин чындыгың.

Эмне үчүн сендей эл болбойт,
Байкасаң боло, тең болбойт.
Дегеле, атамзамандан
Чирик бай кайдан эл коргойт.

Букараң неге ар жерден,
Там албайт сендей шаң менен.
Машина албайт түрүнон,
Мал болуп калган мал менен.

Жетилип балаң болоттой,
Алоолоп алган чоң оттой.
Бейиштин кушу өңдөнүп,
Кулпунуп турат жомоктой.

Тагдырга наалат, не дейбиз,
Тар жолдо турган кедейбиз.
Чилдей тарап сен үчүн,
Чилдедей тоңуп, селейдик.

Чоң деген ачат бактыны,
Татыктуу ээлейт тактыны.
Кыйын күндөн жолун таап,
Калкын бут жасайт бактылуу.

Карөзгөй, катаал жасалбайт,
Калкына күндө таш албайт.
Жеткенден баштап бийликке,
Жетесиз жегич аталбайт.

Калкына кара санаган,
Караны гана самаган.
Кан соргуч өңдүү байкалбас,
Кашайган сендей бар адам.

Элине кара санаган,
Эзүүнү гана самаган.
Эмгектеп, «каз-каз» турса да,
Эмгексиз сендей бар адам.

Өзүнө кара санаган,
Өкүртүп жесе караган.
Душмандын ашкан душманы,
Дуулаган сендей бар адам.

Чөлкөмдү жалгыз бийлеген,
Камырдай элди ийлеген.
Мертинткен өйдө болгонун,
Мээримди такыр билбеген.

Жүрсө да көлдөй түр менен,
Чөттөй акыл кирбеген.
Чаң жугузбай кийсе да,
Өмүр бою кирдеген.

Мышыктай жылып акырын,
Уурдаган элдин акылын.
Автору болуп бар иштин,
Айткандын берген катыгын.

Чайпалып «Волга» желдеткен,
Бузулбай такыр келбеттен.
Чаң жолдо «УАЗ» жап-жаңы,
Бешиктей аста термелткен.

Чакан той болгон чогулуш,
Чайкалган эчен согулуп.
Алдыңа түшүп эртеси,
Алдастап нечен корунуп.

Басканың пайда, колколуу,
Курсагың бирок, тойбоду.
Былчыраткан баарысын,
Бычактай болдуң толтолуу.

Эл турмушу кыйындап,
Муң-зары кайдан тыйылмак.
Жөжөдөй инкубатордон
Жаңы эле чыккан чыйылдап.

Арманын айтат ар жерден,
Оокатын жасап ал келген.
Жыргатмак кайда аларды,
«Жыргатам» кур сөз, сармерден

Төмөндөп жашоо баратат,
Төбөнү турмуш канатат.
Эл башы жыргап сенчилеп,
Эңсетип, элди каратат.

Жай-жайына тараган,
Жакыр болду ар адам.
Өкүнчүн айтса, өкүрүп,
«Жай тапкын дейсиң калаадан».

Ата-баба жашаган,
Убайын көргөн баладан.
Өскөн жерди эми өгөйлөп,
Тапмакпы бакыт калаадан?

Дайынды билет уруктар,
Бөрүлөр окшоп кууушкан.
Билмексен болот «өнөрүң»,
Ал, көп дүйнө жеңден
сугунткан.

Жолдонду канча сунуштар,
Жоболоң жолуң үгүзгөн.
Ансайын бекип орунуң,
Анттшкан өңдүү мурунтан.

Башынан балык сасыган.
Чачылат минтип казынаң.
Чыркырап байкуш эл карып,
Чыга албай турмуш сазынан.

Бактыдан киши качабы,
Баарынын болдуң азабы.
Кутула тажап калайык,
Адамдын сенсиң касабы.

Ач бөрү өңдүү жулунган,
Адамга душман зулумдар.
Кесириң тийип башыңа,
Кейиште жалгыз улуп кал.

Өз элин зордоп муунткан,
Өмүрүн жашка жуунткан.
Эзүүнү салып ойдо жок.
Эл башы болбой куруп кал!

## АК КУУ БОЛУП СУЙКАЯТ ЖЕРДИН ШАРЫ

Желбегейчен ак тончон бел да, күңгөй,
Жамгыр карга айланды жерге сиңбей.
Кыш төрөлдү ушинтип, ымыркайдай,
Кыз баланын мамыктай денесиндей.
        Кыш пейлине өтүштү элдин баары,
        Бул да өзүнчө бир мезгил, келгин дагы.
        Жумурткадай ой-кырын билинттирбей,
        Ак куу болду суйкайып жердин шары.
Күн көзүндө-булутка тумчугуп жай,
Күз удургуп, бу кыштын чымчыгындай.
А, Ысык-Көл ак куунун кара көзү,
Жалама аска ак куунун тумшугундай.

## АСМАН ЖЕРДИН ОРТОСУНДА ЫРЫМ БАР

Мен мергендей, ойлор оңой тушукпай,
Жүрөм, жүрөм, ойду издеп, кызыктай.
Жыла басып, аңдып жатып чычканды
Чыга калса баса калган мышыктай.
        Балыкчыдай кечке отуруп көл менен,
        Кайырмагын карап терең өрдөгөн.
        Анан «былк» деп, чаап алган балыктай,
        Ыр табылса, ой тоосуна өрдөлөм.
Улам чумкуп, ой түбүнө өрдөктөй,
Чочуткансып, кайра чыгам көк беттей.
Асман-жердин ортосунда ырым бар,
Чогуу жүрөм, көрүп туруп көрбөстөй.

## ОКШОШТУК

Куш каккан канат,
Кайыкка калак.
Канаттай колуң,
Толкунду жарат.

Канаттуу сызат,
Сүзгөндөй учат.
Учкандай сүзүп,
Адам да турат.

Сермелет баары,
Сезимде шаңы.
Окшошуп бирдей,
Көңүлдүн таңы.

Канаттуу, Адам,
Кайрылып карап.
Түбү бир белем,
Туруп ой барам.

## КУБАНЫЧ, КАЙГЫ-БИР АДАМ

Кайгым менин катуу суук чапкындуу,
Селдей каптап өмүрүмдү жар кылды.
Күрөш деген эмне экенин окутту,
Жоготуунун мааниси эмне, зар кылды.
Көрө албас ким, досум, касым кимдигин,
Көмкөрүлүп жатып, анан билди дил.
Баш жөлөбөй басырылган күндөрүм,
Баштан-аяк басып турду күндү түн.
Кубанычым-кудуңдаган ачык күн,
Куштай таптуу көкөлөттү чачып нур.
Ой жеткенге колум жетип турганга,
Ого бетер максатыма ашыктым.
Келбес бакты өзү келди жүгүнүп,
Келбес достор келип турду жүгүрүп,
Бул жашоодо кыш да барын сездирбей
Өчпөс оттой сезим турду билинип.
Өмүр барбы толук турган, төгүлбөй.
Көңүл барбы толуп турган, сөгүлбөй.
Кубаныч, кайгы-ар адамдын тагдыры,
Кубаныч, кайгы өлүм менен өмүрдөй.

## ҮЙЛӨН, УУЛУМ!

Күндөр, күндөр, эркетээр үйдөгүң,
Биздей сени түшүнсө эгер сүйгөнүң.
Оңой эмес, чечкин туура, көз жетсе,
Түбөлүккө бир жол болсо үйлөнүүң.
Үйлөн, уулум!
Он сегиз жыл, он тогуз жыл, жыйырма жыл
Өссө өзүнчө, өзүнчөлүк, туура бул.
Мүнөз башка, турмуш-шарты бүт башка,
Анан сага келсе кандай, сынга сый?
Байка, уулум?
Коргой алсаң, сыйлай алсаң түбөлүк,
Өзүңө ишен, даярдыгын күбөлүк.
Өсүп жетсең чоң турмушту курууга,
Ата жолун жолдоп, коштоп, сүрөлүп,
Үйлөн, уулум!
Чайыттай бир асман жасап көңүлүң.
Жаркыраган жылдыз кылып өмүрүн.
Жүрө алгыдай, сактагыдай болсоң сен,
Кеме кылып көлдө сүзгөн көк ирим,
Үйлөн, уулум!
Жөнсүз жерден көзүнөн жаш чыгарбай,
Үн алышып улуу тоодо улардай.
Намыс-ары боло алгыдай жетилсең,
Күтүп жүрөм, кантип коём кубанбай,
Үйлөн, уулум!

Азабына чыдап ,көрүп асылын,
Кошуп алсаң акылыңа акылың.
Ата-энеси, тууганы да боло алсаң,
Сенин дагы болот эң бир жакының.
Үйлөн, уулум!

Тагдырыңда не бар, жашап көнөсүң.
Сыркоо кыз жок. Болсо кийин көрөсүң.
Таза кезде баары сыйлайт адамды,
Ооруп калса башын колуң жөлөсүн,
Үйлөн, уулум!

Өмүр деген толкунда бир кайыктыр,
Кеселдесе намыс кылбай айыктыр,
Кайда болсо көңүлүңө кондуруп,
Жаның таштап, канатыңды жайып тур.
Үйлөн, уулум!

Турмуш куруу келсе акыл, күчүңдөн,
Из сала элек жолдор жаткан үчүн сен
Карабашыл бир адамдын милдетин,
Өмүр бою алганыңды түшүнсөң,
Үйлөн уулум!

Чачылганды жыйнап бүтөөр жыртыкты,
Жакшы жарың-бир керемет укмуштуу
Мээси болсо сени сендей түшүнөөр,
Сюн кылбай, кыял кылбай турмушту.
Үйлөн уулум!

Мен апаңды түшүнгөндөй түшүнүп,
Биз максатты күтүнгөндөй күтүнүп.
Биз кетирген кемчиликти кетирбей,
Тамчыдайдан дайра болуп түзүлүп,
Үйлөн, уулум!

## КАЛЕМ

Калем-жылан, уусу тамган башынан,
Кимди чакса, өмүр бою дарт чалат.
Дарыдай бир таасир алып жашыган,
Кайраттанып, түбөлүккө даңктанат.
Калем-жылан уусун алган укмуштуу,
Кеселинен улгаарыбай айыгат.
Капканына өзү келип кылмыштуу,
Кудайына көзү өткүчө тайынат.
Калем-башат, сөздөр булак ташыган,
Жашоо-турмуш анда дайым даңаза.
Калем-акыл, сүйлөйт элдин атынан,
Өмүр, тагдыр, бардыгына тарава.
Калем-тарых, байыркың да, бүгүнкүң,
Эртеңкиң да, келечегиң, максатың.
Мурөгү бар анда өмүр гүлүндүн,
Жашоо майдан минип чапкан жакшы атың

## ТАҢ АЛДЫНДА БИР УЧУР

«Үч бурчтуктай» Тынч океан бетинде
Тартып алма кемелерди ын-жыңсыз.
Бир учур бар таң алдында, эсимде,
Ойгонсоң да уктап кетме, бир тургус.

## УКМУШ ЖОЛ

Кайыктай көңтөрүлгөн турмуш болду,
Адамдар чоң мухитте, сунгус колду.
Басууда тоодой толкун түбүн карай,
Ким көргөн мындай туюк укмуш жолду?

## У У Р У Г А

Ардантат сени ачылган гүл күлкүсү,
Анткени, сен жакшылык бүлдүргүчү.
Күндүзү үйдө ээси жок, кап тешээрсиң,
А, кечтен жалкпас, жойпу, түн түлкүсү.
Сен өлсөң эл ыйлабайт, учкан чымын
катары көрүшөт да туткактыгың.
Кара бет сендей адам дүйнөдө жок,
Уурдаган бирөөлөрдүн кубанычын.
Уусу көп жыланысың кечтин бир сен,
Үй-мүлктү бүт текшерип өттүң бирден
Турмушта өз ордуңдан туңгуюкка,
Элди эмес, өзүңдү уурдап кеттиң билсең.

## МЕЗГИЛДИ КОШТОП АЛЫП

Атым бар акын деген
Алдыга шашып келем.
Мезгилди коштоп алып,
Өзүмдөн ашып келем.

Сөздөрүм сүйлөнө элек—
Жигит-кыз үйлөнө элек.
Чабыттайм бул ааламды,
Бир туруп дүйнөнү ээлеп.

Күндөрүм жылдай, тарых,
Көңүлдү сыр жайгарып.
Көрүнбөй өзүмө-өзүм,
Каламын ырга айланып.

Кол талып кылычынан,
Жоокердей улутунган.
Какшыган чөлдөй кээде,
Бороону кум учурган.

## ШАМАЛДА КӨЛ

Кетүүчүдөй аалам кезип, жер кезип,
Асман көчүп бараткандай көл көчүп.
Ак толкундар учуп турган ак булут,
Жээктерге ат коюшкан мелдешип.
Жол талашып уча качкан куулардан,
Утурлашып, бут алдыңдан тууралдан
Азанатып алдыңа айдап келаткан,
Толкун-толкун, өңчөй ак жал буудандар
Катуу шамал көлдү көрүп тамчыдай,
Бир көтөрүп, бир учуруп алчудай
болуп турса, Ак чардактар эл-журтка
бул шумдукту айтып, чабат жарчыдай.

Чөлдө кумдай толкундардан кыр жасап,
Шамал дуулап, көлдү аңтарып, ыйлатат.
Долу толкун, албуут толкун жээкке,
Балыктарды ала чуркап туйлатат.

Асман-Айга азоолордой мөңкүшүп,
Келсе толкун кетүүчүдөй жер түшүп.
Ала булут асман окшоп толкун, көл,
Кеме өңдүү кетип барат көл сүзүп.

x x x

Улам бир конуш алып, көлгө түнөп,
Кыштаган күндөрүнө мээнет тилеп.
Жайылган койдой толкун ар жагында
Жайылган койдой болуп өрдөк жүрөт.

Танда кел, түштө кел, күн батаарда кел,
Таңданып, жылдыз толгон жатаарда кел.
Азоодой асман чапчып, атырылып,
Ак жалын болуп күйөт шамалда көл.

Толкундай ойлоруң да толкунданып,
Турасың, көлгө окшоп, моокуң канып.
Күүлдөп, күр-шар этет дарыядай,
Шуулдап, кулагыңа шоокум салып.

## МЕНИ АДАМДАР ТҮШҮНӨ АЛБАЙ КАЛГАНДА

Өмүр бою калыс айтып сөзүмдү,
Ала качпайм адамдардан көзүмдү.
Антсе дагы айла жоктон, кырсыктай,
Анда-санда канатамын сезимди.
Мени адамдар түшүнө албай калганда,
Оор сезем көтөрө албай өзүмдү.
Баш оорута ага издесем себепти,
Күбө тартып шаарды же элетти.
Өзүндү-өзүң түшүнбөй да тургандай,
Кээде кызык учур болот эмеспи.
М га ошондой бир кырдаал го алардан,
Бир соболум, окурманга кеңешчү.

## КАЛКЫБЫЗДЫН ТҮЗДҮГҮНДӨ БАКТЫСЫ

Кайда болсо тик караган көз калыс,
Качан болсо так айтылган сөз калыс.
Андайларга жан сырыңды аянбай,
Адамдык кыл, болгонумду төк, барып.

«Калп ажалы-чындыктан» — дейт элибиз,
Саткындардан очорулган белибиз,
Калкыбыздын түздүгүндө бактысы,
Кайрат, күчтө, чоң намыста демибиз.

## КАР ЖААДЫ ЧОЛПОН-АТАГА

Кар жаады Чолпон-Атага,
Калк болсо толгон капага.
Кар тунуп калды мелтиреп,
Тоолордо, Көлдө, жакада.

Көргөнгө көздөр алданаар,
Кызык кыш болду жарданаар.
Отурул калды бутакта,
Эстери ооп каргалар.

Жоодурайт күндүү кут асман,
Күзгүдөй тоолор куш ашкан.
Сагынып карды калганбы,
Кучактайт бекем бутактар.

Таптаган учкул күлүктөй,
Канатын күүлөп илинтпей,
Кар менен аппак кар болуп,
Чардактар учат билинтпей.

## ӨМҮР ЭСТЕЛИГИ

Жүрсөң да ак кызматың элге өтөлүп,
Тагдырда болот тура өзгөчөлүк.
Жээктей миң толкунга чыдап турган,
Кайгыны жер көтөргүс сен көтөрүп.
Пенде үчүн көтөрөсүң, чыдап баарын,
Көтөрүп тургандай күч жердин шарын.
Адамдык үчүн тутуп, жеңдиң баарын.
Адамдык эмес, кылуу мажесиңи,
Толкундан аман калган кайык өңдүү,
Куралган кичинеден айыл өңдүү.
Курулмак өмүрүндүн эстелиги,
Тукумдап туусу болгон байыркы элди.

## КӨРБӨДҮМ КӨЛДӨЙ ЖЫРГАЛДЫ

Көлгө эл таазим этишет.
Керемет жайды сезишет.
Жыл бою күндө адамдар
Келгиндей келип кетишет.

Миңдеген тагдыр от улап,
Кылымга өмүр созулат.
Булактар куйган көлгө окшоп,
Миң-сан жол мындан кошулат.

Көңүлүң көлдө кайыктай,
Кеселиң калбай айыкпай.
Жайылып турат канатың,
Той берчү жашыл жайыктай.

Куусундай көлдүн таранып,
Куусундай көлдүн агарып.
Тоосундай бийик сезилип,
Толкуну өңдүү таралып.

Тагдырга кимдер таарынат,
Баарысы турса жаадырап,
Ыр менен күүнүн толкунун,
Жээктей тосуп ар убак.

Күндөрүн коштоп ыр жандуу,
Гүлдөрүн сунуп жыргалдуу.
Көгүчкөн өңдүү адамдар,
Көрбөдүм көлдөй жыргалды!

## ЫСЫК-КӨЛ

Касиетиң ыйыкпы дейм энемден,
Канатымдын күүсү кылып келем мен.
Кыргыз жаны сенде окшойбу байыртан,
Жан терлерден бир жаралган белең сен?
Бүт ааламга айта келсе айдыңдуу,
Бүт дүйнөдө болгон даңкты алдыңбы?
Жан денеден кеткен кезде көл болуп,
Көз жаштардан пайда болуп калдыңбы?

Тер да ачуу, көз жаш ачуу, ып-ысык,
Көл да ошондой миң кылымдан сызылып.
Кыргызымдын мээнети да шорундай,
Жер да адамдай, деми турат ысытып.

## СӨЗ САПАРЫНДА

Жалаң гана жакшылыктан, бактыдан
турбайт турмуш ачуусу жок таттуудан.
Жер көтөргүс кайгы-муң бар жүрөктө,
Булут болуп ажырагыс бактыман.
Арман, зарым болсо дагы боздогон
Жылды баккан, жай күндөрү окшогон.
Күндөрүм бар-сырымды угаар ырларым,
бала күндөн өмүрүмдү коштогон.
«Ой, сенин бир чоң тозогуң бар» дешет,
«Олтурасың, жазып, улам чиймелеп».
«Бүгүнкү ал бейишим дейм ыр жазуу»,
Турмуш, жашоо, ырды бекем сүй, демек.
Ырым-өмүр, кыйбас досум, туугандай,
Жарым, балам, элим болуп тургандай.
Геологдой өмүр бою сөз издеп,
Сөз сапарда кетип барам буудандай.

## БИР УУЧ ТОПОҢ БИР ДӨБӨ

Өмүр жок го өтпөй калчу саяда,
Тирүү жүрсөң аксаганды тая да.
Ажал келсе бир жашоодо бир парзың,
Адам болсоң ууч топоң аяба.

Ач тоюнат, пендең курсак экен да,
Өңдү көрүп, тирүү турсаң экен да.
Бийиктигиң жерде гана билинээр,
Бир дөбөң-бул, бир ууч топоң экен да!

## КЫЗГАНЧААКТАР

Кызганычтуу эркектердин аялы,
Катардагы эмес, ал бир баягы.
Бир жагынан кадыр-барктуу сезилет,
Экинчиси суюктай бир аягы...
Биринчиси суктандырган сулуудай,
Өмүр бою кол жетпеген улуудай.
Ошон үчүн баары ашык деп ойлойт,
Пери көрүп, мыкты көрүп курулай.
Экинчиси, көз боёгон уурудай,
Өз эринен дене-бою жылыбай.
Ким болсо да жатып алган жел аяк,
Көңүлүндө бир агы жок чыныдай.
Кызгангандар «бир келет да өмүр» деп,
«Мендей эч ким сүйө албайт, көңүл» деп
Кызганышат аялдарын ар убак,
«Кызганычсыз сүйүү-өчкөн көмүр» деп

Аялдар да так ошентип кемишет,
Бакыт жибин улам кесе беришет.
Бирок, бирок, ошол эле учурда,
Кызганчаактын көбү жүрдөөк келишет.

## СЕНСИҢ АДАМ ЖАШООСУНУН САПАРЫ

**(Врач Сапар Таштан уулу Маңкушовго)**

Өмүр сапар, өзүң Сапар экенсиң,
Өрттөй жанган бир уулусуң мекендин.
Ден соолугу болсо элдин, Ата Журт
чың да болот, дайым боосу бекем Күн.
Колуң эмдүү, жолуң сенин ак жолтой
Сыркоо айыгат денинде бир так болбой.
Көңүлдү сен асман жасап чайыттай,
Өмүр жолун ачтың элге кан жолдой.
Дарыгерлик салтын улап Чыгыштын,
Өмүр үчүн татаал жолго чыгыпсың.
Үшүп келген сыркоосунан канчаны,
Үмүт берип, мээримиңе жылыттың.
Алкыш айтам пациентиң катары,
Каалап тилек, берип көлдөй батаны.
«Сапар бүтпөйт!» —эң улуу сөз, улуу жол,
Сенсиң адам жашоосунун сапары!

## К Ы Я Л Ы М

Түз айтам деп жек көрүнөм көбүнө,
Тазалыгым мүмкүн ошол көрүнөө.
Дайым доңуз мүнөзүм бар ошондой,
Кези келсе каруулашам бөрүгө.
Жүзү жарык жашап өтүү өмүрдө,
Эзелтеден ал бир чоң салт элимде.
Айдай болгон ажарым бар калкымда,
Тик караймын, калыс бол деп теңирге.
Жашап келем адамдарга бериле,
Душманды да «өт» деп кыйнайм төрүмө.
Ыйманымды өрттөбөймүн эч качан,
Ал кыялды ала жатам көрүмө.

## ЭСТӨӨДӨБҮЗ КЕЧИГИП

**(Умсунайга)**

Өлүм-өмүр коштоп чапкан аргымак,
Экөө бирдей кең мейкинде каргымак.
Өмүр өксөп, өлүм озуп акыры,
Катарынан жок издетип, зар кылат.
Тагдырыңды баалап дагы, баалабай,
Жакшылыкты каалап кээде каалабай.
Адамдарды сен көрсөң да ар убак.
Кар учурган ач талаада паанадай.

Оо, биз сени бир түшүнүп, түшүнбөй,
Байкап, сезбей, өмүрүңдү үзүмдөй.
Көз алдыдан чагылгандай өткөрүп,
Эстөөдөбүз каат жылда түшүмдөй.

### ЭЛГЕ КАРАП ЖАШОО КЕРЕК АДАМДАЙ

Бул дүйнөдө жашап туруп жер менен,
Чыга албайсың кең асманга сен деген.
Кыйын болгун, жаман болгун, баары бир,
Элиң чениң, караласың эл менен.
Мейли жансын көктө—сенин жылдызың,
Менменсинип, сыймыктанат кыргызың.
«Эл ичинде кайгы жалгыз келбейт» дейт,
Эл турмушу менин, сенин турмушуң.
Бүгүн көктө болсоң, эртең бара албай,
Жөрмөлөйсүң, канат сынып, чам албай.
Эрдемсиген бир учуруң закымдай,
Элге карап жашоо керек адамдай.

### ЖАКШЫ КАЛ КӨЛҮМ, ЖАКШЫ КАЛ!

Ак толкун болуп келгемин,
Аралап көлдөй элдемин.
Мендеги ойлор түбөлүк,
Мекендеп калды Көл жээгин.

Жан кыйбас болдук бир келип,
Жаштыкты бердик түнгө биз.
«Жакшы кал, Көлүм» десем да,
Жарашып дайым биргебиз.

Жарыша чуркап толкундар,
Жандаса денең солкулдаар.
Өтектен тартып кетирбей,
Өрбөлип турса сонун шаң.

Көк кайып, чардак кабарлап,
Көзгө жаш сүрүп, тараар чак.
Түбөлүк Көлдө өскөндөй,
Түрүлөт ойлор санааркап,

Ысык-Көл канбас нур аял,
Ысыгың жандан туя алам.
Келээрим анык болсо да,
Келбестей кайра муңаям.

Бороонуң боздоп ырдаган,
Толкунуң ачкан сыр маган.
Бир жолу кетип жаткандай,
Билинтпей ойлор чырмаган.

Келсең да, кетсең майрам да,
Таралып күндөн айларга.
Толкунуң жыйып келдиң, Көл,
Узатчу өңдүү майданга.

Толкунуң улам шарпылдап,
Чардагың анда калкылдап,
«Ак жол,—деп Көлүм,—өмүргө!»
Кол жайып турдуң жаркылдап,

Ырдасак Көлүм, не күнөө,
Ырахмат, эне мээриңе.
Ак толкун менен сугаргын,
Гүл тигип кеттим жээгиңе!

Жылдызы толгон түндөй гүл,
Жалындап күйгөн күндөй гүл.
Акындын ошол сезими,
Жалооруй карап түрдөй жүр!

Келээрмин же бир келбесмин,
Өзүсүң Көлүм берметтин.
«Ысык-Көл» аттуу ыр баштап,
Өмүргө кошуп мен кеттим.

Сагынам Көлүм, жаш сыгам,
Өзүңсүң-көз жаш тамчылар,
Эл аман, сен да толук бол,
Жакшы кал Көлүм, жакшы кал!

## ЖОМОКТОЙ ЧОЛПОН-АТА

«Сүф» десең жаан келген,
Сүрүлүп шамал желген.
Толкуну жууркан болуп,
Көл жээгин жаба берген,
Жомоктой Чолпон-Ата!

«Сүф» десең кары жааган,
Өңдөнүп баары жалган.
Кайрадан жамгыр элеп,
Чыккандай дарыядан,
Жомоктой Чолпон-Ата!

Кар жааса кардай эмес,
Кайра эрип, жаздай элес.
Булуттар саан уйдай,
Торпогу кактай элек,
Жомоктой Чолпон-Ата!

Жалп өчүп күнү тийген,
Жер булут түрүн кийген.
Аңгыча тумандан күн,
Сулуудай күлүп ийген,
Жомоктой Чолпон-Ата!

Көл, Кылаа Абад болгон,
Көрктөнтүп адам толгон.
Жардаган курорттору,
Жайылып канат болгон,
Жомоктой Чолпон-Ата!

Жаштык-бул, Көлдөгү өрт,
Чардагы, өрдөгү көп.
Бүтүндөй эс алгандар,
Бүт түгөй өңдөнүшөт.
Жомоктой Чолпон-Ата!

Жүрүшөт сылык-сыпаа,
Сыйлашып, урмат кыла.
Жогорку маданият,
Жолугуп турмак мында,
Жомоктой Чолпон-Ата!

## НАКЫЛ ЫРЛАР

Мусулман пенде түз жүрөт ,балдар,
Алдыга дайым жүткүнөт, балдар.
Айласы кетип калганда шашып,
Адамдан үмүт үздүрөт, балдар.
Чыккан күн күндө бир тийет, балдар,
Ажарың ачып, тирмийет, балдар.
Ысык бол дайым жашоодо жанып,
Муздаган денди ким сүйөт балдар.
Жылдызды жыйнай албайсың, балдар,
Эмгексиз жыргай албайсың, балдар.
Өзүңдү алдап коёруң бышык,
Элиңди кантип алдайсың, балдар.
Ыймансыз кайда бара алсын, балдар
Ыймaның болсо адамсың, балдар.
Адепсиз кайда бара алсын, балдар,
Адеп жок болсо камансың, балдар.
Сүйүү-бул, турмуш, сыйлап ал, балдар,
Жашыңда жанды кыйнап ал, балдар.
Жашыңдан жалкоо, жан бакты болсоң,
Тирүүлөй боздоп, ыйлап ал, балдар,
Акылды дайым тыңдап ал, балдар,
Акылың менен жыргап ал, балдар.
Өзүңдөн артык түгөйүң таап,
Өмүрдүн ырын ырдап ал, балдар.
Сага өмүр берген апаңды, балдар,
Ала-Тоо өңдүү атаңды, балдар.
Кор кылба көзү барында такыр,
Карманып такай жакаңды, балдар.

Тирүүнү сыйлап көнүп кал, балдар.
Тирүүнүн баркын көрүп кал, балдар.
Тирүүнүн сыйы, өлгөндүн ыйы,
Көңүлдү буга бөлүп кал балдар.

Ажалдын айтсак түрү суук балдар.
Оорунун өткөн күнү суук, балдар.
Кадимден калган нарк-салтты эсте,
Каркыра өтсө үнүн ук, балдар.

Күч болсун өмүр гүлүндө, балдар,
Байлыги барга жүгүнбө, балдар.
Өлүк да барат куланган бойдон,
Ылдыйда тууга жүгүрбө, балдар.

Текебер болсоң тешилдиң, балдар,
Текебер жанга эзилдиң, балдар.
«Кедейлик-кемтик эмес» дейт элде,
Муң-зарын уккун жетимдин, балдар.

Жашартат жаштар жергени, балдар,
Алтынсың, билсең элдеги, балдар.
Адамды баркта барк алгың келсе,
Кадырлап өткүн пендени, балдар.

«Ат сыйлаган жөө калбайт» балдар,
Майдага чүнчүп дөө барбайт, балдар.
«Эр сыйлаган эшикте калбайт,»
Акка адам дайым көө салбайт, балдар.

Жакшы атты алыс жол билээр, балдар,
Жазмышты тарткан шор билээр, балдар.
Турмушка туур хан сарай курсаң,
Каруусу кетпес кол билээр балдар.

Дарыгер билээр дарыны, балдар,
Карылар билээр карыны, балдар.
Сары оору кылаар шайыңды алып,
Жол карап күтүп зарыгуу, балдар.

Өйдө-ылдыйың карай жүр, балдар,
Өбөгүң кимдер, санай жүр, балдар.
Катуу сапар капилет келет,
Канатыңды тарай жүр, балдар.

Жайнаган чөптүн уусу бар, балдар,
Жайкалган көлдүн куусу бар, балдар.
Жашоодо ой-кыр сан жеткис нечен
Сайраган сөздүн туусу бар, балдар.

Кар жааса жер бүт агарат, балдар,
Жаман жыт дароо таралат, балдар.
Өйдө карап түкүрсөң сага
Урунат, бетиң карарат, балдар.

Теминсең баспайт жаман ат, балдар,
Мейкинде канат сабалат, балдар.

Демилге деген деминдей ысык,
Жеткирет акыр далалат, балдар.

Күндөн да жарык түн болот, балдар,
Түндөн да кара күн болот, балдар.
Кыйкырсаң канча, эч ким да укпас,
Өзүңдөн чыкпас үн болот, балдар.

Сайраса куштар түр болот, балдар,
Сагынткан адам пир болот, балдар.
Санаган жакын адамың ууру,
Саргайып көңүл кир болот балдар.

Толкундар күчү көңүлдүн, балдар,
Жаштыкта күчү өмүрдүн, балдар,
Жашоо максат чегине жетип,,
Жарыктай болуп бөлүнгүн, балдар.

Баркы жок болот төгүндүн, балдар,
Жамгырдай элге төгүлгүн, балдар.
Бийик элдин улуусун, билсең,
Бийиктен дайым көрүнгүн, балдар

Жай келсе кышты эстей жүр, балдар,
Алдыны дайым дегдей жүр, балдар.
Алсыздык башка түшкөндү аяп,
Айланып алыс кетпей жүр, балдар.

Сүйгөндү сүйүп, кадырла, балдар,
Күйөөрүң болсун жанында, балдар.
Көөдөндө жүрөк, жаштыгың барда,
Өчпөстөй болуп жалында, балдар.

Күн келет түндүн артынан, балдар,
Күчүңдү катпа калкыңдан, балдар.
Күүлөнгөн канат күнүндө, билсең,
Күндөрүң кымбат алтындан, балдар.

Толкунду толкун басат да балдар,
Булутту шамал ачат да балдар.
Ынтымак деген кут болот үйгө,
Чырдашсаң бакыт качат да балдар.

Чениңди карма, ашпагын балдар,
Шайтан дейт шашкан, шашпагын, балдар.
Бактынын өңү жупуну болот,
Кол шилтеп андан качпагын, балдар.

Жетесиз дайым диңкийет, балдар,
Жетене дароо бир тийет, балдар.
Жөнөкөй болгун жериңдей токтоо,
Миң түрдү жылда бир кийет, балдар.

Бирдей да эмес жай, күзүң, балдар,
Эң сараң болот бай кишиң, балдар.
Бай-деген, мал-мүлк, дүнүйө эмес,
Маанайы ачык арт кишиң, балдар.

Мээримди дайым гүл сүйөт балдар,
Мээрисиз-кирпи, үрпүйөт, балдар.
Өзүнөн башка жакпаган жан көп,
Таарынган сымал үңкүйөт, балдар.
Ысык-Көл-жердин көз жашы, балдар,
Тыңдасын акыл-сөз башы, балдар.
Ысык-Көл-жердин жан тери мончок,
Ала-Тоо-жердин өз башы, балдар
Колуңду сунсаң кере сун, балдар,
Алаарың болсо бересиң, балдар.
Өлүмдөн башка өмүрдө укмуш,
Тирүү эле жүрсөң көрөрсүң, балдар.
Сүйгөндү дайым сүйгүнүң, балдар,
Күйгөнгө дайым күйгүнүң, балдар.
Тегиз бол элге, баарына бирдей,
Тетирлеп басат үй күчүк, балдар.
Сезе жүр элде сүйкүмүң, балдар,
Сергилең сөздү түйгүнүң, балдар.
Эл-журттун көөнүн чын бурам десең,
Эмгекти башка үйгүнүң, балдар
Чагым бар, ойго жик салат, балдар,
Алдабайт көзүң, тик кара, балдар.
Өзүңдөн чыккан жат жаман, алдайт,
Өз ээсин каппайт ит гана, балдар.

## АТАГАНАТ ШАЙЛОО БОЛСО ЖЫЛ БОЮ
### (Какшык)

Шайлоо керек эл мөгдүрөп турганда,
Маанай ачып, мээрим колун сунганга.
Ага төрт-беш атаандаштар эң зарыл,
Калк көңүлүн каада менен бурганга.
Жокчулукту мына ошондо көрүп ал,
Эске келбейт, кандидаттын көөнүн ал.
Азык-түлүк, кийим баары дап-даяр,
Жеткиришет, үлүшүңдү бөлүп ал.
Эл тагдырын кандидатка тапшырып,
Көрөлүчү андан дароо жакшылык.
Атаганат, шайлоо болсо жыл боюу,
Эл турмушу жылда турмак жакшырып.

## ЭРКИНДИК ГИМНИ
### (Конституция күнүнө)

Жыйырма! Жылдыз кылым,
Өзгөрттү турмуш нугун.
Аныктап, калыптады,
Кыргыздын кыргыздыгын.

Түптүү журт-энең өндүү,
Күн кылат делебеңди.
Каадалуу салты менен,
Калкыбыз эгемендүү.

Кыргыз-бүл ыйбаалуу жан,
Кылымдар ыйманы бар.
Тулпардай чекке келген,
Туусу бар, мыйзамы бар.

Жанган бир куттай жерим,
Жалындай учкай кебим.
Мекеним канасында,
Бийикте куштай элим.

Душманды, досту ылгап,
Табында күндүн жыргап.
Элибиз ааламга шаң,
Эркиндик Гимнин ырдап.

Жаркырак жылдыз көктө,
Кемедей укмуш көлдө.
Жалбырттап оттой күйгөн,
Жашасын Кыргыз өлкө

## *Сезим күүлөрү*

### СЕН ЭКӨӨБҮЗ

Биз жашап эки өмүрдө жарнакташып,
Үйүлүп, ток болсок да, калсак да ачып.
Баракат бул турмушкаменсинбедик,
Бирөөнү ийкебедик да жан сактатып
Тартпадык абыгерлик, туура ойлодук,
Шүйшүндүк чоң максатта тууга ой конуп.
Түшүндүк жашоо өмүр-өлүм баасын,
Баш кошкон күндөн сезим буга ойгонуп.
Карманбай дүйнө-мүлктү, атак-даңкты,
Кармандык адамдыкты адам-бакты.
Сый кайтпай калса дагы көп учурда,
Сыйладык өмүр бою адамдарды.
Ушундай чоң сапарда мага жолдош,
Жүгүмдү так мойнумдан ала, колдоп
Сен мени таптап, күтүп келатасың,
Өмүрүң кайненендин бара жолдоп.
Өмүрүм, келечегим турмушунда,
Өзгөчө көңүлүңдү бурушунда.
Чайыттай асманымда ачып дайым,
Чагылган тоскучум сен турмушумда

### СЕН БҮГҮНКҮ ПЕРИСИҢ

Күн нуруна өңү эрип, каздаңып,
Жолдор жатат кечке күндү жазданып.
А, сен жалын, карағанды жылытып,
Январда ажарыңдан жаз жанып.
Сезим оту, сен да жолдой бир өмүр,
Сезип, күтсө, бактысысың бирөөнүн.
Жаштыгың күн жаадыраган ар убак,
Кыш мезгили сенде жогун билемин.
Сен турган жер-жайындагы Ысык-Көл,
Сергүү, кооз, дүйнөдөгү кызык жер.
Сен баратсаң бараткансыйт күргүштөп,
Дайра болуп каптап алып ысык жел.
«Кереметтүү сулуу өткөн деп илгери»,
Жомокто уксам, жомок бала күндөрү.
Сен бүгүнкү табияттын, өмүрдүн,
Биргелешкен жаратуусу, бир пери!

## ТААРЫНБАЧЫ

Турмушта жаңы, эски бар эреже,
Жаза басып, жаңылуу бар эми эле.
Учур кетти так ошондой бир жолу,
Таарынбачы, таарынасың сен неге?

Өмүр кайдан келет бизге бир кетсе,
Өкүнөбүз жашап турсак, бир кезде.
Жүйөө билбес түнү келсе жазмыштын,
Таарынбачы, тагдырыбыз бир кечте.

## КҮН ЖАНА КЫЗ

Сезгенге нурдай төгүлүп чачы,
Сезимге нурдай өбүлүп назы.
Ажары жалын, күн өңдүү селки,
Өмүрдүн жайы, көңүлдүн жазы.
Чачындай кыздын нурлары күндүн,
Ааламда чалкып турганы гүлдүн.
Бүтпөгөн сүйүү тараткан жаштык,
Кумардуу жандын жыргалы билгин.
Күч-кубат берип, каныңда ташкан,
Күүлөнтүп ойду, бүтпөгөн дастан.
Жарыгы өмүр, жашоонун экөө
Оту да күйгөн ысыгын чачкан.
Турмушта бирге жашаган түрдөй,
Туусундай сезе, калбаган сүйбөй.
Күлүндөп турган ажары бакыт,
Күн жана кыз-бул, махабат бирдей!

## ӨРТТӨНҮП ТУРДУК СЕЗИМГЕ

Курчалып курум белде оймок,
Ортодо ысык жел ойноп.
«Ой-бойго койбой кучактап,
өпсө» — деп, анда сен ойлоп.
Жүзүңдү гүлдөй имерип,
Өңдөнөт колум билерик.
Ыйбааңа кылбай үстөмдүк,
Өппөдүм, айлам түгөнүп...
Түшүнүп, бирок, жете албай,
Жетүүчү чекти чече албай.
Өрттөнүп турдук, кантели,
Адамдык сыйдан өтө албай.

## КУДУРЕТ МАГА АРНАГАН ШЕРИ БЕЛЕҢ

Уламдан ойноктосоң,
Уландай көзүм түшөт,
Буралсаң жароокерим,
Тура албайм, сөзүм күчөп.
**Кайырма:**
Кудурет мага арнап,
Жараткан пери белең.
Жашаган кайда жүрсөм,
Түбөлүк мени менен.

Көрүнбөй кетсең дагы,
Көңүлдө толгон элес.
Дүйнөдө сендей сулуу,
Мен үчүн болгон эмес.
**Кайырма:**
Өмүр-бул, сүйүү күндөй,
Ысыгы асман-жердин.
Жашоодо мага айланган,
Жап-жалгыз сүйүүм сенсиң!

Канча алыс жүрсөм, коштоп,
Кашымдан көрүнөсүң.
Канча өмүр болсо, какшап
айтаарым: өзүң-өзүң!

**Кайырма:**

Бактым сен турмушумда,
Ала албас пенде сурап.
«Жанбирге» деген сөздүн,
Мааниси сенде турат.

## КУЧАКТАП ЖАТЫП САГЫНДЫМ

Уланат, билем, эл сенден,
Улуусуң бийик сермелген.
Бешиги сенсиң бакыттын
Пейлиңдей жайдын термелген.

Ыйыксың сезген адамга,
Ыр болуп баскан кадамда.
Жаз өңдүү курчап турасың,
Жалгаган ысык саламда.

Сен өзү белең жалындын,
Сезимиң-жууркан, жамындым.
Кумарым канбай өзүңө,
Кучактап жатып сагындым.

## СҮЙҮҮ-БУЛ, АРМАН БЕЛЕМ

Таалайды болжой албай,
Тагдырды билип-билбей.
Колумдан сени учурдум,
Тамшанып, жүрүп күндөй.

**Кайырма:**

Элесиң менде, сен жок,
Өмүрүм бөксө калды.
Сүйүү-бул, арман белем,
Кактаган өрткө жанды.

Үлбүрөп жашап жүрөм,
Үмүттүн оту болуп.
Үшүсөң жылынып тур,
Калганда колуң тоңуп.

**Кайырма:**

Каадалуу күндөн учуп,
Качкан куш тийбейт, билем.
Сүйгөндөй сени өзүм,
Эч качан сүйбөйт күйөөң.

**Кайырма:**

Дүйнөдөн өтсөк дагы,
Жолго ажал тору толуп.
Сүттөй ак сезим жашаар,
Сүйүүнүн жолу болуп.

## САГЫНЫЧ

Билдиңби жароокерим, ким экениң,
Бийигим, мени менен бир экениң.
Жараттың сагынууну ушунчалык,
Сездирип сезимдеги гүл экениң.
Сагыныч күүлөрү бар, кайрыгы бар,
Каныма үйөр салат кайрылуулар.
Жүрөктүн чакырыгын угасыңбы,
Түндөрдө түштөгү үндөн дайныңы угам.
Кусалык жамгырына сергий албайм,
Куштай бир учуп көңүл, эргий албайм,
Сагыныч эмне экенин түшүндүрдүң,
Күн-түнү өзүң барган жерди аңдайм.
Бермекпи жел кабарды, куш кабарды,
Экөөбүз утурлашып учпаганды.
Сагыныч жолу түнкү жылдыздарда.
Ал бизге айтат ойгоо, уктаганды,

## АЯЛЗАТЫ БЕШИНЧИ МЕЗГИЛСИҢЕР

Ар түндүн эң акыркы сөзү сенде,
Ар күндүн жалжылдаган көзү сенде.
Тирүүнүн сыйы сенсиң, таазими сен,
Ар таңдын эң алгачкы сөзү сенде.
Эмнени салыштырсак жарашасың,
Элессиң, эсти оодарган тамашасың.
Көңүлсүң батпас күндөй жаадыраган,
Өмүрдүн оту, жансың жана асыл!
Сүйүүсүң, алоолонгон жанар тоодой,
Максатың башты байлап бараар жолдой.
Жомоктой бала кезде керemetсиң,
Барк-бааңа шек келтирген калаар оңбой.
Силер деп ким барбаган бөөдө өлүмгө,
Сен жок жер барбы аалам чөлкөмүндө.
Жүрөгү жигиттердин так силерде,
Жүрөксүң эркектердин көөдөнүндө.
Дүйнөгө өмүр берген кыймылың бар,
Адамга эне болгон сыймыгыңар.
Ааламдын жарыгы сен, жаштыгы сен,
Адамзат алыс болсун ый-муңуңдан!
Перидей түштө, ойдо да аян берген,
Аялдар, бир сыйкыр күч, баян белең?
Сезбейбиз, бирок, бирге жашап-жүрүп,
Бешинчи мезгил барын «АЯЛ» деген!

## ЭСТЕСИҢ СЕН ДАЙЫМА

«Мезгил басты, өткөн өмүр түшүм» деп,
Мелүүн желдей, салкын тарта бүшүркөп,
Мээриминен оолак кармап, сестенип,
Мени сендей башка кайдан түшүнмөк?
Ишенимим иттей сүйрөп, суу кыла,
Ишеничти жүрмөк беле туу кыла.
Чын жашоодо курбу экенин билдирип,
Чыдамакпы ысыгыма суугума?
Бирге жүргөн күндү кайдан эстесин,
Бир жашаган жылды кайдан тескесин.
Мендей болуп калган үчүн так өзүң,
Мээнетимди тартып жашап, эстесиң.

## ЫР ДЕГЕН СЕН

Дайра болуп күргүштөп да, жай аккан,
Толкуп-ташып, ыр издейбиз каяктан.
Ыр деген бул, кереметтүү Обо эне,
Тагдыр Адам ата менен жараткан.
Жер шарына аял күндөй саналган,
Ыр да келет тээ түп атамзамандан.
Турушуңча өзүң ырсың жалжалым,
Бүт өмүрүм тамызгы алып, жана алгаң.

Сен булактай келсең күлүп кубанып,
Өмүрүмдү өркүндөтүп, уланып.
«Турмуш берген түгөнбөгөн ырым» деймн,
Турсаң карап, гүлдөй жайнап, буралып
Түрдү берип, шанды берип күндөргө,
Жанар тоодой жарык берип түндөргө.
Сезим отун алоолонтуп түбөлүк,
Ыр келбети сендей болот, билгенге.

## ЖАЗДАН СЕНИ АЙЫРМАЛАЙ АЛБАДЫМ

Ой мухити, көзгө жарык тартылат,
Бул ааламды чалгындасак артуулап,
Дүйнөнү жаз жаратканбы деп ойлойм,
Төрөлүүнү, жалгашууну тартуулап.
Жан-жаныбар жамырады күн көрө,
Жер жаадырап көктөм жана гүл төгө.
Аялзаты, адамзатты эң ыйык,
А, сен болсо бердиң ушул дүйнөгө!
Канча, канча жааса дагы кар калың,
Жазда анда байчечекей-бар жалын.
Жаштыгы да, жалыны да өмүрдүн,
Жаздан сени айырмалай албадым.

## КУПЛЕТТЕР

Булут бийик, күн жаабайт,
Жигит комсоо, бил, даабайт.
Сүйүү сөзүн кез келсе,
Сүйгөнүңө ырдап айт.

Көктөн нурун күн төгөт,
Нурду алгач гүл көрөт.
Чанак жарат нур өпсө,
Айкалыша түрдөнөт.

## СҮЙҮҮ ДЕГЕН АРМАНДАЙ

Бактылуумун жетпей калган үчүн мен,
Түк кетирбей өмүр бою түшүмдөн.
Уусун татып, анан дайым адамдар,
Махабаттын эмне экенин түшүнгөн.

Кайыбынан бак келгендей жалгызга,
Кудуреттүү күч келгендей алсызга.
Жергедей бир кубат алып ар убак,
Жеткенден да жетпей калуу артыкча.

Катуу сүйдүм, жалын менен балдардай,
Калдым, анан жол бөлүнө ар кандай.
Сенин мага тартуулаган белегиң,
«Сүйүү деген өзөктө өрттүү армандай!»

Ашык чечет арзуу агтуу түйүндү,
Жолу катаал: сүйүктүү да күйүктүү.
Менде экөө тең экөөбүздөй, сезип кой,
Арман менен баалап, күтөм сүйүүмдү.

## СУЛУУСУҢ ТҮНДӨЙ КЕРЕМЕТ

Түшүп келди кечте ааламдан коймолжуп,
сенин кара көздөрүңдөй моймолжуп.
түн куюлуп, көмүргө окшош чачыңдай,
зор мажрүм тал өстүрүп койгонсуп.
Жыланайлак баскан өңдүү билинтпей,
айылдын сак иттерине да илинтпей,
күндүз бекем анттап, болжоп бүткөнсүп,
кирип келди жер койнуна жигиттей.
Араң байлап жүргөн сымал алыстык,
ширелишип, имерилип дабышсыз
айкалышты бүтүндүктөй эзелтен,
ушул мүнөт тогоштурган кабылтып.
Сен сулуусуң ушул түндөй керемет,
Турам жердей, булагыңды желелеп.
Ажайыпты экөөбүз тең сезебиз,
Экөөбүзгө азырынча келе элек.
Жып-жылаңач наристедей тап-таза,,
Жыргалдуу бул түндү сүйөм ак бата.
Касиети ошол түндүн өзүңдө,
Жылдыздары көзүңдө ойноп шаттана.

## КОШУП АЛДЫҢ ӨЗҮМДҮ

Элдин баары карашкан,
Эркелетсе жарашкан..
Каныкейден кем белең,
Кем бекемин Манастан?

Сының тоонун элиги,
Көрктөп турат жерими.
Сырың туюк, каалайсың,
Башканыбы, мениби?

Алып жүргөн жүрөгүм,
Сүйүү экениң билемин.
Таштап койбо талаага,
Колун кармап бирөөнүн.

Жалгыз мага-күлсөң баа,
Жарыгың бар түндөн да.
Кошуп алдың өзүмдү,
Бөлөк жашап жүрсөң да.

## ӨЗҮҢДӨН БИЛБЕЙ ӨТКӨНДҮ

Көрмөксөн болуп бир жүрүп,
Көрүнөө калдың күйдүрүп,
Бирөөгө жаңы таанышкан,
Билмексен болуп сүйдүрүп.

Ачышат ичим, жан кейип,
Адамдык жагың анчейин.
Алгачкы күндө жаңылып,
Айнытып алдың кантейин.

Жеңилдик эмне, баалаарсың,
Жазасын нечен алаарсың.
Өзүңдөн билбей өткөндү,
Жамандап мүмкүн калаарсың.

## ТЕРИП АЛ

Жылдыз-гүлдөр ааламда,
Жайнап турат барпырап.
Жымың-жымың этишип,
Жандарына чакырат.

Ойноктогон көп гүлдүн,
Окшоп жайлоо жери ал.
Жебе болуп эгерде
Жетсе сезим терип ал.

## БЕШИНЧИ МЕЗГИЛ БОЛУП КОШУЛАЙЫН

Сен жазсың билип жазда жашаарыңды,
Келгиндей жазга бурам сапарымды.
Дүңгүрөп өзүң менен бир сезсем деп,
Дүйнөнү бир жашартып жатаарыңды.
Сен жайсың, билип жайда тураарыңды,
Жоокердей жайга бурам бууданымды.
Жашоонун көркүн сенден элестетип,
Билип кой, бакыт үчүн кураарымды.
Сен күзсүң, билип күздө болооруңду,
Эстетип түбөлүк сый коногуңду.
Таң менен келип түштүм узак жолдон,
Тартуулап бүтпөс өмүр жомогумду.
Акың бар акактатып чуркатууга,
Арбалтып, жаштык деген кырда тууга.
Сен кышсың, суукгугуң өзүмө алып,
Өткөрөм ысыгымды турпатыңа,
Тагдырдан сага карай жол сурайын,
Бешинчи мезгил болуп кошулайын.
Сезгенге, сен бир жаккан отсуң-айыл,
Жылынып өмүр бою отурайын.

## СЕЗИЛИП ТАҢКЫ ЖЫЛДЫЗДАЙ

Ай, жыл өттү, арман ырын сага арнайм.
Кыял, алдоо, издеп таппайм, бара албайм.
Өмүр жазы кайра экинчи келмекпи,
Ал кездеги өзүңдү издеп таба албайм.
Мезгил жазы келээр, келээр гүл жүктөп,
Суулары да агып кирээр күргүштөп.
Кайрып сени, табаар беле, чырактай
Жылдыздардай күндөрдү бүт күйгүзсөк.
Оо, каяктан, солуган гүл жашасын,
Сенден башка ачмакпы ойдун капасын.
Бул жашоодон өчүп кетет окшойбуз,
Ондой албай биз жаштыктын катасын.
Жүрөгүмдө сени ачылбас сыр кылуу,
Сенде турат анын бекем чынжыры.
Таңкы жылдыз көздө турат — өзүңдөй,
Так ушундай менде турмуш чындыгы.

## КЫЗДАР ӨМҮР ЖЫЛДЫЗЫ

Кыздар-кыздар гүлбурак, кызык өмүр,
Жаштык коштоп, жалындап учуп көңүл.
Алоолонгон отсуңар бул турмушка,
Аккуусундай суйкайып Ысык-Көлдүн.
Катып алып жигиттин ысыктыгын,
Кайра берген жашоого, кызыктыгың
Сен өмүргө кошулган бир дайрасың,
Тереңдетип, кеңейтип бузуп нугун.

Жаралгандай жигитке сагынтканы,
Бу турмуштун өчпөгөн жарыктары.
Булутту өмүр катары түшүнсөк биз,
Силер анын ойногон чагылганы.
Көрсө көздөр, көңүлдөр ыр ырдаган,
Кыздар жүргөн күндөр, ай, жыл ырдаган
Силер барда баары бар, дүйнө түгөл,
Жылдыздары өмүрдүн жымыңдаган.

## ЫРЫМ МЕН БИР ОЙНОШ

Түрмөдөй камалып,
Түр ойго такалып.
Эркин ой чабыттап,
Эркин ыр жасалып.

Таасирдүү чеп үйдө,
Тар бөлмө-кең дүйнө.
Ырым, мен бир ойнош,
Окшошуп Жер Күнгө.

## БИРИКТИРЕТ АЛЫСТЫК

Караганың серпилип-ар жолкуң Ай,
Серпилген бир көлдөгү ак толкундай.
Өмүрүмдү бүт жайпап кетесиң да,
Өрттөп салып, өкүнтпөй жанда отурбай.
Ар качан да ой козгоп, түрүлөмүн,
Алыс жолго келип бир «жүрү» дегим.
Кышкы күндөй алыстап кетип калып,
Так ошондой сен мага биригесиң.
Толкунуңда дале мен-жарык нурда,
Махабаттан шерденип, алып нуска.
Сагынычтын, сүйүүнүн кусалыктын
таразасы, баасы да алыстыкта.

## МАКСАТ ЖОЛУН БАССАК ДЕЙМ

Кышты, жайды өмүрдө эчен алмаштым,
Сени эч кимге алмашууга барбасмын.
Мен төгүлүп, ташкындаган өзүмдөн
Абалымды кайдан байкай алмаксың?

Күздөй муздак, кыштай ызгаар бир сезим
Сенде барбы, ойлой-ойлой билбедим.
Жүрөгүңө коно албады кептер-сөз,
Солуй баштап көңүлүмдө гүлдөрүм.

Төбсө кылып бардыгына дүйнөнүн,
Жер силкинсе күнөөлүүдөй кирдедим.
Так ошондо сени дагы эстедим,
Адамдыкка маани бербей жүргөнүн.

Эки дүйнө, билем, жүрөк сатпас дейм,
Мейкиндигин махабаттын ачсак дейм,
Кудай сактап кырсыгынан сүйүүнүн,
Түшүнүшүп, максат жолун бассак дейм.

## ЭРКИҢЕ ЭМНЕ БОЛСО КӨНМӨЙ БОЛДУМ
### (Кыздын ыры)

Азоодой эркин элем махабаттан,
Билбеймин, кайдан жүрүп сага жаккам.
Тик карап карегимди тартып алдың,
Бирге өскөн жан курбумдай бала чактан.
    Чын сүйүү, түндө дагы жолу нурдуу,
    Жел сендей аймалаган жоолугумду.
    Карабай айды-дөңдү кетип барам,
    Сүйрөлтүп мага салган боо куруңду,
Көрүүгө көңүл суусап алган, сени,
Төшөккө жата албадым андан бери.
Таң калам лаззаттуу бул жаштыкка,
Өзүнчө рахаттуу арман деги.
    Ыйлаймын, сооропомун, күлөмүн да,
    Көрүнсөң качамын да, күтөмүн да.
    Ушинтип, убайымда жашап калдым,
    Тагдырым жана арналып бүт өмүр саа.
Башкага өзүмдү эч бербей койдум,
Башкага көңүлдү бөлбөй койдум,
Эсимди эстүү жигит жыйып алчы,
Эркиңе эмне болсо көнмөй болдум.

## УЗААРДАГЫ ЫР

Сезилсе күлкүм-сереңде турам шаң болуп,
Эсиңде жүрсүн-жүрөгүм сенде бар болуп.
Периште өмүр, бейиштей жыргал күнүнөн,
Бетиңде жүрсүн, өпкөн жер оттой кал болуп.
    Эзиле күйүп, сагынсаң мени зар болуп,
    Эсиңе түйүп, эриген ойго дал болуп.
    Өрттөгөн өзөк ырымдан сага кайрылам,
    Өзүңө сүйүп, гүл сөздөн тарткан бал болуп.
Кечинде сүйкүм, түн жарып аккан шар болуп,
Көзүңдө-бир күн, мончоктой мөлтүр таң болуп.
Мени элеп турса нөшөрлөп өмүр булуту.
Жетилген сүйүүм, аламын сага жар болуп.

## КИМСИҢ ДЕГИ, МЕНДЕГИ БИР КЕРЕМЕТ?

Арасында гүлдөрдүн, сен арасында,
Жылдыз болуп жаркырап каласыз да.
Башкалар да көрөбү мен сыяктуу,
Жанасыңбы от болуп санаасында?
    Күн сага окшоп ысыгын төгө алабы,
    Сендей мага жакындап келе алабы.
    Дүйнөдөгү электр кубаттары,
    Сендей тапты чогулуп бере алабы?
Ай жүзүңдү аймалап күндөр өбөт,
Ашыктыктын айлына бир келе кет.
Артык турган баарынан мен билгендин,
Кимсиң деги, мендеги бир керемет?

## АШЫКТЫК ОТУ, БИЛЕЛИ

Сөз салып кыска, жүлүндөй,
Сөөккө жетип, билинбей.
Үлпүлдөп турдуң, үлпүлдөп,
Үкүнүн саноор жүнүндөй.

Көзүңдө турат ыр уюп,
Уурдана карап кыйылып.
Жоготпой калдык бактыбыз,
Сезимди, жанган бул ыйык.

Адамдын сенде жигери,
Ашыктык оту, билели.
Чертилип бүтпөйт түбөлүк,
Тынчы жок жүрөк күүлөрү

## ӨМҮР ДЕГЕН СҮЙҮҮ ҮЧҮН СЕЗЕЛИ

Гүлдөр сенин көздөрүңдөй жайнаган,
Сага толуп кетет анда айланам.
Жабалактап карап турат күлүңдөп,
Сезчи, сага кандай сезим байлаган?
Бирок, эмес так өзүңдүн көзүңдөй,
Каптаган тиш кайдан болсун өзүңдөй.
Бир билээрин, түшүнүп кой элести,
Баа жоктугун сага деген сезимдей.
Өтсө күндөр өрттөй өмүр өттү дейм,
Курак күнгө бийиктеди, өстү дейм.
Өзүңдү ойлоп, өзүмдү ойлоп көбүнчө,
Өктөм күндөр өкүнтпөсө деп тилейм.
Чыксаң элик окшоп баскан керүүдөн,
Таалай табам, күндө кечте келүүдөн.
Бакыт отун-жагып койгом өзүмдү,
Түбөлүккө жылынса деп сени мен.
«Өмүр деген сүйүү үчүн» дешели,
Каркырадай сапарына жетели.
Кылыч кыя чабуу үчүн эле эмес,
Өлүм үчүн эскерткичин сезели.

## ӨТСӨ ӨМҮР, КАЙРА КЕЛЧҮ ЖОЛ СЕНДЕ

Күйүп турган жылдызымдай жердеги,
Бир бактымдай мага деген элдеги.
Төө желиндей байкатмаксан жүрдүң да,
Таңкы уйкудай тартып алдың сен мени.

Бердиң бүтпөс, түгөнбөгөн, жанга шык,
Махабаттын кызыл туусун карматып.
Сен тамызган түнкү шамдай колунда,
Өмүрүмдү бир өзүңө арнатып,

Айбыйнткон турмушумдун демисиң,
Чайкып жаткан сенсиң менин деңизим.
Толуктап да толкунуңа шар берип,
Куюп жаткан дайра сезим, деги күн.

Өтсө өмүр, сапар бүтүп, жок пенде,
Бирок, анда кайра келчү жол сенде.
Таңкы уйкудай таттуу жашоо кайтарып,
Жасап алмак өчпөй турган чок жерге.

## ЫНАГЫМ

Өмүрдө канбас кумарым,
Өөрчүгөн сүйүү булагым.
Өстүрө албайм бактымды,
Өзүңсүз жалгыз ынагым.

x x x

Өзүң дейм гүлдүн ыраңын,
Өрттөгөн жаштык турагын.
Өзгөчө мага бир кутсуң,
Өкүнтпөс өмүр ынагым.

x x x

Оюмду бүткүл бурамын,
От болгон колуң сурадым.
Күйүккөн жүрөк басылсын,
Күтүп ал мени ынагым.

## БОЛСОҢ ДЕЙМ ДАЙЫМ КАШЫМДА

Кызматтан келсем, жаркылдап,
утурлай басып, шаң кылмак
өзүңдө жарым, ойлосом
элестеп көзгө жаштык чак.

Чарчасам таңдай сергитип,
Кыйналсам шаңдап, эргитип.
Бактымы түзгөн сенби дейм,
Балдарды күтүп, эр күтүп.

Кайтарым болот баарыдан,
Баш кошкон жокпус жаңыдан.
Түшүнүү артат турбайбы,
Жыл өтүп, сайын карыган.

Байладың өмүр жашыңда,
Көп мээнет сенин башыңда.
Болсоюн мен да жарыгың,
Бологор дайым кашымда.

## СҮЙҮҮГӨ ТАТЫКТУУСУҢ

Бактылуу жарың колдон татып тузуң,
Бааланып өмүр менен акылдуусуң.
Адамдар сени карай учурушат,
Ар кандай түрдө кызык бакыт кушун.
Не асыл сапат болсо баары сенде,
Сенсе дейм бир жолуккан аны пенде.
Ысык-Көл ачык күндө жаркып турат,
Ып-Ысык жоодураган мамилеңде.
Ырдаса ырың, сөзүң сүйлөгөндө,
Иштесе ишиң нурдай күндө көлдө.
Ак таңдай көңүлдөрдү сергүүлөнтүп,
Перидей көрүнчү өмүр гүлдөгөндө.
Өңдөнүп көз алдыда сыйкыр деген,
Сыркоого дабаа болуп кыймыл менен.
Гүлдөрдү аралаган эрке желдей,
Билинбес, баасы артык бул сый деген.
Толкундай көңүлдөргө толуп-ташып,
Тослуктун сен бир кызы жолу ачык.
Сүйүүгө татыктуусуң ар тараптан,
Сүйүүсү адамдардын болуу бакыт.

## ТОЛТУРУП КАРЕГИМЕ СЕНИ ЖҮРӨМ

Сүйүүдөн бак ачылбай, шоорум кетпей,
Сүрдөнүп, бүт бүтөлүп жолум чептей.
Чочунуп сөз айтуудан жүрөк даабай,
Чогуу иштеп, бир жүрсөк да колум жетпей.
Тагдырда болжонгондур, бүлө кимден,
Таңданам, же сыр эмес бирөө билген.

Айтылып, арман күчөп кетеби деп,
Айта албайм, сүйүп калдым жүрөгүмдөн.
Өтүмдүү, менден өткүр да бир жигит,
Өрт болуп каптап кетсе дайның билип.
Түбөлүк сүйгөн бойдон каламынбы,
Өзүңө жолуктуруп кайгым-үмүт,
Көтөрүп азабымды өзүм гана,
Көрүнбөй калсаң дароо өңүм аза.
Толтуруп карегиме сени жүрөм,
Тоолордон чыккан күндөй көзүм жана.

## ЖАШТЫГЫМ ,ЖАЗДА КАЛДЫҢ

Комуздун кылдарындай дилдиреген,
Үкүнүн саңоорундай үлбүрөгөн.
Зоодогу уюп турган жаңырыктай,
Кулундай оюн салган күн сүрөгөн,
Жаштыгым жазда калдың!
Куш кылып кусалыкты, таарынычты,
Кут кылып, махабатты, сагынычты.
Көңүлдө көлдө ак жал толкундардай,
Көздөрдөн элес болуп жалын учту,
Жаштыгым жазда калып!
Мезгилдин курч окуму ойго) койбой,
Кап дебей бөлүнбөскө арга болбой.
Сабылам өмүрүмдүн гүл кезине,
Самолёт учуп кеткен аэропорттой.
Жаштыгым, жазда калдың.

## СЕНДЕ, МЕНДЕ СҮЙҮҮСҮ БАР КАЛКЫМДЫН

Турмушума түркүн кооз түр болуп,
Түбөлүккө ысыгы өчпөс күн болуп.
Кубанычты өмүрдө бир тартуулап,
Кучагымда жыты аңкыган гүл болуп,
Сен мендеги көркү укмуш дүйнөсүң,
Сезимимди алоолонтуп бир болуп.
Келмүн, ойлоп күтүп турган сени мен,
Көрүнүп бир, кетпей койдуң жээгимен.
Алыстасаң алып учуп өзүмдү,
Ак жал тулпар толкун болуп бөлүнөм.
Ай чөгөргөн көк асмандай шаңкайып,
Жалгыз сага ысык нурдай төгүлөм.
Сүйүү сунуп, ойноп толкун жел менен,
Сүрүп кошо келет ойду сен деген.
Төп келишкен төрт мезгилге сулуулук,
Сенде бирге беле, эч кимге келбеген.
Бийиктикти кайдан алдың керемет,
Билинтпестен жылдыздарды чендеген.
Махабатты бизге арнаган шаң кылым,
Маанисине түшүнөлү жаркыным.

Сергек сезип, келечекке жеткирчү,
Сенде менде өмүрү бар ар жылдын.
Сезим күнүн батырбаган дайыма,
Сенде, менде сүйүүсү бар калкымдын.

## ӨМҮРҮМӨ ЧЕН БОЛУП КАЛДЫҢ НЕГЕ?

Ак булуттай өмүрдүн убагында,
Булак үнү-доошуң кулагымда.
Ар коктудан жарк эткен калтар өңдүү
Булаң этип келесиң улам ырга.
Өзүң берген махабат деми менен,
Өкүндүрбөс жүрөктүн теңи менен
Карааның жок қап-кайда болсоң дагы,
Кайда жүрсөң жүрөмүн сени менен.
Карап турчу суктантып, алтын деген,
Кара жанга медердей баркың беле.
Өзгөчө эмес жаралган өзгөчөм, ай,
Өмүрүмө чен болуп калдың неге?

## БИР ӨЗҮҢСҮҢ, КАНБАЙ ТУРГАН КУМАРЫМ

Жалжылдайсың сен неге, жалжылдайсың,
Көз нуруна көрктөнтүп, жанды ыргайсың.
Көңүлүмдүн күүлөнгөн дарыясын,
Өмүр бою күүсүнөн жандырбайсың.
Улам жанып балбылдап, балбылдайсың,
Улуу өмүрдү шаңдаган таңды ырдайсың.
Бир сен үчүн кайталап жаралгансыйм,
Өмүрүмдөй эч качан кандырбайсың.
Сүйүүң күндөй өрт болсо ким өчүрсүн,
Мен жарыгы өңдөнөм түн көзүндүн.
Кубанычым, ой-санаам уялаган,
Кумарым ай, кумарым бир өзүңсүң!

## АЯЛУУСУҢ, СЕН ДА АЯ

«Сен деп келем жаралгандан жан болуп,
Жашагансып денеңдеги кан болуп,
Көз ачкандан көрүп келем жер-суудай,
Көркүң артып, куттуу тоодой шаң болуп.

Күндөй нурум башкаларга төкпөдүм,
Күлүңдөгөн көздөрүңдөн көктөдүм.
Жан балкыткан мүнөзүңө эргидим,
Оозумду ачып, бирок бир жол өппөдүм.

«Өзүң бар» деп дабаан ашып баратам,
Бийиктесиң, улам өрдү таясам.
Аялуусуң балапандай, мага сен,
Жүрөгүм да балапандай, аясаң?

## АШЫКТАРГА БЕРГИЛЕЧИ ЭРКИНДИК!

Жүзүң жарык, жүзүм жарык-элес күн,
Түшүнбөстөр сөзүн айтаар элеттин.
«Кудай өзү кечирет дейт арзуну»,
Сүйүүм үчүн мен күнөөлүү эмесмин!
Сүзөт кайык махабаттын көлүнө,
Сүрөт укмуш, эл көзүнө көрүнөө.
Айыптуубу саятчы да тор жайган,
Торго түшкөн алгыр кушта не күнөө?
Жаш кыялга керек чабыт, мейкиндик,
Капастагы барчын учпайт эргип түк.
Андыктан мен, ай-ааламга жар салам,
«Ашыктарга бергиле деп эркиндик!»
Ашыктарга бергилечи эркиндик!

## Ж У Б А Й Ы М

Окшошуп тоонун гүлүнө,
Түр коштуң ойдун түрүнө.
Өзгөчө жалгыз татыдың,
Өмүрдүн жазы-сүйүүмө.

Майышпай менин жүгүмө,
Көтөрдүң баарын бүгүлө.
Алмончок балдар өңдөнүп,
Айландың жашоо гүлүнө.

Тагдырдын жолун бастык биз,
Тайгылдык, кээде шаштык биз.
Антсе да өмүр таңынын,
Алмашкыс балын таттык биз.

Ооруба, бар бол жубайым,
Оюмду от жагып турайын.
Сен мени көрсөң кудайдай,
Үйдө сен менин кудайым!

## СҮЙҮҮГӨ КАРГЫШ

**(Раймаалынын сөзү)**

Өз балам өңдүү, жашоодо жалгыз каралдым,
Таягы мисал, талыган алсыз адамдын.
Маанисин бил деп, максатсыз сүргөн өмүрдүн,
Маанайым ачып, махабат кайдан жаралдың?

**К а й ы р м а :**

Күн болуп тийип, жүрөктө жаркып,
Күлүндөп дайым өмүрдө балкып.
Күнөө жок өмүр отумдан башка,
Күйүткө салган сүйүүгө каргыш!

Ашыктык-оту, намыскөй, баатыр тоолуктун,
Ал өзү билсек, азсого салган боолуктун.
Арзытып ажал огуна башты байлатып,
Алдыма келип, махабат кайдан жолуктуң?

**К а й ы р м а :**

Сүйүүгө толук акылуу жүрөк, жан барын
сездирип, өмүр дүйнөдө ар бир жалганын.
Жолукпас жерден жолумдан тосуп жоодурап,
Кыйбасым болуп махабат неге жандадың?

Дүйнөнү Сүйүү, чагылган жандуу ыр бассын,
Арзууга толуп, ашыктар эркин жыргашсын.
Бүт дүйнөң түгөл, бир гана өзүң ээлеген
Өмүрдө мынча, махабат неге кымбатсың?

**К а й ы р м а :**

Татыктуу арзуу түбөлүк калат, аталат,
Ал сага медер, алдыңдан тоскон аталап.
Адамдын анык адамдык ордун билгизген,
Ааламда сендей бар бекен бакыт махабат?

Махабат жалын, өрт сезим жалын, бир ысык,
Ал бакыт кушу, келген, бир келген күн учун.
Арманым сүйүүм, таалайым сүйүүм өзүңсүң.
Ааламды күн-түн ак сүйүү турат жылытып.

**К а й ы р м а :**

Сенде жок тартуулап жалгыз жаныңа,
Жакыныӊ болуп жанында туруп сабыла.
Дүйнөнү каптап, махабат оту жалбырттап,
Жашоо да өмүр, жарык да берет баарыга.

**К а й ы р м а :**

Бир өмүр өзү, бир адам жалын кып-кызыл,
Берүү үчүн келген жашоого сүйүү ышкысын.
Жалынга күйгөн кайрадан өзү ашыктык,
Жандырып кетээр белгисиз сүйүү жылдызын!

**К а й ы р м а :**

## АРНАДЫ СЕНИ ЫСЫК-КӨЛ

Сүйлөсөң сөзүң от болуп,
Ырдасаң денем чоктонуп.
Айланды куштай ар убак,
Ашыктык деген дос болуп.

Алоолоп, көлдөй жүрөгүм,
Арбалып сага жүрөмүн.
Ак куусу көлдүн сен окшоп,
Айра албай андан сүйөмүн.

Толкундай ойноок октолуп,
Жээкке келген топтолуп.
Сен турсаң жанда жалжылдап,
Баары унут, кайгы жок болуп.

Жымыңдап жанып, эргисем,
Жылт эткен жылдыз белги сен.
Жыттасам жылдык дем берип,
Жыргалдуу күндүн ээси сен.

Кумарым канбас кызык сен,
Кетким бар коштоп учуп мен.
Ааламда жалгыз Чолпондой,
Арнады сени Ысык-Көл!

## ЭС АЛДЫК КӨЛДӨ БАЛЫКТАЙ

Өңдөнөт шамал жылкычың,
Айдаган мисал жылкысын.
Үйүрүн жыят толкундун,
Тоңдурбай Көлдү кышкысын.

Толкундай тиктеп көзүңө,
Толкундап турсам сөзүңө.
Сезимдин алдың жылдызын,
Сездирбей гана өзүмө

Эрке жел сени табыштайт,
Ээленген кыял багыштайт.
Айланган чардак өңдөнүп,
Ойлордо сүйүү чабыттайт.

Жакшы күн эсте жарыктай,
Көңүлдө сүзөт кайыктай.
Эс алдык көлдө эстээрлик,
Ээн-эркин жүрүп балыктай.

## ЖЭЭКТЕ ТҮНДӨ ЭКӨӨБҮЗ

Ысык көңүл милдеттерин көтөрүп,
Ысык-Көлдөй тереңдикке көшөрүп.
Кубалашкан толкундарга сүктанып,
Моюндашкан ак куулардай экөөбүз.
Мага арналып, жыйып-жыйбай эсиңди,
Мен аймалап, сен жалбарган кезиңди.
Кантип айтам жүрөгүмдөн башкага,
Эч бир акын ырга салбас сезимди.
Сыныктары калган эчак күн кеткен,
Терезелер көз ирмебейт гүл кечтен.
Сүрөтүбүз жылдыздарда, шамдарда,
Бул түн билээр, билсе дагы билмексен.
Касиеттүү Көл кечине сыйынып,
Ысык сезим Көлгө турду куюлуп.
«Кадыр түн» деп атап алдык кадырлап,
Жүрөк отун улуу жагып, жылынып.
Мамыда шам көздөр болуп «жылт» этет,
Жел ойносо этек-толкун, «шырп» этет.
Жаш келинди көрүп келген кемпирдей,
Белин ийип, балык Көлгө «чулп» этет.
Көл-жээктей айтып бүткүс шаң болдук,
Бактылуу бир баш кошпогон жар болдук.
Тереңине чумкуп алып сүйүүнүн,
Көл жээгинде көз ирмебей таң тостук.

## МӨЛДҮГҮҢ ТУНУКТУГУҢ КӨРҮП ТУРУП

Өмүрдө эң аруу зат аял деген,
Өзгөчө бааланат го марал менен.
Мен сени махабатым так ошондой,
Тскойдун көзү менен карап келем.
Жүзүңдү күзгү жасап каадаланып,
Атайлап чачтарымды таранамын.
Өрттөй бир жаштыгымды сенден көрүп,
Өзүңдөн мен өзүмдү каранамын.
Адамдык ажар-ак жүз жашаганың,
Абийриң-турмушуңда жасаганың.
Мөлдүгүң, тунуктугуң көрүп туруп,
Ансайын Ысык-Көлдөй тазарамын.

## ӨМҮРДӨЙ БҮТПӨЙТ КӨЛ КӨЧҮ

Көл көчү бул өмүрдөй бүтпөйт экен,
Толкундар бирин-бири күтпөйт экен.
«Көл шаарын» курсак дейби кумдан гана,
Күн-түнү ураса да түптөйт экен.

Толкундар конушсуз көч баштап турат,
Арткысы алдыңкысын тактап турат.
Көлдөгү сыдырым жел күчүн айткын,
Көтөрүп Көлдү улам таштап турат.
Ар кимдин, ар нерсенин издээри бар,
Ар күндө бүтпөс, бүтчү иштери бар.
Толкундун-рельсанын белбоосундай,
Миң-сандап Көл түбүндө издери бар.
Жээгине Көлдүн күн да, түн бара алдым,
Бүгүн да сен кеткенде бир карандым.
Жыландын ийининдей тип-тик түшкөн,
Издери калган экен шиш такаңдын.
Мен Көлгө бир толкунмун элдер менен,
Түрүлүп барган түндө, эртең менен.
Өмүрдө Көлдү узатып бүтпөйт окшойм,
Жаңыдан сени узатып келген менен.

## БҮГҮНКҮНҮН БИЗПИЗ НАМЫСЫ

Түн дайра да, күн дайра,
Агып жаткан бир сайда.
Биздин өмүр ошондо,
Кайрылабы бир кайра.

Жарык-тулпар, түн кечип,
Жандууларды дүрбөтүп,
Жаштык дагы ошондой,
Күлкү менен күн кечип.

Бу жашоону түрдөшүп,
Байыркыга үндөшүп.
Булбул болдук кезинде,
Бул турмушту гүл сезип.

Артта калды баарысы,
Алмаштырды жаңысы.
Биз эртеңге аттанган,
Бүгүнкүнүн намысы.

## БИР ЖАШАП, БИР ТОЛУК ЫР ЖАЗБАЙ КЕЛЕМ

Жашоодо тоом өрдөп талаам менен,
Ак куштай зымырылып санаам менен.
Мен үчүн ишиң дагы, сөзүң бүтпөй,
Шактагы «чыйрыттаган» таранчы элең.
Ал сезим күчөп-күчөп жылдан-жылга,
Оюмду дайра кылат ырдан-ырга.
А, сен бир перизатсың, бирге жашап,
Күн санап чыгып барган кырдан-кырга.
Сага тең сулуу барбы? Бирөө миңде!
Жомоктой күн-түнүм сен түнөгүмдө.
Кучактап турсам дагы кол жеткистей,
Бийиксиң, бийиктигиң жүрөгүмдө.
Сулууну сүрөтчүлөр жалдап алып,
Суктанып, сураштырып кармап алып.
Тургузуп маңдайына, ишин баштайт,
Кистисин күнгө, түнгө, таңга малып.
Сүрөтчү болсом ченсиз, айтпайт элем,
Келтирип келбетиңди тартпайт белем.
Мен сага өмүр бою бирге жашап,
Татыктуу бир толук ыр жазбай келем.

## ЭЭЛЕНТИП ТУРСАҢ БЕЙИШ КУШУ СЫНДУУ

«Сүйөмүн, сүйөмүн» деп боздой берүү,
Жалынып, жалган дилди көзгөй берүү.
Ошол да жакшы көрүү, сүйүү бекен,
Ак урган думанага окшой берүү.
Жүрөктө сүйүү барбы? Эң башкысы—
өзүңдү өзүң издеп, жоктой келүү!
Мен сени сезсин дедим бүт дилимди,
Көңүл от, көрсүн дедим гүл пиримди.
Өзүмдү колуңа бүт берип койдум,
Түшүнүп, аңтарсын деп түпкүрүмдү.
Башкага алмаштырбай өмүр жасап,
Алсын деп бакыт сунган күн-түнүмдү.
Шум дүйнө, жалган өмүр утурумдуу,
Улаган сенсиң өмүр учугумду.
Эмнеге салыштырам, чен да жетпейт,
Ээлентип турсаң бейиш кушу сындуу.
Бул дүйнө, тиги дүйнө унут болуп,
Мен сага эрип түшкөн учурум бу.

## СЫЙЫБЫЗ БАР, БИЗДЕН БАШКА ТҮШҮНБӨС

«Аял жакшы-эр жакшы» деп санасак,
Адам деген тирүүлүктө ал-атак.
Билген сайын бул өмүрдүн барк-баасын,
Жакшы көрүүм андан артып баратат.
«Бул дүйнөдө жакшы аялдан сен» деймин,
«Бул дүйнөдө жакшы эркектен» мен дейсиң.
Сезген үчүн так ошондой түшүнүп,
Ордубузду эч кимдерге бербейбиз.
Үй-бүлөдө бирин-бири тепсеген,
Элди-элдей, адамдыгын сезбеген.
Экөөнүн тең турмуштагы кемтиги,
Эң пастыгы такыр өсүп жетпеген.
Шегибиз жок ой жоручу бүшүркөп,
Жаркын максат, ишибиз бар бүтүрсөк.
Бакты толук, эл катары жашайбыз,
Сыйыбыз бар, бизден башка түшүнбөс.

## ЧОЛПОН-АТА ТҮНҮНДӨ

Кемедей бул түн жай термеп,
Келишет Асман Ай термеп.
Баскан ар кадам-бараткан
канаттай ак куу жай сермеп.

Муңайым Көлдөй айлана,
Келаттык Көлдөй чайпала.
Ар бир бак бирден кишидей,
Жүрүшкөн ушул тайпада.

Ай түшүп Көлгө дабышсыз,
Түбүндө ойноит-жарык кыз.
Сулуулук мындай керемет,
Жанында туруп алыспыс.

Сыр калбай ойдо кашыктай,
Сындала бастык ашыкпай.
Жазданат Ай, Көл жээкти,
Төшөктө эки ашыктай.

Айтышпай баарын түшүндүк,
Келечек максат үчүн бүт.
Керемет Көлдөй өмүргө,
Кемесин ойдун түшүрдүк.

## ЭСТЕЙ ЖҮР ӨТКӨН КҮНДӨРДҮ

Өрт болгон күнүң, ай калат,
Унутпа, ага жай канат.
Күзгүдөн көргөн элестей,
Өзүңдү турат кайталап.

Ойлогун баркын элестин,
Куруттай сөзүн жел эзсин.
Улуу күн атап кезинде,
Унутсаң, адам эмессиң.

Күмүшүн ылгап бере элек,
Күндөрдү эсте келе элек.
Алтын күн ойдон жоголсо,
Жашабай, жашап не керек,

Баарысын ойго түшүрө,
Жомоктой кирээр түшүңө.
Өткөн күн деген бүгүнкүң,
Маанисин жүргүн түшүнө.

### Бардыгы сага байланган

Сен менде жашап турсаң жай, кыш менен,
Деги, мен кантип аны айтып берем.
Түндөн да, күндөн, айдан, жылдан дагы,
Мен сага өмүр бою кайтып келем.
Мен сенде, куштай конуп учпай калган,
Бактымды бүтүн арнап куттай жанган.
Мен сага боюм таштайм самолёттой,
Коноордо дөңгөлөгү чыкпай калган.
Издеген түгөйүнө байланып бу,
Көңүл Көл, бир кете албай айланып куу.
«Өзүң» дейт-же жоготкун, же чыгаргын,
Бар, жогум сага гана байланыштуу.

## ОЙ ГАНА САГА ЖЕТЕ АЛАТ

Бир бакыт-менде болдуң өзүң билбеген,
Бийиктен тийип турган улуу күн менен
Жаңы өмүр толкун серпип салган балыктай,
Жаштыгым жан чыдатпас укмуш дүрбөлөң
Тереңсиң, ошондуктан калам апкаарып,
Теңселип, бара албаган өч ким ат салып.
Жакшылык-жалгыз ой качан болсо да,
Сага барган, толкундарды дайым как жарып

## АКЫНДАРДЫН АЯЛЫ

Кыял, мүнөз жасагандай алтындан,
Жаралгандай өңү өчпөгөн жаркындан.
Дүйнөдөгү эң мыкты аял аттуунун,
Бүткүл жакшы сапаттары камтылган
Болуу керек, Ошон үчүн акындар
Боздоп жүрүп, сыздап жүрүп жар кылган.

* * *

Кимди-кимге тушуктурат, канчоону,
Тагдыр ал да бул өмүрдүн кан жолу.
Актөө да акын чагылгандай бир өмүр,
Көңүйчөөк да, көөдө эрибес жан долу.
Оңой бекен ага чыдап, түтүп да,
Оттон бүткөн акындарга жар болуу.

## КӨЛДӨГҮ АЙ

Караганды келбетине арбалтып,
Сулуулуктун чырагындай жангансып.
Ааламга бир жарык берип ажайып,
Асман-Көлдүн эркесиндей жап-жалгыз.
Баарысы тең менде нуру дегидей,
Араң турат көркүнө Айдын эрибей.
Асман Көлдөй, анда сулуу бир гана,
Көл да Асмандай, анда жалгыз перидей.
Көл да дене-толуп-ташкан махабат,
Баары сүйүп, жүрөктөрдө даңктанат.
Көлдө Ай да жып-жылаңач аруу зат,
Каректерде айкалышкан чак калат.

## КУДАЙ ДАЙЫМ СҮЙҮШКӨНДӨР ТАРАПТА

Жаштык-ал, куш учуп кетет, күтмөкпү,
Таптап алган, күтүп алган күн көрктүү.
Жүрөгүндө оту барга сүйүү бар,
Өмүр барда сүйүү деген бүтмөкпү.
Жашай албайт бактысынан чочуган,
Жаркыным, сен максатымды кошуп ал.
Сүйүүм сага соолбогон дайрадай,
Сен да мени сезип, туюп тосуп ал.
Суу да аккан арыктардан агат да,
Сулуу кызга суктангандар барат да.
Кубанычым, махабаттан тартынба,
Кудай дайым сүйүшкөндөр тарапта.

## АК БАЛЫГЫМ

Мен ысык өмүр деңиз, сен бир балык,
Ойногон тереңиме толкун салып.
Чолпондой жүрөгүмдө жанып турган,
Түбөлүк турмушумда ордуң жарык.

x x x

Ойночу, ак балыгым, ак балыгым,
Өңдөнүп өчүп-жанган ак жарыгым.
Дүйнөгө жаңы келген наристедей,
Бул түндө бу ааламга ачкан сырым.

x x x

Как жарып деңизимди ойно канбай,
Дайыма жанасың сен бойдо шамдай.
Мааниси өмүрүмдүн өзүң болуп,
Сүрүлүп миң келесиң ойго тандай.

x x x

Ойногун, ак балыгым, ак балыгым,
Өзүңдөй өмүр шаңы, жаш да кылым.
Тирүүлүк куту болуп жалгыз мага,
Түбөлүк созуп турчу тапкан ырым.

## АК ТИЛЕК

Гүл жайнаган жаздай көңүл көктөсүн.
Түбөлүккө өмүр кайгы кечпесин.
Ысык-Көлдү кыштап калган куштардай,
Ысык мээрим турмушуңдан кетпесин.
Ала-Тоодон күнүм чыккан убактай,
Ошол күндөн нуру тийген кубаттай.
Жыргалдуу күн жылоологон көркү бол,
Жылдар өтүп, дайра болгон булактай.
Ак тилектер, ак баталар селдесин,
Ашыгындай өмүрүңдү жердесин.
Бул дүйнөдө миң сандаган кырсык көп.
Бири дагы башыңа бир келбесин.
Күндөр келсин чоң бактыңды жаңылай,
Өмүр кеме, сүзсүн жүз жыл арылай.
Кыйындыкта ийилтпей да төгүлтпөй,
Тилек деген тиреп турсун мамыдай.
Күчтүү кеме түшсө деңиз жарылат,
Күчтүүлөргө душмандары багынат.
Коргон болуп ак санаган адамдар,
Коргоп турсун жамандыктан ар убак.

## БАЛЧЫК ЖАПКАН КЫЗГА

Ден-соолук кыштан чыккан үшүк алып,
Турганда тирүүлүктүн үшүн алып.
Өмүргө аралжы алып келген пери
өңдөндүң, көл түбүнө түшүп барып,

Сен белең бир акагы терең көлдүн,
Сени мен ойго дайым седеп көрдүм.
Мен алгач түндө жардын жүзүн ачкан
окшодум, колуктумдай демек, көрдүң.

Төрөлгөн наристедей тапчаныңда,
жыйрылып жаттым, балчык жапканыңда.
А, сен бир кабагым да кашым дебей,
Ылайды толук жаап, ачканыңда.

Көчөдөн дырдай кылып тоноп койгон,
Анан мен бөбөк окшоп ороп койгон.
Таң калып бул дүйнөгө турдум эрип,
Эсимде калдың кызык жомок бойдон.

А, бирок, окшоп жаңы тапкан ырга,
АЛоолоп күйүп турдуң асманымда.
Ырас, мен миңдин бири, бир кишимин,
Сен аял, ал кесибиң аткарылма.

Балчыктан дартка дабаа табуу үчүн,
Балкытып бүткөн бойду жабуу үчүн,
Керемет белең келген адамдарга,
Тазартып наристедей салуу үчүн.

## КӨЛДӨГҮ АЙ

Караганды келбетине арбалтып,
Сулуулуктун чырагындай жангансып.
Ааламга бир жарык берип ажайып,
Асман-Көлдүн эркесиндей жап-жалгыз.
Баарысы тең менде нуру дегидей,
Араң турат көркүнө Айдын эрибей.
Асман Көлдөй, анда сулуу бир гана,
Көл да Асмандай, анда жалгыз перидей.
Көл да дене-толуп-ташкан махабат,
Баары сүйүп, жүрөктөрдө даңктанат.
Көлдө Ай да жып-жылаңач аруу зат,
Каректерде айкалышкан чак калат.

## КУДАЙ ДАЙЫМ СҮЙҮШКӨНДӨР ТАРАПТА

Жаштык-ал, куш учуп кетет, күтмөкпү,
Таптап алган, күтүп алган күн көрктүү.
Жүрөгүндө оту барга сүйүү бар,
Өмүр барда сүйүү деген бүтмөкпү.
Жашай албайт бактысынан чочуган,
Жаркыным, сен максатымды кошуп ал.
Сүйүүм сага соолбогон дайрадай,
Сен да мени сезип, туюп тосуп ал.
Суу да аккан арыктардан агат да,
Сулуу кызга суктангандар барат да.
Кубанычым, махабаттан тартынба,
Кудай дайым сүйүшкөндөр тарапта.

## АК БАЛЫГЫМ

Мен ысык өмүр деңиз, сен бир балык,
Ойногон тереңиме толкун салып.
Чолпондой жүрөгүмдө жанып турган,
Түбөлүк турмушумда ордуң жарык.

ж ж ж

Ойночу, ак балыгым, ак балыгым,
Өңдөнүп өчүп-жанган ак жарыгым.
Дүйнөгө жаңы келген наристедей,
Бул түндө бу ааламга ачкан сырым.

ж ж ж

Как жарып деңизимди ойно канбай,
Дайыма жанасың сен бойдо шамдай.
Мааниси өмүрүмдүн өзүң болуп,
Сүрүлүп миң келесиң ойго таңдай.

ж ж ж

Ойногун, ак балыгым, ак балыгым,
Өзүңдөй өмүр шаңы, жаш да кылым.
Тирүүлүк күтү болуп жалгыз мага,
Түбөлүк созуп турчу тапкан ырым.

## АК ТИЛЕК

Гүл жайнаган жаздай көңүл көктөсүн.
Түбөлүккө өмүр кайгы кечпесин.
Ысык-Көлдү кыштап калган куштардай,
Ысык мээрим турмушуңдан кетпесин.
  Ала-Тоодон күнүм чыккан убактай,
  Ошол күндөн нуру тийген кубаттай.
  Жыргалдуу күн жылоологон көркү бол,
  Жылдар өтүп, дайра болгон булактай.
Ак тилектер, ак баталар селдесин,
Ашыгыңдай өмүрүңдү жердесин.
Бул дүйнөдө миң сандаган кырсык көп.
Бири дагы башыңа бир келбесин.
  Күндөр келсин чоң бактыңды жаңылай,
  Өмүр кеме, сүзсүн жүз жыл арылай.
  Кыйындыкта ийилтпей да төгүлтпөй,
  Тилек деген тиреп турсун мамыдай.
Күчтүү кеме түшсө деңиз жарылат,
Күчтүүлөргө душмандары багынат.
Коргон болуп ак санаган адамдар,
Коргоп турсун жамандыктан ар убак.

## БАЛЧЫК ЖАПКАН КЫЗГА

Ден-соолук кыштан чыккан үшүк алып,
Турганда тирүүлүктүн үшүн алып.
Өмүргө аралжы алып келген пери
өңдөндүң, көл түбүнө түшүп барып,

Сен белең бир акагы терең көлдүн,
Сени мен ойго дайым седеп көрдүм.
Мен алгач түндө жардын жүзүн ачкан
окшодум, колуктумдай демек, көрдүң.

Төрөлгөн наристедей тапчаныңда,
жыйрылып жаттым, балчык жапканыңда.
А, сен бир кабагым да кашым дебей,
Ылайды толук жаап, ачканыңда.

Көчөдөн дырдай кылып тоноп койгон,
Анан мен бөбөк окшоп ороп койгон.
Таң калып бул дүйнөгө турдум эрип,
Эсимде калдың кызык жомок бойдон.

А, бирок, окшоп жаңы тапкан ырга,
Аңоолоп куйүп турдуң асманымда.
Ырас, мен миңдин бири, бир кишимин,
Сен аял, ал кесибиң аткарылма.

Балчыктан дартка дабаа табуу үчүн,
Балкытып бүткөн бойду жабуу үчүн,
Керемет белең келген адамдарга,
Тазартып наристедей салуу үчүн.

## КҮТӨМҮН

Сезчи эркем, өтүп жаткан күн дүбүртүн,
Сезимде кытылдаган күлкү гүлсүң.
Алдастайм шамалдагы Көлгө окшоп,
Кайсы түн жеткирет деп бир күлүк күн.
Кыялым-учуучудай октолушкан,
Айла жок жээк тийип токтолушкан.
Көлдү алып, алып учкан ак толкундар,
Миң түйшүк санаа менен коштолушкан.
Бир сен деп болгон өңдүү делөөрүмө,
Ишенбей сени тагдыр берээрине,
Күүлөнгөн күндөрүмдөн таңда-кечте,
Күтөмүн мен жол болуп келээриңе.

## МЕН СЕНИ СҮЙБӨЙМҮН ДЕП КАТУУ СҮЙДҮМ

Кантемин, жалган айтып, утур алдайм.
Каалаган көңүл кушун учура албайм.
Сенден мен алысташка, алаксышка,
Өзүмдөн өзүм качып кутула албайм.
Жалганчы калыбымды кармай албайм,
Сени алдап, өзүмдү эч алдай албайм.
Өмүрдө туткан туум-чынчылдыгым,
Өзүмдү туткун кылып байлай албайм.
Сыналдым өзүмдө-өзүм, эркин гүлүм,
Мен эмес, ааламга шаң көркүң бүгүн.
Жалыным сендик болсун, сендик болсун,
Жашасын, эркиндигим, эркиндигим!
Сезбепмин жандап жүргөн закым барын,
Сүйүүгө сени гана акым барын.
Мен сени сүйбөймүн деп катуу сүйдүм,
Мен сенден алыстайм деп жакындадым.

## ТҮНДӨРДӨ КӨРҮНБӨГӨН ЖАЛЫН БАРДАЙ

Кыял да, жаштык кызык каадаланган,
Эркиндик түндө, баарын далдаалаган.
Төшөктөн жерге жаткан кызык өңдүү,
Торгойдой шыбак түбүн паанагалаган.

Жан сырын, айсыз түнүн жамынчындай,
Ал сенин эңсеп жүргөн сагынчыңдай.
Кумарың, сүйгөнүң да ошол түндөй,
Ал түндө көрүнбөгөн жалын бардай.

## МЕН «СЕН» ДЕП, АТАЙЫЛАП ООРУП КЕЛДИМ

Мен сага келдим жаңы сапар болуп,
Турмушта бабаарына кадам болуп.
Суурулуп өз жарыныи күчагынан,
Түн жарып чыгып кеткен адам болуп.

Байкуштай аман калган каат жылдан,
Мен сенден мээр тилеп, таап тургам.
Түн бизге көшөгөбүз көөлгүгөн,
Кийимдей абийир, арды жаап турган.
Сүйүүгө шерти укмуш го тоолук элдин,
Сүйүү үчүн үшүн алган жонун-селдин.
Ден-соолук даты жок бир чың болсо да,
Мен «сен» деп атайылап ооруп келдим.

## ЭЛЕСИ КӨЛДӨ АЙ ОКШОП
(Жумакан Тынымсеитовага)

Жайылып көлгө канаттай,
Жаркылдап, бүтпөс адаттай.
Көл болуп турган учурда,
Көлкүдү аппак таң атпай.

Жылдызды, Айды, тоолорду,
Жылытып күндөй ойлорду.
Чөгөргөн көлдөй баарысын,
Чөлдөнүп көрктөп болгонду.

Айланып Жерге, Асманга,
Таңда, күн кечте батканда.
Көл Эне болуп айкашып,
Көөлгүп бирге жатканда.

Суурулуп денден жаш курак,
Сулуулук ойго тамчылап.
Соргулап сонун дүйнө анда,
Сонуркап көздөн жаш кулап.

Кыш-жазбы, жайбы, берди күз
Кыялга түркүн келди түс.
Ой көлдүү акын жээкте,
Акынбы, Көлбү, белгисиз.

Бараткан дайра сай окшоп.
Баратып сызып, жай токтоп,
Элинин калды көзүндө,
Элеси Көлдө Ай окшоп

## ОШОЛ КҮНДӨ БАКТЫБЫЗ

Сен десем, жок сөздөрдү баштап ийем,
Өтпөгөн чектен кадам таштап ийем.
Мен аска боорунда окшоп, сен түбүндө,
Боюмду сени карай таштап ийем.
Жалгыздык жанды кыйнап, айла кетип,
Жолугуу күндөн кээде айга кетип,
Бактылуу тушторүмө ыраазымын,
Барамын кайда болсо сага жетип.
Баары эсте, таанышкан күн жерөлгөмдөй,
Ал-майрам, жазда баары көгөргөндөй.
Сен мага, мен сен үчүн бир арналып,
Жашоого ошол күндө төрөлгөндөй.

## ЖАРЫГЫМ БОЛДУҢ

Көзүмдөн жаш, көкүрөктөн ый чыгып,
Үнүм чыкпай көөдөнүмдөн кыйкырып.
Кайгыга мен чөгүп турган кезимде,
Сен күлкүнү тартууладың сый кылып.

Көңүл калып, адамдардан жыйрылып
Бул турмуштун бороонуна чыйрыгып
турган кезде алып учтуң бактыга,
таалайыма сен тагдырдан буйрулуп.

Өмүрүмө өзүң салдың кең жолдуң,
Сени менен бийиктерге тең болдум.
Пейилиңе Ысык-Көлдөй чалкытып,
Пешенеге жазган жарык сен болдуң.

## ДАЙЫМА БИРГЕ ЖАШАЙТ ЖАКШЫ АДАМДАР

Ай айга ак булуттай көчүп кетти,
Жылдыздай жашаган күн өчүп кетти.
Кызыгы ушунчалык Көлдүн белем,
Көп күндөр аздай болуп өтүп кетти.
Бүгүндөн эртеңдерге чаап жеттик,
Жамгырдай нөшөрлөгөн жаап кеттик.
Жалындай ысытуучу элестери,
Жарга окшош жакшы көңүл таап кеттик.
Башбагып, эстей калсаң астанаңдан,
Бактылуу өмүр сөзүн баштагандан.
Жүрбөгүн кайсы жерде, коштоп алып,
Дайыма бирге жашайт жакшы адамдар.

## ТҮШҮНГҮН

Кайда болсоң канат байлап учамын,
Карайм сени, сагынамын, кусамын.
Жолукканда кучактайт деп таарынба,
Жигит кезде толбой калган кучагым.
Жалынат деп жалооруба ардагым,
Жан барында калбасын дейм арманым,
Жалын менен баркын билбей сүйүүнүн
Жаш кезинде жалбара албай калгамын.
Таалайыма болбосоң да өзүң жар,
Бото болуп жалжылдаган көзүң шам.
Күнөөлөбө, өпкүлөйт деп дембе-дем,
Кыз кезинде өппөй калган өчүм бар.

## КӨЛГӨ ТҮШҮП ЧЫККАНЫНДА ПЕРИДЕЙ

Өзүңдөй ууз дене жаңы кардын,
Сен белең бир керемет, таңы жандын.
Перидей көлдөн чыккан көз алдымда,
Айга окшоп жаңы туулган аруулангдын.
Айлзат арттырат го адам шанын,
Турпатың анык өзү ак пактанын,
Сенсиңби өмүрүмдүн Ысык-Көлү,
Асман-жер ортосунда аппак жалын.
«Кетти деп көпкө түшпөй сулуу чанып»
Жүзүңдөн сүйүү толгон нуру жанып.
Денеңде ак берметтей жарк-журк этип,
Көл кошо чыккан экен шуруланып.

Тик карай албай турам көз жазганбай,
Денеңде көлдөн чыккан өрт жаткандай.
Тап-таза, өмүрлөрдү ойго салат,
Тамчылар мончоктогон көз жаштардай.

### АЯЛ ӨМҮР БЕЙИШИ

Дүйнө жетим-аялсыз,
Күндөр актай баянсыз.
Көркү качып, кунар жок,
Күз, кышы, жаз, жай алсыз.

Өмүр берген адамга,
Көңүл болгон ааламда.
Келечеги турмуштун,
Керемет күч аялда.

Аял-эрдин жеңиши,
Жашоого кут келиши.
Адамзатка өчпөс от,
Аял-сүйүү деңизи!

Аял сүйдүк, кулпундук,
Арууландык, умтулдук,
«Эне буту астында
бейиш жатат» бул чындык!

Жубардай жуп, таянган,
Жүрөгүндөн жай алган.
Жаның өңдүү эң асыл,
«Бейиш» деген аялдар!

### КАЧАН БОЛСО СЕН ЖОЛУККАН КҮН МАЙРАМ

Жаткан ойлор жылда төөдөй тизделип,
Жалындатат, кол кармашсак туш келип,
Бийиктикти көрө албадым ал кездей,
Билбейм, ысык адам жок го бизчелик!
Сени менен жаралгандай дене бир,
Ой-пикир да кулундардай, желе бир.
Сезим ширеп эриндерди эринге,
Тартуулашат жалган өмүр белегин.
Өбөм сени күндүн өзүн өпкөндөй,
Бүт сезимим каптап кетет өрттөрдөй.
Керемети бул өмүрдүн өзүң деп,
Келем издеп, тоодон булут көчкөндөй.
Кайрылбайт го, келди-кетти күн кайдан,
Махабатта жеңиши бар бир майдан.
Караңгыда чыккан Айдай капыстан,
Качан болсо сен жолуккан күн майрам!

### «АЯЛ ДЕГЕН БАЛАНЫН ҮЙҮ, БУЗБА!»
(Эркектерге)

Акыл-эсиң тушаган үнү аяң,
Күндүн-түндүн өзүндөй дили аяр;
Обон болгон жел менен ырга айланып,
Оттой жанган өмүрдүн гүлү аял!
Сокур кылаар жарык бар, элебессиң,
Соолуктурбас мастык бар кенебессиң,
Сонундугу жашоонун аялзаты,
Соолубасын дайрасы кереметтин.
Аял сүйгөн эл сүйүп, колдоп, даңктайт,
Аял-эне, ак сүтүн ойлоп, актайт.

Аял-өлкө, аялды коргой алган,
Өз өлкөсүн, эл-журтун коргоп, сактайт.
Арууланткан махабат күнү турса,
Адамдарга дүйнөдө сүйүү нуска.
Атасы бар ар үйдүн аздектеген,
Аял деген баланын үйү, бузба!

## СОҢ-КӨЛДӨ ӨМҮР ЖЫЛДЫЗЫ

Соң-Көлдө өмүр аялуу,
Соң-Көлдө турмуш сабагы.
Түрүлгөн түмөн толкундар,
Түгөнбөс тарых барагы.

Айпери дилде, ойлотуп,
Ак куусун толкун ойнотуп.
Мөңгүдөй тунук ойлорду,
Мөөрдөй жээгин бойлотуп.

Кыялбай көркү талашкан,
Кыялың буудан таңашкан.
Тамшантып адам пендесин,
Соң-Көлгө Мөөр жарашкан!

Буулуккан сезим дайрадай,
Буй кылат сени жайма-жай.
Күзгүсү Соң-Көл ааламдын,
Жердеги Ай окшоп байма-бай!

Адамдын келген күткүсү,
Сулуулук-кумар күчтүүсү!
Ак-Мөөр пери кылымдар,
Сулуулук, көрктүн күзгүсү!

Соң-Көлдө көңүл, турмушу,
Соң-Көлдө Мөөр, нур кызы.
Соолубас Көлдөй нурданган,
Соң-Көлдө өмүр жылдызы!

## АК МӨӨР, СОҢ-КӨЛ АЙКАШЫП

Кылымды санап мөл даңкы,
Жайлатып ойду төр таңкы.
Ааламда мындай ажайып,
Соң-Көлдөй бермет көл барбы?

Сулуулук-өмүр мүрөгү,
Сулуулук-сүйүү жүрөгү.
Ак Мөөр өскөн бейиш жер,
Арзышкан жаштар билеби?

Түнүн айт күндөй оттонгон,
Желин айт-жигит шоктонгон.
Көркүн айт кыздай кылыктуу,
Кете албай куштар токтолгон!

Кооздук-сезим, жол белги,
Коштогон сүйүүң ой жеңчү.
Айра албай келет адамзат,
Ак Мөөр менен Соң-Көлдү!

Жыргалга толгон өрүшү,
Рахат жанга бериши.
Табият көркү кең Соң-Көл,
Ак Мөөр-Соң-Көл периси!

Жалындуу жаштык өмүрдөй,
Жанбаган кумар көңүлдөй,
Кылымдар турат айкашып,
Ак Мөөр, Соң-Көл бөлүнбөй!

## БУЛ ЖАШОО ЖАШТЫГЫБЫЗ

Сүйгөнүң, сүйөөрүң жаштык,
Күйгөнүң, күйөөрүң жаштык.
Элестеп, алыстан күтүнүп,
Эңсешип жүрөөрүң жаштык!

Данакер жүрөккө-жаштык,
Уядай түнөккө-жаштык.
Көңүлдү от жасап дайым,
Келтирген түбөлүккө-жаштык!

Өмүрдүн энчиси-жаштык,
Бактынын келчүсү-жаштык.
Дүңгүрөп, ааламда жаңырып,
Дүйнөнүн элчиси-жаштык

Тирүүлүк-билелик, жаштык,
Өмүрдөн күбөлүк жаштык.
Гүл жайнап, булбулу сайрап,
Бул жашоо түбөлүк жаштык!

## ДАСТАНДАР
## АРМАНДАР

### КӨК СУЛУУ

**«Түптүү кыргыз журтунун, таңшып чыккан булбулу, калың кыргыз журтунун какшап чыккан булбулу», жаактуудан жан адам тике беттеп теңдешпеген айтылуу Жеңижок (ӨТӨ) Таласта туулуп, Аксыда өскөн, бүт өмүрү сөз гүлдөрүн өстүрүү менен өткөн. Элүү сегиз жашка чейин өмүр сүргөн, жашоо-турмуштун көркүн билген, өрттөй акын Өтө түбөлүк таасирленген, оттонгон жубан алган жары Көксулуу аттуу көңүлү гүлдөн. Кайда барса жанынан чыгарбай, эгиздей жүрүп шынаарлай, эл ичинде жарын кошо жардап, кошо жандап, суу төгүлгүс жорго мингизип ээрчите жүргөн. Бекеринен Жеңижок «Жоргону минсең базарга, жолдо кумар жазаарга, жол алысы билинбейт, жалжал көз болсо катарда. Күлүктү миңсең базарга, күндө кумар жазаарга, күйүтү жолдун билинбейт, күлүң көз болсо катарда» дебеген. «Алганың жакшы болгон соң, кирген үйүң ордодой. Көңүлүңдү куш кылат, кымбат баа жоргодой» — деп тамшанбаган.**

**Мына ошонун өзү Көксулуу ырга айланган аздектүү перизат экенин айгинелейт. Ай-ааламды аккан суудай аңтарып айткан Жеңижоктун ыры Көксулуу экени аргасыз ойго түшөт. Акын туяксыз өткөн. Бирок, анын кылымдан-кылымды карытаар ырлары, эч нерсе тең келбеген таланты түбөлүккө акындын атын кастарлап турмакчы. Ошол эле учурда Жеңижокту «Жеңижок» кылган, анын отуна, түбөлүк талантына айланып, бүтпөгөн ыр берген Көксулуу да сүйүү жылдызы болуп жанып кала бермекчи. Көксулуу — турмуштагы бийик адамгерчиликтин, мыкты жардын, сулуулуктун, аруу аялзатынын, түбөлүк сүйүүнүн үлгүсү, Ал тазалыктын, мөлтүр махабаттын идеалы болуу менен турмушта өз жарына өмүрү өткөнчө жаңы баш кошкондой сүйкүм, ысык жалын болуунун бийиктеги бирден-бир күбөсү.**

**Эмесе, аялзатынын айпериси КӨКСУЛУУ ыры бүтпөсүн. Биз улайлы, бизден калганын кийинки муундар уласын!**

Жашоодо жанган закым жыл,
Жарк этип өчкөн атың нур.
Жакшы аял эл да, эр экен,
Жаштыгы алтын башыңдын.
Өзөктөн куйүп калышы,
Өчпөгөн өмүр жазыңдын.
Болот ал баары өзүңдөн,
Болушу тарых азыркың.

*°*

Кылымды кумдай сапырган
Кыярбас укмуш асылдар.
Кызарган күндөй алоолоп,
Кылымда күндөй ачылган.
Доордон өтүп доорго,
Доолдоп, өчпөс жашылдар.
Жакшынын ошол белгиси,
Жаманды мезгил басырган.

Аялда аруу тазалык,
Аңсаган адам жашарып.
Өзөндүн суусу өңдөнүп
Өмүрдү шаңдап, шар агып.
Өтсө да мезгил, ансайын,
Өтпөс эл менен жаралып.
Оттонтуп уккан адамды,
Ойногон желдей таралып.

*°*

Элирген кыял өңдөнгөн,
Эстеген адам чөлдөнгөн.
Өзгөчө жүрүп ысыкта,
Өрдөктей болуп көл көргөн.
Отундай жалгыз жашоонун,
Оюңду бүтүн көңтөргөн.
Аруузат аял — маңкайып,
Ак марал сымал көк төрдөн.

Пейилин көлдөй шай коштоп,
Бейиштей сүйкүм жай окшоп.
Качан да көрсөң өзгөчө,
Суулары толгон сай окшоп.
Кайберен мисал жүрүмү,
Келаткан төрдөн жай оттоп.
Айтымдуу аял турмушта,
Аскадан чыккан Ай окшоп.

* ° *

Кылымды аты кыдырган,
Кылымдык ойду сыдырган.
Муундан өтүп муунга,
Жашаган өмүр жылыңдан.
Чагылган күндөй жарк этип,
Ашыктык аттуу ырыңдан.
Дүрбөтүп канды ар убак,
Жаңырып үнү угулган.

* ° *

Мен эркек аттуу эңсеген,
Мээленип нечен, жетпеген.
Сулуунун даңкы, сүйкүмү,
Сүрдөнтүп, алдын чектеген.
Ансайын жанып ойлору,
Көктөмдөй жазгы көктөгөн.
Ошондой пери ким экен,
Ой буруп жигит эстеген?

* ° *

Ойнунан чыкпай асылдын,
Отунан өчпөй акылдын.
Жүдөтүп коркок адамды,
Жүрөгүн ээлеп баатырдын.
Кубантып кайда жүрсөң да,
Кубаты окшоп жашыңдын.
Ким экен жашап өткөндөн,
Койнунан чыкпай акындын?

* ' *

Кетилбес албарс болоттой,
Булактуу жашыл колоттой.
Жашаган ар бир күнүнө,
Жамандык ойду жолотпой.
Жаштыгын сактап түбөлүк,
Жашоонун каарын тоготпой.
Каадалуу өткөн ким экен,
Карганча күүсүн жоготпой?

* , *

Ааламдан жерге түшкөндөй,
Адамдар эңсеп күткөндөй.
Нуруна жана көркүнө,
Асыл жан араң түткөндөй.

Төп келген аял, баарысы
Кыялдан гана бүткөндөй.
Ошондой пери Көксулуу,
Өмүрү таза сүткөлдөй!

* , *

Жеринен жалын, күйгөн зат,
Жетелүү наркты түйгөн зат.
Үйлүү-жайлуу болсоң да,
Үйөрдү канга үйгөн зат.
Көрбөсөң, көргөн жакындай,
Көрктөнтүп бирге жүргөн зат.
Жетелеп кыздай кылгыртып,
Жеңижок акын сүйгөн зат.

* ° *

Эгиздей жүргөн жар менен,
Ээрчишип, күлкү-шаң менен.
Эзели көңүл оорутпай,
Эришип денде кан менен.
Моюндап жатып ойгонуп,
Мойношуп күндө таң менен.
Толкутуп элди көркүнө,
Тоо суусу өңдүү шар менен.

* ° *

Бийиктен кумар табышкан,
Түгөй куш канат кагышкан.
Сезилип бакыт көрүнөө,
Сезимди күндөй жагышкан.
Кыдырып кыргыз кыйырын,
Келгиндей бирге барышкан.
Жоргонун оозун койберип,
Жол сырын айтып жарышкан.

* , *

Түбөлүк селки-бозойдой,
Жаштыгы жашыл, тосорбой.
Оп тартып сүйүү илеби,
Ортодо кумар от ойной.
Ай-аалам, турмуш ойлору,
Аттанса, кудай жол оңдой.
Ат алып эли ар жерден,
Жолу ачык болуп, торолбой,

* ° *

Айтылып ар кыл сөздө улуу,
Көрүнүп көркү көчтө улуу.
Өтсө да өмүр бийиктеп,
Өркүндөп, болуп сөзгө туу.
Элирсең эстеп кыялдан,
Ээрчише келип көзгө туу.
Желбиреп турат жашоодо,
Жеңижок менен Көксулуу.

Өмүрдөй бүтпөс көчтө улуу,
Өрт болуп жанган көп сулуу.
Арзыган андан аз болгон,
Ар убак татып кеп кылуу.
Башкада такыр аз го дейм.
Өзгөчө өзүн көрк кылуу.
Жергеден эчен аккуулар,
Жетеби сага, Көксулуу.

x x x

Теңдешсиз сүйүү эмне экен,
Тереңдеп алсак жерде экен.
Жеңижок менен Көксулуу,
Маанисин анын теңдеген.
Жашоосу менен көрсөтүп,
Жанашып элге жердеген.
«Ий» дешпей сүрүп өмүрдү,
Бактынын тоосун өрдөгөн.

* ° *

Арзышкан жетсе бактыдыр,
Андайга өмүр таттуудур.
Алмашкыс таалай болгондур,
Жашаган алар шаттуу жыл.
Ашыктар жүргөн турагы,
Жер эмес күндөй тактыдыр.
Махабат элдик экенин,
Сездирип турат нарктуу ыр.

* ° *

Сүйүүсүз аял ый-тозок,
Сүйкүмсүз, кайгы, ыр-кошок.
Жашаган анда өмүрүң,
Жагымсыз учкан кум болот.
Айтылбай аял барк-баасы,
Айтылып наркы пул болот.
Жаркылдап өтпөй турмуштан,
Жашоосу кетет чыргоолоп.

* , *

Көксулуу сезип тагдырын,
Көксөгөн ичте бар сырын.
Көргөндө дароо акынды,
Көшөрө айткан акырын,
Ай менен Күндөй айкашып,
Асылга асыл татырын.
Алуу оңой эмес экенин,
Бирөөнүн нике катынын.

* , *

Жашоодо ар бир адамда,
Жарк этип өчүү жалганда.
Бир сүйүү болот аздектүү,
Жетпесең ага арман да.
Жолугат ал же жолукпайт,
Жолулаш жандайт карганча.
Издейсиң аны түбөлүк,
Өмүрүң чекке барганча.

* ° *

Махабат ыйык, билүүнүн,
Маанисин сезип жүрүүнүн.
Бир сүйүүң үчүн ар убак,
Бүлүнүп зарлап күйүүнүн.
Барк-баасын билүү керемет,
Жактыруу менен сүйүүнүн.
Үйлөнүп, жашоо, ал бир кеп,
Чечүү эмес турмуш түйүнүн.

* ° *

Миң сандайт, көрсөң адамдар,
Ааламга нурдай таралган.
Жүрөктө андан жап-жалгыз.
Жүлүнүң болуп саналган.
Сүйүүң бар, байка адамзат,
Өлүмгө бирге бара алган.
Сен өчсөң кайра жандырып,
Сен болгон түгөй адам бар.

* ° *

Көртирлик өтөөр нугунда,
Көлөкө тураар булуңда.
Кадимки жашоо өңдөнүп,
Калбаган окшоп бүгүң да.
«Жакшы жар атам, апам» дээр,
Жаркылдап кызың, уулуң да.
А, бирок, сүйүү барбы же
куштайбы сыртта-туурунда?

* ° *

Урматтуу элим, баарыңдан,
Чыга албайм мен да шарыңдан.
Турмуштун жолу — жашайсың,
Жаманбы, жакшы, жарың бар.
Жалынбы алар өмүргө,
Жаралган окшоп жаныңдан?
Кеп, ошол сүйүүң жап-жалгыз,
Жаркырап Чолпон таңыңдан.

* , *

Өмүрдө сүйүү бир гана,
Өзгөчө сага гүл гана.
Кыдырдай сени жылоолоп,
Чакырык салат түн жара.
Таң атып кетип жетээрде,
Бөлгөнсүйт сени күн гана.
Сезесиң жалгыз сүйүүңдү,
Сезимге өчпөс түр сала.

Пейилин көлдөй шай коштоп,
Бейиштей сүйкүм жай окшоп.
Качан да көрсөң өзгөчө,
Суулары толгон сай окшоп.
Кайберен мисал жүрүмү,
Келаткан төрдөн жай оттоп.
Айтымдуу аял турмушта,
Аскадан чыккан Ай окшоп.

* ° *

Кылымды аты кыдырган,
Кылымдык ойду сыдырган.
Муундан өтүп муунга,
Жашаган өмүр жылыңдан.
Чагылган күндөй жарк этип,
Ашыктык аттуу ырыңдан.
Дүрбөтүп канды ар убак,
Жаңырып үнү угулган.

* ° *

Мен эркек аттуу эңсеген,
Мээленип нечен, жетпеген.
Сулуунун даңкы, сүйкүмү,
Сүрдөнтүп, алдын чектеген.
Ансайын жанып ойлору,
Көктөмдөй жазгы көктөгөн.
Ошондой пери ким экен,
Ой буруп жигит эстеген?

* ° *

Ойнунан чыкпай асылдын,
Отунан өчпөй акылдын.
Жүдөтүп коркок адамды,
Жүрөгүн ээлеп баатырдын.
Кубантып кайда жүрсөң да,
Кубаты окшоп жашыңдын.
Ким экен жашап өткөндөн,
Койнунан чыкпай акындын?

* ° *

Кетилбес албарс болоттой,
Булактуу жашыл колоттой.
Жашаган ар бир күнүнө,
Жамандык ойду жолотпой.
Жаштыгын сактап түбөлүк,
Жашоонун каарын тоготпой.
Каадалуу өткөн ким экен,
Карганча күүсүн жоготпой?

* ° *

Ааламдан жерге түшкөндөй,
Адамдар эңсеп күткөндөй.
Нуруна жана көркүнө,
Асыл жан арaң түткөндөй.
Төп келген аял, баарысы
Кыялдан гана бүткөндөй.
Ошондой пери Көксулуу,
Өмүрү таза сүткөлдөй!

* ° *

Жеринен жалын, күйгөн зат,
Жетелүү наркты түйгөн зат.
Үйлүү-жайлуу болсоң да,
Үйөрдү канга үйгөн зат.
Көрбөсөң, көргөн жакындай,
Көрктөнтүп бирге жүргөн зат.
Жетелеп кыздай кылгыртып,
Жеңижок акын сүйгөн зат.

* ° *

Эгиздей жүргөн жар менен,
Ээрчишип, күлкү-шаң менен.
Эзели көңүл оорутпай,
Эришип денде кан менен.
Моюндап жатып ойгонуп,
Мойношуп күндө таң менен.
Толкутуп элди көркүнө,
Тоо суусу өңдүү шар менен.

* ° *

Бийиктен кумар табышкан,
Түгөй куш канат кагышкан.
Сезилип бакыт көрүнөө,
Сезимди күндөй жагышкан.
Кыдырып кыргыз кыйырын,
Келгиндей бирге барышкан.
Жоргонун оозун койберип,
Жол сырын айтып жарышкан.

* ° *

Түбөлүк селки-бозойдой,
Жаштыгы жашыл, тосорбой.
Оп тартып сүйүү илеби,
Ортодо кумар от ойной.
Ай-аалам, турмуш ойлору,
Аттанса, кудай жол оңдой.
Ат алып эли ар жерден,
Жолу ачык болуп, торолбой,

* ° *

Айтылып ар кыл сөздө улуу,
Көрүнүп көркү көчтө улуу.
Өтсө да өмүр бийиктеп,
Өркүндөп, болуп сөзгө туу.
Элирсең эстеп кыялдан,
Ээрчише келип көзгө туу.
Желбиреп турат жашоодо,
Жеңижок менен Көксулуу.

Өмүрдөй бүтпөс көчтө улуу,
Өрт болуп жанган көп сулуу.
Арзыган андан аз болгон,
Ар убак татып кеп кылуу.
Башкада такыр аз го дейм.
Өзгөчө өзүн көрк кылуу.
Жергеден эчен аккуулар,
Жетеби сага, Көксулуу.

x x x

Теңдешсиз сүйүү эмне экен,
Тереңдеп алсак жерде экен.
Жеңижок менен Көксулуу,
Маанисин анын теңдеген.
Жашоосу менен көрсөтүп,
Жанашып элге жердеген.
«Ий» дешпей сүрүп өмүрдү,
Бактынын тоосун өрдөгөн.

*○*

Арзышкан жетсе бактыдыр,
Андайга өмүр таттуудур.
Алмашкыс таалай болгондур,
Жашаган алар шаттуу жыл.
Ашыктар жүргөн турагы,
Жер эмес күндөй тактыдыр.
Махабат элдик экенин,
Сездирип турат нарктуу ыр.

*○*

Сүйүүсүз аял ый-тозок,
Сүйкүмсүз, кайгы, ыр-кошок.
Жашаган анда өмүрүң,
Жагымсыз учкан кум болот.
Айтылбай аял барк-баасы,
Айтылып наркы пул болот.
Жаркылдап өтпөй турмуштан,
Жашоосу кетет чыргоолоп.

*,*

Көксулуу сезип тагдырын,
Көксөгөн ичте бар сырын.
Көргөндө дароо акынды,
Көшөрө айткан акырын,
Ай менен Күндөй айкашып,
Асылга асыл татырын.
Алуу оңой эмес экенин,
Бирөөнүн нике катынын.

*,*

Жашоодо ар бир адамда,
Жарк этип өчүү жалганда.
Бир сүйүү болот аздектүү,
Жетпесең ага арман да.
Жолугат ал же жолукпайт,
Жолулаш жандайт карганча.
Издейсиң аны түбөлүк,
Өмүрүң чекке барганча.

*○*

Махабат ыйык, билүүнүн,
Маанисин сезип жүрүүнүн.
Бир сүйүүң үчүн ар убак,
Бүлүнүп зарлап күйүүнүн.
Барк-баасын билүү керемет,
Жактыруу менен сүйүүнүн.
Үйлөнүп, жашоо, ал бир кеп,
Чечүү эмес турмуш түйүнүн.

*○*

Миң сандайт, көрсөң адамдар,
Ааламга нурдай таралган.
Жүрөктө андан жап-жалгыз,
Жүлүнүң болуп саналган.
Сүйүүң бар, байка адамзат,
Өлүмгө бирге бара алган.
Сен өчсөң кайра жандырып,
Сен болгон түгөй адам бар.

*○*

Көртирлик өтөөр нугунда,
Көлөкө тураар булуңда.
Кадимки жашоо өңдөнүп,
Калбаган окшоп бугүң да.
«Жакшы жар атам, апам» дээр,
Жаркылдап кызың, уулуң да.
А, бирок, сүйүү барбы же
куштайбы сыртта-туурунда?

*○*

Урматтуу элим, баарыңдан,
Чыга албайм мен да шарыңдан.
Турмуштун жолу — жашайсың,
Жаманбы, жакшы, жарың бар.
Жалынбы алар өмүргө,
Жаралган окшоп жаныңдан?
Кеп, ошол сүйүүң жап-жалгыз,
Жаркырап Чолпон таңыңдан.

*,*

Өмүрдө сүйүү бир гана,
Өзгөчө сага гүл гана.
Кыдырдай сени жылоолоп,
Чакырык салат түн жара.
Таң атып кетип жетээрде,
Бөлгөнсүйт сени күн гана.
Сезесиң жалгыз сүйүүңдү,
Сезимге өчпес түр сала.

Жашоодо күтүп, эңсеген,
Жалганды жарып тепсеген.
Ишенчиң, намыс, кайратың,
Күү берген сайын эстеген.
Ар кимдин жакшы жактары,
Жарк этип ойдон кетпеген.
Жетсем деп ага жүрсөң да,
Жетпеген жүрөк, жетпеген!

**○**

Ошондой келип тагдыр шат,
Ойнуна канып жактырмак.
Көксулуу көрүп айланган,
Он миң кыз көрсө жактырбас,
Жеңижок акын баш уруп,
Сулууга болгон тагдыр мас.
Сүйүүсү турса канетмек,
Он миң жыл жүрсө таптырбас.

**○**

Ойлогон ойго ичинен,
Теп келген он миң кишиден.
Көксулуу менен Жеңижок,
Бата алган улуу-кичүүдөн.
Токтотмок беле сүйүүнү,
Толкундуу турмуш мүчүгөн.
Миң жылдык шаттык алды да,
Бир жерден жүрөк үшүгөн.

**○**

Ак шоола жанса тешиктен,
Чыгаарын нурдан эшиткен.
Өмүрдө жалгыз сүйүүсүн,
Тапканын алар сезишкен.
Байланбай тирлик салтына,
Баарысын анда кечишкен.
Желкайып болгон адамдай,
Ак сүйүү болуп кетишкен.

**○**

Кыргызга жанып жаркылдап,
Толкундай көлдө шарпылдап.
Чардактай учуп, чабыттап,
Өнөрдү күндө ар кылдап.
Эңсешкен сүйүү күбөсүн,
Сездирип элге жаркын зат.
Кош нурдай чыккан алоолоп,
Кош жылдыз өңдүү балбылдап.

**○**

Каадалуу журттан көчкүчө,
Кадырман өмүр өткүчө.
Каркы бар акын Жеңижок,
Кабылтпай жарын сөздүүгө.
Алып жүргөн жандан чыгарбай,
Арбалтпай жаман көздүүгө.
Туяксыз болуп калса да,
Алдырбай турмуш көчкүгө.

**○**

Себеби ,кыздай, уулдай,
Середе жанган тууңдай.
Экөө тең бири-бирине,
Ээрчишкен перзент-муундай.
Баладай болуп өтүшкөн,
Бактылуу аккан сууңдай.
Кош чынар өңдүү бийиктеп,
Жашоого өскөн шуулдай.

**○**

Армансыз жашоо күн өтүп,
Адамга ырдан гүл өсүп
Ардактуу эки ашыктар,
Ар үйгө сүйүү түнөтүп.
Айланып ырга, комузга,
Арзууга ойду бүлөтүп.
Арзышып өтүп кетишкен,
Жашоосун элге сүрөтүп!

**○**

Чыныгы сүйүү ушундай,
Чырпыктан чынар, куш ырдай.
Бактылуу алар ааламда,
Баарлуу жашоо тушундай.
Кылымдан көчүп кылымга,
Сүйүүнүн аппак кушундай.
Сүйүүсү болуп адамдын,
Жашамак баркын учурбай!

x x x

Адамга бүткөн көз белең,
Ай, Күндүү деңиз, Көк белең.
Айпери белең Көксулуу,
Ар адам жетпей көксөгөн.
«Сулуулук көркүн бузат» деп,
Суурулуп наар төкпөгөн.
Аялуу белең жашоодо.
Акындан башка өппөгөн?!

**○**

Жоргону жолдо /талыткан,
Караса көздү карыткан.
Жеңижоктон башканы,
Жеткирбестен багынткан.
Жетелүү журтка кеп болуп,
Жел болуп ойноп, сагынткан.
Бөлөкчө укмуш жан белең,
Бөлүнүп турган жарыктан?!

Айтышып адам жеңбеген,
Аңаза болгон эл менен.
Өзүңдөн башка аялга,
Өзгөчө көңүл бөлбөгөн.
Бир да жол айыл аралап,
Өзүңсүз топко келбеген.
Кылымды жарган дайрадай,
Акындын ыры сен белең?!

Бууданды миңген, арыткан,
Буй кылган аты алыстан.
Эңсеткен сүйүү аталып,
Элине болгон даанышман.
Чыныгы аял экенин,
Жеңижок менен таныткан.
Жароокер, кымбат Көксулуу,
Жаркырап жандың тарыхтан!

## ШЫРДАКБЕКТИН АРМАНЫ

Байыркы өткөн заманда, Ак-Талаанын Чолок-Кайың деген жеринде, Кыргыздын Кыпчак уруусунан чыккан Шырдакбек аттуу хан жашайт. Ал, атасы тоонун тобурчак, энеси чөлдүн муз бурчак, канаттуу Боз жоргосун минип, Анжиян, Кашкардан бери билип, алтын капкалуу чеп куруп, ага арчадан жасалган ноо менен төрт чакырым жерден жан адамга билгизбей жер асты менен сууну буруп, элин жоодон сактап, Кыргызды аты менен даңктап турган экен.

Башта ошол жерде кыргыздарды кыйратып, аялын кул, кызын күң, малын пул кылып, жер-сууну ээлеп турган калмактар хан Шырдактын каарынан чочуп, жер которуп көчө качышат. Бирок, баатырды кантип жок кылуунун айла-амалын издеп, эптеп анын аялын колго алышат. Шырдакбектин жеңил ой аялы Айым чепти кантип алуунун, сууну токтотуунун жолун айтып коёт. Өзү калмактарга качып кетет. Бейгапар жаткан хандын эли суу жок, үч күнү араң чыдашат. Жайдын алоологон ысыгы ого бетер душманга шапы болот.

Чептин сырты атайын даярданган, күчтүү куралданган сансыз колдуу жоо менен камалган. Элге кабар берип кол курoого жол туюк. Бирмебир беттешүүгө эл кырылып, хандын колу жексенделмек. Мурдагыдай сурак бербей жата беришке суу жок. Айла кетип, амал түгөнүп, хан Шырдак колго түшөөрүндө Боз жоргосун кучактап алып, жалына жашын төгүп, айтып турган арманы:

Чолок-Кайың жерледим,
Чопкутту кийип эрледим.
Чеп куруп алтын капкалуу,
Чоң колго намыс бербедим.
Эрдигим, күчкө таянып,
Элимде байкып, тердедим.
Өмүрдөй жалгыз Боз жорго,
Өзүңдөй күйөөр көрбөдүм.

* ° *

Кайыптан туулган мал элең,
Карасам көзгө шаң элең.
Караанық сенин турганда,
Калкыма туудай бар элем.

Жети шаар Паргана,
Кашкардан бери хан элем,
Кадырым өтүп баарына,
Калка туткан таң элем.

* ° *

Боз жоргом, айтам бил баарын,
Боздогон жанда тил барын.
Ар дайым кайтып келчү элем,
Анжыян барсам, түш жарым.
Билбедим күндүз жол жүрүп,
Батаарга күндүн, түн барын.
Канатың жайып ийчү элең,
Катуулап салсаң күн сайын.

Суу куйса эгер, төгүлгүс,
Жорго элең жанга көрүнгүс.
Закымдай сызып кетчү элең,
Өзүмдөн такыр бөлүнгүс.
Кыдырым өңдүү жылоолоп,
Бактыга мени чөмүлтүп.
Хан кылдың жоргом, кыргызга
Жылдыздай бийик көрүнтүп.

* ° *

Алышкан жоом сүрдөдү,
Аткан ок мага тийбеди.
Сайган найза кайыды,
Хан Шырдак кайгы билбеди.
Душманың дайым багынтып,
Дулдулум, Шырдак бийледи.
Арманым жоргом угуп ал,
Катыным сендей күйбөдү.

* ° *

Кыйырын кезип кыргыздын,
Так бирөөн алдым жылдыздын.
Ар дайым жанып турсун деп,
Алтындан бөлмө тургуздум.
Кырк нөкөр кызды дайындап,
Кызматка көөнүн бургуздум.
Ак була пахта төшөнтүп,
Алтындан кесе сунгуздум.

* ° *

Кырк кызга желпип уктаттым,
Кылымга элди суктанттым.
Акмамык күндө котортуп,
Баладай баптап чуктаттым.
Кашкардан дагы кайрылып,
Күнүгө бирге туз таттым.
Талаага бир күн түнөбөй,
Айымга дайым туш жаттым.

* ° *

Тамаша таңды атырды,
Ойнубуз күндү батырды.
Көктө күн жерде тургансып,
Көкөлөттү атымды.
Ай жаткансып койнумда,
Ааламга даңктап асылды.
Шырдакбек, Айым баяны,
Жылдыздай элге чачылды.

* ° *

Бапестеп бактым, той кылдым,
«Бактылуу менмин» ой кылдым.
Желдесин деп эрте-кеч,
Боз жорго оозун чойдурдум.
Күрүчүн Оштон белендеп,
Күнүнө кырк кой сойдурдум.
Шыйбылчагын чактырып,
Палоосуна тойдурдум.

* ° *

Колуна бердим жүрөгүм,
Оюна бердим күмөнүн.
Айда десе айдадым,
Алдына малдын түмөнүн.
Алмашпадым миң кызга,
Айымдын Айдай бир өңүн.
Кут эле жанган ал кезде,
Кокуй,
Куруган азыр түнөгүм.

* , *

Курдук нечен хансейил,
Хан экенмин алпейим.
Кас болоорун билбепмин,
Канышам чыгып анчейин.
Кара көздү кашайтты,
Кантип, эми «жар» дейин.
Койнумда жаткан аялдан,
Кокуй,
Ажалым тура кантейин...

* , *

Өзөктөн чыккан өрт беле,
Бир душманым көп беле.
Көп досторум аз беле,
Көп колум менин чөп беле.
Закымдай жүрүп кете албай,
Зарлаган үмүт көк беле.
Элимди камап жоо турат,
Эми,
Эрдикке көзүм төрт беле.

* ° *

Өрт каптайт жердин куусаңын,
Өзгөчө сездим суу шаңын.
Таңдайлар кургап, так катып,
Тил келбейт сөзгө, жуушадык.
Үзүлүп барат өмүрлөр,
Үйүңдөн ажал кууса чык.
Чырайын чылап иччүдөй,
Кокуй,
Сулуу деп неге суусадык?!

* , *

Бир укпай тилин жакындын,
Карадым көзүм катындын,

Катыным душман болгон соң,
Калмакка неге катылдым.
Уу жылан тура койнумда.
Бактымды баштан качырдым.
Соодагер тура аялым,
Кокуй,
Хан башым менен сатылдым.

* , *

Өрт күйүп турат өзөктөн.
Эзелтен өмүр көч өткөн,
Эңсеси канбай жашоодон,
Эчен эрлер, көз өткөн.
Делбири үчүн кан кечип,
Денесин окко көзөткөн.
Ошентип өлбөй не болдум,
Минтип,
Ажалым жетпей «төшөктөн».

* , *

Байкатпай салды чабуулду,
Башкы жоо — катын, табылды.
Бирлешкен жоону жеңгенде,
Билбепмин канча алымды.
Сулуулук тура акылда,
Суктантып жүрөөр жаныңды.
Алып албай не болдум,
Кокуй,
Нойгуттун кызы Жаңылды...

* ° *

Душманды анда жалынтып,
Айгайлап бирге багынтып.
Ажал келсе кокустан,
Калганчакты каным сууп.
Башымды жөлөп кокуйлап,
Бөрү ичигим жамынтып.
Тууган, доско туу болуп,
Кокуй,
Турбайт бөлө Жаңыл кыз!

* , *

Акылсыз сулуу сүрөттүү,
Арамзаа түлкү мүнөздүү
Итимче болбой талаалап,
Ичээр сууну да түгөттү.
Көркүнө кетип азгырып,
Көрөөр күндү да түгөттү.
Жаман аял — ажалың,
Кокуй,
Жарып чыгат жүрөктү.

* ° *

Таалайың учкун, чакмакпы.
Талаайсыз жатка жакмакпы.
Өз эрин сыйлап албаган,
Өзгөдөн бакыт тапмакпы.
Ханды күтпөс бу катын,
Кадырлайбы калмакты.
Өлтүргөн өзүн аялды,
Өзгөчөлөп бакмакпы?!

* , *

Теңирим муңду эстетти,
Теске алаар душман тентекти.
Өз ажалым келбестен,
Өлүмдү катын тездетти.
Эки өмүр жок да жашоодо,
Келтирбейт кудай кезметти.
Сан колго жалгыз түтчү элем,
Кокуй,
Бир катын түпкө жетмекпи?!

* ° *

Кайрылаарым Боз жорго,
Кандашым болдуң боздоорго.
Калмак менен катындан,
Капилет түштүк кош торго.
Желдей учуп зымырап,
Жете албадык досторго.
Эки дүйнөм ыраазы,
Кош болгун жорго, кош жорго!
Катыным сенче болсо эмне,
Кош болгун жорго, кош жорго!

— деп

буркурап ыйлап, күйүтүн төгүп бүтөт. Шырдакбек элин аман сактап калып, өзү колго түшүп, башын байлап берет. Ошол саатта Боз жорго көздөн кайым болуп, кайыпка айланып кетет.

## ШЫРДАКБЕКТИН АЙЫМЫНЫН АРМАНЫ

Хан Шырдакбектин сырын душманга аялы ачып берип, өзү калмактын ханына качып барат. Калмак ханы: «Сени, хан Шырдак кандай бакчу эле?» — деп сурайт. «Күнүгө 40 койдун шыйбылчагын чактырып, чучугуна палоо бастырып берүүчү. Анын күрүчүн Оштон алдырып келүүчү. Кырк нөкөр кыз жандап чыгып, кырк нөкөр кыз желпип уктатчу эле. Күнүнө үч маал алдыма ак пахтанын мамыгын жаңылап салдыруучу. Менден башка аял минбес, ал эмес, хандын ханы тийбес, сураса бербес Боз жоргосун алдыма тартып, күнүгө сейилдетип, моокум кандыруучу» — дейт жагалданып. «Аа, аялдыгыңа кеткен белемсиң, ашкере көпкөн экенсиң Ошентип баккан хан Шырдакбек жакпай, мага качып келсең, эч нерсе чыкпайт сенден. Жеңил кыял, жел таман, өңү бар, акылы жок, өтө пас, айбандан да төмөн турбайсыңбы. Ат менен ит эч качан ээсин таштабайт. Куш да балапанына, мал да баласына кайрылат. Сен, алпештеген эриңди, өнүп-өскөн жериңди, балабакыраңды менин азгырыгыма алмаштырып, көңүл ачууң үчүн гана таштап салып келгениң өлүм! Аялды аялдай тизгиндеп жүргөн хан Шырдакка наалат! Жигиттер! Бул акылы жок Канышадай азоо эки байталды алып келгиле да бул шайкелең аялды жылаңачтап, чачын кыркып, эки байталдын куйругуна экөөнүн эки бутунан бекем байлап, чогулган бүткүл элдин көзүнчө «Эрин сыйлабас аял так ушундай болот!» — деп жар айттырып туруп, байталдарды коё бергиле, айдап!» — дейт.

Жигиттер дароо эле асман-айга секирген азоо эки байталды алып келишет. Аягы суюк сулууну эл көзүнчө өкүртүп жылаңачтап, чачын кыркып, эки бутун байталдардын куйругуна байламакчы болушат.

Хан Шырдактын качкын аялы ошол убакта элге кайрылып, арманын айтып турганы:

Эсиме келдим эми мен,
Өткөндү ойлоп демигем.
Жел экен ойноо өмүрүм,
Каракчы болдум элимен.
Толтурмак кайда түбөлүк,
Бактымды ушул кемиген...

«Аял жакшы — эр жакшы»,
Бороонду тоскон бел жакшы.
Өз кылганды өз көзүң
көргөндөн көрө көр жакшы.
Тоодой арам өмүрдөн,
Мончоктой болгон мөл жакшы.

Тулпары төлгөн төр артык,
Ээси бир, асыл кен артык.
Өрттөнүп кеткен талаадан,
Өргөөгө конуш жер артык.

«Алтын баштуу аялдан,
Бака баштуу эр артык»,

Көпкүлөң аял оңбосун,
Көппөстү кудай колдосун,
Өз убалы өзүнө,
Өмүрдө мендей болбосун.
Мен дегенде Шырдакбек,
Эмес беле коргошун...

Дүңгүрөгөн зоболо,
Жыландай сага ороло,
Акылыңды учуруп,
Алчактатып обого.
Бутуңду жерге бастырбай,
Арамдык ойдо тороло.

Дүнүйө-мүлкүң, даража,
Оң жагаң тура арага.

Менменсинген аялга,
Мээнети эрдин талаада.
Барчылык жана жайчылык,
Азгырык тура санаага.

Кийим кантип жыртылат,
Түшүмө да кирбеген.
Тамак кантип жасалат,
Бала күндөн билбегем.
Оюн-зоок көргөнүм,
Оттуу өмүрдү түрдөгөн.

Бирге чыгып күн менен,
Күндү билбей дүрбөлөң.
Бийлик кылдым канымa,
Бирге жашап үн менен.
Көрсө, бактым турбайбы,
Көңүлдү ачкан үй менен.

Тепсеп жүрдүм даярды,
Байкабадым аярды.
Жан кылып кудай жаратсаң,
Көптүрө көрбө аялды.
Теңиме албай кудайды,
Бузуп кеттим саяңды.

Курчоого бердим жериңди,
Кул кылып салдым элиңди.
Сын жетпеген хан Шырдак,
Сындырып салдым белиңди.
Эркеликтин айынан,
Кас душман басты төрүңдү.

Тээп салып теңимди,
Байлап берсем эримди.
Кудай мени жөн койбой,
Чын ажал көзгө көрүндү.
Түшкө кирбес кечээ эле,
Туш келтирди өлүмдү.

Ак нике эрин саткан ким,
Анын душманына жаккан ким?
Койнунда жатып оролуп,
Уу жыландай чаккан ким?
Элдешпес душман эриңе,
Сага дос болуп жаткан ким?

Акылы кыска, чачы узун,
Билбеген турмуш маңызын.
Сурабаган ар убак,
Жолдун жакын, алысын.
Хан Шырдак мендей аялды,
Өлтүрсөң болмок намысың!
«Аял көпсө эрине
Ханы көпсө элине»
Ал экөө тең бириксе,
Бүлүк салат жерине.
Мени ээрчиген Шырдакбек,
Жаралбай койсоң эмине?..

Жадатып ийди хан тактың,
Бардыгын тажап, алмаштым.
Сен көрүнбөй көзүмө,
Эңседим койнун калмактын.
Аял деген ошондой,
Ажалга өзүм жармаштым.

Көпкөн аял түн көрөт,
Бакты деген бир келет.
Боз жорго эмес, сейилге
Эшигин эми ким берет?
Аялдын эң бир начарын,
Өнөбойдон тер кетти,
Ушинтип тагдыр иргемек.

Намыс кетти, бел кетти.
Соолуктар кайда бара алат,
Союп койсо эркечти.
Текебер аял жейт тура,
Эл башы болгон эркекти.

Аял эрдин оң колу,
Ак жолунда оң-солу.
Кеп ойлобой чөп көрдүм,
Алтынга алган торкону.
Аял минбес эр атын,
Күндө миндим жоргону.

Кайыктай жорго минемби,
Каныша өмүр сүрөмбү?
Кадемим катпай бу бойдон,
Хан сарайга киремби?
Кор көргөн эрди эсирип,
Кече көр кудай, күнөөмдү?

Ашкере көптүм, кармалдым,
Арамдык ишке жалгандым.
Күндө он түр шайы эмес,
Абийир жаппай ардандым.
Хан сарай эмес, кирүүгө,
Ит кепеге зарландым...

Тирүүлөй өлгөн армaнмын,
Кусуру урду алгандын.

Башын тепсеп эркектин,
Кысасын көрдүм жалгандын.
Шыйбылчактан палоо эмес,
Жугунду үчүн сандалдым.

Болсо да элде пейил кең,
Таптым өзүм пейилден.
Ак булут эле Боз жорго,
Эринчү элем сейилден.
Башты аттап келгенче,
Башымды эле жейин мен!

Ойногондон, өскөндөн,
Чарчачу элем өпкөндөн.
Тажачу элем кучактан,
Жаштыгын ханым төккөндөн.
Жадачу элем төшөктөн,
Көз өтөт эми өткөндөн...

Өзүмдү-өзүм, таныпмын,
Убалыңа калыпмын.
Бейиштей жашоо чарчатып,
Безер болуп алыпмын.
Ханды хандай сыйлабай,
Буту-колун таңыпмын.
Пейилден адам таба бер,

Хан Шырдак элим сага шер.
Мен үчүн киши болгон жок,
Жүргөнү менен мага эр.
Кара өзгөйдү жутпаган,
Катуу белең кара жер!

Угуп ал эл-журт баянды,
Арманым ажал таянды.
Эр күткөн аял бактылуу,
Эс-акыл ойго жай алды.
Кор кылат тагдыр ушинтип,
Кордогон эрин аялды!

x x x

Антсе да айтчу зарым бар,
Көкүрөктө арым бар.
Шырдактан кеткен күнөөнү,
Калайык-калкым алып кал.
Айтып бүтсөм арманым,
Анан, жүрөгүмдү жарып сал!

Калайыкка көрүнгөн,
Төбө болдуң, хан Шырдак.
Бүт кыргызга айланып,
Чеге болдуң, хан Шырдак.
Ою-жоюм менен сен,
Неге болдуң, хан Шырдак?

Четтен келген душманды,
Жеке сайдың, хан Шырдак.
Бирдей санап өз-жатты.
Эзелки салт-санаадан,
Неге тайдың, хан Шырдак?

«Катуу болсо камчысы,
Катын болот уяттуу».
Жалгыз мен деп, бүт жасап,
Жыйып койдуң уятты.
Калк алдында хан атың,
Көлөкө мага сыяктуу.

Аял душман экенин,
Санабадың, хан Шырдак.
Сулуу азгырык экенин,
Карабадың, хан Шырдак.
Кара көздөн башканы,
Самабадың, хан Шырдак.

Аял көзүн караган,
Карай албайт эл көзүн.
Билбедиңби, хан Шырдак,
Экендигин эл көзүр?
Душман чыгып койнуңдан,
Арман болдуң сен өзүң!

Көпкөн аял жылдызды
алып бер дейт, чын бекен?
Кул кыл десе кыргызды,
Аткаруучу сыр бекен?
Күл кыл десе турмушту,
Күйөсүңбү кур бекер?

Сыймыгыңды качырып,
Неге бердиң жоргону?
Тилимди алып, не десем,
Неге болдуң олжону?
Ишенчээгиң үчүн сен,
Жоолук болдуң колдогу.

Кырк амалын аялдын,
Билбедиңби, хан Шырдак?
Койнуңдагы тикенди;
Гүл дедиңби, хан Шырдак?
Өткөн ишке өкүнүп,

Эми,
Мени тилдедиңби хан Шырдак?

Карегиме айланган,
Бала болдуң, хан Шырдак.
Кыялыңды ойноткон,
Талаа болдуң, хан Шырдак.
Кутулсам деп дегдеткен,
Санаа болдуң, хан Шырдак.

Эр катары айбатың,
Көрө албадым, хан Шырдак.
Эркелеткен ойнуңа.
Көнө албадым, хан Шырдак.
Өз колуңдан акыры,
Өлө албадым, хан Шырдак.

Аз өмүрдө кулумдан,
Жаман болдуң, хан Шырдак.
Жаткан менен койнумда,
Таман болдуң, хан Шырдак.
Аңги кылып аялды,
Саман болдуң, хан Шырдак.

Аялыңда эр жолу,
Сунулганда тең колу.
Эри эрдей болгондо,
Аялдарда бел болуу.
Баатыр болуш оп-оңой,
Кыйын эрдик — эр болуу!

Сен Шырдак эндей болгондо,
Сейилден тажап, кекендим.
Кайратың селдей болгондо,
Болмокмун өзү жетеңдин.
Сен Шырдак эрдей болгондо,
Мен аял болмок экенмин!

Өзүмдү сени кеч билдим,
Өлүмгө башты ийгенде.
Тагдырдын оор камчысы,
Тарсылдап башка тийгенде.
Ал камчы сенде экенин,
Аттиң ай, мурда билгенде...

Армансыз өлүм болбойт да,
Арманды баштан төккөн күн.
Абайла, эркек, аялдар,
Бизди сен ойдон өткөргүн.
Маскара менин ажалым,
Үлгүсү болсун көпкөндүн! — деп

Айым арманын боздойт. Жигиттер аны эки бутунан эки байталга коштойт. Азоо эки байтал хан Шырдактын көрөөр көз сулуу аялын асман-жердин ортосуна сүйрөп, кудайга үнүн жеткире, таштан-ташка, ойдон-кырга денесин ийлеп, чучуктай чыңырып туйлап, «Уккула эле уккула, эрин көзгө илбеген, эркелеткенди билбеген, көпкөн аялдын көрөөр күнү ушул гана!» — деп ай-ааламга жар салып алып кетет. Ошондон тарта «Шырдакбектин Айымы!» аңыз келет.

## ЭСТЕЛИК — ӨМҮР АСТЫНДА
### (Керимбүбү ШОПОКОВАга)

Бозоюна чуркап чыккан селкидей,
Боз уланы андан мурда келчүдөй.
Келет мында, келет дайым байбиче,
Жаш күнүнөн жалган элес ээрчимей.

° ∞ °

Кемпир, Жап-жаш эстелиги жигиттин.
Таш эстелик, таш болсо да жигит гүл.
Чоктой кызыл гүлдөр тиги карыда,
Не болсо да сыры бар да бир иштин.

Бул Керимбү, тиги болсо Дүйшөнкул,
Эки кейпти тартуулаган дүйнөң кур!
Жолугушуу дайым келет көп жылда,
Экөө тең, бил, адамзаты сүйгөн нур.

° ∞ °

Мына азыр да арабадай кылдырап,
Аял бутун араң алга жылдырат.
Бут шилтенбей, сөз сүйлөнбөй, жер көчүп,
Көзү эмес, көкүрөгүн ый кылат.

x x x

Кып-кызыл гүл! Жаштык-жаштык, өрт күндөр,
Кыйын кезде өтүп кеткен өткүндөр.
Өрткө айланып, бу өмүрдү да өрттөп,
Тээ алыска көчүп кеткен көч күндөр.

° ∞ °

Жигит! Селки! Кездешүүдөй алгачкы,
Элең карап, суктуу карап жан-жакты.
Келаткандай Керимбү да келатат,
Учур, учур, көңүл көйүн таркатчу.

° ∞ °

Булак ырдап, жели ойноп айылдын,
Бариктери күүгө айланып кайыңдын.
Этең-жеңдер толкун болуп чайпалып,
Мөл булактуу капталында жабырдын.

° ∞ °

Уурт жарып, сөздөн мурда күлкүлөр,
Жылдыз көздөр, бакыт жок го түнкүдөн.
Катылгандай оюнуна экөөнүн,
Жашоодогу эч ким билбес түр түмөн.

° ∞ °

Так ошентип, байланышкан көңүлдөр,
Так ошентип, айланышкан өмүрлөр.
Баш байлаган наристе жыл балапан,
Жаштык курак азоо тайдай элирген.

° ∞ °

Кумар-кумар, жаштыгына канбаган,
Түбөлүккө күү-күчүнөн жанбаган.
Жүрүүчүдөй бирге, кылым өтсө да,
Жүрөктөрүн бир-бирине арнаган.

x x x

Келет мына, жыйырма сегиз Баатырдай,
Кереметтүү жандар алар асылдай.
Артка кайтуу тап-такыр жок, эч качан,
Көңүл бугу көрмөйүнчө жазылбай.

° ∞ °

Жер өрттөнүп, добул тынбай ургандай,
Танк, самолет көктө, жерде тургандай.
Ок чуулдап, тийип деңге жамгырдай,
Кан агызып, жерди калбыр кылгандай,

Ойдо келет, ок нөшөрүн аралап,
Дүйнөгө ээ Дүйшөнкулун каралап.
Жалгыз калган куштай түнгө чабыттан,
Каран калган бу жүрөгүн жаралап.

∞

Ушундайдан көңүл чиркин жара жээр,
Улуу өмүрдү улутунткан санаа жээр,
Баатыр келет Баатырына тик беттеп,
Араң чыдап жердигинен кара жер.

∞

Ойлоп бирөө «баласы го» байкуштун,
«От ой жагып, кайгы-муңун айтышсын» —
деп кетишет ээн коюп буларды,
Төрт мезгили учурунда жай-кыштын.

∞

Бакырчудай үн колкого такалып,
Канча жылдын ой тоолору баса нык.
Алп Керимбү жар алдында тунжурап,
турат мөгдөп жана дагы жашарып.

∞

Гүлдөрүндөй Дүйшөнкулду дилкайрык,
коштоп турат, айтпаса да тил кайрып.
Жан дүйнөдөн аял сөзү жамырайт,
Буга чейин кеткен күндөн күн айрып.

x x x

Ачуу, шор жашы көзүмдүн,
Арманым жалгыз өзүңсүң.
Арбагың жашап түбөлүк,
Ар дайым бирге сезилдиң.

□

Алоолоп жаштык кезим гүл,
Ар түндө дайым эзилдим.
Койнумда күндө жатасың,
Өзүңдөй тирүү кезиңдин.

□

Көз ачсам кайып болосуң,
Көз жумсам кайра коносуң.
Төшүмдө колуң ойноктоп,
Төшөккө улам толосуң.

□

Унутпай анттын бекемин,
Ушунча сүйгөн экемин.
Мен болуп жашап калдың сен,
Мээримин төгөт мекениң.

□

Оорукта белди буундум,
Ойлорго нечен жуундум.
Секетим кантим кыя алам,
Сен үчүн кайра туулдум.

Ызага нечен муунгум,
Ырыңды эстеп суундум.
Сересин таштап кетпедим,
Сен өскөн айыл-туурдун.

□

Кайгыңды угуп мөгдөдүм,
Каадалуу журтта өксөдүм.
Канымет кылып эрдикке,
Калкымды таштап өчпөдүм.

□

Эси жок келин болбодум,
Элиңди калган, ойлодум.
Эр бүлө жүрсө майданда,
Эл-жерин таштап койбодум.

□

Этегим кайра түрүндүм,
Эки эсе иштеп жүгүрдүм.
Ээси сен болдуң канатчан,
Эмгекчил ошол күнүмдүн.

□

Ант бердим арбак астында,
Алмашпай сени алтынга.
Жер билди, аалам, эл билди.
Жеңишим турду калкымда.

Болсо да менде «чырак кырк»,
«Сен» деген мүнөз турат кырс.
Бошосом эгер оюмдан,
Тебелеп кетээр уятсыз.

□

Арбакка дайым тайындым,
Азууну кайра сайындым.
Тууганың бүткүл колго алып,
Тууралап ишим жайылдым.

□

Жетелеп жүрдүм жетимин,
Бүтүрдүм келим-кетимин.
Энеден артык сезилдим,
Балдарым болду өзүмүн.

□

Карадым бары-жогуна,
Айландым ачы-тогуна.
Ашыкча болдум аларга,
«Апалап» алар жолума.

□

Жеңиш да келди жаадырап,
Жергеге кутту жаадырат.
Сен келген өңдүү сездим мен,
Эл берген өңдүү маа сурап.

□

Ордум бар өзүң катарлуу,
Экилтик мени атап туу.
Эл өстү, өстү үй-бүлөң,
Болушту очор-бачарлуу.

□

Ата да апа баарына,
Тууганың жашы-карыга.
Туу болдум. милдет ал эле,
Турмуштун ошол шарына.

□

Бут албай суудан, иштедим,
Бугумду ишке күчтөдүм.
Эл сыйлап жана жер сыйлап,
Бактынын тоосун түптөдүм.

□

«Баатырдын Баатыр жары» деп,
«Эмгектин ошол шаңы» деп.
Жамы журт такты жылдызын,
Жалгашты жакшы дагы кеп.

□

Туубасам дагы тутундум,
Парзымдан сендик кутулдум.
Эл-жерге, сага жүз жарык,
Уул-кызын таптап учурдум.

□

Балдардын көрдүм баласын,
Жүрөктүн басып жарасын.
Өзгөчө жашап, кулпунттум,
Өмүрдүн мейкин талаасын.

□

Өзгөчө элең өзүмө,
Өрт элең күйгөн көзүмө.
Андыктан, болдум өзгөчө,
Турмушка туура эшиле.

□

Жаштыгым чалдым курманга,
Жаныңда дайым турганга.
Так өттүм ушул дүйнөдөн,
Окшодум ашык ырларга.

□

Башкага көңүл бурбадым.
Баш байлап турмуш курбадым.
Жаш жанга ал да чоң тозок,
Чыдадым, жеңдим бул жагын.

□

Ал эле антым, актадым,
Какшадым, сени сактадым.
Бир жашап жүрөм ошентип,
Билгимди сендик сатпадым.

□

Сен болсо жигит боз бойдок
өңдөнүп жап-жаш отто ойноок.
Мен болсо карып энеңдей,
Кез келсе ажал жол болмок.

□

Жаш элең чыны, жаш элең,
Жазында чыккан жаш өлөң.
Түбөлүк калдың жаш болуп,
Түсү окшош сага таш менен.

□

Эрдик-жаш, өлбөйт, элде экен,
Эр өскөн Мекен, жерде экен.
Сен жылдызы бүткүл адамдын.
жана да жердин жердеген.

□

Гүл — жаштык, менин жаштыгым,
Гүл — жаштык, сенин жаштыгың.
Гүл алып келем дайыма,
Күлүңдөп сендей жаш кылым,

Мен келем гүлдөй сунулуп,
Мээнеттүү күндөн бурулуп.
Майданга кетип жаткандай,
Сөздөрүң жандан угулуп.

Дүйшөке, эми не дейин,
Канымет, кайгы жебейин.
Келемин эмки жумада,
Күтүүдө балдар, кетейин!

x x x

Жаш куюлуп, көздөрүнөн мончоктоп,
Жаагы ылдый чүрөк болуп койкоктоп.
Жерге түшөт жаштыгындай булактап,
Арман, тагдыр эчак кесип койгон сот.

° ∞ °

Жаш куюлат өмүрүндөй мөлтүрөп,
Жап-жаш чагын дале көзгө келтирет.
Жаш куюлат — күндөрүндөй, өткөндөй,
Жандан сыгып, өзөк өрттөп, элбиреп.

° ∞ °

Таш астында алоолонуп гүл турат,
Баш кошушкан ошол күндөн түр курап.
Экөө болуп бирге жашап калышкан
кезден ушул гүлгө укмуштуу нур чыгат.

° ∞ °

Жигит, бозой сагынышча кез келип,
Жалынына жер-асман да өрттөнүп.
Ушул ыйык, бул керемет маалда,
Таш болбосо эрип түшмөк эстелик.

° ∞ °

Мас сезимден, муң сезимден соолугуп,
Көпкө туруп, кете албай тоорулуп.
Селки кезде кеткениндей баратты,
Мөл булактан Дүйшөнкулга жолугуп.

x x x

Дүйшөнкулдай уул бассын жеримди,
Болсун эли Керимбүдөй келиндүү.
Ышкысындай болсун ышкы жубайда,
Согуш, бирок, сындырбасын белиңди.
Жума сайын каттап турат үшинтип,
Сокулуктан «Москвага» Керимбү!



## ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ

Өмүрбек Дөлөев — 1947-жылы, 15-сентябрда Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Коңорчок айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүргөн. СССР жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү. Ал кыргыз журтчулугуна республикалык басылмаларга жарыяланып келе жаткан, радио, телеберүүлөрдөн берилип жүргөн ар кандай очерктери, макалалары, ырлары, «Учкун», «Жалын» «Перевал» альманахтарына жарыяланган чыгармалары, «Сезим тамчысы», «Алтын топ», «Мен — Мекендин чырпыгы», «Үмүт оту» ыр жыйнактары менен кеңири таанымал.

Акын эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук фестивалынын Токтогул поэзиясынын күндөрүнүн алкагында өткөн республикалык фестивалдын лауреаты. Кыргыз Республикасынын Грамотасы менен сыйланган. Республиканын журналисттер коошунунун сыйлыгынын эки жолку лауреаты.

УРМАТТУУ ОКУРМАН!

ЫРЛАРЫМА СИҢИП ТУРАТ ДАЛАЙ ЖЫЛ,
МЕН ЫРЫМДЫ ӨМҮР КАТАР БААЛАЙМЫН.
АКЫНДАРДЫН ТАГДЫРЫ ДА ЫРЫНДА,
ОКУРМАНЫМ, ЖАКШЫ ЫРЫМА ТААЛАЙСЫҢ.
ЧЫГАРМАДАН БАКТЫЛУУ БОЛ ЫЛАЙЫМ,
ЧЫҢ ДЕН-СООЛУК, УЗАК ӨМҮР КААЛАЙМЫН!

**СИЗДИ КАДЫРЛАП, АВТОР**

## СҮРӨӨНЧҮЛӨР

О. А. КОЖЕКОВ жетектеген Ак-Талаа районунун мамлекеттик администрациясы.

С. И. СЫДЫКОВ жетектеген Нарын райондук басмаканасы.

**ДӨЛӨЕВ ӨМҮРБЕК**

**«ӨМҮР КӨЧҮ»**

Редактору **Р. АСЫЛБАЕВ**
Тех. редактору **М. МАМБЕТАЛИЕВ**
Корректор **Г. МАМБЕТКОЖОЕВА**

Терүүгө 5/VIII-95-жылы берилди. Басууга 13/V-96-жылы кол коюлду. Офсеттик № 2 кагаз. Жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×60/16. Тиражы 1000. Заказ № 194. Көлөмү 13 басма табак. Баасы келишим боюнча.

**Нарын шаардык басмаканасы.**